
Кыргыз
А 15

Амангелди АБДЫБАПОВ -
(Мамат Мударис теги)



МУҢГУШТУН УРПАКТАРЫ

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ выдач

10.09.25. 1187

25000

Скрипт

Книга должна быть

об.

Скырг
А 15

Амангелди Абдыбапов – Мамат Мударис теги

МУНГУШТУН УРПАКТАРЫ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 486723

Ош-2018

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

Абдыбапов Амангелди – Мамат Мударис теги
А 13 **«Муңгуштун урпактары»** Ош Кагаз
ресурстары басмаканасы. Ош – 2018 ж. 360 бет

ISBN 978-9967-471-67-2

Урматтуу окурман! Таланттуу жазуучу Амангелди Абдыбапов-дун китеби, Муңгуш уруусунун 16-кылымдан 21-кылымды өз кучагына алган, бул аралыкта жашап өткөн белгилүү инсандардын эл үчүн кылган кызматына, басып өткөн жолуна арналды. Автор кайсыл тарыхый инсанга кайрылбасын, алардын образын таасын ачып бергенине күбө болосуздар.

Китеп, кыргыздын көөнө тарыхына кызыккан окурмандарды өзүнө тартат деп терең ишенебиз!

А 4702300100-18
ISBN 978-9967-471-67-2

УДК 821.51

ББК 84 Ки 7-4

© Амангелди Абдыбапов – Мамат Мударис теги, 2018 –ж.

РЕДАКТОРДУН БАШ СӨЗҮ

Жазуучунун ким экенин, анын чыгармаларын окуп билесиң. Калемдешим, досум Амангелди Абдыбапов менен өткөн кылымдын 70-жылдын башында таанышканым эсимде. Качан жолукпайын колунан гезит, журнал түшпөй окуп отурганын көрөөр элем. Башка теңтуштарга окшоп куулук шумдугу жок, оор басырыктуу, кем сөздүү, көп угуп, аз сүйлөгөн, ким бирөөнү кемсинтип, же кылдан кыйкым таап кычаштанбаган, жактырбаган балдардан өзүн оолак кармоого аркет кылган бир сырдуулугу жагып, мен да ага жактымбы, «А дос, кандайсың?» деп учурашчуу болуп калдык. Ал учурашкан маалда, салтка айланып бараткан суроолор болоор эле. Бала-чаканы, ден-соолукту суроодон мурун «Кайсы китепти окудуң? Ала Тоо журналынын жаңы санын алдыңбы? Кыргызстан маданияты жумалыгына паланчанын ырлары, же аңгемеси чыгыптыр. «Жактыбы, же жакпадыбы?...» деген суроо жооптор болоор эле. Биздин муундун жаштарында адабий, тарыхый китептерди окууда, тымызын атаандашуу боло турган. Бири-бирибизден көбүраак билүүгө аракет кылчуубуз. Айрымдарыбыз Кыргыз басылмаларына алымсынбай орус тилинде жарык көрүүчү, «Новый мир», «Дружба народов», «Иностранная литература» сыяктуу журналдарды, «Литературная газета» жумалыгын үзбөй окуур элек. Маселен; Өмүрбек Абдраимов «Казак адабияты» жумалыгын, Аскаралы Ражабалиев агабыз «Шарк юлдузу» журналын такай окушаар эле. Бир жолу Амангелди досум жолугуп мындай деди:

– Акбаралы «Фан ва турмуш» журналын окуйсуңбу?

– Гезит саткан киоскалардан көрүп калам, бирок, окуй элекмин.

– Журналдын өткөн санында Курманжан датка тууралуу кызыктуу макала жарыяланыптыр.

– Ал ким?, – деп таң кала сурадым.

– Ал Орто Азия аймагында жашаган аялдардын ичинен биринчи «Датка» наамын алган аял, – деди.

Ушул жообунан кийин Амангелдиден артта калганымды түшүнүп, ичим тызылдап, ыза боло түштүм. 1970-жылдын башында Т. Касымбековдун тарыхый романы чыга элек болгондуктанбы, 19-кылымда жашап өткөн андай улуу инсанды билбегениме бир жагынан өкүнүп, экинчи жагынан сыймыктануу пайда болуп, таң калып: «Фан ва турмуш» журналындагы ошол макаланы сөзсүз таап окуймун деп өзүмө-өзүм убада бердим. Досум Амангелди себепчи болуп ошол журналды үзбөй окуй турган болдум. Андан бери 47 жыл билинбей өтүп кетиптир. Досум ардактуу кесип ээси, окутуучулук кесип менен кетти. Мен коммунист болгонума байланыштуу партия бийлиги кайсы кызматка жумшаса, ошол ишти аркалап, экөөбүздүн жолубуз

кайчылашпай, өтө сейрек кездешчүү болуп калдык. 2018-жылдын апрель айында телефон чалып:

– Досум, экөөбүз жолугушалы? , – деди.

Макул болдум.

– Акбаралы 11- китебиме редактор болуп бер?

Ойлонбой макул болдум.

Досумдун бул китеби 30 басма табакка жакын, өтө көлөмдүү экен. «Муңгуштун урпактары» деп аталыптыр. Буга чейин анын алгачкы китеби «Күн бетинде жүргөн жоокер», «Камай баатыр баяны», «Ата мурасы» жана башка мыкты жазылган китептери менен тааныш элем.

Калемдешибиз Амангелди Абдыбапов «Муңгуштун урпактары» көлөмдүү китебин окуп отуруп, көп изденгенин, кыргыз тарыхына, санжырасына байланышкан китептерди терең окуп чыгып, анан жазууга отурганын паамчыл окурман дароо сезет. Муңгуштардын тарыхын асмандан алып жазбаганы, маселен тарых илиминде барандуу эмгеги бар, кыргыз санжырасын ооз эки жөө жомоктон илимий деңгээлге көтөрүп чыккан Сабыр Аттокуровдун эмгектерин, Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтурдун, учурда Кыргызстанда чыгаан текстолог, Магзунинин «Фергана хандарынын тырыхы» тарыхый китебин кыргыз тилине которуп чыккан аалым, Кыргыз Улуттук университетинин ардактуу профессору Омор Сооронов дун, Кадыров Турдумамат Дыйканбаевичтин «Борбордук Азиянын тарыхы», Бартольддун, Бернштамдын кыргыз урууларына байланышкан илимий эмгектерин кеңири пайдаланганын байкоого болот. Муңгуш уруусунун тарыхы тууралу жазма булактарда өтө сейрек кездешкенине карабай, аны эл ичиндеги куйма кулак, өткөн тарыхты аздектеп, эсине сактап келген аксакалдардын айтканы менен бири-бирине салыштыруунун негизинде, «Жоош» арыктын курулушу тууралуу фактыларды таап чыкканын өзгөчө баса белгилегим келет.

Ушул учурда Кытайдын Уйгур Автоном Районундагы Кызыл Суу Кыргыз Автоном Облусунда жашаган кыргыздардын арасында тээ эзелтен бери Муңгуш уруусу жашап келгени, алардын көпчүлүгү 1650-жылдары калмак жапырыгына байланыштуу Фергана өрөөнүнө, азыркы Анжиан, Ош аймагына жер которуп келгенин, ишенимдүү булактарга таянып жазып чыккандыгына байланыштуу, калемдешимдин китеби өтө мазмундуу, окумалдуу чыккан. XVII-XVIII кылымдарда кыргыздар өз мендигин сактап калууда кыл чайнаган күрөштөр тынымсыз жүрүп турганын, ошол кандуу, азаптуу окуялардын жагымсыз, жүрөктү сыккан илеби окурманды ойго салып турганы, китептин өз максатына жеткенинен, жеткиликтүүлүгүнөн кабар берип турат.

Китепте айтылуу Муңгуш уруусуна байланышкан тарыхый окуялардан тышкары, кыргыз элинин агартуу тармагында жемиштүү эмгектенген улуу муундун бир канча өкүлүнүн эмгек жолуна, ишмердигине токтолуп, алардын жаркын жүзүн ачып берүүгө жетишкен. Андан тышкары Кыргызстандын маданиятынын, экономикасынын, айыл-чарбасынын өнүгүшүнө өлчөөсүз салымын кошкон Мекенчил агаларыбыздын өмүр жолун окуп отуруп, алардын элесине тизе бүгүп таазим этүүгө аргасыз болосуң.

Досум, калемдешим Амангелди Абдыбаповдун «Муңгуштун урпактары» китеби, аталардын оор, азаптуу баскан жолу менен бирге, кыргыз элинин туташ сабаттуулукка ээ болуусу, айыл чарбасынын дүркүрөп өнүгүшү, жаштардын илим тармагын өздөштүрүшү оңой-олтоң, ишке ашпаганын баяндаган бул китеп – жаштарыбызды эмгекке, ак ниеттүүлүккө тарбиялоодо, аталардын баскан жолун үлгү катары көрсөтүүдө элге көп жылдап кызмат кылаарына күмөнүм жок. Улам алыстап бараткан 19-20-кылымдын калдайган карааны бүл-бүл көрүнгөн сайын, китептин барктуулугу, нарктуулугу арта берээринен шек жок жана калемдешимдин өтө маанилүү китебинин баа жеткистигин баса белгилөө менен, чакан макалага чекит коюууга аргасызмын. Таланттуу жазуучуга Жараткан мындан ары да, чыгармачылык эргүү берип, узун өмүрлүү болушун каалап кетмекчимин.

Акбаралы МУСАБЕКОВ, Ош шаары.

«Жарыкчылыкта санжыралар болбосо өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай көңүлсүз эскерме калаарын көз алдыга элестетип көрүңүзчү... Санжыраларда философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра – бул элдин улуттук Эн тамгасы жана анын тааануу белгиси».

Ч. Айтматов

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ САНЖЫРАСЫ

Тулпар өтсө туяктан из калат.
Ата тегиң ким болгон? Жети атаңы билесиңби?

Санжыра боюнча алып карай турган болсок, кыргыз улутунун пайда болуп, ушул күнгө чейин доорон сүрүп келгенине 5 миң жылдай болгон деп айтылат. Бирок азыркы тарыхчылар санжыраны далилдүү малымат булагы катары көрбөгөндүгү жанды кейитет. Анткен менен, бүтүндөй тарыхын жаттап жазып, далилдүү документ катары сактап жүргөн башка деле улут жок экенин эске алсак, анда санжыраны деле чанууга болбойт. Чын чынына келгенде, уюткулуу кыргыз эли канчалаган кан күйгөн согушту башынан өткөрүп, канчалаган баскынчылардын кордугун көрдү. Катуудан казан жумшактап күл калтырбай чабам деген душмандар менен алп урушуп келген бабаларыбыз, качан болбосун кыргыздын тукуму үзүлүп кетпесине кам көрүп, уулдан-уулга өткөрөөр санжырасын улам кийинки муунга жеткирип келгенин не деген кеменгерлик. Ошентип тагдырдын ар кандай тар кечүүсүнө карабай, кыргыз эли бүгүнкү күнгө чейин өз үнүн элдүүлүгүн сактап келди. Ал эми бул жөрөлгөгө кыргыздын көөнөргүс мурасы Манас дастанынын салымы эбегейсиз зор. Демек санжыраны

кыргыздын улуттук жүзүн аныктай турган улуу далил десек жаңылышпайбыз.

БАРДЫК БАШТАЛГЫЧТЫН БАШАТЫ

Улуу санжыра тааныучу Абылхазы Бахадур хан Арап Мухамадинадан калган маалыматтарга көңүл буруубуз керек. Анда кыргыздын келип чыгышы төмөнкүдөй баяндалат:

Нух-пайгамбардан. Сам, Хам, жана Япас. Япастан:-Түрк, Хазар, Саклаб, Китай, Комари, Тарха, Жапан жана Манжур, Түрктөн: -Тонк, Хакал, Биржазыр жана Амлак, Тутук, Элихан, Дитпах, Кутукхан, Аланчахан:-Мангул, Татар, Башкур жана Булгар, Мангул, Карахан (Огузхан жана Айрыхан) Огузхан Тагынхан-кыргыз жана Тургез Кыргыз-Сапаршаа, жана Турман Сапаршаа-Кыдыр, Кадыр (Кара-калпак) Кангыр (Гагауз) Кыдыр-Абир жана Сабир. Абир бул ажылыкка кеткен бойдон үчүнчү тукуму төрөлгүчө ошол жакта жашады. Алхак, Рашилхан, Аналхан, Арнал түрк, Барган түрк, Саршанбай, Эршенбай, Буурахан, Камбар хан, Пишакхан Алаш:-Алаштан 13 уул болгон, 13 түн бири Аалы. Аалы Астанбек жана Аманбай, Кийикбай, Тообай, Майкыбай, Когон, Баракхан, Кыбырхан, Галидинбай, Ареланбай, Кылмылубий, Шабурбий, Тимушбий, Атамбий Назрабий, Шүкүрбий, Марыбий, Сангимбий, Сарыбий, Суратбий Телкозубий, Калпакбий, Марубабий, Шамурат-бий, Дамбулбий, Добулбий, Бабаш, Долонбий.


Мына ушундай тизмектелет Долон бийге чейин. (Бишкек Торугарт жолундагы белгилүү ашуу Долон бийдин атына коюлган.)

Долон бий өзү Чынгызхандын доорунда өмүр сүргөн жана анын колундагы кол башчылардын бири эле.

ОҢ ЖАНА СОЛ

Бабабыз Долон бий Чынгыз хандын убагында өмүр сүрүп анын ишенимине кирген кол-башчыларынан болгон. Бир күнү Долон бий өзүнүн досу Курлас элинен чыккан Конгайтынын уулу Муратай экөө үзөнгүлөш жоокерлерден калган өмүрүн тынчтык менен эл арасында өткөрүүгө уруксат алышат. Улуу санжырачы Сарт аке Курманалиевтин айтуусу боюнча, тынч жашоого белсенген Долон бий досу менен Ала-Тоону аралап баратып Чыйылчык бел аттуу жерге өргүп калат жайдын илеби айлананы көрккө бөлөп, кымыздын жыты аңкып турган жайлоону кыя албай жигиттер бир аз эс ала кетүүнү туура көрүшөт. Ал жерде Долон бий Акбарчын аттуу кызга жолугуп, ага ашык болуп калат. Кийинки күнү Муратай жолун оңдоп ары улайт да, Долон бий калып калат бирибирине куп жарашкан эки жаш кийин турмуш курушат. Жыл өтпөй Акбарчын эгиз уул төрөйт. Ошол күнү Долон бийдин бүркүтү Алабарчын жолдуу болуп, аккуу алат. Үйүнө олжолуу кайткан Долонбийди мейманчылап келген жакын досу Муратай тосуп алат. Кубанычка марыган Долонбий, Муратай досунан уулдарына ат коюп берүүсүн өтүнөт. Баягы бүркүттү алган аккуунун эти менен конок кылат. Улуу сыйды баалай билген кеменгер Муратай, уулдардын атын акуу менен байланыштырып, экөө бир куштун эки канатындай ажырагыс ынактардан болсун деген аруу тилек менен биринин атын Ак уул, экинчисинин атын Куу уул деп ат койот. А чүрпөлөрдүн апасы болсо балдарын өз алдынча, оң жагымда жүргөнү Оң, сол жагымда жүргөнү Сол деп атап алат. Ошондон бери бөлүнүп жарылып кетүүдөн кыргыз элин бабалардын батасы сактап келет дейт.

Долон бий



Санжыра тарых өзөгү

Кыргыздын касиеттүү, керемет жерине көзүн артып суктанган далай кандыктар, элдер болгон. Байыркы перс, кытай, орой калмак, падышалык Россия XXI–кылымда алыскы бай өлкөлөр-баары кыргыз Мекенинин суу байлыгына, жер байлыгына, кен байлыгына тамшанып жете албай, түркүн айла-амалын ойлоп таап аракеттенүүдө... бул

максатка жетүүдө алар үчүн бир эле тоскоолдук – бул жерди мекендеген кыргыз эли. Баскынчылар байыркы доордо эле жакшы билишкен: Бөлөк элди жок кылам десең, тилин дилин алып, тарыхын жок кылуу керегин түшүнүшкөн.

КПСС кыргыз улутунун рухий өзөгүнө жетилиши жыл бою кандуу чабуул жүргүзүп келди: Болуш, бий молдо, санжырачылар атылып, айдалып жок болду. Эски китептер аясоосуз өрттөлүп, аларды сактаган адамдар камалды.

Түрк элдеринин тарыхын билген атактуу илимпоздор улутуна карабай атылды. Натыйжада, бүгүн кыргыз элин башкарган атка минерлердин 60 пайызы кыргыз тилинде сүйлөй албайт, же сүйлөгүсү келбейт. Кыргыз салтын, наркын санжырасын, атүгүл жети атасын унутуп кыргыз тарыхын билбейт. Демек булар (билип же билбей) иш жүзүндө кыргызды жок кылуу максатын көздөгөн кыргыз душмандарына жардам берип, көмөктөшүп жатканын кантип танса болот?!

Элдин рухий бекемдиги, эрки, намысы, ынтымагы, элдүүлүк касиети тынбаган аракетти талап кылат. Андай кам көрүлбөсө бошоп, жибип, эзилип, үзүлүп, тытылып жоголо берет... Кыргыз элинин мекенчилдиги, элдүүлүгү, тили, дили, наркы, салты, рухий дөөлөт-мурасы бир кылымдан бери-ур-токмокко учурап, катуу соккуга алынып, бычыранды болуп, талкаланып тытылып тепсендинин алдынан чыга албай кор болуп келетат...

Көп улуттуу кыргызстан элинин бири да мындай абалыбызга көңүл бурмак түгүл, тынчсызданып койбойт. КПСС кыйрагандан кийин эгенмендүүлүк алган 15 жыл аралыгында эл байлыгын талап-тоноп, уурдап, элди жакырлантып тентитип, ыйман, адеп, нарктарын талкалагандан өйдө көтөрүлө алган жок. Төрт жолу берген антын заматта унутуп, элин жерин таштап, артын карабай качкан президент 15 жыл бийлик жүргүзгөнүнө өз-өзүнө баа берип, кыргыз элинин дүйнө тилин сыйлабаган адам кыргызды сыйлайт дегенге ким ишенет? Кыргыздын ынтымак биримдиги үчүн түркүк кармап келген: Тил, Дил жана Тарых. Тил менен тарыхты алып салса, эл ынтымак-

биримдигин сактай алабы? Албетте жок. Эми учкай болсо да сөз кыргыздын тарыхы-санжырасы жөнүндө болсун.

Улуттар жоголуп, бирдиктүү Совет эли курулат деген саясат менен кыргызды да жок кылууга зор аракет кылган КПСС өзү жок болду. XX кылымда КПСС жүргүзүп келген мамлекеттик саясат улуттун кызыкчылыгына, талап мүдөөсүнө каршы келген. Союз кулагандан кийин Кыргыз мамлекетинин жүргүзгөн саясаты да кыргыз улутун көтөрүүгө багытталган эмес. Анткени өлкө башында теги кыргыз эмес манкурт адам турган.

Мамлекеттин өмүрү, улуттун өмүрүнө караганда кыска боло берет экен. Кыргыз эли өзүнүн узак тарыхында бир нече жолу мамлекеттүүлүгүн жоготкон. Чабылып, чачылып үзүлүп тараган.

Бирок бабалардын «Жети атаңарды унутпагын, уруулардарды урматтап, сактагыла. Тилиңерди, дилиңерди алдырбагыла» – деген үч осуятын бекем кармаган үчүн кыргыз ата-тегин сүрүштүрүп, улут өзөгүн кайра куруп, түзүп, мамлекеттүүлүгүн ордуна коюп, бөлөк элдерге сиңип, жок болуп кетпей, сакталып келди.

Кыргыз, санжырасын катуу кармаганы үчүн санжыра кыргызды сактап жүрдү. Себеби, ал кыргыздын тарыхын эле өзүнө камтыбай тегин, узак жолдуу тарыхын айтып келген. Адам кайтыш болот. Бирок кан өлбөйт, ал муундан муунга өтүп сакталып өмүрүн уланта берет. (Белгилүү санжырачы Сыргакбек Сооронкуловдун: «Кыргыздын келип чыгышы», «Азыркы кыргыз улутунун, этносунун» курамын түзгөн уруулардын тизмеси, «Санжыра тарых өзөгү».) – деген макалдардан пайдаланылды.

Муңгуш уруусундагы тарыхый далилдер кылымдардын кыйырын баскан кыргыздар байыртан эле уруу-уруу болуп жашап келишкен. Ошол үчүн кыргыздар башка улуттардан өзгөчөлөнүп турат. Бабалардан уланып келаткан уруулук доор бүгүнкү күнгө чейин учугу үзүлбөй келүүдө. Уруулар негизинен бир атадан тараган туугандар. Бирок терс жактары пендечиликтин начар жактарын көрсөтүшүп. Кээ бир байлыгына, бийлигине чиренген атка минерлер чолок

санжырачыларга бир уруудан экичисинин жогору көтөрүп, басынтыш үчүн, лакап ат коюп, мыскылдап, шылдыңдашкан. Көптөгөн илим-билимдүү санжырачылардын жазып калтырган тарыхый китептерине кайрылалы: Долон бийдин балдары Адыгене, Тагай, Муңгуш айтылып Муңгуштун он эки уулун Наалы эженин балдары деп жабыштырып коюп жүрүшөт. Көптөгөн илим-билимдүү санжырачылардын жазып калтырган тарыхый китептерине кайрылалы: Долон бийдин балдары Адыгене, Тагай, Наал эже, Муңгуш. Наал эже Көкө баатырга турмушка чыкканда үч балалуу болот. Курмушу, Моңголдор, черик (Балык манасчынын айтуусу боюнча, «Кыргыз санжырасы» С. Закиров. «Муңгуш отуз уулдун бир баласы катары көрсөтүлөт. Муну Көкөдөн тараган моңолдор менен чаташтырууга болбойт. Мөңгүш-Муңгуш деп аталат.

«Маджму ат таварик» китеби боюнча алынды. Мындай мисалдарды келтирсек санжыра тарыхында ондоп саналат.

АВТОРДОН

Жараткандын амири менен жалгыз эле Кыргыз эмес, жалпы адамзат тарыхында тирүүчүлүктүн катаал мыйзамы өзгөрүп кетээрин, пенделердин эртеңин эмне күтүп тураарын эч ким көзү ачыктык кылып алдын ала айталбасы белгилүү. А бирок, санжыра акыл-эске илим-билимге көп моюн бербеген дүйнө таанымдын түпкүрүндө уюп тураарлыгы алмустактан бери келе жаткан адамзатка ыроолонгон Аллахтын рахматы десек жаңылышпайбыз. Ар бир уруунун өкүлдөрү өздөрүн уңгулуу улут сезишээри, алардын калк башкарган дөөлөт ээси, топ жарган акылмандары тоо болуп калкалаган баатырлары, энчилүү эн тамгасы, эсепсиз байлыктары, ээлеген ата конуштары, экинин бири болгон көсөмдөрү боло келгендиги санжырага айкашкан тарых чындыгы.

Жоо бөрүсү болгон, "Түгөнгөн сайын түтөп..." улам жаңы чырпыктары чынар болуп далай дөөлөт күтүп, дөгүрсүгөн элдерди тизе бүктүргөн КЫРГЫЗды талкалоону эң оңой жолу ички араздашууну күчөтүп, уруулар менен уруулар ортосунда эрегиш жаратып, элим деген эр азаматтарды мертинтип жок кылуу аракеттери тарых сересинен көз чаптырсак алты жүз, жети жүз жылдан бери жыландай оролуп муунтуу иштери үзгүлтүксүз жасалып келе жаткандыгын паамдайбыз. Ошонун натыйжасында, адилдик, ынтымакчылык, ата бабалар карманып келген сыймыктуу нарк-насил, каада салт: "Түбү бирге биригет, учу бирге жазылат..." дегендей, түбү биргелер эч качан ажырабай турганы заман агымынын татаал сыноосунан өтүп келгенин, азыркы кыргыз урууларынын башын бириктирип, бир мамлекетке бириккени мисал боло алат. Баарынан да эстутумга эш болгон уруусун биле жүрүү вазийпасын унуттуруп, уруулардын башын кошуп кармап турган улуттук

сыймыктарды жокко чыгаруунун аракетин жасагандардын арааны жүрүүп келет.

Акыркы жүз жыл ичинде улуттун үстүнөн үстөмдүк кылгандардын шовинисттик дымагы менен он бештен ашык өз чек арасы, тили, тарыхы, дөөлөтү, бири-бирине окшобогон жашоо жолу бар чоң, кичине мамлекеттерден курама болуп Советтик элге айландыруу аракеттеринин натыйжасында уруу эмес улут жок болуп кетүү коркунучуна туш келгендиги, элдик нарк-насилине өзөк болгон ондогон тилдердин башкаларга сиңип кеткендиги кечээги чындык. Баардыгы бирдей социалдык теңчилдикте болушу керек деген жагалдануунун урааны менен ошол мезгилдердин аныктамасы боюнча капитализим, дин баардык баалуулугу акчага, байлыка гана байланган жашоо мыйзамын кыйгап, феодалдык өнүгүүдөн Социалисттик коомго аттап кеткен Кыргыз сыяктуу бир топ улуттар үчүн тегин жээрип, уруусун унутуп, улуттун сатуу эч качан намыска тийчү маселе эместей туюлуп калган.

Кызык жери, көчмөн жашоонун күүсү менен жан дүйнөсүн башкага байлай албаган улуттун кутун кетирип, уулдарын: "Жети атасын жетик билбеген жетелеме кулга, кыздарын ата намысын сактабан күнгө..." айландыруу ширисин кийгизүүгө жасалып жаткан аракетерди ураалап сыймык туткандар азыр да арбын. Улутту жок кылуу үчүн уруулардын тамырын кыркуу керектигин жакшы өздөштүргөн топтордун ана башында тургандар да кайсы бир элдин өкүлү болооруғун акыл эси бар ар бир замандаш унутпай САНЖЫРАга этиат мамиле жасоого милдеттүү экендигибизди эстен чыгарбашыбыз керек. Тегин жерден: "Жарыкчылыкта санжыралар" болбосо өтүп кеткен убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра – бул элдин улуттук эн тамгасы жана анын таануу белгиси, – деп уруулук, улуттук ынтымакты аарынын уюгундай коргогон Советтик катаал заманда

дүйнөнү кыргыздын таза дили, алпейим жашоосу, адамгерчилик улуу сапаттарын кынаптоо менен багындырган Ч.Айтматов агабыз бекеринен айтпагандыр.

Санжыра–дегенде кээ бир замандаштар кыртышы сүйбөгөндөй түр көрсөткөнү менен түпкүлүгүндө текти тааный билбегендин келечеги сыйлаган адамдар убактылуу тирүүчүлүк сапарында тынчтык, жайбаракаттык саябанында гана жашоону тилек кылса, ошол тилектерге улуу муундардын баскан жолун унутуп калбаш үчүн санжырасын биле жүрсө жакшы болоорун унутпасак. Бабаларыбыздан калган баалуу мурастын азыркы күндөгү өзгөчө чон проблемага айланган гендик аруулукту сактоого кошо турган салымына да көп маани берилбей келет. Эч кандай медицина,илим-билимге ээ эмес аталарыбыз, жети атага чейин өзөгү бир туугандар куда болууга болбойт..."деген, тукумдун тазалыгын сактоо боюнча кагазга жазылбаган калыс мыйзамды карманып келишкен. "Уругу бир тугандардан жаралган" укумтукумда кандай проблемалар болоорун медицина аныктаганы менен андан арылуунун жолун санжыра аркылуу аталарыбыз байыртан бери эле чечип келгендиги не маани берилбейт. Нарк сактап, тууганчылыктын кадырын биле жүрүү унутулбаганда бүгүнкү күндөгүдөй бир тууган бир тууганга үйлөнүү жана башка айбанчы - лыктарга жол берилмек эмес. Болгону, санжыра ны кайсы бир эрегиш, эрөөл талаш, жаатташуу үчүн эмес тамырдагы чындыкты таразалай билүү үчүн пайдалансак деген аруу тилек ар бирибиздин жүрөгүбүздө ирмем сайын кайталанып турса, жашоонун жыргалчылыгындагы өрүшүбүз кенен болуп, жашообуз жакшылыгынан жанбас...

Кылымдардын терең бүктөмдөрү катылып жаткан башаты бар мунгуштардын, анын ичинде жоош уруусунун карт тарыхына, ошол уруунун урпагы катары серп салуу аракетинден майнап чыкса деген аруу тилек менен баштаган ишибизди калыс баалап, жараткан жардам берсе

колуңуздардагы китеп уруунун кийинки муундары үчүн жол көрсөтүүчү маягына айланаар. Кайсысын бир санжыралык маалыматтар да тээ тереңден добулбас каккан сыймыктуу уламыштары айтылганы менен, бир иретке түшүп калган санжыра булактарында Ак Уулдун тукумун улоочу Муңгуш атабыздын Жоош деген уулунан санжыра санаты башталаары муундан-муунга өтүп айтылып келе жаткан чындыктардын бирине айланган.

Биз, төмөндө кыргыз тарыхынын кыртышына сарасеп салган айрым материалдарды ошол аалымдардын, тарыхчы-фольклористтердин, санжырачылардын басма-булактарына жарыяланган материалдарынын Муңгуш-дан чыккан, массалык маалымат каражаттарына, интернет тарга тиешелүүлөрүн алардын автордук укутарын сактоо менен жазып, китебиме жайгаштырууну туура көрүп жатам. Себеби, биринчиден ушул айтылган маалыматтар-ды окуп чыккан Муңгуш уруусунун зээндүү өкүлдөрү өз санжырасынын али изилденип, иликтене турган ой кырлары арбын экендигине ынанаары, экинчиден элибиздин канына сиңген адат боюнча кайсы бир өзөккө топтолбогон маалыматтарды канчалык ынандырууга далаалат жасасаң дагы, бардыгын мактаныч, ойдон чыгарылган жомок катары туя берээри шексиз.

Кайсы бир дооpлордун тепсендисине учураган бир ысым менен бир уруу журттун тагдыры чечилээрин аңдаган замандаштар үчүн ата-бабалары тууралуу учкай болсо да топтолгон айрым маалыматтар алардын намысын ойготсо, текти тереңдетип иликтөөсүнө ачкыч болуп берээр деген тилек...

Менин топтогон маалыматтарым Мунгуштун уулу Жоош ата, анын кылымдарга сиңип кеткен урпактары жөнүндөгү улуу баяндардын бүгүнкү тукумдарына таберик болуучу баалуулуктардын миңден бири да эместигине кепил боло аламын. Себеби, ар бир атанын айланасына нечендеген окуя, маалыматтар, даңазалуу

жана ташпиштүү тагдырлар коштоп жүрөөрү белгилүү. Ал эми, азыркы муундарга чейин өз уруусуна башат болгон инсандын берилеп канча мууну өткөндүгүн Жоош атанын тукумдары эле эмес санжырабыз такталды деп эсептеп жүргөн замандаштарыбыздын эч кимиси эсеп чотко салып, эртеңки баянын тактап айтып бере албайт. Тарыхчы, санжырачылардын ар биринин ойу ар башка. Карманган туткалары да ар кайсы булактар, ага төмөндөгү мисалдарыбыз, биздин айтып жаткан үзүл-кесил маалыматтарыбыз далил болоор.

Карт тарыхтын ирмемдерин кагазга түшүрүп калган тарыхчы, санжырачылардын басымдуу бөлүгү Ала Тоо аймагынын түндүк сересинде жашагандар болгондуктан, Түштүк ыптанын санжыралык маалыматтары негизинен кирбей калган. Ошондой эле өздөрүн Тагай тукумдары эсептегендерден кат сабаттуулар арбыныраак болгондуктан жалпы кыргыз урааны, андан берилген сыймык унутула түшүп, биринчи орунга он беш, он алтынчы кылымдан берилген гана санжыралык маалыматтар чогултулуп калгандай туюлат. Азыркы көз караш менен алганда, Кыргыз, Анжиян, Арка багыты, энчи талашкан коңшу мамлекеттер эле эмес Россия мейкиндери, Монголия, Кытай, Индия, Ооган, Түркия, Америка жана башка мухит арасындагы аймактардан бери жайылып, мезгилдин өтүшү менен жаңы улуттардын түзүлүшүнө уютку болуп берген, өз насилин эсинен чыгарган ата бабаларыбыздын рухтарын ыраазы кылуу бүгүнкү күндө күлкүлүү туюлганы менен келечектеги урпактарыбыз унутулган улуу дымакты ордуна коюга кудурети жэтээрине ар бирибиз ишенич артышыбыз керек, – деген илгери үмүткө баардыгыңыздарды жетеле-гим келет.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепканасы
ИНВ № 486723

КЫРГЫЗ САНЖЫРАСЫ НЕ ДЕЙТ?

Кыргыз санжырасы-кыргыз элинин түпкү тегин, келип чыгышы, таралышын баяндаган тарых илиминин бир тармагы. Негизинен баштапкы формасында жети атасынын тегин билип жүрүү үчүн оозеки түрүндө бир муундан экинчи муунга айтылып, сакталып жүрүп отурган. Кыргыз санжырасын өз башталышын мифтик, Адам Ата Обо-энеге байланыштырып, ирети менен раса, эл жана кээ уруулардын таралышы камтылган. Адам Атадан Ноо (Нух) пайгамбар, андан Хам, Сам Жапас (Яфас) Жапастан кийинки тукумунан түрк, кыргыздар анын уулдарынын бири (кээ бир санжырада 8-муун) Огуз (Угуз, Ууз) хандан тарайт деп эсептелинет. Анын андан кийинки тукумунун (көбүнчө 20, же андан ашыгыраак муун уланат) бири Долон бий болгон. Мындай санжыраларды өз эмгегинде да кенен пайдаланган. Орто кылымдагы санжыраларда маселен Абул-Газы Бахадур хан, Рашид ад-дин, Хондемилер да кенен пайдаланган. Орто кылымдагы санжыраларда кыргыздын башка элдер менен байланышы, белгилүү адамдарды тарыхый окуялар аркылуу чагылдырып, аларды изилдеп, жазуу иштери жүргүзүлө баштаган "Маджну ат–таварих" Таварихи Рашиди» Кыргыздардын 20-кылымдын мурунку санжырасында алардын жашаган аймактар негизинен Борбордук Тянь Шань, Алтай экенин көрүүгө болот. Байыркы кыргыздарга тиешелүү Кыргыз санжырасынын ичинен көрүнүктүү орунду Балык Ооздун санжырасы ээлейт. Анын негизги басымы тарыхый окуяларга жасалып, кыргыздардын коңурат, казак, кыпчак, курама, мангыт, тайчык, жедигер, ногой, кытай, катаган, калча сыяктуу уруулар менен бирге 12 ата огуз, урааны да «Огуз » болгон жана Алтайга сүрүлөөрдөн мурун Талас, Фергана Сыр Дарыянын бойлорун жерден турган. Анда: Ай ааламды

алган Аланча хан болгондо, 40 сан Крым болгону, кой үстүндө торгой жумурткалаганда, аты чуулу Адыл хан атын чыгарам дегенде, кырыгыздар Жийделүү-Байсынды жайлап, Оторду, хан көтөрүп огуз элин куткарып, Отор шаарын салган тууралуу айтылган. Дүйнөлүк маанидеги эң чоң «Манас» эпосу да санжыранын негизинде баяндалган. Кийинки орус тилдүү тарыхчылардын (Мисалы; В.Бартольд, Ч. Валиханов ж.б) таасирине байланыштуу сабаты ачылган санжырачыларда Түштүк Сибир (Эне-Сай) жөнүндө түшүнүк кире баштаган (Мисал; Тоголок молдо, Талип молдо, Мухаммедалы Кыпчаков ж.б) Ал эми Бала Айылчы, Үммөт молдо ж.б. дын санжыраларында уруулардын таралышынан башка кыргыздардын Кытай, Казак, Калмактар менен болгон мамилеси баяндалат Калмак жапырыгы, кыргыздардын Ысар, Көлөпкө кириши, Үчүкө Түлкү, хан Кудаяр тууралуу манасчылар Сагынбай Орозбаков Шапак Ырысмендиев, изилдөөчүлөр Ы.Абдырахманов, О.Сыдыков, ж.б айтып, жазып калтырышкан. Жунгар хандыгы жоюлуп, кыргыздардын биригиши, алардын азыркы жерине отурукташып калышы ата бала А.Акылбеков, Т.Алымбек-овдордун санжырасында так мааниде, кеңири берилди. Санжыранын илимий багытта кароого аракет кылгандардын бири Үсөйүн ажы болуп эсептелет. Анда Кытайлык кыргыздардын санжырасы аркылуу Байыркы кыргыз урууларынын тарашы, алардын башка элдер менен байланышын кабарлаган. Совет доорунда Кыргыз санжырасын жыйноодо бир катар иш жүрүп, тарыхчылар (С. Абромзон, Я. Винников ж.б) ышкы боздор (Ы. Абдырах - манов, Н. Боомбаев, М. Байгаринов ж.б) тартипке салып, жыйнакташкан. Аны илимий негизде салыштыруу 20-кылымдын 90-жылдарынан башталып, Кыргыз санжырасына арналган бир нече эмгек жарык көргөн. Учурда чогулган Кыргыз санжырасындагы генеологиялык уламыштарды башка жазма маалыматтарга салыштыруу-

да кыргыздардын түпкү тегинен жарымынан көбү жашап өткөн адамдар болгону ырасталат жана ал уруулардын аталышын дээрлик көбү атасынын атынан калып, өз учурунда аларга улам-улам майда уруктарга тарап келген. Азыркы кыргыз элинин пайда болушу Долон бий жана анын уулдары Ак уул, Куу уул менен байланышкан. Ошондуктан кыргыздар оң канат (Ак уул,оң) сол канатка (Куу уул, сол) жана ичкилик тобуна бөлүнгөн. Оңго Адигене, Тагай жана Муңгуш кирип, өз учурунда Адигене Жору, Бөрү, Баргы, Кара Багыш, Сартар, Тагай, Сары Багыш Бугу, Болто, Тынымсейит, Саяк, Чекир Жедигер, Черик Азык, Багыш, Моголдор, Баарын, сыяктуу уруулардан турат. Муңгуш жагалмай жана кош тамга деген эки топко, алар да кезегинде бир нече майда урукка тарайт. Солго Кушчу, Саруу, Мундуз, Жетиген, Кытай, Басыз, Тобой, Чоң Багыш, ичкиликтерден: Найман, Тейит, Кесек,Жоо Кесек, Каңды, Бостон, Нойгут, Төөлөс, Ават, кээ бир учурда Кыдырыша урууларынан турат. Булардан тышкары өз алдынча (мисалы, Коңурат) жана кыргыздар менен тектеш эмес уруулар (Калмак, Сарт Калмак, Чала Казак ж.б) да аталат. Кыргыз санжырасындагы кыргыздардын уруулук тобу, же алардын урууларга ажыроо, генологоиялык ата бабаларынын аталышынын бир нече вариянты бар экенине карабастан, анын жалпы түзүлүшү бирдиктүү, текши берилгенин жана көптөгөн географиялык аталыштардын дал келүүсүн көрүүгө болот. Өзгөчө кыргыздын өткөн тарыхын изилдөөдө санжыранын мааниси чоң. Бирок, Кыргыз санжырасы бизге толук түрүндө так жетти деп кесе айтууга болбойт, көбүнчө айтуучу, жазуучулар тигил –бул социялдык, же диний көз караштарына жараша ар кайсы мезгилде өзгөрүүлөргө дуушар болуп, хронологиялык жылдарды эсептөөдөн да жаңылыштык көп кеткен. Өзгөчө Октябрь революция-сынан кийин андагы маалыматтарга маани берилбей ооз эки фольклордун бир бөлүгү катары каралып калган.

Кудага шүгүр эгемендүүлүк алганыбыздан бери ар бир кыргыз жети атасын милдеттүү түрдө билүү салтына кайтып келип жатканы, кыргыз баласы акырындап өзүн-өзү тааныу, мендигин билүү, түшүнүү, жолуна түшкөнүбүз-дү кубануу менен колдоого алуу – ар бирибиздин милдетибиз деп айтаар элем.

МАДЖМУ-АТ-ТАВАРИХ КИТЕБИНДЕГИ КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫ ТУУРАЛУУ...

Маджму-ат-таварих – Тарыхтар жыйнагы –1495-жылы фарсы тилинде жазылган чыгарма. Автору –Сайф ад-Дин Аксикенди (Сайпидин Аксылык) өзү чыгармасын аягына чыгара албай калып, анын уулу Орозбай (Ноорузбай) улантып жазып бүтүргөн. Сайпидин Аксылык эмгегинде кыргыздарды оң жана сол деп бөлүп, оңго Ак уулдан тараган отуз уул жана Солусбек Булгачыны кошот. Ал эми солго Куу уул кирет. Бул эмгекте 12–кылымда б.а.1127-жылы кыргыздардын оң жана сол канатка бөлүнгөнү, алардын түпкү атасы Аналхак болгону, Аналхак Ак уулга чейин 20 ата, Куу уулга чейин 23 ата өткөнү тууралуу кабар берет. Оң канатка (отуз уулга,) Адигене, Муңгуш, Кара Багыш, Тагай, Сары Багыш, дөөлөс, черик, азык, моңолдор, коңурат, чекир жана башка уруулар кирген (санжыра боюнча кара чорого багыш, суумурун, келдике, баарын уруулары кошулат) Тагайдын чоң бөлүмдөрү – найман дан жедигер, Кылжырдан Бугу, Богорстондон Солто уруусу, алардан башка кара чоро, саяк саналган. Адигене болсо аны өзү гана кирген (санжыра боюнча Адигене Жору, Бөрү, Баргы, Сарттар жана башка уруулар кошулат) Солусбек Булгачыга Бостон, Тейит, Жоокесек, Дөөлөс, Кыдырыша, Каңды, уруулары кирген (санжыра боюнча ага кесек, ават, оргу, нойгут, кыпчак, найман жана башка уруулар кошулат) Солго (Куу уул) саруу, кушчу, мундуз, басыз, чоң багыш, кытай уруулары

кирген (санжыра боюнча ага жетиген, дөбөт уруулары кошулат) Ак уул, Куу уул жана башкалар шайык Сейит Мир Жалилдин мезгилинде (15-кылым) жашап, аны менен байланышып турган тарыхый инсан катары көрсөтүлүп, алардын кимден таралганы саналат. Чыгармада негиздүү тарыхый окуяларда чагылдырылган. Мисалы кидандар - дын (кара кытайлардын) Орто Азияга Кыргызыстанга жасаган чабуулу жана аларга каршы жергиликүү элдин күрөшү. Чыгармада "Манас" эпосуна тийешелүү окуялар орун алган. Автор Манасты тарыхый инсан катары карайт. Маджму-Ат Таварих Манас жонүндө берилген эң биринчи жазуу түрүндөгү 15-кылымга таандык маалымат. Бул эмгекти кыргыз тилине Молдо Сабыр Досболов жана Омор Сопу Сооронов агабыз которушкан. Өзгөчө аалым Кыргызстандагы белгилүү тексттолог Омор агабыздын эмгеги чоң. Ал китептин баш сөзүн жазуу менен китепке болгон илимий көз карашын так даана айтып чечмелеп берген. Андан тышкары түшүндүрмөлөрдү: АДАМ АТТАРЫН, бөлүп карап, алардын ким болгондугун чечмелеп берген. Жер, Суу жана ШААРЛАРДЫН, АТТАРЫН өзүнчө бөлүп жазып, географиялык кайсыл жерде жайланышканынан бери түшүндүрмө берген. Андан тышкары: ЭЛ, УРУУ, УРУКТАРДЫН АТТАРЫНда өзүнчө бөлүп көрсөтүп, окурмандарга түшүнүксүз аттарды чечмелеп берген чоң эмгегине кол куушуруп, ыраазычылык билдире кетүүнү ылайык көрүп турам.

Кийинки мезгилдеги санжырачылардын жазгандарын салыштыруу аркылуу жана өзүмдүн изилдөөлөрүмдүн, эл ичинен жыйнаган фактылардын негизинде кыргыз уруулары оң, сол, ичкиликтер төмөндөгүдөй уруулардан тураарын аныктагандай болдум. Оңдор ("Маджуму аттаварих" боюнча, Анал-Хактын: Лурхан, Лур-Бузурук деген эки уулунан баштап бөлүнөт, Луркандын он уруунун башына койгон. Лур-Бузурукту сол уруунун башына койгон). Азыркы бөлүнүшү Долондун көк темиш Боз уул

деген жана небересинен кийинки кыбырасы – Ак уулга чейинки эки уулун унутуп, Ак уулду Долондун өз баласы катары айтышат. Чынында Ак уулдун атасы Боз уул, анын атасы Көк Темиш, анын атасы Долон, кийин эле Ак уулга өтүп кетишет. Мунун тууралыгын 20-кылымдын эстелиги катары бизге жеткен "Маждуму-ат-таварихтен" да көрүүгө болот. Айрым санжырачылар, Ак уулдун Долон деген баласы болгон дейт, Долондун эки уулу, бир кызынан-оңдорду таратат. Кыргыз санжырасында ушул вариант үстөмдүк кылып кеткен. Ал боюнча оңдорго төмөндөгүлөр кирет:

Адыгине тукумунан: Бөрү, Баргы, Олжоке, Тооке, Кара баргы, Сары баргы, Таздар, Көкчө уулу, Элчибек, Сарттар, Савай, Жору, Ардай, Мөнөк, Кара Багыш, Ак Буура, Тагай тукумунан: Богорстон, Койлон, Кылжыр, Богорстондон Солто, Койлондон, Жедигер, Кылжырдан Сарбагыш, Бугу, Кара чородон – Багыш –Тагайдын башка уулдарынан Саяк, Азык, Черик, Желден, Коңурат.

Наалы эжебиз (кыз, күйөөсү, Көкө) Көкө тукуму айтылбай Наалы эжеден таркагандар деп айтылат. Ал эми уулдары Бердике Могол деп айтылат. Мунгуштан тарагандар: Кодогочун, Жапалак, Төлөйкөн, Жоош, Жыл Келди, Сарылар, Сарай, Көк Жатык Соколок, Тээке, Эрке Кашка, Маңгыт, Долон жана башка уруктар жөнүндө түрдүүчө чечмелөө айтылат. Булардын айрымдарын тондуу уул, тонсуз уул деп аталып, Адигине Тагайдын, Наалы эженин өз баласы жана бакма баласы катары чечмеленгенин да жолуктурабыз. Кыскасы Долон бийден үч уул бир кыз калган. Алар Адигине, Тагай, Наалы, Муңгуш

Эми Сабыр Аттокуровдун "Кыргыз санжырасы" 1995-жылы "Кыргызстан" басмасынын чыккандан бери, бул китептин баалулугуу тууралуу бүгүнкү күнгө чейин сөз болуп келет. С. Аттокуров түзгөн китепте (86-бетти караңыз) Мунгуштан эки уул туулат. Алар Жагалмай Кош-

тамга. Жагалмайдан Сарылар, Кодогочун, Тээке, Жоош, Жыл келди, Жапалак. Ал эми Коштамгадан Соколок, Эрке Кашка, Мангыт, Төлөйкөн, Сарай Көк жатык төрөлүптүр. Менин изилдөөм боюнча Жооштун алты уулу алар; Камай баатыр, Мамай жоош, Иман жоош, Абыке жоош, Койкелди жоош, Бука жоош, Камайдан төрт уул туулат. Алар; Кожояр, Ороз, Балбык, Чайиш, Хан Чайиш менин жетинчи атам болот

Кытайдагы кыргыз тарыхчысы кытай жазма булактарынын негизинде кыргыз тарыхына байланышкан илимий ачылыштарды жасаган тарых илиминин белгилүү аалымы Анвар Байтурдун "КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНЫН ЛЕКЦИЯЛАРЫ" атту китеби 1992-жылы "Учкун" басмасында жарыкка чыккан. Бул китепти байыркы кытай, уйгур, арап, жана кыргыз жазма эстеликтеринин изилдөө негизинде жазылып кыргыздардын келип чыгышы, эволюциялык өнүгүшү жана алардын бирдиктүү, кубаттуу мамлекет түзүшү, ошондой эле көптөгөн бөлөк улуттардын калыптанышына тийгизген таасири жөнүндө баяндалат. Анвар Байтур эки томдук китебинде байыркы таш доорунан ушул 19-кылымдын аягына чейинки кыргыз турмушуна байланышкан тарыхый окуяларды өтө ишенимдүү жазып калтырган.

Китептин экинчи томунун (72-бетин караңыз)14-кылымдан 17-кылымга чейин Чыгыш Түркстанда жашаган уруулар тууралуу ошол доордогу окуяларда баяндалган тарыхый материялдарга негизделип Кашкар, Жаңы шаар, азыркы Ак–Тоо ооданы жана Жаркен аймактарында Тогуз Кыпчак, Сарт Калмак, Найман, Чоң Багыш, Балыкчы, Итар, Мунгуш, Сары Багыш, Кесек, Тейит деген уруулар жашаганын аныктап жазган.

...(Ошол эле 72-бетте)... ферганандын чыгыш жана батыш тараптары; Наманган, Анжиян райондорунда; Кыпчак аргын, Окчу, Жанадил, Чарко, Кыргыз, Кытай, Кара

Тейит, Мунгуш, Кыдырата, Думара, Калчы, Багыш, Кара Тегин уруулары жашап турган деп баса көрсөткөн.

Чыгаан окмуштуу Анвар Байтурдун илимий эмгегине таянуу менен өзүмдүн Жоош уруусу тууралу жана жетинчи атам Камай баатыр тууралуу уккан, окуган фактылардын негизинде тарыхый баян жазууну эп көрүп турам.

АБЫКЕ ЖООШ

Абыкенин 6 баласы болгон :

1. Ч О Б О
2. С А Р К А уулу
3. Б А Й Ы С Т А Н
4. Ж А Н И Б Е К

Жогорудагы төрт уулунун урпактары негизинен Ош шаары, Алай, Кара Суу райондорунун айыл-кыштактарында жашашат.

5. А С А Н
6. Ж А К Ш Ы Л Ы К Бул эки уулунун урпактары Кытайдын Улуу-Чат ооданында жашашат.

Абыкенин уулу Чободон :

ЧОБОНУН уулу ДУБАНА 50 жылдай Кашкар шаарынын казыначысы болуп эмгектенген, болжол менен (1820-1870ж.ж.).

ДУБАНА уулу БЕКМЫРЗА (1869-1928) Алай районунун азыркы Будалык айылынан Кытайдын УЛУУ ЧАТына чейин миң башы болгон.

Миң башылыкты Олжоке уурусунан чыккан Акбий миң башы бир гана бул чөлкөмдө Бекмырза жарайт деп 45 жаштагы Бекмырзага өткөрүп берген экен.

Ал эми Бекмырза 1928 -жылга чейин миң башы болуп турган экен.

Чобонун белгилүү урпактары:

1. Бекмырзаев Чоной – (1927-1979)

1952-54-жылдары Алай райондук финансы бөлүмүнүн башкы эсепчиси, 1954-58-жылдары райондук банктын башкаруучусу, 1959-68- ж. райондо башкы эсепчи болуп эмгектенген. 1969-жылдан өмүрүнүн аягына чейин мугалим болуп иштеген.

2. **Бекмырзаев Арзымамат** (1949-2005)
1975-жылы КММИни бүтүргөн, Медицина илимдеринин кандидаты, Ош МУнун мед. факультетинин доценти, Ош шаардык ооруканандын травматология бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Кыргызстан Ленин комсомолунун лауреаты (1983) СССРдин ойлоп табуучуларынын отличниги (1986) КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин Ардак Грамотасы (1987) аппарат ойлоп тапкан, 20дан ашык рационализатордук, 16 методикалык, 50 илимий эмгектердин автору. «Кыргыз Республикасынын эмгек синирген врачы»(2000)

3. **Чоноев Абдумалик (1956)** Мамлекеттик кызматтарда эмгектенип азыр ардактуу эс алууда. «Социалдык кызматтын отличниги» (2012ж.)

5. **Маматов Кеңешбай Маматович** 1952-жылы Гүлчө айылында төрөлгөн, Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумду, Самаркандагы кооперативдик институтту бүтүргөн. Алай керек-жарак коомунун бухгалтери, Алай ДСУнун башкы бухгалтери, Алай, Баткен райодорунун керек-жарак коомдорунун башкы бухгалтери, Ош обл керек-жарак коомунун башкы бухгалтери, Ош обл керек-жарак коомунун төрагасы, Ош шаарынын тышкы экономикалык байланыш башкармасынын башчысы болуп эмгектенген.

6. **Эмилов Баймамат Абылкасымович** 24 жыл Сары-Таш ДЭУсунунда эмгектенген,2017 жылыдын февраль айынан Сары-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы.

7. Акбашов Өмүрзак (1951) Көп жыл айыл чарба жана мамлекеттик кызматтарда иштеген, ардактуу эс алууда.

Сарка уулунан:

1. Тойчуев Кыяз (1940-2016) Алай совхозунун механизатору болуп эмгектенген, Эки Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендеринин ээси, Кыргыз ССР Жогорку Кенешинин, областтык, райондук Кенештеринин депутаты болгон.

2. Аматов Аттокур (1953) СССР Ленин комсомолунун, XVIII съездинин Кыргызстан Ленин комсомолунун XX-съездинин делегаты болгон. Азыр ардактуу эс алууда.

Байыстан уулунан:

1. Боронбай уулу Мама бий–1938 жылдары НКВД тарбынан атылган.

2. Боронбай уулу Көкөчөр - 1938 жылдар НКВД тарабынан атылган.

3. Борснбай уулу Чериктин – тирүү калган эмгек фронтуна айдалган. Булардын бардыгы 1990-жылы акталышкан. Чериктин балдары Ыдырыс, Мухтар, Кантай болушкан.

«Эркe-Кашка» уруусу Араван жана Ноокат райондорунда отурукташкан. Араван районун «Дөбө-Коргон» айыл аймагына караштуу «Интернационал» жана «Жаңы-Абад» айылдарында жайгашкан.

Эки айылда 360 (үч жүз алтымыштан ашык үй-бүлө жашайт).

«Ноокат» районун, «Капчыгай», «Эркe-Кашка» жана Кара-Кокту айылдарында. 160 (жүз алтымыш) үй-бүлө жайгашкан.

Ошондой эле Аравандын Октябр айылында 20 (жыйырма) кожолук бар. Алар «Дөөбөт», «Эркe-Кашка» деп аталышат.

Араван районуна кошуна Өзбекстандын Мархамат жана Кожо-Абад райондору менен кошуна жайгашкан.

КАМАЙ БААТЫР

Ак Тоонун мөңгү баскан туу чокуларына күн шооласы тийгенде, нур кучагында калган мөңгүлөр ого бетер жаркырап, жалт-жулт нур чыгарып, аны көргөн ар кандай адам ага көңүл буруп, сүттөй ак нурдуу ыраңга алмашып жаткан сейрек кездешүүчү көрүнүштү атайын күткөн: маалда сөз менен сүрөттөп бере алгыс жаратылыштын таң калаарлык кубулушу күн алыс боло берчүү эмес.



Бүгүн Ак Тоонун таманында жашаган кыргыздар, өзгөчө айыл жаштары тоо чокусундагы таң калаарлык көрүнүштү алгачкы жолу көргөндөр бирин-бири ойготуп, чоң айыл ичинде улуу-кичүүгө карабай боз үйлөрүнөн чыгып, керемет, таң калаарлык кубулуштарга күбө болуу бактысына туш келгендердин чечекейи чеч боло, көздү сүйүндүрүп, жүрөктү толкундаткан учурду жалгыз өзү эмес, башкалар да күбө болушун каалагандар, улам дөңсөөгө чыгып:

–Э-э-э-й туугандар! Уйкуңардан ойгонгула? Ак Тоонун чокусун карагыла?! Укмуш, таң калаарлык көрүнүшкө күбө болгула? --Э-э-э-й туугандар! Жараткандын кереметин көрүүгө үлгүрүп ырахат алгыла? Ана, ак нур кызыл, жашыл, көк нурга айланып кетти!, – дешип кыйкырган уландардын үнүн укkан жаштар эмес, жашы улгайып калгандар да боз үйдөн чыгып, Ак Тоонун чокусунда болуп жаткан керемет көрүнүшкө көзү тойбой

жатты. Ак тоонун чокусундагы кубулушту жакшыраак көрүү үчүн бийик дөңгө чуркагандардын арасында Камай да бар эле. Ал башка курбалдаштарына карагандар бою олбурлуу, кыйла узун болгондуктан жыйырма, отуздай жаштардын ортосунда көөдөнү чыгып, алыстан Камай экени башкаларга таанылып турду. Ак Тоонун чокусундагы сааркы көрүнүш узакка созулчу эмес, ашып кетсе чай кайнам убакытка узараар эле.

Ак Тоодогу таң калаарлык кубулуш дароо жок болгондо, дөңгө үйүлгөн өспүрүмдөр дуулдап этекке түшүп, үй-үйлөрүнө таркап кетти. Камай теңтуштары менен тең жарышып чуркабай, сөөлөт кармап жай басып үйүнө карап жөнөдү. Үйгө киргенде ата энеси, бир туугандары эрте мененки нануштага отуруп калган экен. Салам айтып өз ордуна отурганда:

–Камай!

–Угуп жатам ата.

–Эртең, Жаркенге барып кел .

–Кимдер менен ?

–Төрөкулдар кой айдап бара жатышыптыр . Сен да элүү, алтымыш соолук айдап ал. Сатып, кем өксүктү алып кел.

–Мага жардамчы бересизби?

–Койчубуз Абдыкарим, анын уулу экөөнү айттым. Алар айдап барат.

–Бүгүн жөнөйбүзбү?

–Эртең саар жөнөйсүңөр. Үйдөгү кем өксүктү апаңдан сура, не алаарыңдын баарын айтып берет.

–Макул ата .

Камай эки койчусу менен алтымыш соолук айдап саар Жаркендин жолуна түштү. Бир түнөп, кийинки күнү кеч пешинде, дарбазалар жабылганча кербен сарайга жайланышып калганда кеч күүгүм кирип калган эле.

Жаркен базары Кашкар, Жаңы Шаар жана Ак Тоо аймагындагы эң чоң базардын бири болгону үчүн, туш

тараптан келген сатармандар менен алармандар шаардын беш алты кербен сарайларына толуп, көп учурда орун болбой кала турган. Камай туура эле атасынын досу Турдуханга өттү, Камайды жылуу тосуп алды.

Аяш атасы Турдахундун жардамы аркылуу алтымыш соолугун көңүлүндөгүдөй сатып, кем өксүгүн алып, аяш атасы менен жылуу кайырлашып жолго түштү. Анын көңүлү кербен сарайдагы жакшылардын аңгемелешүү маалында калмактардын козголуп жатканы тууралуу кабар көңүлүнөн кетпей, үйгө жетээри менен укканларынын баарын атасына айтмакчы болуп баратты.

Беш алты улоону, үч качырга жүк жүктөгөн Камай короого келип түшкөндө, үйдө атасы жок болуп чыкты. Ал коңшу айылдагы мааракеге кеткенин угуп, үйдө отура албады.

–А уулум тынчылыкпы? Жаңы шаардан тынч аман келип алдыңбы?

– Ооба, баары жакшы, көңүлдөгүдөй базар болду. Турдахун аяш атамдын кербен сарайында жаттым. Соолуктарды сатууга жардам берди. Сизге ысык салам айтты. Башка да досторуңуз бар экен, алар да салам айтышты.

– Саламатта болсун. Базарың жүрүшүп, аман эсен келгениңе курсанмын уулум. Бирок, мени үйдө отуруп күтпөй, бул жерге артымдан кубалап келгениңе караганда маанилүү сөз уккансын го? Туура айтамбы?, – деп аксакалдарга карап сөзүн улантты.

–Бу абаларыңдын баары Муңгуштан таркагандар, өзүбүздүн туугандар болот. Уккан көргөндөрүңдү тартынбай айта бер уулум?

Камай тамагын түзөп, Турдахун аяш атасынын достору менен паранда этин жеп отурганын, ал чоң аты чыккан соодагерлер көргөн, билгенин укканларын айтышканын, калмактардын төрт уруусу бир хандык түзүп, Жунгар өрөнүнө жакын жерде жашаган элдерге кол

сала баштаганын, ал эмес кербенчилерди да каректан жатышканынан бери баарын калтырбай айтып берди. Атасы ээгин мыкчый карман турду да:

–Уулум , суук кабар алып келиписиң. Көзү менен көрүп келгендердин өз оозунан уккандары чындыкка жакын. Бая мааракеде отурган аксакалдардын бири калмактардын сөз баштады эле, "Э-э-э койсоңорчу, ит мынык болуп тытышып жаткан калмактар али бери башын бириктирип, хандык түзө албайт. Төрт уруунун ыркы кетип, бири-бири менен кырылыша берсин..." деп сен айтып келген маселеге көңүл бурушпай койду эле. Шамал болбосо даректын башы кыймылдабайт демекчи, Тургуналы аксакалдардын укканы ырас экен. Туугандарым, аттаналы, туура биздин үйгө баралы да, бул суук кабарды мунгуштардын баарына жеткирели да, ийри отуруп түз кеңешели. Буга окшогон ишти эртеңкиге калтырып болбойт туугандар?!,-- деп Кудаяр туугандарына суроолуу карады.

Алардын баары бирге жыйналып масилет курууга көпчүлүгү макул болбоду. Зарыл ишим бар эле, паланча келмек болгон, тарууну оруп алууга жалчы издеп атам деген шылтоолор менен үй-үйүнө аттанып кетти. Калган бешөө ошол жерден ары Кудаярды ээрчип жөнөдү. Жолдо баратып Кудаяр мындай деди.

–Камай, сен ылдам бастырып жакынкы айылдагы мунгуштардын аксакалдарын жыйынга чакыр, туура биздикине келсин. Үйдөгү жигиттерге айт, эки кой союп казанга салып турушсун.

Камай ошол жерден атын ылдам бастырып алдыга кетти. Көп өтпөй көрүнбөй калды. Кудаярды ээрчип бараткандар ооз ачып сүйлөбөдү. Жыйырма чакырымдан ашыгыраак жолду жай басып Ак Тоонун алдындагы Кудаярдын үйүнө барганда, чакырылгандардын алды келип калган экен, дароо сегиз канат боз үйгө кирип, жайланышып жатты. Эки кемегеде эки койдун эти кайнап жатты. Арадан бир саат убакыт өтүп, өтпөй,

чакырылгандар келип бүткөндө, күн Ак Тоонун артынан жашынып калды . Бирден шорпо ичилгенден кийин сөздү Кудаяр баштады.

–Туугандарым, сиздерди шашылыш чакырганымдын себеби төмөндөгүчө, –деп уулу Камай Жаңы шаарга барганда укканларын так өзүндөй кылып айтып келип, босогого жакын отурган уулуна сөз берди. Камай эл жакшыларына укканындарынан баарын төкпөй-чачпай айтып берип жатты. Эч ким суроо бербей, кунт коюп угуп отурушту. Камай сөзүн бүтүргөндө Коштамганын небереси Кунанбай сөз сүйлөдү.

–Мен биринчиден уулубуз Камайга ыраазычылык билдирем. Он сегизге чыгып чыкпаган бала бизге канатташ жашаган элдин хандык түзүп, коңшуларга коркунуч келтире тургунанын түшүнүптүр, баарын эсине түйүп айтып келгенине ыраазымын. Кудай өмүрүн берсин. Ал атасы Кудаяр агабыз баарыбыздын баашыбызды бириктирип, масилетке чакырганына, терең ыраазычылык билдире кетким келет. Мен калмактар тууралуу жакшы билем, тынчы жок, анан жоокер эл. Угушума караганда бүгүнкү күнгө чейин биринин малын бири уурдап, уруу-уруу, топ-топ болуп чабышып жүрүшкөнүн, бир айчылык алыс аймактарга барып жылкы тийип, кыргыз жайлоолоруна чейин келип, кой малын уурдап, жалаң кокуй наалат менен жашаган эл, бир муштумга биригип, хандык түзгөнү Кудаяр агабыз туура памдагандай, өзгөчө кыргыздар үчүн коркунучтуу. Себеби, кытайларга, уйгурларга, окшоп сепилдүү курган шаарыбыз жок, туш тарабыбыз ачык жайдак жерде жашаган биз алардын биринчи олжосу болобуз. Мал мүлктү тартып алганына ыразы болбойт, кыз келиндерибизди күң, уулдарыбызды кул кылып алып кетет. Мына ошондуктан эртелеп сактануунун жолун ойлойлу. Бул жерде кудаага шүгүр көптү билген абаларыбыз, агаларыбыз отурат, мындан ары не кылабыз? Мунгуш уруусу калмактарга жем болбой

өзүбүздү кантип сактайбыз? Мына ушул маселе тууралуу башыбызды катыралы. Жети өлчөп бир кесели абалар? Агалар өз оюңуздарды, сунушуңуздарды айтыңыздар? деп Кунанбай мырза сөзүн аяктады.

Кунанбай мырзанын сөзүнүнөн кийин көпчүлүктү ой басып калды. Көпчүлүгү тизесин мыжыгып, айрымдары сакалын сыласа, кээ бири мойлосун чыйратып отурду. Кыйладан кийин Сарыкашка палван чөгөлөй отуруп сөзүн баштады.

–Туугандар, Кунанбайдын сөзүнөн кийин тунжурап, жер карап калгандарга таң калып жатам. Кудайга шүгүр Муңгуштан таркагандар бир эле Кашкар, Жаңы Шаар, Ак Тоо, Жаркен тарапта эле жашабастан алыскы Ошто, Анжиянда муңгуштар, андан тышкары Адигенеден таркагандар көп. Билесиңер Адигене менен Муңгуш бир тууган, эгер баш калкалап бара турган болсок, неге бооруна тартпайт экен. Укканыма караганда Ош менен Анжиянда кашкарлыктар, жаркенттиктер, жаңы шаарлыктар көп жашаарын угуп жүрөм. Аларды бооруна батырган туугандарыбыз, бизди неге бооруна батырбашы мүмкүн? Туугандар, башыңарды жерге салбагыла, биздин тамырыбыз кенен жана тереңге жайылган. Менин сунушум мындай, Эргеш Там ашуусуна кар түшүп, жол бекилгенче тууган издеген киши болуп. Ош менен Анжианга барып, ал жерди көрүп келели. Андан тышкары алардын бийлери, билермандары менен сүйлөшүп, биздеги ахыбалды ачык айтып, жырткычка окшогон калмактардын кылычына чабыла турган күн жакындап калганын айтсак, алар да адам баласы го акыры, туура түшүнүшүп бооруна тартышат деген ишеничтемин, – деп Сарыкашка палван отурган жакшыларга суроолуу карады.

Сарыкашканын жообун угушкан көпчүлүк жанданып кетти. Экиден, үчтөн сүйлөшүп көпчүлүгү палвандын сөзүн кубаттап, айрымдары эртең эле көчүп кетчүүдөй

күпүлдөп жатты. Ушул маалда баятан бери дулдуюп отурган Калдарбек бий сөзгө аралашты.

Туугандар, атадан алтоо болсоң, ар жаңгыздык башында деген кеп бар. Оштогу, Анжиандагы туугандарга ишенип жатасыңар, кучак жайып тосуп аларына ишене бербеймин. Экинчиден, бул жерде аталарыбыздын сөөгү жатат, баарыбыздын киндик каныбыз ушул жерде төгүлгөн. Бул жер биз үчүн ыйык. Үчүнчүдөн уйгур туугандар менен, жүздөгөн жылдардан бери жамаатташ жашап келе жатабыз. Кыз алып, кыз беришип, куда сөөк болуп калганыбыз жалганбы? Бизден этекте канчалаган уйгур кыштактары бар, эгер калмактар бастырып кирсе, алар тууганын каяктан издешет. Алар бизди ээрчип Ошко, Анжианга барат дейсинерби? Эч качан ысык ордунан козголбойт, жашаган ордунда кала берет.

-Алардын бара турган жери бар,- деп отургандардын арасынан ким бирөө жооп берди.

-Бара турган жери каякта экен?

-Эгер душман бастырып келе жаткан болсо Жаркент, Кашкар, Жаны Шаар, деген чебинен чымчык араң учуп өткөн бекем чептери бар шаарларга кире качып жанын куткарып калышат. А биз алар менен аралашып шаарга кире кача албайбыз.

-Неге кире албайт экенбиз?

-Уйгурларга караганда үйүр-үйүр жылкылар, короо-короо коюбуз, ондогон кара малыбыз менен шаарга батмак белек. Биттүү конок батат, иттүү конок батбайт дегендей, мал мүлкүбүздүн баарын шаарларга алып кире албайбыз. Ал эми уйгурларда бизчелик мал жок.

-Туура айтат Кожояр инибиз. Биз төрт түлүк мал менен эч жерге батпайбыз? Ооба, малыбыз менен Чоң Алай менен Алайга батсак батаарбыз, ишенип койгула, башка жерге батпайбыз.

-Мал табылат, байлык, дөөлөт колдун кири. Бизде тоо таштарыбыздын ой чуңкуру көп, ошол жерге убактылуу жашырып турсак неге болбосун?

-Убактылуу дейсиңби? Калмактар келип кете бере турган душман эмес. Алар басып алган жеринде түбөлүк кала бере тууган болсочу? Анда убактылуу жашырган төрт түлүк малыбызды аргасыз сыртка чыгарабыз жана калмактардын колуна салып беребиз.

-Болду! Мен үчүн жетишет. Силер менен акыйнек айтышууга убактым жок, -деп Калдарбек бий ордунан туруп боз үйдөн чыгып кетти. Отургандардын арасынан ким бирөө: "Эй отур, каяка барасың?" деген сыяктуу сөз айтып, аны отургузууга аракет кылбады. Ал боз үйдөн чыгаары менен:

-Атты туура тарт!, – деп ким бирөөгө кыйкырганы угулду. Көп өтпөй үч төрт аттын туяктарынын жер сабап дүпүрөтүп баратканы, иттердин арсылдап үргөнү угулду. Кенен боз үй ичине койулган шамдарга не болду, шамал үйлөгөндөй аппак тилин соймоңдотуп улам өөдө көтөрүлүп, боз үй ичи жаркырап, уй мүйүз отургандардын жүзү даана көрүнө баштады. Алар дасторкондо бир нокотту тиктеген калыбында отурган кыймылсыз көрүнүшүн Кудаярдын отургандарга кайрылуусу бузду.

-Туугандар, "Сактансаң, сактаймын..."деп Жараткандын сөзүн унутпайлы. Биз адам катары, өзүбүздү ар кандай коркунучтан сактоого милдеттүүбүз, маселен мен Калдарбек бийди тиги – бу деп күнөөлөөгө акым жок. Маселен менин үй бүлөмө, уругума тынчылык, аманчылык керек. Эч кимди мага кошулгула деп айта албаймын. Ар кимге ден-соолук, тынчылык, аманчылык керектигин менсиз, ким бирөөнүн эскертүүсүз эле жакшы билесиңер. Жалпы Калмак элин тиги-бу деп бир элди жамандоодон алысмын. Бирок, эл ичинде тынч отурууну каалабаган, ким бирөөнү талап-тоноо аркылуу байлыка ээ болууну каалаган күчтөр элди тынч, жай баракат жашоого түртө

албайт, эртели кеч курал көтөрүп аттанып чыга турганы, анык. Эртеси өзүнө караштуу туугандарын чакырып, Ош менен Анжианга аттануунуну тездетүү керегин сүйлөштү. Эки күндөн кийин Муңгуш уруусунун ар бир тобунан экиден киши ажыратылып, жыйырма атчан жолго чыкты. Аттанаар алдында Камайдын атасы мындай деди.

-Уулум, он сегизге толуп, он тогузга кетип жатасың, менимче жаштыгың калбады деп ойлоймун. Эми сага жооптуу иштерди аткарууга аттандырып жатам. Буга чейин Муз Тоонун белин, Эргеш Там ашуусун ашып көргөн эмессиң. Жолуңар узак, кеминде төрт беш, күн жол жүрөсүңөр. "Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны" дейт атын угуп өзун көрбөгөн аймактарды көрүп, ал жерде жашаган туугандардан кабар алып кел. Эгер биз көчүп барсак, кайсы жерге жайланышабыз, эгин эккенге суусу барбы, малга жайыты кандай, баарын байкаштыр. Эл менен жолугушканда сүрдөбө, тартынба, ойлонуп маанилүү, кыскараак сүйлөөгө аракет кыл. Айтса, менин соот чопкутумду кийип алгын. Туулганы башыңдан түшүрбө. Ысыкта кыйналам дебе, ат көтөрөт. Биринчиден алыс, тааныш эмес жолдо баарын күүтүгө болот. Өзүң жасаткан найзаны алып ал.

-Калканды да алып алайынбы?

-Калкансыз жоокер – жоокер эмес. Кылыч чабышунун ыкмаларын, найза сайуунун жол жобосун төрт беш жыл үйрөндүң. Кудаа кааласа экөө, үчөөнө алдырбайсың деп ишенем.

-Кудаа кааласа ата. Устазым катары сизди уят кылбаймын.

-Ооба, мен ишенемин сага. Кана үйгө кирип олпоңду, соот чопкутту кийип чыкчы көрөйүн.

Камай атасы жашаган ак өргөөгө кирип кетти. Кийинип сыртка чыкты. Өзүнүн жоокер кийими уулуна ушунчалык чак келип, жарашып калыптыр. Туулгасы да башына туура келип, күн нуруна жалт-жулт чагылышып,

ак жуумал жүзү ого бетер ажарына чыгып, уулунун бой келбетине суктанып:

-Уулум, сарпайың кут болсун! Кийген кийимиңе душмандын найзасы кирбесин, кылычы өтпөсүн! Дайым жигит пири Шаймерден жылоолоп, майдан талаасында душман көзүнө арстандай көрүн, илбирстей ийкем, бүркүттөй алгыр бол уулум!

-Рахмат ата! Айтканыныз келсин. Эгер жоо кийими сизге керек болуп калса чечип берем ата.

-Жоок уулум. Азыр жоокерчилик заман корообуздан алысырааkта турат. Эгер зарылдык туулса, чоң атаңдын жоо кийимин кийип чыгам.

-Чоң атамдын кийимин көрбөгөн экенмин.

-Соотунун айрым жери, жыртык болгон, аны устага оңдотуп, көздөн далдоо кылып бекитип койгом.

-Чоң атамдын жоо кийимин кийсем болбойбу?

-Ал сага чак келбейт.

-Айтып бергенсиз, чон атам дөөдөй киши болгону ыраспы?

-Сен чоң атаңды тартып узунуңдан , тууранан өсүп баратасың. Көз тийбесин уулум. Эртеңки жолго даярдана бергиле.

-Айта бериңиз ата?

-Эргеш Там ашуусунан өткөнүндөн кийин айлана тегерегиңе дыкат көз салгын.

-Не үчүн ата?

-Эргеш Там ашуусунан өткөндөн кийин Анжияндык кыргыздардын жери башталат. Ата бабаларыбыздын айтканына караганда тээ алмустактан бери кыргыздар жашап келген жер деп айтышат.

-Ата, биз неге ал жерде жашап калбаганбыз?

-Аны ата бабаларыбыздан сураш керек. Бирок, Ак Тоо, Муз Тоо, Какшаал тоолорунун күн чыгыш өңүрүн эзелеген кыргыздарга бул аймакты төрт түлүк малга

жайлуу, дыйканчылыкка ыңгайлуу деп тандап, кылымдар карытып жашап келишсе керек деп түшүнөм.

Тууган издеп чыккандардын көпчүлүгү жаштар эле. Камай баш болгон жаштар жоо кийимин кийип алган. Көпчүлүгү өзү куралтуу, тээ бала кезинен тай минип, шамал менен жарышып, эңишип, кийинчэрек улак тартып, Ак Тоого ууга чыгып жумалап бирге жүргөн бири-бирине сынагы өткөн тең туштары болгондуктан, булар менен айчылык жолго чыкса өксүбөй турганыны терең ишенип, көңүлдүү баратты.

Каш карайып күүгүм кирди. Жигиттер ортого эр от жагып, отуз кырк кадамга чейин жарык берип турду. Ошого карабай жолдун эки тарабына күзөт койуп, ар бир аш пышымда алмашып турушту. Этек тараптан дүпүрөгөн аттардын үнүн угулганда күзөттө турган жигит чуркап келди.

-Не болду ?

-Этектен атчандар келе жатат.

Бул жоопту укkан Камай ордунан ыргып туруп, атына карап жүгүрдү. Көзгө илешпей атына ыргып минип, найзасын колуна алгандан кийин кыйкырды.

-Жигиттер, курал жарагыңарды алып, атыңарга минип, келе жаткандарды тосуп алууга даярдангыла?,–деп кыйкырып, аксакалдар токойго кирип турушун талап кылып, буктурмага тургандай даректардын далдаасына өткөндө, куралдуу жигиттер Камайдын катарына туруп калды. Ат туягынан чыккан дүпүрлөр улам жакындай берди. Эргеш Там ашуусунан ашпай жатып түшүнүксүз коогага кабылып жатышканы, өздөрүн кубалап келе жаткандарбы, же башка иштер менен келе жатышабы? деген түрдү түмөн ойлордун кучагында Камай баш болгон жоокерлер куралдарын мыжыга кармап, ат туягынын дүпүрү калыңдашу менен жакындай берди. Эр от өчкөн маалда толгон Ай мейкинге чыга келип, айлананы күңүрт болсо да адам менен айбанды ажыратууга болоор эле.

Ушул маалда шуулдаган эки атчан өтүп барып, чала өчкөн эр отту, даш казандарга жагылган от менен түтүн жытын жыттаганда эки атчандын бир кыйкырды.

-Туугандар, артыбыздан отуздан ашык куугунчулар келе жатат. Бизди арачалап калгыла?!,-деп кыйкырганда Мамай аксакал ага кайрылды.

-Уулум, силер кимден, неге качып келе жатасынар?

-Мен Анжиандык кыргыз соодагердин баласымын. Мындан беш жыл мурун кербен башчысы катары Үрүмчү шаарына соода кылганы барып артыбызга кайтканыбызда жолдо каракчылар кол салып, бүтүндөй дүнүйөбүздү тартып алып, өзүбүздү кулга айландырып, кийинчераак мени жылкычы кылып, үч, төрт үйүр жылкыны кайтартып койду. Эки жыл өткөндөн кийин үй ээсинин кызы экөөбүз бири-бирибизди жактырып калып, акыры ал мени менен качууга макул болуп качып чыктык. Беш күн ылдам жүргөнбүз. Он күн болгондо артыбыздан куугунчулардын келе жатканы белгилүү болду. Андан бери дагы он күн өттү. Жетип келгенин союл менен жайлап эми кутулдум деп жолго түшсөм, кайдан жайдан экени белгисиз куугунчулар артымдан дагы пайда болду. Кыргыз туугандарым экенсиздер, мени куткарып калгыла?,- деп жигит колундагы долоно союлуна таянып туруп калды. Мамай аба дароо жооп берди.

- Эгер сен чоң соодагер кыргыз байынын уулу болсоң, жолдо каракчыларга туш келип, аргасыз туткунга түшкөнүң ырас болсо?...

-Айланайын аба, экөөбүздүн башыбызды куугунчу - лардан куткарган болсоңуз, кайсы жерде жашаарымды, кимдин уулу болоорумду айтып беремин.

-Макул, ишендим уулум. Силер көздөн далдоо болуп, обочораак туруп тургула. Каамай уулум?

-Мен мындамын Мамай аба.

-Жигиттериң менен куугунчуларды татыктуу тосуп алууга даярдангыла?

- Биз даярбыз аба.

- Эч кимисин аябагыла. Жоо аяган жаралуу дешет... Адегенде найзаңарды иштеткиле.

- Найзаларыбыз колубузда.

- Жакшы. Биз майдан талаасынан алысыраак туралы. Башкысы өзүңөрдү сактап, өтө этият болгула?

-Душмандын кылычынан кудай сактасын. Кудаа кааласа өзүбүзгө жакындатпайбыз, жакындашына жол бербейбиз.

Дүпүрөтүп жер сабап келе жаткан атчандардын шоокуму улам жакындай берди. Ошол маалда Камай жигиттерге кайрылды.

-Жигиттер, баарыбыз бир тарапка туруп алыптырбыз . Тез экиге бөлүнөлү да, алар кирип келгенде эки капталынан чабуулга өтөлү.

Жигиттер Камайдын сунушун макул көрүп, дароо экиге бөлүнүп, ыңгайлуу орунду ээлеп бүткөндө, топураган атчандардын каараны ай жарыгында даана көрүндү. Алар ашуу таманында буктурмага кабылаарына, качкындарды коргоп калуучу ким бирөөлөр тосуп аларын ойлошпогондуктан кажылдашып, желе жортуп келе жатышты. Камай баштаган жигиттер тушунан өтө бергенде найзалардын бөрү тилдери ай жарыгында жылтырап, келе жаткан караандарга катуу зарп менен бир мезгилде дүп-дүп, гүрс этип сайылганда, денеңди тепчип кирген найзалар дароо суурулуп чыгып, экинчи жолу сайылганда гана куугунчулар буктурмага кабылганын түшүнүштү. Бирок, кеч түшүнүп калышты. Жыйырмадан ашык найзалардан кутула албады. Артынан жете келген онго жетпеген куугунчулар алдыдагылардын боо түшүп сулап жатканын көргөндө, аларга найза учу топту аралап калганда, ат тизгинин артына буруп качып жөнөгөндө, Мамай абанын үнү угулду.

- Кубалабагыла?! Өлгөндөн калганына кетип калышы на жол бергиле.

- Экинчи аксакал сөзгө аралашты.

- Артынан кубалагандарга жакын барбагыла, жарадар жырткычтай кылычын шилтеп жиберет. Этиат болгула? Куугунчулардын улоолорун туткундагыла. Караңгыда чер токойго кирип, ошондон ары жоголот.

Жигиттер улоолорду тутуп, бир жерге топтоп жатканда, качкын жигит бекинген жеринен чыкты. Артынан колуктусу көрүндү. Ал эркекче кийинип алган экен. Мамай абага жакын келип, колун көкүрөгүнө алып, таазим кылды да:

-Аба, сиздерге бир өмүр карызмын! Ыраазымын сиздерге! Мен Анжиан шаарына жакын Кожоабад деген кыштакта жашаган Алиакбар байдын баласымын. Сиздер да Анжиандык кыргыздардан болосуздарбы?

- Биз Ак Тоолук кыргыздардан болобуз. Ошко тууганчылап баратабыз.

-Аба, тууганчылап барганга не жетсин . Аба, мага уруксат бериңиздер? Атамды, үй-бүлөмдү алты жылдан бери көргөн эмесмин. Атам күндө түшүмө кирип, көңүлүмдөн кетпей жатат. Ооруп калганбы деп коркуп жатам .

Качкын жигиттин сөзүн укканда Мамай аба Камайга карады.

-Сен не дейсиң уулум?

-Аба, макул көрсөңүз уруксат берели. Кете берсин .

-Жол башчыбыз Камай уулум макул болуп жаткандан кийин, баарыбыз макулбуз. Айтса урууң ким болот?

-Мундуз уруусунан болом аба.

-Мундуздар белгилүү, түптүү, байыркы уруулардын катарына кирет. Илгерки Адыл баатыр Мундуз хандын уулу болот.

- Ооба.

-Ашуунун жолун билесиңерби?

-Аба, Ошко чейинки жолду беш колумдай билем. Аба, жол башчыңыздар Камай баатыр экен, кармаштан көзүмдү аябай карап турдум Алтоонубу, жетөөнүбү аңтара сайганын көрүп отуруп, найза сайуунун ыкмасын, жолун өтө жакшы өздөштүргөнүңө таң калдым. Эгер мен ушул жигиттей найзаны пайдалануу ыкмасын билгенимде, алты жыл мурун тутканга түшүп, алты жыл ит көрбөгөн кордукту көрбөс элем. Атын ким иним, сени менен таанышып алайын ?,– деп колун сунду.

-Камай , -деп кичи пейилдик менен атынан түшө калып колун сунганда, ал да атынан түшүп:

-Мени Акылбек мырза деп коюшат. Сиздер менен таанышканыма ыраазымын. Кудаа кааласа сиздерди издеп табамын. Анда батаңызды бериңиз?,-деп Мамай абага карады.

Демди алышкандан кийин пешин маалында жолго түштү. Жолоочулардын маанайы көтөрүңкү, көбүнчө кечээги ашуу таманындагы куугунчулар менен болгон кармаш тууралуу кайта-кайта кеп кылышып, кимиси канча куугунчуну сайып түшүргөнүн, коркушпаганын мактанып баратышты. "Камай жигиттерин сөзүнө аралашпай, атасынын: "Уулум, Эргеш Там ашуусунан ашкандан кийин айлана тегерегиңе дыкат көз салгын?" деген сөзүн эстеп, көз алдына тартылган, биринин артына бири учкашкан ак мөңгүлүү тоолордон көзүн албай, баарынан да кайсы тарапты караба көк жашыл тарткан талаа, адырларды, кыр жондорго суктана карап, кыргыз жеринин ушунчалык кооздугуна таң калып баратты. Көп өтпөй жайылган койлорду, үйүр-үйүр жылкыларды көрдү. Өстөн булак көзүнө жакын отурукташкан жайлоочулардын боз үйлөрү жумурткадай агарып, көзгө бир өзгөчө, жомоктогудай бейиштин босогосун аттап бараткандай туюлуп, ата бабаларынын неге ушул жерге келип жашап калбаганына өкүнүп, ойго батып баратты. Арадан аш пышым убакыт өтүп өтпөй жолдош балдары, же куралдаштары да кажы-

кужуну токтотуп, алар да айлана тегерегине назар таштап калышкан маалда Мамай аба Камайды өзүнө чакырды. Аксакалга утурлап барып, жандай бастырды.

-Сен мурун бул жерде болдуң беле?

-Аба, бул жерге биринчи жолу кадам таштадым. Өзгөчө кооздугу, чөп отунун молдугу таң калтырды. Төрт түлүк малын карабайсызбы, чөбүнүн даамдуулугубу, же жагымдуубу баары семиз, ныксырап жатышат. Жылкылары тулуптай семирип, майы терисине чыгып кеткендей жылтырап калган. Бизде керемет жайлоолор жок. Жайдын ортосу болбой чөптөр куурап, мал басып өткөн жерлер чаңып калат. Аба, Анжианга чейин барабызбы?

-Уулум, адегенде мунгуштарды издеп табалы. Алардын билермандары менен сүйлөшүп, жети өлчөп бир кесели, Алар жылуу тосуп алабы же түрдүү шылтоолорду айтып бизди жолотпоого аракет кылабы, барып билебиз уулум. Дагы эки үч ашууну ашабыз. Үч төрт күн түнөп Ошко жетебиз.

- Ош чоң шаарбы? Ал жерде жашагандардан насили кимдер болот?

-Мен мындан кырк жыл илгери чоң атам менен келип кеткенмин. Шаардын чоң кичинесин ажырата алган эмесмин. Бирок, шаарда кыжылдаган көп кыргызды, базарлардан да соода кылган кыргыздарды көргөнмүн. Жаркен сыяктуу чептин дарбазаларынан кирген эмеспиз, чакан эки, үч чебин көргөнмүн. Анан ошол чептердин тегерегинде быжыраган боз үйлөрдү аралап, кимдир бирөөнүн үйүндө түнөгөнбүз. Кыскасы бир ай ашыгыраак жүрүп кайтканбыз. Кайсы туугандарга жолуктум, аты ким азыр эсимде жок уулум. Сурай-сурай Меккеге барыптыр дегендей, сураштырып туугандарыбызды таап алаарыбызга ишенемин. Кыжаалат болбо уулум?

-Аба, сиз бар неге кыжаалат болойун.

-Ырахмат уулум.

-Аба күн кеч пешинден өтүп баратат. Кайсы жерде өргүүгө токтойлу?

-Талдык деген чоң ашуу бар. Ал жер Чоң Алай менен Алайды бөлүп турган жер. Мына ошол жерде өргүү болсокбу деген ойдо баратам.

-Сиз не десеңиз биз макулбуз аба.

-Жакшы. Ылдамыраак бастыргыла.

Жолоочулар Талдык ашуусуна жетип, булак көзүнө жакын жерге келип бел чечишти. Жигиттер казан асып көпчүлүгү кам этти таш кордо кылып пышырып, отунга бөлүнгөн үч, төрт жигит эр отту жакты. Үй мүйүз тартып отурган жигиттер саамга ойлонуп калды. Көпчүлүгү жер чукуп, суроо берген аксакалдарга тике карабай жер карап отурушту. Оң тарапта, Камайга жакын отурган Темирбек деген жигит катарында отургандарга бир сыйра карап өттү да:

-Жигиттер! Урматтуу абабыз эң бир маанилүү маселе көтөрүп жатканына маани бергиле. Кыргызда илгертен калган салт бар. Башкалардан айырмаланып турган өзгөчө жигитке баш ийип, жол башчы дейбизби, аскер башчы дейбизби, жигиттер өзүнүн башчысын шайлап алган. Неге биз ата бабалардан калган салтты улап, арабыздан татыктуу бирөөнү шайлап алууга неге болбосун? Бизди Ак Тоодон бери баштап келе жаткан абаларыбыздын сунушун колдоо менен, мага жаккан, албетте башкаларга да жагат деп ишенемин, сапарга чейин жолдо, белде, аш тойлордо учурашып жүрүп, бирибиздин ким экенибизге маани бербеген экенбиз, Эргеш Там ашуусунун таманындагы кандуу кармашта өзүн көрсөтө алган, дароо бизди экиге бөлүп, келе жаткан куугунчуларга каршы кайсы куралды пайдалануу керектигин айтып, биздин сап башыбызда туруп кармашууну баштап берген, ошону менен бирге найза сайууга ыктуулугу, өзүнүн бизден артыкчылыгын көрсөткөн, бизге караганда арбын душманды өлтүрүүгө

үлгүргөн Камайды жол башчы кылып шайлап алууга сунуш киргизгемин. Менин сунушумду башка жигиттер да колдойт деген ойдомун. Оюңарды айткыла, тартынбагыла? Мүмкүн Камайдан башка тандаганыңар барбы аны да тартынбай айткыла?,- деп ордуңду отурду.

Эки аксакал Темирбектин оозун карап макулдагандай улам башын ийкеп отурушту. Дароо жигиттердин арасы жанданып кетти. Экинчи жигит ордунан турду.

-Абалар, мен Темиркул досумдун сунушун колдоймун. Арабыздан аскер башчылыка Камайдан башка ылайыктуу жигит жок. Менин сөзүм бүттү,– деп Батырбек ордуна отурганда, башка жигиттердин баары ордунан жапырт туруп:

-Биз жогорудагы куралдаш досторубуздун сунушун колдойбуз жана досубуз Камайга жол башчы, аскер башчы катары баалап, урмат кылып, ага ак кызмат кылууга сөз беребиз. Ушул убакыттан баштап ал биздин кол башчыбыз болсун?!,- деп жарыша сүйлөп, ордуна отурушту. Эки аксакал:

-Ырахмат уулдарым. Өзүңөр таатыктуу кол башчыны тандап алууда жаңылбадыңар. Биз да колдойбуз –деп баары Камайга караганда Камай ордунан турду. Колун көкүрөгүнө алып мындай деди .

- Урматтуу абаларым! Куралдаш досторум! Мен күтпөгөн окуяга туш болуп, толкунданып жатам. Досторумдун, куралдаштарымдын арасында мен баалаган, урмат кылган, жол башчылыкка таатыктуулар көп эле. Ошолордун арасынан мени тандап, мени кол башчыга татыктуу деп тааныганыңарга ыраазымын. Азыр эле баарыңыздар бир ооздон мага ак кызмат кыламын деп ак-жүрөгүңөрдөн чыккан сөзүңүздөрдү угуп, бирок уккан кулагыма ишенбей отурамын. Мына асманда Жараткан, Ай аалам, күбө, сакалы күмүш болуп жайкалган, аты да, заты да даанышман Мамай сыяктуу абабыздын, жетимиш жаштан ашкан, кем сөз, бирок таамай таап сүйлөгөн,

акылы тунук абам Төлөнбайдын жактыруусу, жигиттерди колдоосу, макулдук берүүсү мени өзгөчө толкундатып жатат. Мага ишеним артып, талаа түздө жүргөндө кол башчы катары алдыңкы сапка чыгарып баалаганыныздарга ыраазымын жана сиздердин ишенимиңиздерге жооп кылып айтаар элем. Мен да сиздерге, жалпы кыргызыма ак кызмат кылууга ант беремин. Силер мен үчүн кымбат адамымсыңар! Силердин коопсуз жашооңорду сактоого кепилдик берем!,- деп Камай ордуна отурганда Мамай аба мындай деди.

-Ырахмат уулум! Куралдаштарыңдын, биздин ишенимди татыктуу аткарууга жана сунушубузду четке какпай кабыл алганыңа биз ыраазыбыз уулум,-деп алакан жайып ак батасын узакка айтып бергенде жигиттер ордунан тура калды. " Камай биздин кол башчыбыз! Камай биздин баатырыбыз ! Камай биз сенин кызматыңдабыз!" дешип обого үч, төрт жолу ыргытышып, анан жерге коюп :

-Алгачкы жолу кол башчыбыз катары буйругуңду бер? ,-деп катар турушту .

-Абаларыма, куралдаштарым сиздерге өтө ыразымын! Алгачкы буйругум ушул болсун! Илгери баатыр ата бабаларыбыздын арбагына атап кан чыгаралы. Колго түшкөн улоолордон тандап сойгула! Эр отту жаккыла! Абаларымдын отурган жерин жаңылап, төргө отургузгула. Сое турган союшту мен тандап берем, –деп Камай аркандалган жылкыларга карап басты. Артынан үчөө, төртөө ээрчиди. Калганы аскер башчынын айтканын аткарууга кириштн.

Ошентип, Камай Эргеш Там ашуусунун таманында көрсөткөн эрдиги, душман менен кармашууда башкалардан өзгөчөлөнгөнү, сүйлөгөн сөзүнүн орундуулугу, баскан турганында айып жоктугунун баары эске алынуу менен эки аксакалдын сунушун колдогон он төрт жигиттин бири каршы чыкпай, бир ооздон аскер башчы катары шайлап алышты. Ал күнү алар түн жарымына

чейин укташпады. Эртеси саар Ошко карап сапар алышты. Шаарга жакындаганда Мамай аксакал тизгин тартып Камайга кайрылды.

-Уулум, азырынча туугандарыбыз ким, алар каякта жашашат билбейбиз. Соот чопкут кийген курал жарактуу, улоолорго артылган жүгү бар бизди шаардыктар кооптуу карап шек алышпайбы?

-Аба андан кыжаалат болбоңуз. Себеби, ар бир кербенди кайтарган жыйырма, жыйырма беш куралдуу жоокерлерди алар ар дайым көрүп жүргөнү үчүн, бизден шек алышпайт деп ойлойм. Туура кербен сарайга барып орун ала берели.

-Уулум, кербен сарайга бекер киргизбесе керек?

-Ал жагынан кыжаалат болбоңуздар, менде жетээрлик каражат бар.

-Андай болсо жол башчыларыбыздын айтканындай болсун.

Шаардын Кербен сарайына көңүлдүү баратышты. Камай туш келген жолоочуларга салам айтып, алардан Муңгуш атадан таркагандар кайсыл жерде жашайт деп, акырын сурамжылап изилдей баштоону эп көрдү. Бул оюн аксакал- дарга айтпады. Ойго батып эки абасынын катарында баратты.

Кербен сарай Ак Буура дарыясынын сол жээгинде экен, улоолорун атканага тапшырышып, өздөрү үч бөлмөнү ээлеп отуруп калганда сарайдын ээси кирип келди.

– Урматту меймандар! Бул жерди өз үйүңөрдөй көрүп каалаган тамагыңарды жасатып көңүлдүү болгула. Менин ашпозчуларым, каалаган буюрутмаларды аткарууга даяр, – деп чыгып кетти. Камай ойлонуп калды. Үч күндөн бери жигиттерим жылкы этин жей беришип көңүлгө тийгидей болду, булардын бүгүн кой эти менен сыйлайын деп ойлоду, бир жигитин ээрчитип сыртка чыкты. Туура кербен сарайдын башчысына барып кой сатып ала

турганын айтты. Ал жем берип багылып жаткан койлорду көрсөтүп:

-Туугандар, мына бул койлордун жакканын алып сойо бергиле.

-Ырахат! Бул эки койдун акысы.

Кербен сарайдын ээси керектүү күмүш теңгелерди алып ыраазы болду.

Тамак желип бүткөндө Камай көпчүлүккө кайрылды.

- Абаларым, жигиттер! Эртең ишти неден баштасак?

- Ишибизди Сулайман Тоого заярат кылуудан баштасак жакшы болоор эле.

-Сулайман пайгамбарыбыздын изи калган жерди, кыргыздардын жакшыларынын сөөгү жаткан мазарды аралап куран окуп, шайыктарга садага берип, мындан аркы ишибиздин жакшы жүрүшүн Жараткандан тилейли?,-деп Төлөнбай аксакал сөзгө аралашты.

-Туура абаларым. Баарыбыз чыгып, зыярат кылып келебиз. Андан кийин не иш кылаарыбыз билинип калаар.

Эртелеп эс алууга баш коюшту. Эртең менен багымдат намазы окулаары менен нануштага отурушпай Сулайман Тоосуна карап жөнөштү. Тоого күн чыгыш аркылуу чыгып, тоонун чокусундагы үжөрөга жетип келгенче, беш-алты шайыкка күмүш теңге берип дуба окутуп, ыйык пайгамбардын, ата бабалардын арбактарына атап куран окутулуп, акырында өздөрү да кайта-кайта куран окуп бүткөндөн кийин Камай мындай деди.

-Абаларым, бир тууган жигиттер! Ыйык тоонун туу чокусунда отуруп айланага көз салуу менен Ош шаарынын тегереги кеңири кең өрөөн экенин билбеген экенбиз. Өрөөндүн батышында гана. дүпүйгөн бактуу кыштактардан башкак жерлерде кыштактар көрүнбөйт.

-Ошол жерлер ээн, ээси жок дейсиңерби?, – деп жигиттердин бири суроо салды.

-Бош жерлердин ээси барбы, жокпу аны сурамжылап билиш керек.

-Уулдарым, ээн жаткан талааларда бак шактуу кыштактар көрүнбөгөнү, суунун жоктугунан болсо керек. Эгер ушул кең өрөөндү аралап арык, же дарыя өтсө, адамдар отурукташкан болоор эле.

-Мына, Ак Буура дарыясынын эки жээгин караңыздар?

Тээ түндүк чыгыштан баштап, батышка карап кеткен, мунарыктап жаткан мейкинге чейин бак шактуу кыштактарды байкап жатасыздарбы? Дарыянын оң, сол жээгинде бош, кыштактар менен эгин талаалар экен.

- Дарыянын түндүк чыгышын караныздар? Тээтиги тоого чейин кыштоолор орун алыптыр. Мынабу чептүү шаардын тегерегинде жүздөгөн боз үйлөрдү караңыздар. Көчө-көчө болуп жайланышыптыр.

- Ошто, оштун тегерегинде жалаң кыргыздар жашайт экен деп айтмакчысыңарбы?

-Ооба.

-Мына ушул көрүнүштөн улам, Ош-кыргыз шаары деп түшүнсө болот.

-Анжианчы?

-Анжианга да барабыз. Анжиандык кыргыздар деп наам алганына караганда, ал шаарда да кыргыздар басымдуулук кылса керек.

-Мен кыргыздарга, кыргыздар да шаарда жашап турганына көзүм көрүп толкунданып жатам.

Мен да сүйүнүп, ушул жерден учуп кетким келип жатат деп өздөрүнүн толкунданып жатканыны жашыра алышпай сүйүнүп жатышты.

-Уулдарым, биздин алдыбызда аткара турган көп иштер бар экен. Биз туугандарды бүгүн эртең эле таап, жашай турган жерди дароо эле таба коюшубуз кыйын окшойт?

-Туура, туура,-деп көпчүлүк жигиттер Мамай абасынын сөзүн кубатташты.

-Аба, эми кайталыбы?,–деп Камай абасына кайрылды.

-Ооба, кайталы,-деп аксакалдар алдыга түштү. Төртөө кербен сарайдын сыртына чыкканда үч атчандын келе жатканы көрүндү. Төртөө аларга көңүл бурбай атканага карап бурулганда ким бирөө Камай деп кыйкырды.Төрт атчанга карады.

-Ассалому алейкум аба! Мени тааныдынарбы? Мен Акылбекмин.

-Мен, эстей албай жатам, кайсы Акылбекти айтып жатасың?

-Мени Эргеш Там ашуусунунун таманында куугунчулардан куткарбадыңыздар беле?

-Э-э- Акылбек ага, сизди Ошто көрөбүз деп ойлобогонубуз үчүн, эсибизден түк чыгып кетен турбайбы.

-Кандай уулум, үйүңө тынч аман жетип алдыңарбы? Атаң демдүү бекен?

-Кудаага шүгүр аба, атам, энем, урук туугандарым баары тынч экен. Биз жубайым экөөбүз тынч аман жетип барганбыз. Биздин аман эсен барганыбыздын урматына эки күн той болду. Мени куткарган силер тууралуу айтсам, атам аларда таап алып кел деп жөнөтү.

-Уулум, биз тууган издеп, шаардан сыртка чыгалы деп жаттык эле.

-Сиздер издеген муңгуштар биз тарапта да бар. Эгер барбай турган болсоңуздар, карыган атам капа болот. Мени куткарып калган ак жолтой адамдарды көрүп, ыразычылыгымды билдиремин деп жатышат. Бизде кербен сарайдан жакшыраак шартыбыз бар. Силерге атап беш боз үй көтөрүп, аттарыңыздарга аткана, жем чөбүнүн баарын даярдап койдук.

-Уулум, биз баш аягы жыйырмага жакын адамбыз. Улоолорубуз кыркка жакын. Силерди жүдөтүп салабыз.

-Атам баарын эсепке алып чакырып жатат. Жүз атчан адам болсо да жүдөбөй турган шартыбыз бар. Атам биздин жолубузду карап күтүп жатат. Барбасаңыздар болбойт?, –деп Акылбек атынан түшүп Мамай абанын бутуна жыгылгандай чөгөлөгөндө;

-Ай-ай балам, антпе?! Камай уулум , биздин аскер башчыбыз не дээр экен?, - деп аксакал Камайга суроолуу карады.

Камай абасынын суроосуна ойлонбоду. Дароо жооп берди .

-Аба, Акылбек ага биз деп үйүнөн атайын аттанып келиптир, барса баралы. Кожоабадда да Мунгуштар бар деп жатпайбы, тууган издөөнү ошол Анжиан тараптан баштайлыбы? Кандай десиз?

-Калган жигитер не дээр экен .

-Аксакалыбыз сиз макул болуп жаткандан кийин, алар не дей алышмак?

-Макул анда, Кербен сарайга барып, жигитериңди аттандыр. Чакырган жерден калба, өзүң басып барба?,- дешет, каадаланбай бара берели.

Камай кербен сарайга карап кетти. Жигиттер көпкө зарыктырбады. Жугун жүктөп, улоолорун минип, туткундалган аттарды жетелеп чыга келишти. Акылбек аларды көргөндө сүйүнүп кетти.

-Ырахмат аба, менин сөзүмдү жерге калтырбадыңыздар. Ыраазымын сиздерге!,-деп, араба жолдо катар баратты. Өзгөчо Камай сөзгө аралашпай, айлана тегерегине терең назар таштап баратты. Оштон чыгып Керме Тоого чейинки аралыктагы ээлеген кең талаага жалаң эгиндер эгилгенин көрүп, бул жерде суу жетээрлик экен деген түшүнүктө Акылбекке кайрылды.

- Акылбек ага, бул жерде суу жетээрлик окшойт?

-Ооба, туура байкапсыз иним. Бул жерде Мөнөк деген чоң арыкта нугу толо суу агат . Сиз көрүп турган талаалар кышын жайын суудан өксү болбойт.

-Сиз жашаган Кожоабадда суу тартыш эмеспи?

-Кудаага шүгүр өзүбүздүн чоң арыгыбыз бар. Ал арыкта кышын жайын эки тегирмен суу агып турат.

-Не эгесиздер?

-Баары эгилет. Атап айтсам буудай , арпа, сулуу, тарыу, жүгөрү, ал эми бак даректардын бардык түрлөрү бар.

-Ал жерде жашаган элдин насили кимдер?

-Кыргыздын бардык уруулары бар. Андан тышкары сарттар, түрктөр , сарт кыпчактар, кыргыз кыпчактар, Кашкардан келип отурукташып калган уйгурлар да бар. Тажиктер бирин-серин . Кулак сал иним?

-Айта бериңиз.

-Атам айтты .

-Не деп?

-Эгер көчүп келе турган болсоңуздар элүү, алтымыш түтүнгө ылайык жер ажыратып беремин деди.

-О-о-о , атаныздын бизге кам көргөнүнө ырахмат!

-Атам ошол жердин бийи, Колунан келген жакшылыгын эч кимден аяган эмес. Мени куткарып калган жакшылыгыңар үчүн атам баарына даяр.

Баятан бери экөөнү сөзүн угуп келе жаткан Мамай аба сөзгө аралашты .

-Эгер элүү, алтымыш түтүнгө ылайык жер ажыратып бере турган болсо, ал жерде суу барбы?

-Чоң арык ошол жердин үстүнөн өтөт. Жери кара топуракту.

-Силер жайлоого чыгасыңарбы?

-Чыгабыз. Биздин жайлоо Алайда. Тээ атам замандан бери ошол жерди жайлоолоп, төрт түлүк малды кеч күзгө чейин багып келишет. Жайлоо кенен, силерге да жетет .

-Ойго салып койдун уулум. Биз тууганды Эргеш Там ашуусунун таманынан тапкан экенбиз. Ак Тоодон

чыкканыбызда эле жолубуз ачык болгон эле. Ушундай да иш оңунан келеби? Тан калаарлык..

-Аба, атам оозунан чыккан сөзүнүн ээси. Оозунан чыктыбы айтканын кылат. Башкаларга окшоп ойлонуп көрөлү, байкаштыралы, жети өлчөп бир кесели деп маалкатпайт. Оюн ачык айтат. Бүдөмүктөтүп укkан адамды ойго салып кыжаалат кылбайт. Ошону үчүн эл атамды өтө сыйлашат. Айтканын кылышат.

-Атаң хошут кызын ала качпай, өз башыңды ала качсаң женил болмок дебедиби?

-Жок. Чабал адамдарды жаман көрөт. Тайманбас, өжөр, чыйрак, биттин ичегисине кан куйган эпчил, анан эр жүрөктүүлөрдү жактырат жана алардан эч нерсени аябайт. Ошол ашуунун таманындагы кармашта алты, жети куугунчуну сулаткан Камай тууралуу айтсам, сага ыраазы болуп, көргүсү келди.

XXX

Камай баш болгон жигиттер желе жортуп, жөнөштү. Алар жай-саратанды, Ош пиримде, Анжианда өткөрүштү. Тоолук жигиттер үчүн шаарда жайланышып калган кыргыздарды, анча-мынча болсо да, базарларда түрдүү улуттарды да көрүштү. Айрыкча шаардагы отурукташкан кыргыз элине суктана карашты. Жаштыгынанбы шаар шарданына көнө түштү. Эки атка кургатылган жер-жемиштен, ата-энелерине эже-карындаштарына сүйүктүүлөрү үчүн кездемелер да алышкан.

Улуу тоолорун сагынган, боз уландар көргөндөрүн билгендерин сүйлөшүп, шагырап, шатыр-шайман келе жатышты. Эргеш Тамдан өткөндөн кийин башчы катары, Камай жоокер кийимдерин өзү баш болуп кийип, даярдана жөнөштү.

Камайдын оюна Мамай жоош абасынын керез сөзү улам-улам кайталана берди.

«Сенин атаң, чоң атаң да, өмүр боюу жоо кийимин чечкен эмес. Себеби, алар тоолуктарды коргогон чеп болгон. Канчалап бастырып кирген калмактардын жолун тосуп, көбүнүн катыгын кайрып турган. Эли-жерин душмандан коргоп өткөн. Бирок, бир туугандардын, бир атадан тарагандын баары эле, эл коргоп баатыр, эр жигит боло бербейт экен. Мен элим үчүн өзүмө караштуу Мамай жоош туугандарымды чөлгө чакырып алдым. Себеби, жараткан Алла-Таала тагдырымды мал чарба дыйканчылык менен тагдырлаш кылды. Менин маңдайыма жазылган экен ошону менен карыдым-арыдым. Ошон үчүн балачакам да, дыйканчылыкка, мал чарбачылыгына жөндөмдүү келишет.

Сенин жөнүң бөлөк, чоң-атаң, өз атаң сыяктуу Эли-жерин коргогон баатыр болот окшойсуң, аны жолдо бара жатканда далилдедиң. Эми сага ак жол.

Бара-бер ылдам, эли-жерибиз сага окшогон ата – уулуна муктаж...? деп Мамай абасынын ак бата берген сөзү башында миң кайталана берди.

–«Камай, балдар токтоп кулак түрөлүчү»-деген Темирбек досунун капыстан чыккан үнү баарын заматта сергитти. Камайдын ойлору дароо башка тарапка, ачык талаада, сыдырым соккон желге кулак түрүп, кыраакылык менен айланага көз жүгүрттү . Алыстан тоо түбүнөн оттун жарыгы көрүндү.

–Камай найзасын оңдой кармап: «Темирбек, Баатыр, шаша буйра сүйлөдү. Экөөңөр чалгынга барасыңар, биз тээтиги кууш тоонун четиндеги буктурмада турабыз» - деди Камай. Экөө аттарын акырын бастырып, узап кетти. Бир чай кайнамда кайра келишти.

–«Камай –деди Темирбек, от жаккандар калмактар экен. Чамасы жылкыга тийген көрүнөт, үйүрү менен жылкылар жайылып жүрөт -деди. Алардын саны отуздай барго» -деп сөзгө аралашты Баатыр. Алар бир азга дендороо боло түшүшү да, анан акыл эсин жыйышты .

Камай жигиттерине карап: Алар каракчы ууру эмес, көпчүлүгү согуш талаасын көргөндөр такшалган калмактардан болсо керек. Бирок биздин милдет Мекенди коргоо. Ошон үчүн капысынан кол салышыбыз керек.

–«Темирбек, Баатыр экөөңөр аларды чочутуп, биз тарапка качкыла, биз экиге бөлүнүп, коңулда бекинип туралы. Сак болгула, азамат досторум» -деди Камай. Көп өтпөй өздөрүнүн тилинде ухаа-ухайлап! Калмактар экөөнүн артынан кууп келатышты, коңулга жакындаганда Камайдын жоокерлери экиге бөлүндү.

–«Жигиттер! Жараткан колдосун, найзаларды колго алгыла»! –деп өзү да найзасын ыңгайлуу кармап, бөрү тилин каршысындагы душмандарга буруп, топту жарып кирди.

Темирбектин тобу капталдан сокту. Адегенде эле бирин- аңтара сайып, катардагы такшалган жоокерлердей туш келген калмакты найзанын күчү менен уруп, заматта тоо ичи ызы-чууга коюланып, карс-гурс туюк үндөр менен аттардын кошкурганы «Ушар бол»!-тез кыймылда капталыңы кара»?! деген үндөр туш-тараптан угулуп, түнкү тынчылыкта тоолор жаңырып, калмактар жүздөгөн кыргыз жоокерлери каптап киргендей жанталаша кача баштады. Артынан жарат алган Темирбек кууп жөнөдү. Өлгөндөн калган калмактар тоо таяна качып жетип жок болушту. Артынан жете келген Камай Темирбек досун атынан араң түшүрдү. Ал оор жарат алган эле. Башына ээр токумду жаздантып жаткырышты.

Камай айланасын кайгылуу карады. Досторунун көпчүлүгү жеңил жаракат алышыптыр. Камай баш болгон эр жигиттер биринчи жолу душман кандай болоорун, согуш жоготуусуз болбосун терең түшүнүштү. Темирбек досуна найза капталдан сайылгандыктан жараты оор экен. Улам-улам курмушу күйгүзүп, басса да, жараты чукур болгондуктан кан токтоботу. Асман ачык, жылдыздар

алыстан-алыстан эр жигитерди сынай карагансыйт. Ата журтту коргоо –туулуп өскөн жерин эскерткенсийт.

Темирбектин жараатынан аккан кан басылбай алсырай берди. Төгөрөктөп олтурушкан жоокер жигиттер ойлуу эле. Ошондо Темирбек жоокер досторуна суз карап:» «-Досторум ар кимдин бешенесине жазганы болот экен. Жараткан Алла-Таала берген өмүрдү гана көрөт экенбиз. Кечээ эле, тоодон чөлгө түшүп, айтылуу Ош примдин Сулайман тоону көрүп, кайттык эле. Атаганат бир кем дүйнө ай! Досторум, Камай, баатыр баарыңа айтаарым, кыргыз уулу үчүн Ата-журтту коргоодон башка ыйык милдет жок экен. Кыргыздан таркаган ата бабаларыбыз бизди ошого тарбиялаптыр Ошон үчүн бүгүнкү калмактар менен кармаш көзүбүздү ачты.

Камай баатыр дос, сага айтаарым, тоодогу аны мекендеген кыргыздарына, көбүнчө, Адигине, Муңгуш бабалардан тараган элиме сен башчылык кылып, баарың ынтымакта болуп, темирдей чеп болгула. Камайдын жетекчилигинен чыкпагыла досторум, кыргыз эли акылман баатыр Манаска окшогон кол башчынын артынан ээрчип, жолунан чыкпай арка-бел болуп кыргыз элин ушул убакытка чейин сактап келген» деп оор онтоп, жиберди. Кара-кочкул кан жаратынан агып чыкты.

«-Темирбек! Темирбек! Дос! Эмне болду? деп башын көтөрдү. Күрөө тамыры сокпой калган эле. Ачык асман алдында жоокерлер жаш төгүп, өкүрүп ыйлап жибериштн.

Таң жарыгында Камай баш болгон жигиттер майдан талаадан узай бериштн. Кеч күгүүмдө өлүктүн зыйнатын кылышып, аттан түшүп, найзаларын таянып башын жерге каратып өкүрүп ыйлап, Темирбек досунун үйүнө түшүштү. Заматта Ак Тоо жаңырып айлана адамдарга толуп кетти.

XXX

Калмак жапырыгы башталгандай биригип, мамлекет түзүп көптөгөн жоокерлерди баштап, кыргыздарга кол сала албаса да, көбүнчө мал-жандыка, жылкыга тийе

качып турушчу. Камай баштаган жоокерлер, жоокер кийимин чечишпей эли-жерин коргоп күндөрдү өткөрүп, жылдар алмаша берди. Арадан жарым кылым өтсө да Камай баатыр Ош шаарына айрыкча тынчтык өкүм сүргөн маалда келип-кетип жүрдү. Жашынан бери кыялданган арык казуу, чөлдүү, какыраган суу жетпеген талааларды арык казып гүлдөтүү, айрыкча заман алмашкан сайын жашы өткөн сайын тынчтык бербеди. Жүрөгүндө элүү жыл жүргөн арык казуу ниети ишке ашаарына ишенип Жараткандан ар убак беш маал намаз окуган сайын жалбара суранып тилек кылар эле. Жакшы ниетти Жараткан Алла-Таала да, колдойт экен.

XXX

1600-жылдан баштап эле Адигине, Муңгуш уруулары чөл тарапка көчө баштаган. Жооштор Алайдан Чыйырчык тоолору аркылуу Ак Буура боюна Мадыга жайлаша баштаган. Жылкелдилер Коргошун Төбөнүн үстү, асты жагын ээлешкен. Тээкелер Алай, Ак Көл, Кара Сөгөт тоолоруна Булак Башы, Жапалаак айылдарына бара-бара жайланыша баштаган. Кодогочундар Алай, Чыйырчык тоолорунун Сасык Терек, Топ Терек, Кулун-Арт-Шилби, Талды Суу, Кара Буура капчыгайларына түшүп, Ак Буура дарыясын мекендеп Ак Суу Бою Төлөйкөн деп аталып калган.

Маңгыттар, Алай, Маргалаң уездинин Эш тоолорунан Араван, Гүлбаарга көчүп келе башташкан. Эрке Кашкалар: Алай, Чыйырчык, Эш тоолорун ыктап отурукташкан. Андан киийн Араван, Гүлбаарга көчүп келишкен. Соколоктор: Алай , Чыйырчык тоолору, Чакмак, Ак Буура, боюна келип, кийинчерээк Кара Суу районуна токтошкон. Сарылар: Алай, Чыйырчык тоолорун Чакмак, Ак Буура

боюн ээлешкен. Көк Жатыктар: Ош, Маргалан, Алай, Чыйырчык тоолору аркылуу өтүп, Көк Белге, Ак Төбөгө жайланышкан. Сарайлар: Алай, Талдык, тоолору аркылуу Көк Белге, Булак Башыга, Ак Буура дарыясынын боюна келип жайланышкан. Төлөйкөн жана Жапалактар:

Алай, Чыйырчык, тоолору аркылуу өтүп келип, Ак Буура дарыясынын жээгине, Керме Тоо тоосунун айланасына жайланышкан.

Төлөйкөн: Алай, Чыйырчык тоолору, Жийде, Ак-Буура дарыясынын бойлоруна жайгашкан. Жооштор: -Алай, Чыйырчык тоолору, Ак-Буура бою, Мады. Кийинчерээк Жоош-Арык боюна жайлашкан. Жылкелдилер: -Алай, Чыйырчык тоолору Алмалуу-Көл, Как-Кара жылга, Керме-Тоо, Кодогочулдар, Ак-Буура бою, Коргошун дөбөнүн айланасына жайлаша баштаган.

Тээкелер: -Алай, Ак-Көл, Кара-Сөгөт тоолору, Булак-Башы айылы, Араван, Жапалактар:-Алай, Чыйырчык тоолору, Сасык-Терек, Топ-Терек, Кулун-Арт – Шилбеш, Талды Суу, Кара-Буура капчыгайлары Ак-Буура дарыясын жерден калгандыктан, Ак-Суу боюндагы көдогочундар деп аталып калган.

Маңгыттар: -Алай, Маргалан уездиндеги Эш тоолору, Ыстык, Араван, Гүлбар айылдарында жашашат.

Эрке-Кашкалар: Араван, Ноокат, Эри-Кашка, Кара-Кокту, Алай, Чыйырчык тоолору, Ак-Буура боюу, Сарылар Соколоктор:-Алай, Чыйырчык тоолору, Ак-Буура боюу; Көкжашыктар: -Ош, Маргалан уездине бөлүнгөн, Алай, Чыйырчык тоолору Көк-бел, Ак-Төбө дарыясынын боюу; Сарайлар: -Алай, Талдык тоолору, Көк-Бел, Ак-Буура боюу Коргон-Дөбө уездине бөлүнгөн.



Муңгуштун тарыхый инсандары

Курманжан датка – Алымбек датканын жубайы. Алай ханышасы. Аял затынан чыккан биринчи коомдук ишмер



Исакбек Монуев – кыргыздан чыккан алгачкы генерал – лейтанант. Кытай революциясынын Шинжан. (Синьцзян) аймагы жетектеген.



Гапар Айтиев – Кыргыздын тунгуч сүрөтчүсү Кыргыз улуттук профессионал сүрөт өнөрүн негиздөөчүлөрдүн бири. СССР эл сүрөтчүсү.



Мамасалы Абдукаримов – жазуучу, сынчы.



Жолон Мамытов –акын, кыргыз элине гана эмес, чет элге белгилүү болгон. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.



Насирдин Исанов – Кыргыз Республикасынын биринчи премьер – министри.



Раев Султан Акимович – драматург, прозаик, Кыргыз Эл жазуучусу. Т. Абдымомунов жана Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты.

Жоош арыктын казылышы

Ошол мезгилде Кокон ханын мураскер уулу ооруп калат. Табыптан-табыпка салып шыпаа табылбайт. Акыры көптү көргөн дарыгер. «Ханым уулуңуздун дартына Кытайдын кара дарысы даба» дептир (Кара дары көптөгөн чөптөрдүн аралашмасынан жасалат экен) –Хан ордо кеңешчилердин бири: «Ал даарыны табуу – өлүм менен барабар, бирок тээ элетти алыскы Алайынан чыккан Камай баатыр табат, ал Кытай калмакка жортуул жасаган баатыр»

Хан көп өтпөй кырк төөгө чай, күрүч, кургатылган жемиш, ноту, чыт кездемелерин жүктөтүп, Камай баатырга элчи жөнөтөт. (Ал убакта жаңы гана Кокон хандыгы түптөлүп келе баштаган убагы болчу, ошон үчүн тоону мекендеген кыргыз элинин түндүк-түштүк тарабы тең Кокон хандыгына баш ийген эмес).

Элчи:«Кара дарыны хан сизден ынтымас кылып суранат» дейт. Камай баатыр кытай чегинде колго түшкөн калмактын башчысына алмаштырып алган сакадай дарыны берет. Хандын уулу айыгып кетет. Жайдын аптаптуу күндөрүндө Кокон ханы Камай баатырды зыяпатка чакырат. Ал кырк жигит алып, айыл аксакалдарын ээрчитип коноко барат. Конокто ордо сыйын көрөт. Кайтарда хан чакырып:

«Баатыр каалаганың не? Сыйга сый, сыр аякка бал» - дейт.



Бүркүт көздүү, кызыл жүздүү, алп мүчөлүү Камай баатырга суктана карайт» Ханым дейт. Камай баатыр көптөн бери көөдөнгө сыйбаган оюн чыгарып. «Элим көп жерге көчтү, конду. Кытайдын-калмактын баскынчылары-на эл жерин коргош үчүн найзадай тик сайылып артка чегинбеди көптү, көрдү, чачылды төгүлдү ырайымсыз куу заманда! Бирок бабабыз манастын урпагы болгондуктан, каныбыздагы эне сүтү менен таралган баатырдык, эр жүрөктүүлүк, ар намыс, абийирибизди, нарк-насилибизди сактап, эң негизги урууларыбызды ынтымакка бириктирип жок болбой жашап келебиз. Ошентсе да «элимдин тилеги биригели, бир жерди мекендейли» дейт. Ошондо хан анын сураганын бериптир.

Элине келип аларды чогултат.

- Кагылайын элим силердин мүдөөңөрдү ханга жеткирдим. Көп жакшы жаманды көрдүк чачылбай биригели. Жайында жайлоого чыгалы, кышында чөлгө там

салып Сулайман тоонун айланасынан - Ош пиримдин чыгышынан орун алалы, ошол жерде кыштайлы. Дыйканчылыкты үйрөнөлү, жер көгөртөлү. Эмне дейсиңер Камай баатыр элине суроо салды. Алар ары ойлонуп, бери ойлонуп, жүйөлүү сөзүн макул көрүштү.

Ошентип, кыр арыктан Ак-Буураның четинен баштагы кайрагач азыркы Шералы айылына чейин Камай баатырдын элине берилген экен. Анда Камай баатыр картайып сакалын буурул баскан. Эл аралык арыкты казуунун долбоорун көп күндөр талкуулашып, бир чечимге келе албай жүрүшүп, акыры такташтыы.

Ал мезгил болжол менен (1740-1760) жылдардын орто чендерине туура келет экен.

Камай баатыр Кожаяр, Ороз, Балбык, Чайиш деген азамат уулдарын ээрчитип, бүтүндөй жоош уруусу сүрүлүп, өркөчтөнгөн өжөр Ак-Буураны агымын чыгыш түндүккө карай оозунан ак көбүгүн чачырата жинденген буураның буйласынан бурай кармап баш ийдиргендей өздөрү тарапка арык казууга киришет. Ошондо Камай баатыр алп мүчөлүү уулдарына:

- Кана сууну бургула! – дегенде чоң кетмендерди колдоруна кармашат.

- Уулдары кылымдар кыртышына кетмен тийбеген дыңды бузуп, жерди чукуп, өжөр дарыяны азоого чалма салгандай адам күчүнө, акылына багынтат. «Оомин! Алла Талла колдосун! Баба дыйкан, Сулайман пирим колдосун» деп бата кылышып кайраттуу Камай баатыр карыяларды бутунун учу менен изимди чийип, суу кетчү нугунун жолун көргөзөт. Артынан эзелтен ынтымактуу эл «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», катуу өткүндөгү селдей, арык казып, келатышты дүбүрөп.

- Мурун-кийин келип Ош пиримге жайлаша байыр ала баштаган муңгуш уруусунан тараган бир тууган уруусунун

элдери да кол кабыш кылып жардамга дүрбөп келе баштаган экен.

Азыркы Медресе айылынын бүтүшүндөгү суу аккан терең жер өтө кыйынчылык менен терең казылгандыктан бир убакта кербенчилердин жүк көтөргөн төөсүн көмүп калгандыктан ошол арыктын жыйырма-отуздай чакырымы төө көмөр деп аталып калган. Бул сөздү бала кезибизде чоң атабыздан жана башка карыялардан угуп калчубуз.

Кылымдарды жылоологон ар кыл жылдар өттү. Суу жетпеген талаалар түрлөндү, жашылданды, арык четине мөмөлүү даректар эгилип, түшүмүн берсе, тал, теректер көптөгөн имарат салууга жараган.

Арык казууну Камай баатырдын көзү өткөн соң төрт уулу башка жанаша жашаган уурулар да жардамдашып, каналды акырына жеткирди. Ошол Жош Арык, же Жоош уруусунун арыгы деп аталып калган экен санжырада. Көп жылдар бир гана жош уруусу эмес, башка элдер үчүн да, кызмат кылган экен. Жош-Арык боюна жаналаша үйлөр салынып биздин ата бабалар Борон бий, Сопон, Мамай, Ысак Кары сыяктуу казылар, Дос, Асанбайга окшогон байлар жашап өтүптүр.

Борон бий жылына Кокон ханынын ордосуна барып, 19-кылымдын орто ченинде Ош тегерегине бийлик кылган экен. Маман, Сопогон газы бабаларыбыз алысты көрө билген акылман болушуптур.

Маматали миң башы

Мамат казы бабабыз өтө кыраакы, келечекти көрө билген казы болгон экен. Бир жолу миң башыны шайлаш үчүн кайсы бир уруудан экени белгисиз бир байдын уулун, атасы бала кезинде өтүп кеткен экен.

Миң башчылыкка уруу аксакалдары көрсөтүшүптүр. Маман газы бабабыз Ош шарындагы бийлик

башчыларына эрчитип баратканда, ал жигит башын жерге салып, адам көзүнө тике карай албай ат үстүндө өпөйүп араң бараптыптыр.Ошондо кыраакы абабыз сындан өткөрүп, койгон экен. Өзү жактырган жан жөкөрлөрүнүн бирин чакырып; -«Анабу жигит экөөң атыңарды алмашып мингиле» дептир. Ошондо баягы жер көз жигиттин атын мингенде, ат алдыңкы бутун ойдо көтөруп, секирип, кишинеп жиберген экен. Газы бабабыз;- «Эй, жигит капа болбо! Алып келген аксакалдар силер да таарынбагыла, бул байдын баласын жесир кемпир тарбиялап, жер көз болуп калган турбайбы. Бул балаңар миң башы боло албайт, «-Мобу болот»–деп өзүнүн жанындагы жигитти ээрчитип жөнөйт. Ал жигит Сарай уруусунан чыккан Маматаш миң башы экен.

Маман жана Сопон газылардын көрөгөчтүгү

Маман (Сопон менен түп таятам болгон. Автор) газылар сувхат куруп калышканда Маман газы «Кыргыздын данын жеген чымчык, он жылдан соң бир кайрылып келет, ушуга табырка кылгыла» дечү экен. Ошондо Сопон казы «Эй, эмнесин айтасыз ошол ар жактан келген парандалар, тез эле жак-жак байлап өзүңө ыкыс да көрсөтө баштайт турбайбы»-деген экен.

Дос бай

Дос бий жоош уруусундагы белгилүү байлардын бири болгон экен.Байлыгы айрыкча өтө көп болгондуктан алтын тыйындарды эсептеп жүрбөй табакка өлчөп алып, өткөрчү дешет соодагерлерге. Кээде жупуну кийинип, Ош шаарын аралачуу экен. Бир жолу мал базарда жүрсө Казактын бир чиренген бай соодагери эки жүздөй кой айдатып келип сатканы калат. Дос бий абабыз адатынча жупуну кийинип алып кардар болот. Ошондо казактын байы «Ой кууртон кыргыз сенин мал алууга күчүң

жетмейди гой?»–дейт. Ошондо Дос бий абабыз мыйыгынан жылмайып, - Ой казак, малың алынды дептир. Казактын байы эки күн Оштун мал базарында койлорун өткөрө албай туруп калат. Сураган кардарлар чыкпайт. Дос бай абабыз баасын көтөрүп, койгон экен. Казактын байы кийин билип, Дос бай абабызды чакырып койлорунан белекке берип, достошкон экен дешет.

Ислам дини ар кандай тоскоолдуктарга карабай кылымдар жашап келүүдө. Динди жоготкондор, тыюу салган коом, өздөрү жок болуп кете берген. Кандай жашоо болбосун динсиз Жаратканга ишенбөөчүүлүк заман талабына жараша аз сандагы пенделер гана болушкан. Кеңеш өкмөтү курулгандан кийин динге өтө тосколдуктар көп болгон. Бирок Ысак карыдан кийин да, Абдикерим, Жоро, Жакай абаларыбыз, Маткасым, чоң атам сыяктуу молдолор өздөрү мусулманчылык-парздарын аткарып тим болбостон, эл журттун жакшылык-жамандык иштеринде дин расмисин өткөрүп өтүштү.

ЭПИОЛОГ

Кара Суу району Кыргызстандагы эң ири райондордун бири. Калкынын саны боюнча Нарын, Талас облустарынын калкынан көп болуу менен төрт жүз миңге жакындап барат. Союз маалында Кыргызстандагы пахта өндүрүүчү райондордун арасында Ленин районунан кийинки орунда турган. Район пахтадан тышкары мөмө жемиш, жашылча өндүрүү боюнча алдыңкы орундарда турат. Райондун борбору болгон Кара Суу шаар статусун алып, ал жерде пахта тазалоочу завод, май заводдору, көптөгөн майда ишканалар иштеп турган. Ошондуктан учурунда өнөр жайы өнүккөн район болгонун окурмандарга айта кеткенбиз оң болгону турат.

Кара Суу өрөөнүн Ак-Буура дарыясы тең жарып агып өткөнү үчүн, бул жерде дыйканчылык башка райондорго караганда эрте өнүккөн.

Кара Суу өрөөнүндө отурукташуусу, дыйканчылык менен бирге мал чарбачылыгын бирдей өнүктүрүп келгенин, Камай баатырга байланышкан тарыхый баянда айтып өттүк.

Совет доорунда Өктөбүр төнкөрүшүнө, же ынкылабына чейин көчмөн болгон, көчүп конуп күн өткөргөн деген аныктамасы, кыргыз тарыхын терең билбеген жана изилдебеген аалым сөрөйлөр Жоош чоң арыгын каяка бекитишет. Маселен жыйырма чакырымга созулган Жоош арыгы бүгүнкү күнгө чейин элдин кызматында, жетимиш миңден ашык калкты суу менен камсыз кылып келүүдө. Бул Муңгуш уруусунун Жоош уругунан чыккан Камай баатырдын көрөгөчтүгү, анын башчылыгында казылган Жоош арыгы кылымдарды карытып Камай баатырдын, жалпы эле Кыргызстандын кызматына жарап келүүдө. Азыркы күндө Жоош арыгы бир эле Жоош айыл аймагына эмес, бир канча айыл аймактарын ичээр суу, менен бак дарагын, бүтүндөй эгиндерге суу берип келүүдө.

Тарыхта Жибек жолу аркылуу өткөн саякатчылар Ош шаарында жалаң кыргыздар жашаарын, Ош-Кыргыз шаары экенин жазып кетишкен.

Кара Суу районунда төрт жүз миңге жакын калк жашаса, анын жетимиш пайызынан ашыгын кыргыздар түзөт. Алар бир туугандар Адыгине менен Муңгуштан таркагандар.

Жоош уругунун чыгаан кол башчысы Камай тууралуу түрдүү уламыштар, атадан балага жетип келген аңыз кептер түрдүүчө айтылып келет. Ошондуктан, тарыхты биротоло тактоого туура келип жатаат. Анда көңүл бургула? Калмак-Ойроттор Жуңгар өрөөнүндө 1628-

жылдары Жуңгар хандыгын түзгөндөн кийин тез эле күч алып, хандык башка элдерди басып алуу саясатына өтүшөт да, коңшу элдерге коркунуч келтире баштайт. Айдан-айга күчтөнүп бараткан Жуңгар хандыгынын басып алуучулук саясатынан жана коңшу элдерди басып алуу башталганын көргөн уккан кыргыздар, эртели кеч алар жашаган Ак Тоо аймагын бастырып кирээринен чочулап, алдыңкы көз караштагы чыгаан уулдары элдин камын көрүп, башка жерге көчүп кетүү аракетин да ойлошкон.

Ырас, Камай баатырдын урпактарынын айтуусуна караганда ак жүрөк, боорукер, жардылардан жардамын аябаган, өзүнүн кызыкчылыгын ойлобой элдин кызыкчылыгын ойлоп, колунан келишинче өмүрүн элге арнаган чыгаан уулдардын бири болгондуктан, азырга чейин ал тууралуу урпактары сыймыктанган жылуу сөздөр айтылып келет. Анын бири биз жогоруда сөз кылган Жоош чоң арыгынын казылышы жана ал бүгүнкү күнгө чейин элге кызмат кылып келе жатканын айтсак жетиштүү болот.

Муңгуш уруусунан таркагандар кыргыз элинин эл болуп калыптанышына өлчөөсүз салым кошкон. Ошону менен бирге алар көп сандуу. Ошондуктан элде төмөндөгүдөй сөз айтылат. Тай туягындай Тагай, ат туягындай Адыгине деп отуз уулдан таркагандар көз тийбесин бир эле Ош облусунда эмес, Жалал Абад, Нарын облустарына кеңири таркаган.

Дээрлик үч кылымдан ашык элге кызмат кылып келе жаткан Жоош чоң арыгынын жээгинде өмүр сүргөн миңдеген тургундар, бир кезде Камай баатыр бабабыз ушул чоң арыкты каздырганын билээр бекен? Чакага суу сузуп алганда, аңызына суу буруп эгиндерин сугарып жатканда, ушул чоң арыктан алган сууга чай, оокатын пышырып досторконго койгонунда Камай баатырды эстээр бекенсиң? Жок эстебейсиң. Элди уюштуруп, кетмен

күрөк менен айлап казып, какшыган таалага суу чыгарганын билбейсиң тууганым. Камай баатыр бабабыз өтө акылман, ушул өрөөнгө эл толуп, баш аягы көрүнбөгөн эгин талаалар пайда болоорун, дүпүйгөн чоң-чоң бактар тигилээрин көзү ачыктык кылып билген экен.

Ооба, баатыр бабабыз Камай каздырган касиеттүү Жоош арыгынын суусун ичип жатып, сен да элиме, жериме бабабыз сыяктуу элге кызмат кылууга неге болбосун? деп ойлоор бекенсиң замандашым?! Бабабыз биздин келечектеги урпактары үчүн ушул чоң-Жоош-арыкты айлап казып, суу жүгүртүп таштап кеткенин, андан ары кылымдарды карытып элге, Камай баатыр бабабыздын урпактарына кызмат кыла берээрин унутпа замандашым?! Эңкейип чакадан суу сузуп алып жатып суу бетине көңүл бурчу? Сен жоо кийимчен, айбаттуу, өтө зор денелүү Камай бабабыздын атчан бараткан элесин көрөсүң. Ал жоо кийимчен ушул чоң арыкты азыр да жаман көздөн коргоп жүрөт. Бизге суу жеткирип, мураптык кызматын аткарып биз менен бирге жүрөөрүн эсиңден чыгарба тууганым? Анын элеси, арбагы дайым биз менен, урпактары менен түбөлүк бирге болоорун унутпа замандаш?!

Сиз Камай баатыр каздырган Жоош арыктан суу ичип күн көрүп жашап жатканыңызды унутпаңыз? Анын атын эстеп, бираар күнү арбагына атап дуба окуп коюңуз? Бул ар бирибиздин пенделик парзыбыз катары түшүнүңүз? Сиз Камай баатыр каздырган чоң арыктын жээгинде күн өткөрүп жашап жатканыңызды унутпаңыз тууганым? Унутпаңыз?...

Мамат Мударис
(1845-1908-ж.ж)

Ыслам сопу пешим намазын окуп чайга отурганда, асмандагы түнөрүп турган кара булуттардын карааны тез эле көрүнбөй калды. Жамгыр жаайт деп күтүп жатышкан эл, күндүн ачылып баратканына күн нуру жерге чазырап тийип, эми баш ала баштаган буудай жана башка эгиндерге күндүн табы керектигин, он күндөн бери күн ачылбай, эгиндер эмес, адырдагы чөптөр саргая баштаганын айтып келгенин укkан Ыслам сопу, эгиндердин сары өзөк болуп кетээринен чочуп: «-Ээ



Бухара шаарындагы Мир-Араб медресеси

Жараткан?! Күнүңдү бер? Элдин ырыскысы болгон талаадагы түшүм мол болуп, элде токчулук болсун? Ушуга жол ач? Жардам бер Жараткан?!» деп күбүрөнүп отурган маалда ким бирөө көрүндү. Тору атын минбей, неге жетелеп алганына таң кала карап калды. Ат үстүндө келе жаткан уулунун маанайы көтөрүңкү экенин көргөндө кубанычтуу кабар алып келе жатканын түшүндү.

–Ассалоому алейкум ата!

–Кел уулум! Тынчылыкпы? Эки күндөн кийин келмек элең?

–Ооба ата. Эртең Кураний Каримди көркөм окуу боюнча Оштогу медреселердин талабаларинин ортосунда мелдеш өтөт.

–Сен катыша турган болдуңбу?

–Мен окуган медреседен үч талабани тандап алышты. Алардын бири мен.

–Мелдешке катышууга укук алган болсоң, Кураний Каримди көркөм окууда медреседеги эки жүз талабанин ичинен үчөөнү тандаганын түшүндүм уулум. Анан даярсыңбы?

–Ата, он күндөн бери тандөө жүрүп, устаздарга жактым окшоду, талабалардин баарын короого алып чыгып: «Чоң мелдешке Ислам сопу уулу Мамат талаба катышат. Мамат биздин сыймыгыбыз. Келечекте атактуу окуу жайларда окууга укуктуу. Барган жеринде бизди уят кылбайт...» деп айтты.

Бул жагымдуу сөздү укkан Ысламдын көзүнө жаш тегеренип кетти. Эки бети кызарып, жүзү албырып чыкты. Ордунан туруп уулун кучактап:

–Уулум, сенин мелдеште жеңээриңе ишенгенмин. Ошол мелдештен кийин каалаган шаарга барып окууга колумдан келген жардамымды аябаймын. Камай баатырдын урпактарынан бир аалым чыкса, төбөм көккө жетип сүйүнөөр элем.

–Ата, мелдеш өтсүн. Каяка барып окуй турганым белгилүү болот.

–Макул. Уулум., көзүң кызарып чыгыптыр, түнү менен уктабадыңбы?

–Түнү менен машыгып чыктым.

–Үйдө тынч уктап алайын деп келгениңди түшүндүм. Курсагыңды тойгуз да, эс ал. Атыңды үкаларин жайлаштырып койот.

Мамат улуу шашкеде уктаган, кеч пешинде ойгонду. Бети колун жууп, пешин намазын окуп, ичкерки үйгө кирип Кураний Каримди үнүн чыгарып кырааты менен окуй баштады. Тамагы кургаганда суу ууртап, тамагын оңдоп алат да, дагы окуп кирет. Атасы угуп акырын басып эшиктин алдына келди. Көзүн чылк жумуп, өтө кырааты менен окулуп жаткан ыйык китептеги сөздөрдү түшүнбөсө да, жүрөгү элжиреп, бүт денеси чымырап, жүрөгү кээде толкуп кээде учуп жүргөндөй, дене бою балкуу менен өзүн ушунчалык кудайга жакын сезип, кулу катары дайым кызмат кылууга даяр экенин ыйлап отуруп түшүндү. Өзүнүн канынан жаралган, жакшы көргөн уулу кураний Каримди ушунчалык жогорку денгээлде кыраатын келтирип окууга жарап калганына, уулунун келечекте чоң аалым болооруна ишенип, толкунданып ыйлап жатты.

XXX

Медресенин короосу беш пахсалуу дубал менен тосулган. Дубалга орнотулган чоң дарвазанын эки канаты ачылганда араба кирүүгө ылайыкталып курулгандыктан, жолу кенен болчу. Андан ары он беш кадамдан кийин тегиз төшөлгөн таш жол туура медресенин оозуна карап кеткен. Ошол таш жолдун эки тарабына ондон жыйырма сөрү коюлуп кийиз, анын үстүнө гүлдүү килем төшөлүп, ошол орунга мелдешке катышкан талабалардин улам бири отуруп куранды кырааты менен окуу мелдешине катышып, өзүнүн мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп жатышты. Кезек Ислам уулу Маматка келди. Атын айтып чакырганда медресенин ичинен чыгып, сөрүлөрдө отурган аалым мударис, карыларга таазим кылып даярдалган орунга келип отурду. Аны даярдаган кары «Баштай бер» деп башын ийкеди. Мандаш токунуп отуруп, эки колун эки тизесине эки алаканын коюп, Мамат эч кандай китепсиз жатка айтып кирди. Мелдештин катышуучуларынын

көпчүлүгүнө караганда үнү коңур, жагымдуу, чоор сыяктуу дирилдеген назик үн менен ыйык китепти жатка айтып кирди. Нас чегим убакыт аралыгында эл сөрүдө отурган кары, аалымдардын көңүлүн өзүнө буруп, күбүр-шыбыр жоголуп, чымын учса билине турган тынчылык өкүм сүрдү. Медресенин кең короосунда Кураний Каримдин аяттары, сүрөлөрүн кырааты менен айтылган обон дейбизби, бир укмуштай кооз үндүн керемет күчү отургандардын жан дүйнөсүн өзүнө тартты, демдерин ичине тартып, кулак төшөп, Меккейи-Медийнага ажылык сапар менен барып, арап улутундагы молдолордун өзүнөн угуп келген дуба окууларды таң калганын эстесе, бул жерде кыргыз баласы Мамат талабанин жатка айтуусу араптардын өзүнөн ашып түшкөнүн угуп, таң калып да, суктанып да, улам жан дүйнөлөрү бошоп, ыйык китептин улуу сүрөлөрү менен аяттарынын айтылышы канчалык жагымдуу болоорун, китепти өз деңгээлинде окуу ким көрүнгөндүн эле колунан келе бербей турганын, ага Жараткандын назари түшкөн өзгөчө адам баласы гана кудайга жага тургандай окуй ала турганына, азыр килем үстүндө мандаш токунуп отурган Ислам уулу Мамат талабага кудай тааламдын назари түшкөн адам баласы экенине көздөрү жетип; көпчүлүк шолоктоп ыйлап, эринин кыбыратып кудайга жалынып, жатышты. Мурун коңгуроо кагып токтот деп токтотушса, бул жолу аны эч ким токтот деп айта албады, дагы-дагы бир аз айта түшсүн, уккулуктуу аят менен сүрөлөрдүн жатка окулушу ушунчалык назик, адамды өзүнө тарткан керемет үндү бир аз да болсо угуп отуруну калагандар ичинен: «Дагы айта түш айланайын, дагы айта бер?...» деп ичинде жалынып каалап жатышты. Ошол көркөм окуу мелдеши жүрүп жаткан маалда эртеден бери кыймылдагысы келбеген кара булут, жылып кеткенин эч ким байкабай калды. Күн нуру туура медресенин ортосундагы гүлдүү килемде

отурган Маматтын төбөсүнө тийди. Тийгенде, тегерегинде отургандар, жаш жигиттин пешенесинен нур төгүлүп тургандай көрүнгөндө, Ош шаарынын имам хатиби:

–Я алла, Кураний Каримдин жатка айтуунун керемети кудай тарабынан кабыл алындыбы, Күндүн мээрими, бала аркылуу баарыбызга шам жагылды. Мамат уулум атаңызга балли. Сизден келечекте чоң аалым чыгаарына ишенемин. Уулум атаңыз келди беле?

– Атам ушул жерде –дегенде дарбазага жакын коюлган сөрүлөрдүн биринен төмөн түшүп, имам хатибке карап таазим кылып учурашты.

–Менден кичүү көрүнөсүз иним, кайрылууга уруксат бериңиз, ар бир ата эне сиз сыяктуу уулун тарбияласа, жер жашы төгүлмөк эмес. Кудаа кааласа келечегинде пенделерибизди ыйманга моюн сундуруучу, жүздөгөн адамдарды артынан ээрчите ала турган чыгаан аалымдын китеп окуу эмес, Кураний Каримди жатка айтуу менен, жөн эле айтпай өтө кыраатын келтирип, уккан адамдын жүрөк боорун эзип, көздөн жаш чыгарган адамды биринчи көрүп, биринчи сизге, экинчи уулуңузга ыраазы болуп отурам. Элдин, шаарыбыздын муфтиятынын атынан илим билимдин ордосу болгон Бухара шаарындагы «Миң Арап» медресесинде окуу үчүн атайын жолдомо менен уулуңузду окууга жөнөтөбүз. Уулуңузду алыскы окууга жөнөтүүгө дарамет күчүңүз жетеби?

–А урматтуу Азиретим муфтий ага, сиздин уулум тууралуу айткан жылуу сөзүңүз мени толкундатып турат. Ошону менен бирге, эгер илим-билим Ордосу Бухарага, болгондо да бүткүл дүйнөгө белгилүү «Миң Арап» медресесине окууга жолдомо менен жөнөтө турган болсоңуз, менин уулумду ал жерде окутууга дарметим жетет. Ал жагынан кыжаалат болбоңуз? Мен өзүм алып барып келемин.

–Ырахмат Ислам сопу! Бүгүнкү мелдеште уулунуз биринчиликти алды. Сиз уулуңузду алып үч күндөн кийин жолго чыгышыңыз керек.

–Азиретим, мен даярмын.

–Жолдомону эртең алып кетиңиз. Бухарадан кайтып келгениңизден кийин, мага сөзсүз жолугасыз?

–Макул Азиретим.

Мелдештин жүрүшүнө калыс болуп берүүгө чакырылган меймандарга аталган сый тамакка Ислам сопу күйбөдү. Ыраазычылыгын билдирип, жолго түштү. Анын максаты эки күндүн аралыгында Бухарага жөнөө үчүн кем өксүгүн даярдоо эле.

Ислам сопу өзүнө тың, колунда бар, ошол аймактын алдыңкы байларынын бири болуп турган. Жакшы кабарды укkан жакын санаалаштары, колу коңшулары жыйналып калган экен.

–Сопу ага, жакшы жаңылыкты угуп отура албадык. Сиздин кубанычыңызды тең бөлүшүүгө келдик. Кудаага шүгүр, биздин уруктан да билим, илим ордосу болгон Бухарада окууга жолдомо алганын угуп, кубанычыбыз койнубузга батпай турат.

–Ооба, иниңер, ыйык китеп болгон Кураний Каримди көркөм окууда сынакка катышкан жыйырмадан ашык талабанин баарын артка калтырып, Бухарада окууга сыйлык катары жолдомо берилди.

– Жолдомо жалгыз инибизге берилдиби?

– Экинчи, үчүнчү орунду алгандарга берилиптир. Алар Бухарада окууга шарты барбы жокбу билбедим, биз менен байланышууга аракет кылышпады.

Туугандар, жакын санаалаштарынын улам бири келип куттуктап; «Аз болсо да көптөй көрүп алып кой уулум, же иним, жээним» дешип, күмүш тилла теңгелерден койнуна салып жатышты. Катар-катар койлор союлуп,

жакшы сөз каалоолор айтылып, баталар берилип жатты. Кайырлашуу маалында туугандары:

–Уулум, биз сени менен сыймыктанабыз. Бухарага барып окуй албай кайтып келгендер тууралуу анча-мынча угуп калып жүрөбүз. Сенин аалым болуп келишиңди чыдамсыздык менен күтөбүз?!, –дешип жакшы сөзүн айтып кайырлашып жатышты.

Эртеси саар үч атчан жолго чыкты. Кечээ үйгө келген туугандардын көпчүлүгү да узатып чыкты. Үч жолоочу Маргалаң, Кокоч, Жолу Узак, Самаркан аркылуу он күн болгондо Бухарага жетишти. Туура атактуу «Мир Арап» медресесине барып, Оштун имам хатиби жазып берген катты медресенин МУРАТАП КАРЫСЫ Абдурахим атуу медресенин мүдүрүн таап катты берди. Ал катка көңүл буруп окугандан кийин:

–Макул, ошол сынакка катышып биринчиликти алды деген тастыкнаама бердиби?

– Берди, –деп Ислам сопу койнунан экинчи кагазды алып сунду. Муратап кары ал кагазды да көңүл коюп окуп чыгып сурады.

–Бизге жолдомо да бериптир го?

Жолдомону да колуна карматышты.

Мураттап кары Абдурахим кагазды көңүл коюп эмес, эки сыйра окуп чыгып, ишенбегендей Маматтын бетине көңүл буруп карап:

–Силер бир аз убакытка мына бул сөрүгө отуруп тургула, устаздарды алып келем, –деп Медресенин башкы дарбазасына кирип кетти.

– Ысмайыл сен байкадыңбы, медресенин мүдүрү Мураттап кары окуган кагаздарына ишенбегендей кайта-кайта окуганын жаман көрдүм.

–Мен да байкадым. Алыска Ош шаарынан келген элеттик жигиттин жетишкендигинен шек алып жаткандай көрүндү.

– Медресеге кирип кеткенине караганда дагы сынап көрөт окшойт, –Маматка суроолуу карады.

– Иним сынооого даярсыңбы?

–Бардык сынагына даярмын ага.

Аңгыча кимдир бирөөлөр досторкон жайып нан коюп, чай алып келишти. Андан башка мөмө жемиштер, кургатылган өрүк, коондун кургатылган тилимдери бар эле.

–Меймандар, алып отуруңуздар, –деп кетти.

–Ага, бизди сыйлап жатканына караганда, инибизди жогору баалап жатышат окшойт?

–Алыстан келген мейман катары сыйлап жатышабы деп түшүнүп жатам.

Кыйладан кийин медресени чоң дарвазасы ачылып жоон топ окутуучулар көрүндү. Алдыда МУРАТАП КАРЫ Абдурахим келе жатты. Аларды көргөн үчөө орундарынан туруп күтүп калды. Алар учурашып, катар сөрүлөрдөн орун алды. Жайланышып бүткөндөн кийин МУРАТАП КАРЫ АБДУРАХИМ сөз алып сүйлөдү.

–Урматтуу аалым устаздар! Бүгүн кубанычтуу окуяга туш келип отурам. Элет шаары болгон Ош шаарынын медресесинде окуган кыргыз баласы медреселер аралык Кураний Каримди кырааты менен окууда биринчиликти алып, шаардын имам хатиби өзү кат жазып, ушул баладан келечекте чоң аалым чыгаарынан үмүтүбүз бар. Баарыбызды таң калтырып анын керемет кудретине күбө болгонумдан, улуу урматтуу Мураттап Кары мырза сизге жолдомо жөнөтүүгө аргасыз болуп жатам. Менин өтүнүчүмдү кабыл алуу менен, ушул жаш жигитти атактуу «Мир Арап» медресесине талабаликке кабыл алууңузду өтүнүп суранаар элем...» деген мааниде кат жазып жолдомо жөнөтүптүр. Албетте бизге жөндөмдүү, келечегинен үмүттөндүргөн балдарды аларды тандап

алаарыбызды билесиздер. Ошондуктан сиздердин катышуунуздарда сынап көрбөйлүбү?

– Азиретим сынап көрөлү, сынап көрөлү?, – деген үндөр туш тараптан угулду?

–Кана уулум, улуу, ыйык китепти окуп көрүңүз; – деп китеп сунду.

–Жок Азиретим, жатка айтамын.

«Жатка айтамын» деген сөздү уккандардын арасында күбүр-шыбыр угулду.

–Баштаңыз уулум?, –деп Мураттап Кары урукcат берди.

«–Бисмилоо рахмани рахим!...» деп баштагандан, сөрүдө отургандар күткөндөй колдураган, жагымсыз үндү угушпады. Коңгуроодой, жылаажын, өтө назик, ошону менен бирге арап тилинин кереметтүүлүгүн, сөздү одоно бузбай, аны ого бетер кооздоп, өтө уккулуктуу кылып айтып жатканын укkан аалым устаздар дароо Маматтын коңур, назик үнүнө арбалып жана хадис, сүрөлөрдүн мааниси эч өзгөрүлбөй так таамай айтылып жатканына таң калып, дагы уга түшсөк дегендей кулагын төшөп берилип угуп калганда МУРАТТАП КАРЫ АБДЫРАХИМ акырындап Маматка жакындап келип, ийинине колун коюп.

–Уулум жетиштүү болду. Мүмкүн болсо токтотуңуз? Мен баш болгон баарыбыз сиздин окуган Кураний Каримди аягына чейин угууга даяр экендигибизди, сиз кырааты менен окуунун устазы катары биздин окуу жайга кабыл алындыңыз! Куттуктайм! Аалым устаздардын алдында айтып койоюн, сиз медресенин эсебинен окуйсуз. Атаңыз тамак ашыңызды камсыз кыламын деп кыжаалат болбосун, Бизге сизге окшогон өтө жөндөмдүү талаба керек. Ыраазысызбы?

– Ыраазымын Азиретим!, –деп Мамат, анын атасы Ыслам агасынын иниси Ысмайыл үчөө бир баш ийип

таазим кылышты. Ошентип Оштук Мамат деген кыргыз жигити Бухарий Шарифтеги атактуу медресе болгон «Мир Арап» медресесинде окуп калды. Атасы Ысламдын агасы Ысмайылдын кубанычында чек жок эле. Бекер окуйт дегенине карабай медресени мүдүрүнө бар калта тилла теңге берип, үч күндөн кийин Ошко карап бет алышты.

Мураттап Кары Абдырахим сөзүндө туруп медресенин бир бурчунан үжөрө ажыратып, үч маал тамагын да чечип берди. Атасы таштап кеткен тилла күмүш теңгелерди тамак ашына жумшабай, дем алыш күндөрү шаардын базарларын аралап, Фирдоусинин, Хафиздин, Саадинин, Алишер Новаинин жана башка Чыгыш акындарынын китептерин сатып алып окуй баштады. Өзгөчө Фирдоусинин Шахнамеси ага жагаар эле. Тез эле арап тили менен тажик тилин жана чыгатай тилин өздөштүрүп, ошол тилде жазылган бардык китептерди чекеден окуп, өзүнүн билимин өркүндөтө баштады. «Мир Арап» медресесинде окуган экинчи жылы Нооруз майрамына карата жылда улуу акындардын ырларын окуу салтка айланган экен, анда талабаларди окуткан мударистен баштап талабаларга чейин дастандарды жатка айткан шээрият майрамына катышып, Фирдоусинин Шахнамесин тажик тилинде көркөм окуп, талабалар менен окутуучуларды дагы бир жолу таң калтыргандан кийин, медреседе ого бетер кадыр баркы көтөрүлүп калды.

Атасы менен сүйлөшкөндөй, Ош, Анжиандан Бухарага барган кербенчилер аркылуу байланышып турду. Эки ай, үч айда бир кат жазып, өзүнүн эсен-амандыгын билдирип турса, атасы да ага жооп катын жазып, үй бүлөнүн, тууган-уруктун амандыгын айтып, сен үйдү ойлобой өзүңдү, окууңду ойлогун. Сен кыргыз баласы катары намыстуу бол, кандай кыйынчылыктарга карабай жакшы оку, окууну таштап кетүү оюңа келбесин деп кат жазып, кербен башчыдан тилла, күмүш тенгелерди берип жиберип турду.

Ошентип, он жылдык мөөнөт менен окуткан окуу жайды да аяктады. Өтө жакшы окугандыгы үчүн окуган талабаларга аалым, мударис, мураттап деген жогорку даражадагы наамдар бериле турган. Ондогон талабалардын ичинен жалгыз Мамат гана «Мураттап кары» деген эң жогорку наамды алып окуу жайды аяктады. Медресенин мударистери Маматти «Миң Арап» медресесинде иштеп калат деп ишенишкен. Ал эмес өзүн эң жакын сынап, үйүнө маал-маал чакырып жүргөн мударис дамылла үйүнө-Ошко кете турганын укканда чочуп кетти.

–Мамат уулум, сени өз уулум катары көрөөр элем жана менин тилимди алып медреседе окутуучу болуп калат деп ишенчүүмүн. Айтчы уулум сага не болду?

–Ырас, сиз мени он жыл окутуп, илимдин не бир түркүн сырларын үйрөттүңүз. Сизди өз атамдан кем көрбөймүн. Кенже кызыңыз Айымпашаны да мага алып берүүгө даярданып жатканыңызды билем. Мынчалык мага кам көрүп, Бухарийи Шарифте иштеп жашап калаарыма аракет кылганыңызды жогору баалаймын. Мен бир өмүр сизге карызмын жана сизди эч качан унутпаймын. Азизим устазым, мага Ошко кетүүгө уруксат бериңиз? Атамдан көп жылдан бери кат келбей калды. Көңүлүм кара болуп, тынчым кетип жүрөт. Адагенде үйгө барып атамдын амандыгын билейин. Аман эсен болсо, Бухарага барып «Мир Арап» медресесинде иштөөгө уруксат сураймын. Уруксат берсе үч, төрт айга калбай келемин да, эгер ыраа көрсөңүз Айымпашага үйлөнүп, Бухарада жашап эмгектенип каламын. Мен ата энемден уруксат сурамайынча өзүм билип бир иште баштабаймын. Атамдын назаринан калгым келбейт, –дегенде устазы.

–Туура уулум, акылдуулугуңа дагы бир жолу таң бердим уулум, өзгөчө атанын назарынан калган баланын иши жүрүшпөйт, өмүрү да узун болбойт. Эгер атаң ыраазы

болуп жөнөтсө келе бер, мен сени өз уулум катары күтүп аламын. Өзүң айтмакчы Айымпашаны алып беремин. Эгер атаң макул болбосо бизди күттүрбө, болгон окуяны айтып кат жөнөтүп жибер. Ооба, бала ата энеден сурап, алардын ак батасын алып анан ишти башташы керек.

–Мени туура түшүнгөнүңүзгө ыраазымын устазым.

–Оюңду ачык айтканыңа мен да ыраазымын. Бала үчүн ата энеден улуу эч нерсе жок ...

Ал күнү устазынын кызы Айымпаша палоо басты. Ашка туз, майдан тышкары жүрегүнүн бир четинен чымчып салып койгонбу, ушунчалык даамдуу болуптур, ырахаттанып жегенин көпкө чейин унута албай жүргөн эле.

Эртеси Ош менен Анжианга бара турган кербенчилерге жолугуп сүйлөштү. Кербен башчы, мындай деди.

–Үка сага бере турган, же мингизе турган ашыкча улоом жок. Мүмкүн болсо, базардан ээр токуму менен жакшы улоо ал. Ал узак жолдо жүрө турган болсун.

Мамат кербен башчыга ыраазы болуп ат базарга барды. Ал жерден ээр токуму менен бир эмес эки улоо сатып алды. Бирине он жылдан бери топтогон, сатып алган өтө баалуу китептерин жүктөмөкчү болду. Кудаага шүгүр, китептеринин баарын алды. Кербен башчы беш күндөн кийин жолго чыга турганын так айтты. Мамат жоопту укканда мейманканадан орун алып жашап калды. Кербен башчы убадасында турду. Бешинчи күн болгондо Мамат жаткан бөлмөгө келип:

–Үка, соода ишибиз көңүлдөгүдөй бүттү. Эртең саар жолго чыгабыз, даярсыңбы?

–Даярмын. Эки улоо даярдадым.

–Бир улоо жетээр эле го сага?

–Он жылдан бери жыйнаган китептерим бар, аларды таштап кете албаймын.

– Түшүндүм. Аттарыңа жем алдыңбы?

–Ошко жетээрлик алдым.

–Он беш жылдан бери Бухара-Анжиан-Ошко каттай мын. Көп эле медреселерде окуган жигиттер мени менен кетти. Биринен да, бир улоого ылайык китеп жүктөп кеткенин көргөн эмесмин. Сен аалым окшойсуң?

–Окууну аяктаганымда «Мураттап кары» наамын алдым.

–О-о-о, азамат экенсиң ука. Жакшы окуган экенсиң, – деп Маматты кучактап далысынан таптап койду.

Жыйырма күндө Ошто болушту. Жүрөгү негедир опкоолжуй берди. Буйдалбай үйүнө жөнөдү. Короодо боз үй тигилип туруптур Уулунун келе жатканын укkан апасы үн чыгарып, атасынын ааламдан өтүп кеткени тууралуу кабар айтып, кошок кошуп тосуп алды.

–Атамдын ааламдан өткөнүнө канча болду?

–Жакында бир жыл болот.

–Дартына даба таба албадыңарбы?

–Аты чыккан табыптар да оңой албады. Жетимиш жети жашында өттү. Сенин жолуңду карап үзүлдү...

Ошентип атасынын көзүн көрө албай, бир арман менен Ошто кала берди. Атасы Оштун мечиттеринин биринде отургандай сезиле берди. Кайсы бир көпүрөдөн, кечүүдөн көчөдөн карп-курп чыга калчуудай бир топ айга чейин издеп жүрдү. Эч жерден жолуктура албай, акырындап атасынын чын эле өлгөнүнө ишене баштады. Бир күнү энеси өзүнө чакырып:

–Уулум, бул да болсо кудайдын кылганы. Атаң сенин окууңду аяктап келишиңди күткөн. Сени көрбөй өлгүсү келген эмес. Ажалга айла жок экен уулум, моюн сунууга аргасыз болду. Эми жаны жаннатта болсун, арбагы колдосун? Кайрат кылып тиргилигиңди болсун, үй бүлө күт. Атаң сенин балдарыңды көрүп өлсөм арманым жок деп тилек кылаар эле. Бирок, ал тилегине жетпеди. Кайрат кыл, Бухарадан келгениңден бери үч ай өттү, кабагыңды

ачып күлгөнүңдү көрбөдүм. Кабагыңды ач уулум. Айтса сени Алымбек датканын медресесинин жигити издеп келген экен.

–Себебин айтпадыбы?

–Айтпады. Базар күнү дагы келе турган болгон. Бүгүн ишемби, эртең келет, үйдө болосуңбу?

–Үйдө болом.

Мамат МУРАТАП КАРЫ энесинин сөзүнөн кийин башын жерге салып ойлонбой, бир аз маанайы көтөрүлгөндөй болуп калды. Атасынын колдооосу аркылуу ушул даражага жеткенин, эгер атасы колдоого албаса Бухарада он жыл окуй албай турганын ойлогон сайын жүрөгү сыгылып, бир орунда тура албай, шуу үшкүрүп басып кетээр эле. «Мамат,– деп өзүнө-өзү кайрылды –Жанымдан артык көргөн атамдын көзүн көрбөй калышым өмүрүмдөгү бир арман болуп кала турган болду. Эми кайрат кыл Мамат? Эгер атамдын атын чыгаргың келсе, он жыл Бухарада алган билимиңдин акыбетин көрүшүм керек. Атамдын атын жакшы жагынан чыгарып, тарыхта калууга, элге пайдалуу иш кылууга аракет кылайын...» деп сүйлөнүп Бухарадан келгенден бери китептерин ачып баратап койбогонун эстеп, үстү жабык сөрүгө коюлган китептерин аңтарып, баратап отурду. Акырындап китеп дүйнөсүнө кирип кетти. Энеси уулунун китеп окуп отурганын көрүп: «Кудаага шүгүр Бухарадан келген үч айдан бери китебин кармап көрбөдү эле, атасына болгон азасы жанды окшоду» деп сүйүндү. Эртеси нануштадан кийин да китептерин аңтарып, аларды иреттеп, үч төрткө бөлүп жаткан маалда короого ким бирөө келдиби, үн салды.

–Мамат кары үйдө бекен?

–Үйдө-үйдө!, –деген жооп угулду. Бир бала күшүлдөп жетип келди.

–Мамат аба, сизди бир киши сурап жатат.

–Азыр барам.

Мамат короодон чыгып боюна жарашыктуу кийинген жигитти көрүп, анын саламына алик алып:

– Жол болсун жигит?

– Сизди Бегибиз көрмөкчү эле.

– Кайсы жерден келдиң?

–Оштон. Бегибиз өз каражатына медресе салып бүттү. Ошол окуу жайга мударистерди топтоп жатат. Сиздин Бухарадан окуп келгениңизди угуп, сизге жөнөтүп, өткөндө да сизди издеп келип кеткенмин.

–Билемин. Кайсы күнү барайын?

–Эртең жаңы медреседе күтүп алат. Барасызбы?

–Кыжаалат болбо иним? Бек өз каражатынын эсебинен медресе куруп, пайдаланууга берип жатса, чоң иш аткарыптыр. Алла ыраазы болсун! Ошко барганым сайын көрүп аттым, көрүнүшү көзгө өтө толумдуу, бул аймактагы эң чоң имарат болуптур. Макул, эртең эртелеп өтүп барам.

–Ырахмат кары ака, –деп жигит артына кетти.

–Уулум, Ош шаарынын имам хатиби чакырып жатыптырбы?

–Ооба.

–Жакшы болуптур, ага сендей билимдүүлөр керек болуп жатыптыр да? «Чакырган жерден калба, өзүң басып барба» деген сөз бар. Бул жигит ушуну менен үчүнчү жолу келип кетти. Мурунку келгенде мен батага кетип, үйдө жок элем. Элге аралаш уулум, Атаңды үч ай жоктоп, жакшы эле аза күттүң. Ырахмат! Тирүүсүндө колдоо көрсөткөну үчүн окууңду аягына чыгарып бүтүп келдиң. Угуп жүрөм, айрым ата энелер колдой албаганы үчүн, көпчүлүгү окусун уланта албай келип жатканын мен да угуп жүрөм, эми биринчи Жараткандын көзү түз болуп, атаңдын арбагы колдоого алсын уулум.

–Ооба, апа! Атам менин ийгилигимди көрбөй кетти. Мээнетинин акыбети кайтканын көрүш керек эле. Апа, мындан ары баары жакшы болот, кыжаалат болбоңуз. Эртең Алымбек Датканын жаңы медресесинде иштеп бер деп суранса, жок дебеймин.

–Ооба уулум. Жок дебегин. Элге аралаш Ислам сопунун уулу медреседе дарс окуп жатыптыр деп эл ыраазы болсун?!

Эртеси атасынан калган тору атты минип, жолго чыкты. Кыштактан чыгып, араба жолго түшкөндө Алымбек Датканын курган медресесинин төрт мунарасы алыстан көрүндү. Бир чоң мунарасы күн шооласына чагылышып, бир башкача кооз көрүндү. Көңүлүндө, ушул медреседе иштеп калсам керек? деген ой кетти. «Атаганат, атам экөөбүз ээрчишип келсек болбойт беле» дегенде көзүнө жаш тегеренип кетти. «Эх, эсил кайран атам!... Кудаанын кылганы экен, айла канча сабыр кылайын», –деп , өзүн-өзү сооротуп алдыга теминди.

Медресеге жакындаганда бир канча мамыларда отуздан ашык улоо байланып турганын көрдү, чакырылгандардын көпчүлүгү келип калганын түшүндү. Атын бош мамыга байлап жатканда кызматчы жигиттердин бириби, салам айтып мындай деди.

– Сиз Мамат дамылласызбы?

– Ооба.

– Жүрүңүз, –деп алдыга түштү.

Жаңы медресенин короосу кенен, адаттагыдай эле таш төшөлгөн жолдун эки жээгине бир канча сөрүлөр коюлуптур. Анда түрдүү куректагы адамдар, көпчүлүгү дин кызматкерлери, же медресеге байланышкан иштерди аткара тургандар келгенин паамдап, алдыга басты. Сөрүлөргө жакындап калганда ак жуумал жүздүү, суусар тебетей жүзүнө жарашкан, кырмызы жибек чепкен кийип,

тилла жалатылган кемер байланган киши көпчүлүктөн бөлүнүп чыкты. Ал озунуп салам айтты:

–Келиңиз Мараттап кары,–деп, Мураттап кары деген сөздү таптай сүйлөп, үнүн көтөрүңкү чыгара айтты. Отургандардын көпчүлүгү «МУРАТТАП КАРЫ» деген наамы бар адам келе жатканын көргөндө, орундарынан туруп, утурлай басышты.

–Кана орун алыңыз? Сизди жакшы билем, Ыслам сопунун уулусуз. Ал кишинин тажиясына катыша албасам да, жийинчерээк угуп батага бардым. Сиздей жигитке камкордук көрүп ушундай даражага жеткирген атага ыраазы болуу керек. Энди сөздү көбөйтпөй, сөздөн ишке өтөлү. Сизди ушул медресенин мүдүрү болушуңузду ушул жерде отургандардын көпчүлүгү макул, сиздин ыраазычылыгыңызды угууга зарыгып турган маалыбыз. Кандай дейсиз?

–Мен сиздерге, өзгөчө сизге ушундай чоң медресени куруп, келечектеги муундарыбыздын сабаттуу болушуна кам көргөнүңүзгө ыраазыбыз. Эгер сиз улуу башыңызды кичүү кылып, мени иштеп бер? деп сунуш кылсаңыз мен каршы эмесмин. Колумдан келишинче, он жылдап алган билимимди кыргыз жаштарына берүүгө даярмын!

–О-о-о, биздин жаңы медресебизди тоотпой, менин сунушумду кабыл албай, Анжиан, Маргалаң, Кокондогу медреселерге барып иштеймин, аларга убада берип койгонмун деген жооп аламын деп чочудум эле, кайриет, менин сунушумду колдоого алдыңыз? Сиз Ош аймагындагы алгачкы «МУРАТТАП КАРЫ» улуу даражага ээ болгон кыргыз аалымсыз. Биз сиздей аалым менен сыймыктанабыз! Үй бүлөңүз менен жашай турган там да даяр.

–Ырахмат Азиретим. Мен үйлөнүүгө үлгүрө албадым.

–Э-э-э кечиресиз. Жакында үйлөнөсүз. Үйлөнүү тоюн өткрүп берүүнү өз мойнума аламын.

–Бийим, ким бирөөнүн жардамына муктаж эмесмин.

–Билем, Ыслам абабыз Жоош уругунун байларынын бири болгонун билем, ошондой болсо да, тоюңузга катышууга уруксат берсеңиз болду?

–Албетте, тойго ушул жерде отургандардын баарын чакырууга даярмын.

–Азиретим Мураттап карым, бүгүндөн баштап медресенин билим берүү ишин сизге өткөрүп беремин. Бир ай аралыгында талабаларды алып бүткөн болсоңуз, хандыктын жакшыларынын катышуусу менен салтанаттуу ачып, кан чыгарып, дуба окуп, ишти баштайбыз? Макулсузбу?

–Бардык иш сиздин айтууңуз, көрсөтмөңүз аркылуу болот.

–Ырахмат! Чыныгы билимдүү адамдын жообу болду...

Ошентип, Мамат Мураттап Кары аалым, айтылуу Алымбек датканын медресесинде иштеп калды. Арадан үч ай өтпөй Бекжар айылындагы Мөнөк уругунун билимдүү, оокаттуу бардар адамдын Мээрбан деген кызына үйлөндү. Тоюна Ош шаарынын имам хатиби баш болгон бай, бийлер чакырылды.

Мээрбан байбиче да арип тааныган, китепти окуй алган сабаттуу болгон. Экөө Ысак, Мамасалы, Азимбү, Маматкасым, Мастура, Таши, Бакир деген уул кыздуу болушкан. Мамат Мударис Фергана өрөөнүндө бирден бир жогорку илимий даражаага ээ болгон кыргыз аалымы катары таанымал болгон. Дин аалымы катары көптөгөн мударистерге, карыларга өзүнүн кеңешин аяган эмес. Ал эмес чоң шаарлардагы медреселерге барып, талабаларга дарс окуп, дини илиминин түшүнүксүз суроолоруна так жооп берип, андан тышкары Фергана өрөөнүндөгү медреселерде окутуучу болуп эмгектенген аалмдар, үйүнө үзүлбөй келип турган өтө кадыр барктуу болгон.

Мураттап кары Мамат Мударис бабабыз Алымбек датканын медресесинде дээрлик отуз беш жыл иштеп жүздөгөн кыргыз уландарына сабак берип, он тогузунчу кылымдагы белгилүү агартуучу болгонун айта кетмекчибиз.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Ысак кары -Ажы
(1870-1953)

Алланын беш парзын аткаргансың,
Атаа кылып Меккеге да баргансың,
Молдосуң, каарысың, мураттапсың
Жаркыраган жанаттын таңы атаарсың.
Жатка Каламуланын урматына,
Бейиштин төрүндө урмат-сыйда,
Түбөлүк ызаат менен сен жатаарсың.

Абдыбап Маткасым уулу
(20.11. 1953-ж)

Мамат мударистин уул кыздары кабыл чыгыптыр. Балдары беш убак намаз окуп, өздөрүн такыба кармап, кудай жолунан кайтпаган пенделер экен. Бирок перзенттеринин ичинен өзгөчөлөнүп, Ысак уулу дин ишенимине өтө дилгир чыгып, Атасы дарс берген Ош шаарындагы Алымбек датка Медресесинде көптөгөн уландардын ичинен алдыңкы катарда окуп, ата жолун улантат.

Мударис жаш убагында Меккеге барып, ажы сапарынан кайтып келгени менен, жашы улгайганда уулу Ысакты алып барууга ниет кылат. Мандай тер менен тапкан мүлкүн жыйнап, кар себелегенде боз улан уулу Ысакты ээрчитип, жол тартат. Көп жолду поезд менен жүрүп,

Кызыл деңиз, аркылуу сүзүп өтүшөт. Ошолордун ичинен эң жашы Ысак экен. Деңиздин орто ченине жеткенде катуу бороон болуп, кеме толкунда чайпалып көпчүлүк коркондон кудайга келме келтиришкенде, бир кемпир «Эми өлүп калат окшоймун, бала чакама керезимди айтып баргылы» деп даттана кайталай берет. Ошондо Ысак каары мыйыгынан жылмайып койсо, «Сен кандай немесиң, мен өлө жаздап баратсам, сен күлөсүң» деп наалыптыр. Боз улан Ысак каары жанына барып «Эне, кемеге түшкөндөрдүн жаны бирге» -дейт. Ажыга баратканыбызда Кудайды унутуп салганыңызга күлкүм келди. Кудайым сактаса баарыбыз аман калабыз. Деңиздин ортосунда сүзүп баратабыз, кокус ажал жетсе эч кимибиз тирүү калбайбыз. Андан көрө убайым кылбай Кудайды оозаныңыз» -деп жооп берет. Көп өтпөй бороон токтоп чайпалган кеме жай сүзө баштайт. Байагы кемпир Ысактын жанына келип «Балам сага ыраазымын, жаш болсоң да мага акыл айтканыңа. Мен пендечилик кылып дат дей берген турбаймынбы» деп айтып дубасын берген экен. Ошентип, сапарчылар төрт ай сүзүп, андан соң мээ кайнаткан ысыкта чөл кемеси (төө үстүндөгү чатыр) астында төөгө минип жол азабын тартып, акыр ата бала самаган Меккеге жетиптир. Каарылык расмиси боюнча Ысак каары Мединадагы Мухаммед пайганбарыбыздын кабырына кирип, шамдан баштап, багымдатка чейин Курани Карим китебин карап коюп жатка айтып чыгыптыр. Ошентип, боз улан Ысак каары Мураттап деген наам алган экен. Анда поезд Андижан шаарына чейин каттачу. Ажыдан кайткан ата-бала таң жарыганда Андижан вокзалына жетиптир. Күтүп турган Жоош туугандары поезден ата-бала ажыларды көрүшүп, килем үстүнө олтургузуп, ак дасторкон жайып, даярдап койгон союшун тартышып, анан Ошко келип азыркы Кыргыз Чек айылына келгенде жолдо күтүп турган калайык эл ажы

сапарынан кайткан Мамат –мударис, Ысак каарыларды урмат сый менен тосуп, баскан жолдоруна тапканын төшөп, Жоош Арык боюна чейин келген экен.

Жаз чыгаары менен Мамат мударис өз оюн ишке ашырып, өзүнүн эсебинен айылга чоң мечит салдырып, ошол мечитте Камай-Жооштон тараган Кожояр, Балбык, Ороз, Чайиш аттуу уулдарынын урпактары беш убак намаз окуп эл ынтымактуу жашап мусулманчылыкка берилгендер мурдагыдан да көбөйүп, молдолор айылдан көп чыккан экен. Арадан жылдар өтүп казасы жетип Мамат мударис да тиги дүйнөгө аттаныптыр. Эл Ысак каарыны казылыкка көтөрүптүр. Андан соң колхоздоштуруу башталганда Ысак каары абамы казы болгон, дин кызматкерлери деп кээ бир активисттер куугунтукка алышат, ошонун себебинен Кашкарга качууга, туулган эли жерин таштап кетүүгө аргасыз болгон. Ал эми анын инилери Маткасым Бакир уулу Абдибаит түндөн-күндөн каары абамын үй-бүлөөсүн узатып Эркечтамга жеткиришет. Каары абамын Адыс, Айымча деген кыздары тестиер болуп, Инаят деген кызы чүргөктө экен. Кемпири Касиет Баит уулунун кайгылуу, суз жүзүнөн сүйүп. Бакир абам менен чоң атамын мүрүсүнөн сылап зыярат кылып коштошуптур. Чоң атам: «Каары, жакшы барың Кудайым насип этсе көрүшөбүз. Баиттен кабаатыр болбоң. Эгер кааласаңыз кошуп алып кетиңиз» -деп айтыптыр сүрдүү жүзү муңайып. Бакир абам олбурлуу бою менен каары абамы кучактап: «Каары аке аман болуң, не кылабыз мандайга жазганын көрөбүз да. Сизге бөтөн жердин топурагынан туз буйруган экен, кудайга аманат» - дептир үнү каргылдана. Баит акем каары абамы бекем кучактап, көздөрүнөн аккан жашты токтото албай: «Кары ата. Бир ооз жүр десеңиз эле кете берем, сизден ажырагым жок» дептир. Каары абам уулун бекем кучактап «Ыраазымын уулум. Кудайдын салганына тообо келтирели. Сени

бейтаныш жерге алып кетким келбейт. Сабыр кыл, кудаа калааса дагы көрүшөбүз» дептир кары абамын кара-тору жүзүн муң басып. Анан кемпирин ээрчитип, кыздарын жетелеп кете бериптир. Көрүнбөй калса да уулу Баит улам-улам артына карап аттын тизгинин тартып, көңүлсүз келе жатышыптыр. Бакир абам менен чоң атам жашык кишилер болбосо да, экөө үн катпай эки ойдо болуп сүйлөшпөй, бооруна бычак тийгендей ичтери тызылдап, кабактарына кар жаап, бир жак ыптасы эңшерилгендей аттарын ылдам бастырып, улуу тоолорду артка таштап чөлгө жетишиптир. Ысак каары абам Кашкарга өткөндө үй-бүлөөсү менен Улуу-Чатта жашашып, казыятта муфтий болуп иштептир. Чет жерде төрт жыл жашап кайтканда, Бакир абам менен чоң атам барып көздөн далдоо жашасын деп Оштогу таанышы Рахманкул деген каарынын үйүнө көчүрүп барышат. Ошол убакта белгилүү башкармалардын бири ыман –Жоош Тешебай Мусаев (Баштагы Калинин атындагы колхоз) өзү башкарган колхозго көчүрүп келишиптир. Ош шаарынын четиндеги мечитке имам болуп калыптыр. Бирок, көп өтпөй Кашкарга качып барган деген күнөө коюп түрмөгө түшүптүр. Ысак кары абамын илимин баалап, кошо жаткандар өтө сыйлап, түрмөдөн акталып чыгып, өз айылы Жоош–Арыкка келиптир. Бешенеге жазганын көрдүм деп өкмөткө деле нааразы болбоптур. Баягысындай беш убак намазын окуп, отуз күн орозо тутуп байбичеси Касиет энебиз согуш маалында, уулу Абдибаит жигит кезинде, тун кызы Адыс күйөөгө чыгып, бир кыздуу болгондо көз жумса да Айымча, Инаят, Райла атуу кыздардын эрежеге жеткирип күйөөгө узатып заман шары менен жашап, 1953-жылы күз айларында 83 жашында ааламдан өттү.

Асанбайдын урпактары

Асанбай аба Камай Жооштогу даңктуу байлардын бири болгон. Асан бай аба байлыкты акыл менен, сарамжал пайдаланган адам болгон дешет. Ошон үчүн жеке байлыгына да эл журтуна да сарасеп салып, замандын агымына карай турмуш кечирип өткөргөн экен. Көптөгөн өзбек, кыргыз, казак достору болгон дешет. Бир жолу Казак досу казакстанга ээрчитип барып, кампа толо буудайдын көрсөтүп, «Досум мына менин байлыгым, дыйканчылык өлбөс оокат, кой, мал жаныбар, бир кыштык жут» -деген экен. Ошондон келген соң казак досунун жүйөөлүү сөзү эсинен кетпей Өзбекстандын сулуу жерлеринен сатып алып, буудай, пахта эктирип, дыйканчылыктан түшүм ала баштаганда кеңеш өкмөтү курулуп кеткен экен. Асанбайдын, Маматкул. Кожобай, Пом, Раимжан, Ирап, Бегайим, Мырзаим. Маматкулдан Матисак, Уулбү, Үмүт, Өкүм, Зырапат. Матисактан – Токтосун, Кожобайдан Молдоысак, Эргеш, Саламат, Ганы. Молдоысактан– Абийбилла, Улукбек, Нурлан, Гүлай, Жериш, Фарида, Бурул, Алтын, Бактыгүл. Тентиден Адыл, Өмүрбек, Кожомберди, Ороз, Рустам, Дүйшөн, Акжол, Элмира, Эргештен, Баатыр, Бакыт, Айбек, Акыл, Асил Гүласыл, Гүлнара, Гүлзада. Помдон Рабы, Раимжандан Авазбек, Алымбек, Бердибек, Шарипа.

Асанбай урпактары негизинен өз Ата журту Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Мамажан айылында жашашат.

Орманбай урпактары

Бабан, Эргеш, Шакир, Култай.

1) Бабандын уул –кыздары: уулдары: Токтобай, Эсенбай кыздары: Анаш, Шарапат, Багдагүл, Антан, Кыны, Бөдөн.

2) Токтобайдын уулдары: Райимжан, Халил, Ибайдилла, Сабирдилла. Кыздары: Адалат, Канышай.

Эсенбайдын уулдары: Абилла, Хамид.

Кызы : Ырыс.

3) . Эргештин уул- кыздары:

Уулу Жолон. Кыздры: Таасин, Сара, Козу, Аккыз.

Жолондун уулдары: Жеңиш, Айипжан. Кыздары; Күкүш, Асилкан, Калыс.

4). Шакирден уул жок экен, жалгыз кызы болуп, андан Калы эжебиз экен. (Тургунбай агайдын аялы)

5) . Култайдын уул- кыздары:

Уулдары –Киман, Чөкө.

Кыздары, Бүкөн, Өмүра,Саламат, Карамат.


Кимандин уулдары: Маматиса, Абдысалам, Абдысатар Абдыкапар, Бакыт

Кыздары: Аширкан, Кайринса, Малике, Карачач, Кенже

Чөкөнүн уулдары : Абдирашид, Топчубай, Арапбай

Кыздары: Анар, Айчүрөк, Гүлайым, Чынар, Жыпар, Динар.

Култай балбан
(1989-1952-ж)



Ормон уулу Култай 1889-ж. туулуп, 1952-ж. каза тапкан. Ал төрт бир туугандарынын ичинен эң кичүүсү болгон. Агалары Эргеш, Шакир, Бабандар да мыкты чабендестер болушкан. Алардын ичинен эң күчтүү улак чапканы жана эңишмейге чыкканы Култай балбан болгон.

Култай 12 жашында бир чоң улакта катышып калат. Айтууларга караганда анда бир мейман аксакал киши улакты такымдап, басып алып атын чаап кетип жатканда Култай аты менен кууп жетип, улакты андан сууруп алат. Ушунчалык катуу күч менен тартып алгандыктан, аксакалдын аты мүдүрүлүп, үстүндөгү киши жерге кулап түшөт. Аны укkан атасы Ормон уулу Култайга: «Кой уулум андай аксакал- улакчылардан күчкө салып, улакты тартып албагын, сен али жаш баласың, элдин назарынан каласың,» -дептир. Ал эми эр жигит, күчкө толгон чагында ушунчалык улакты күчтүү чабат, Фергана өрөнүндө ага эч ким тең келбеген экен. Ошондуктан «Култай балбан» атка конуптур. 1947-ж. Октябрь революциясынын 30 жылдык марекесинде борборубуз Фурунзе (Бишкек) шаарында улуттук ат мелдештери өткөрүлөт.

Ошол мелдешке республикабыздын бардык областарынан улакчылар барышат. Ош областынан да улакчылар командасы барып, алардын эң аксакалы жана командасынын капитаны болуп Култай балбан барат. Натыйжада Ош оластынан барган команда I- орунду ээлейт жана алар ошол учурдагы Кыргыз ССРинин Министирлер советинин председатели Исках Разаковдун өз колунан баалуу сыйлыктарын алышат. Өкмөт тарабынан улакчылардын

ошол күнкү тартып алынган сүрөттөрү республикабыздын Эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө (ВДНХ- Выставка достижений народного хозяйства) жана тарых музейинде бир канча жыл сакалып турган.

Уулдары: Киман, Чөкө. Кыздары Өмүра, улуу Киман да ата жолун улап өмүрү өткөнчө улак чаап өтүү. Андан соң небереси Маматиса улантып келди.

Бердибеков Түркбай
(1898-1970)

«Тамагын тыйып, напсисин агытпаган жетекчи, көп жылдар. Эл менен иштеп чарба башкарат».

Т.Бердибеков.



Элдин ишенимине ээ болгон инсан он беш жылдан ашуун чарбанын башкармасынын төр агасы болуп иштеген. Республикага белгилүү жетекчи Түркбай Бердибеков 1898-жылы Жоош айылында дүйнөгө келген. Ата-энеден эрте ажырап жергиликтүү Калмурат байга, Борон бийге жаданып коюн баккан.

Совет бийлиги орной баштаганда Түркбай Бердибеков (кийин милициянынын генералы болгон) Эргеш Алиевдин ыктыярдуу отрядына кирип басмачылар менен салгылашкан. Түркстан аскер полкунда кызмат өтөгөн. Түркстандагы басмачыларды жоюу үчүн Кара-Кум чөлүндө эки жылдай согушкан.

1993-жылы колхоз уюшулганда биринчилерден болуп колхоздун мүчөлүгөнө өткөн. Көп өтпөй советтин жумушчуларды даярдоо курсунда Ош шаарында окуп, кедей-дыйкандар жана жумушчулар кошунун инструктору болуп иштейт. Кыргыз Наркомунун жер боюнча кызматчыларды даярдоо курсуна Фрунзе шаарына жөнөтөт.

Бүтүргөндөн кийин Араван району боюнча суу чарба бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат. Т. Бердибеков Мосвадагы И.В. Сталин атындагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунистик унверсететинде окуп калат. Бүткөн соң Араван Бура аймагында жайгашкан Лангар, Кызыл-Сарай, Төлөйкөндөгү «Уюшма» Исакеев атындагы «Агартуу», «Кызыл-Шарк», «Таракчы» айыл кеңештеринин төрөгасы болуп иштеген. 1942-1952- жылга чейин «Мамажан» «Каганович», «Победа» болуп өзгөргөн өзүнүн туулуп өскөн айылында ардегерликке чыкканга чейин башкарманын төрөгасы болуп өрнөктүү иштеп өттү. Т.Бердибеков Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Ардак Грамотасы, Улуу Ата-Мекендик согуш мезгилинде «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медаль менен сыйланат. 1992-жылы Жоош айыл Кеңешине Караштуу Мамажан айылындагы «Победа» орто мектебине жергиликтүү калктын өтүнүчүн райондук Кеңеш колдоп, Т.Бердибековдун ысымы мектепке ыйгарылды» Түркбай Бердибеков өмүрлүк жары Кыймат байбиче экөө Сатыбалды, Бекташ атуу уулду, Масуда деген кыздуу болушту. Кызы Масуда ааламдан өтсө да артында неберелери калды. Уулдары урпак, улап турмушта өз ордун таап жашоодо.



Бабанов Токтобай
(1903-1974)

1903-жылы Жоош арыктын боюнда жарыка келген. Жаштайынан атаэнеге боорукер, ини-эже карындаштарына каралашкан, чоң атасы Ормон байдын эркектен чоң небереси болгонуктан, чоң ата, чоң эненин тарбиясын көбүрөк алган экен, чоң энеси Жыга байбиче болгон, Кара-Эчки уругунун

кызы.

Арадан жылдар өтүп, бала көрбөй ажырашкан экен. Анжияндын үстүндө Булак-Баашы деген жерден. Али бийдин небересине Пайизканга үйлөнөт. Раимжан -уулу

Адалат –кызы, Калы –уулу

Үч баланын атасы 1947-жылы согуштан кайткан. Согуштун оор күндөрүнүн Россиядан баштап, Украина, Румыняда, Полшада, Чехияда, Словакияда, Венгрияда, Австрияда акыры Германияда болуп Берлинге жакын калганда чыгышта Япон урушу башталган. Япон урушунда Манжури, жеринде болуп, бериси орустун жери «Борз» дегенде жүрүп ошол жерден кайткан экен. Мына согуш да бүтүп, эл жерине келип, эмгек жолун баштайт. Көп өтпөй Маленков) азыркы Маданият айылындагы колхозго мал чарбасына ишке кирет.

1952-жылкы текшерүүдө колхоздун коюнун эки даана териси жетпей, малекеттин мыйзамына ылайык сегиз жыл эркинен ажырайт. Бир күнү төрт күнгө өтө турган шарты оор Сахалин жеринде мөөнөтүн өтөп келет. Тээке уруусунан Молдо Асандын кызы Миңайга үйлөнөт. Токолунан Ибайдилла, Сайдилла деген уулду, Канышай деген кыздуу болот. Токтобай абанын уул, кыз неберелери турмушта өз ордун тапкан.

Колхоздоштуруу

1930-жылы Жооштo колхоздоштуруу башталган. Алгачкы колхоз «Кеңеш» колхозу деп аталган. 1932-жылы Араван-Буура районунун аткаруу комитетинин төрагасы Мамажанов колхоздорду уюштуруп жүргөн убагы экен, Мамажанов Токо паңсаттын башчылыгындагы басмачыларга туш болуп, Мамажановго ок тийип каза болот. Ошондон көп өтпөй өкмөттүн чечими менен «Кеңеш» колхозу Мамажановдун ысымын алат. Кийин барып Мамажан колхозу аталып калган. Заман өзгөргөн сайын

Каганович «Победа» колхоздору деп өзгөрүлүп колхоз жоюлганда Кара Суу совхозунун 5-бөлүмү деп айтылып жүргөн. «Кеңеш», «Мамажан» Каганович «Победа» колхоздорунун башкармалары жана Айыл кеңешинин төрагалары.

Башкармалар:

Борбодоев Чоңмурун, Мусаев Рай, Арыкбаев Калыкул, Бердибеков Түркбай, Сапаров Мамыт, Кадыров Жалал.

Айылдык кеңештин төрөгалары

Абдуллаев Ормон, Оморов Досмат, Идиросова Кайры, Нуров Аманбай, Амадалиев Абдыбали, Жолдошов Сабир, Турдуматов Кадыр, Токтосунов Мамажан, Бекенов Абдилла. Булар эл башкарып, чарбаны жетектеп өтүшсө, көптөгөн карапайым эл колхозду алга жылдырууда согуш убагында, согуштан соң чарбаны калыбына келтирүүдө күжүрмөнчө эмгектенген үлгүлүү инсандарыбызды атай кетели. Садыков Нурунбай, Култаев Кара аял затынан чыккан Абдыкеева Кымбат, Эргешова Сара согуштун оор жылдарында трактор айдашкан. Садыкова Айгүл алдыңкы пахтакер Москва шаарындагы СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнө катышкан. Согуштан соң Айымча Салиева, Аккыз Эшбаевдер өз өмүрүн пахта талаасында өткөргөн. Жылкычы Эгембердиев Бекмырза бадачы, согуш Ветераны Садыков Төрө койчумандар Өмүралиев Асан, Тойчуев Эркебай, ферма башчылары Тургунов Баймырза, Сатыбаев Анарбайлар мал чарбасын алдыга жылдырууга өз үлүшүн кошкон.

Анарбаев Козу башкарманын орун басары, бригат болсо, Тургунбай Садыков согуш ардагери, Тилекеев Бекмырза, Борбодеев Осмон, Кадырбердиев Козулар пахта талаасында көп жылдар бригада башкарган экен.

Эгембердиев Сайдила бухгалтер катчылык милдетин аткарса, Бөдөнов Мырзакарим Айылдык кеңештин катчылык милдетин аткарган.

Калчаев Калкожо, Кадырбердиев Кочкор, согуш ардагерлери, Шамуратов Мамадали, Маманов Шами, Нарматов Жолдоштор колхоздун түрдүү иштеринде талыкпай иштешкен. Жээнбаев Бөдөн, Эшбаев Калмамат, Темир усталык иште жумуш аткарса, согуш ардагери Таникулов Сарытай, Эгембердиев Жээнбай араба айдаса, Арыкбаев Жүдөш мурап болуп, суу байлаган. Жутанов Акбий өсүмдүктөрдү зыянкечтердин сактоодо көп үлүш кошкон, согуш ардагери Токторбай Ташматов Жаркынбаев Абдилла почта кызматын аткарышкан. Жапаров Козу рефкомдун мүчөсү болуп тоок ферманы башкарса, Эгембердиев Мырзакул Кампачы, Токтобаев Эргеш казначы, Кожошов Дадан пахта алуунун жетекчиси, Жусупбеков Турап баш бухгалтер болуп иштеген. Алгачкы жолу машина келгенде Мамытов Абдыраим отурган. Кийин колхоз жоюларда колхозунда гана болчу. Анын шоферу Мамасалев Мойдун эле. Ушулардын бары СССРди курууда, сактап калууга үлүшүн кошкон инсандар.

Аманов Курбанбай
(1896 -1971)



Аманов Курманбай 1896-жылы Жоош айлында кедей дыйкан- дын Үй-бүлсүндө төрөлгөн. Ал жашы- нан эле түрдүү иштерде иштеген. 1930-жылы колхоздоштурууга активдүү катышып, айылда биринчилерден болуп комсомолго өтүп, элди колхозго кирүүгө үгүттөгөн. Мамажан колхозу курулгандан соң Аманов Курманбай мал-чарбада зоотехник, ферма башчысы болуп көп жылдар иштеген экен.

Уулу Ата Мекендик согуштан кийин пахта талаасында бригадыр болуп иштеп, айыл-чарбасына көп салым кошуптур. Кийин, тоок ферманы башкарып, жашы жеткенде ардактуу ардагерликке чыккан. Байбичеси Лайли эне экөө Быкы, Жумабай, Кенжебай, деген уулду Турдукан, Чолпон, Сүйүмкан деген кыздуу болушкан. Алар турмушта өз ордун тапкан. Шайыры, кудулу болбойт дегендей Кыргыз элинен чыккан Бекназар, Куйручук, Кочкорбай шум сыяктуу куудул болгон.

Курманбай абабыз да кудул болгондуктан аны эл Курманбай шайтан деп атачу. Убагында изилденбей көпчүлүк куудул сөздөрдү унутта калды.Ошентсе да эл оозунда айтылып калгандарын эске салалы.

Бир айыл калды

Согуштан кийин кеч күз экен. Элдин баары пахта талаасында пахта терип жүрүшкөн. Кошо жүргөн райондон келген уполномочен жигит:

- «Пахта теримге чыкпаган эч ким калбадыбы? Уполномочимдерден жадаган ababыз».

– «Бир айыл калды менин күчүм жетпеди үкөм» - дейт.Ошондо ачууланып: -«Мени ошол айылга тез алып барың», -деп экөө аттарын камчылап Жоош –Арыктын үстүнө барышыптыр. Ошондо ababыз: - «Мынабу айыл» деп көрүстөндү көрсөтүптүр.

Короздун жумурткасы эле

Анда шайтан ababыз тоок фермасынды иштечү экен. Айылдык кеңешке аныктама (справка) алганы барат. Катчы справка бербейт: -«Аба тукумду өзүңүз эле жей бербей, бизге да ала келиң, ошондо болот спаравка»,- дептир.

–«Анда сен спаравканы даярдап кой, эрте менен ала келем» -деп кетиптир. Эртеси үч төрт томолок ташты оромого түйүп келип: «Мына үкөм» дептир. Кийин жолуккан катчы: - «Аба тукум эмес таш го», - десе, анда мыйыгынан жылмайган ababыз: - Эй иним ал короздун тукуму болчу» - дептир.

Улуу Ата Мекендик согушта , Жоош айыл өкмөтүндөгү Мамажан айылынан согушта курман болгондордун тизмези

... Бул турмушта аталардын кеч келип,
Тээ батышта адам канын кечпедик.
Аа, аталар төрө элек биз үчүн,
Кала берди танка алдына тепселенип.
Т.Мамаев.

Артыков Кочкорбай, Артыков Адай, Артыков Рахман,Асикулов Жумаш, Абдиллаев Ажибай, Ажибаев Мамыт, Ашимов Сали, Айылчиев Мамажунус, Арапов Беки, Акчалов Садир, Алимбаев Арип, Акчалов Дудай, Артыков Аваз, Баймурзаев Тойгонбай, Бактыбаев Сулайман, Борбодаев Чоңмурун, Бекболотов Абдумамат, Дубашов Абдыразак, Жаркынбаев Дүйшөнбай, Закиров Бади,

Идрисов Али, Койчолов Мырзабек, Койчолов Жусупбек, Кожошбаев Панапбай, Кожошбаев Боронбай, Көчкөнбаев Түркбай, Курманбаев, Тойчу, Кулуев Апсамат, Муратов Мала, Мамытов Ысак, Маткеримов Жали, Мамаев Мамасали, Маткеримов Үсөнбай, Назибаев Абдилла, Назибаев Төрө, Назибаев Толубай, Нышанов Темирбай, Орозов Көчкөнбай, Осмонов Бакы, Оморов Мамажунус, Ормонов Анарбай, Рахманбердиев Расмибай, Сыдыев Закира,Сатиев Кокон, Сайназаров Тойчу, Сыдыков Ысмайыл, Сакыев Баргыбай, Сапаралиев Артык, Сатиев Абдыкадыр, Султанов Мамат, Таникулов Калбай, Тагаев Беки, Токтобаев Манаш, Тоголоков Чуке, Тосуматов Сали, Токтобаев Сапарбай, Турдуев Орозбай, Ташматов Курманбай, Шарипов Сатыбалды, Эшбаев Алмамат, Эгембердиев Абдыкадыр, Адылов Артыкбай.

Ата Журттун тузун аппак актады,
Ташка айланып калса дагы түнөгү.
Башты ийип таазим кылат адамзат,
Оту өчпөгөн шамга айланды түнөгү.
Автор



Аттокуров Быкыбай
(1919-2003)

Аттокуров Бакыбай 1919-жылы Жоош айылында орто дыйкан үйбүлөсүндө төрөлгөн. Мамажан колхозундагы «Жоош» мектебинин 7-классын жакшы бүтүрүп, комсомолго өткөн. Колхоздоштурууга өз салымын кошкондуктан 1939-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Ошол жылы аскерге чакырылган. 1939-жылдын акырында Фин согушуна катышкан. 1940-жылдын орто ченинде аскердик

топ Украин ССРиндеги Одесса шаарындагы бөлүккө көчүп келишкен. 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда Украинанын чек арасында болгон. Душман менен Ивановкада, Кавказда, Грозныйда, Красноярда, Одессада, Польшадагы беттешүүдө жоокер Быкыбай Аттокуров эрдик менен салгылашкан.

Кээ бир адамдын маңдайына эмне жазылса, ошону көрөт эмеспи. Даңктуу жоокер Аттокуров Быкыбайдын тагдыр жолунда жашчылыктын эң бактылуу доору согуш талаасында өтүптүр.

Жеңиш күнүн Польша менен Германиянын чек арасында тосту. Согуш бүтүп, жеңиш күнү өтсө да, согуштан кыйраган Берлин шаарын калыбына келтирүүдө күжүрмөн жоокерлердей өз салымын кошту.

1946-жылы жоокердик кызматтан бошоп, Ата журту Жоош айылына келди. Быкыбай Аттакуров тез эле эмгекке аралашып кетти. Мамажан колхозунда бригада башчысы, фермер башчысы, болуп иштеп Кара Суу софхозу болгондо да, пахта бригадир болуп пахта талаасында калбай иштеди.

1980-жылы ардактуу эс алууга чыкты. Согушта эрдик көрсөткөндүгү үчүн; «За боевой заслуга», «За оборону Кавказ», «Германияны жеңгендиги үчүн» медалдарга жана полк тарабынан берилген алкыштарга ээ болгон.

Өмүрлүк жолдошу Тургундан Кантөрө, Камбар, Адалат атту уулдары жана кыздуу болгон эле Бирок ал ааламдан өткөн сөң Барикан эжеге үйлөнгөн. Барикан эже нарисе балдарды өз энесиндей мээрим төгүп, тарбиялап эрежеге жеткирди.

Камбар көп жыл ички иштер кызматына иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

Кантөрө жашынан мугалимдик кесипти тандап, Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетин ийгиликтүү бүтүп, Крупская

атындагы орто мектепте жаш жеткинчектерге таасын тарбия, билим берип жүргөндө капыстан катуу ооруп, жаш эле өтүп кетти. Кантөрө өтө билимдүү өз адистигинин Кара Суу району боюнча устаты эле. Ал да ааламдан жаш өтсө да, бирге иштеген, бирге чоңойгон жана окуучуларынын эсинде мугалим катары өчпөс элес калды.



Арыкбаев Дөдү
(1912-2002)

Арыкбаев Дөдү 1912-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Колхоздоштуруу маалында өз үлүшүн кошкон. Мамажан колхозу уюшулган да көбүнчө мал чарбасында учетик болуп эмгектенген.

1944-жылдары Улуу Ата Мекендик согушка чакырылган. Май айларында 156-аткычтар полкунда кызмат өткөргөн. 1944-жылдары фашисттер менен болгон оор салгылашуулардын биринде жанына снаряд келип жарылып кантузия (баштан оор жаракат) алган. Госпиталда көп даарыланып 1945-жылы кыш айларында Ата Журтуна кайткан. Бирок башына тийген оскалканын запкысы көп иштөөгө тоскоолдук кылган. 1948-жылы Катта Талдык асыл тукум заводундагы ферма чарбасына жөнөкөй жумушчудан түрдүү кызматтарда үзүрлүү эмгектенди. 1967-жылы ардагерликке чыкты. Аткыч жоокер Арыкбаев Дөдү немецтик фашисттерди жеңгендигин 40 жылдыгына байланыштуу 1985- жылы «II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени» жана бир нече медалдар менен сыйланган. Арыкбаев Дөдү өмүрлүк жары Лайли байбиче экөө бактылуу өмүр сүрүшүп; Мамат, Маман, Малик, Максат деген уулдары жана Мөлмөл, Марал

деген кыздуу, көптөгөн неберелердин чоң ата, таятасы болду.



Досбаев Жоробай
(1923-1997)

Улуу Ата мекендик согуштун ардагери Жоробай Досбаев 1923-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ата-энесинен эрте айрылган.

1931-жылы Кара Суу районундагы жетим балдар үйүндө өкмөт тарабынан камкордукка алынып, 7 жылдык билим алган. 1938-жылы мектеп интернаттын жолдомосу менен «ШКМ» га мугалим болуп сабак берген. 1939-жылы орус тил курсун да окуйт. 1940- жылы Кызыл кошчу айылында мектепте орус тилинен сабак берген. Ушул эле жылы аймактык Кызыл бурч китепканасында иштеген. 1942-жылы Улуу Ата мекендик согушка чакырылган. Генерал Батукандин полкуна бөлүнүп Москванын алдына даярдыктан өткөн соң, Беларус аскердик округунда согушка кирип, Москвадан Курскийге чейинки аралыкка душмандардын мизин кайтарууга катышкан. 1944-жылы Курски шаарында болгон чоң кагылышууда оң бутунан жарат алып, госпиталга түшөт. Жараты ырбап оң бутунан ажырап элине кайтып келет. 1944-жылы Мамажан колхоздо учетчик болуп иштейт. 1979- жылы Ардактуу эс алууга чыккан. Жоробай Досбаев согуш майыбы болсо да өтө кайраттуу, коомдогу жат көрүнүштөргө мамлекеттин мүлкүнө суук колун салган жетекчилерге ар дайым каршы турган. Ошол үчүн эл алдына кадыр баркы бар болчу.

Жоробай аке өмүрлүк жолдошу Катича экөө Камчы,

Топчубай,Толубай, Кенжебай, Өктөм, Салия, Махбурат, Үлпат атуу уул кыздуу болушкан. Алар турмушта өз ордун таап урпак улантууда.



Жутанов Зулпукар
(1907-1992)

Ат үстүнөн түшпөй чарба үчүн жан күйгүзгөн, колхозду түптөгөн «Мамажан» колхозун түптөөдө чоң салым кошкон. Улуу Ата Мекендик согушта, айыл чарбасын калыбына келтирүүдө кажыбас кайрат менен башкарманын орун басары кызматын жетектөөдө мыкты үлгү көрсөтө алган согуш ардагери Зулпукар Жутанов эле.

Ал 1907-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жашында ата-энесинин колунда тарбияланып сабатсыздыгын жойгон. 1930-жылы колхоз уюшулган соң, колхоздоштууда түрдүү чарба иштеринде иштеген. КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согушка биринчилерден аттанат. Сталинградды коргоодо атчкычтар дивизиясында бир нече жолу согушка катышкан. Ошондой бетме-бет душман менен болгон салгылашууда 1943-жылы бутунан жарат алат. Госпиталга жатып айыккан соң согушууга жараксыз болгондуктан Ата - журтуна кайтат.

Мамжан колхозу ал убакта согуштун запкысынан экономикасы оор абалда эле.

Зулпукар Жутанов коммунист катары өзүнүн үлүшүн кошууга жараты толук айыга элек болсо да, белсенип ишке киришкен.

«Мамажан» колхозунда башкарманын орун басары кызматында чарбаны калыбына келтирүүгө түнү-күнү

колхозчуларга дем берип эмгектенди. 1958-жылы ардактуу эс алууга чыкты. Согуштан Сталинеградды коргогондугу үчүн медалдардын ээси болду. Чарбада күжүрмөн эмгегин баалап Кыргыз ССРинин Министирлер Советинин «Ардак граматасын» Ош шаарында өткөн пахтачылардын курултайында Т. Кулатов өз колу менен тапшырган. З. Жутаңов өмүрлүк жары Кайры байбиче экөө Максыт, Лутфилла, Аттокур аттуу уулдуу, Бүажар, Кыздаркан деген кыздуу болушту. Уулу Максыт Зулпукаров ата жолун улантып, мурунку Кыргызстан пахтачылык боюнча тажрыйба станциясында кырк жыл мал чарбасында зоотехник болуп иштеди.



Кадырбердиев Сайдахмат
(1921-1989)

Жашынан техникага кызык-кан, алгачкылардан болуп Жоош айлында он беш жашынан трактор айдаган согуш ардагери Кадырбердиев Сайдахмат 1921-жылы Жоош айылын- да орто –дыйкандын үй –бүлөсүндө төрөлгөн. Жашынан колхоздо трактор айдап талаада жаштык күндөрүндө эмгек менен өткөрүп жүрдү.

1940-жылы күз айларында жоокерлик кызматка чакырылган. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталган. Сайдахмат Кадырбердиевдин кыраакылыгын, ыкчамдыгын шамдагайлыгын байкашкан командирлер 699-аткычтар дивизиясына чалгынчы (разветчик) кызмат өтөөгө тапшырма берген.

Ал Москва алдынан Берлинге чейин күнү-түнү талбай чалгындоо кызматын кыраакылык менен аткарган.1945-жылы сентябрь айларында эсен аман Ата-Журтуна жеңиш

менен жоокердик милдетин аткарып кайткан. Көп өтпөй өзүн сүйгөн кесибин улантып, Кара Суу шаарын- дагы РТСте трактopис болуп иштеген. Кийин чарбалар ирилешип совхозго айланганда шартына байланыштуу Сайдахмат Кадырбердиев Кара-Суу совхозунун мал чарба фермасында малчы болуп эмгектенген. 1981-жылы ардакдуу эс алууга чыккан.

Согуштагы эрдиктери үчүн; «Участник отечественной войной II степень» ордени, «Ветеран труда» «Сорок лет победы в Великий Отечественной Войне 1941-1945 г.г.» медалдары менен сыйланган. Байбичеси Райла экөө Шүкүр, Дурус, атуу уул, Үмүт, Меңдайым деген кыздуу болушуп азыр алар турмушта өз ордун табышкан.

Маматов Бакир
(1900-1941)

Мамат мударистин эң кеже уулу Бакир Маматов 1900-жылы Жоош Арык боюнда дин кызматкеринин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Бакир жашынан ат үстүндө жүрүп чоңюптур. Ал бетке чаап сүйлөгөн адил кепти мансабына, байлыгына карабай коркпой тике айткан, ар намысту атул эле дешет. Бакир чабандес деп Адигине, Муңгушка гана эмес бүткөндөй Фергана өрөөнүнө белгилүү болгон экен.

Бакир Маматов колхоз убакта Мамажан колхозунда жылкычы, кийин бригадир болуп иштеген экен. 1937-жылы кээ бир активдердин карасанатайлыгынан репрессиянын курмандыгына чалыныптыр. Сот көп жылга эркинен ажыратып, Томск шаарындагы түрмөгө жөнөтүлгөн. Божомол боюнча согуш башталгандан ийин кат кабар келбей калган. Бакир Маматов Досбайдын Тукуш аттуу кызына үйлөнүп, андан Апыза, Адалат деген кыздуу болгон эле. Адалат эжем жыйырма жети Апыза эжем

алтымыш бир жашында каза тапкан. Уул кыздарды артына калды.



Мамасалиев Мойдун
(1910-1958)

Алгачкы айылдагы комсомол, шофер, мелиса болгон Мамасалиев Мойдун 1910-жылы Жоош Арык боюнда орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жашынан ата-энесинен айрылып чоң энесинин, абаларынын колунда тарбияланат жана арап арибин үйрөнөт. Эр жеткенде райондо алгачкылырдан болуп, шофедук кесипти бүтүрүп, машина айдап комсомолго өтөт. Көп өтпөй милициянын кызматына сунуш кылынат.

Кийин ооруп калып иштебей калат. 1956-1957-жылдарды «Победа» колхозунда башкарманын жеңил машинасына шофер болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеген.

Нурдин , Асыл деген уул – кызы бойго жеткенде каза болуптур.

Жубайы Мамытова Суксур айылда китепканачы болуп иштеп өткөн.

Маткасымов Абдыбап
(1907-1970)



Адилет эл үчүн иштеген коммунистер репрессиянын жана согуштун курмандыктары болушту. Азыр таза коммунист чанда калды.

Алар калбай калганда советтик түзүлүш. Коркунучта калат: Себеби келечектеги Коммунисттер өз кардын ойлогон, бийликке умтулган мансапкорлор легионуна айланып баратат. Маткасымов Абдыбап эски комунист жетекчиси.

А. Маткасымов 1907-жылы Жоош-Арык айылында орто дыйкандын үйбүлөсүндө төрөлгөн. Абдыбап Маткасымовдун үйбүлөсү диний чөйрө болгондуктан, ал алты-жети жашынан баштап, абасы Ысак каарыдан арап тилин өздөштүрүүнү үйрөнгөн. А. Маткасымов Совет Мамлекетинин алгачкы жылдарында арап арифин билгендиктен сабатын жойгон. Ошонун натыйжасында 1931-1934-жылдарыга чейин Жоош айылдык кеңешиндеги «Мамажан», «Маданият» колхоздорунда бугалтер болуп иштеген. 1934-жылы Фурунзе (Бишкек) шаарын да барып эки жылдык КРУ же ревизорлорду даярдоо курсун артыкчылык диплом менен бүтүп келген. Алгачкы жолу Кара Суу шаарындагы райондогу башкы инспектор болуп иштеп, андан кийин кайрадан окууга жөнөтүлгөн. 1939-жылы окууну аяктап контрелерревизор адистигине ээ болгон. 1939-1940-жылдарга чейин Алай, Гүлчө район дорунда ревизорлорду көзөмөлдөө тобунун башчысы, андан соң Баткен, Ноокат райондорунда финансы бөлүмүнүн башчысы 1941-жылдын аягына чейин Ош облустук элдик көзөмлдөө бөлүмүндө төраганын орун басары кызматын- да иштеген.

1942-жылдан Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, алгач Рыбин, Москва шаарларын коргоого катышып, төрт айлык чалгынчыларды даярдоо окуу жайында окуган,

көп өтпөй Авиациялык чалгындоо штабында катчылык кызматка өткөн. 1945-жылга чейин Польшада, акырында Берлинде иштеп 1945- жылдын аягында Ата -Журтуна жеңиш менен кайткан. Абдыбап Маткасымов чалгындоо бөлүмүндө мамлекеттик сырды бекем сактап, адилет кызмат кылгандыгы үчүн, генарал лейтанант Телегин тарабынан «Ардак грамота» жана алып жүрүү үчүн тапанчага руксат берилген. Ошондой эле «Берлинди алгандыгы үчүн», «Германияны женгендиги үчүн», медалдарды менен сыйланган.

Абдыбап Маткасымов 1946-жылдан «Маданият» колхозунун башкармасынын төрөгасы болуп 1953-жылга чейин үзүрлүү иштеген. Ал ошол кезде Кара Суу райондук партиялык комитетинин кеңешчиси болгон. Ошол учурдагы жаңы өсүп келе жаткан кадрлар Алибай Сатибаев, Аван Раимбердиев, Сыдык Жолдошев, Касым Жусупов, Төлөн Кулбаев сыяктуу жергиликтүү кадрларды чарбалык жана партиялык кызматка көтөрүүдө райондук партия комитетине өзүнүн сунушун киргизген. Көрсөткөн кадрлары адилет тандалгандыктан өмүр бою чарбалык жана партиялык кызматтарда райондук жана областтык деңгээлде татыктуу иштеп өтүштү.

1945-жылдан баштап 1960-жылга чейин «Мамажан» колхозунун бухгалтери жана баш бухгалтердик кызматтарында иштеген. 1960-жылдан өзүнүн туулуп өскөн айылы Мамажанга байланыш бөлүмүн ачууга далалттанып, 1961-жылы мээнети текке кетпей айылга почта бөлүмү ачылып, ага өзү башчы болуп дайындалып, өмүрүнүн аягына 1970-жылга чейин иштеген.

А. Маткасымов түрдүү улуттар менен достук мамиледе болгон. Ошон үчүн ал көптөгөн улуттар менен карым-катнашта болгон. Көп жыл Кара Суу районунда Аскер комиссариятынын башчысы В.И. Зиненко менен дос болгон. Ошондой эле согуштан мурун бирге окуган,

Кыргызстандын өкмөт башчысы кийин соода министири болуп өткөн Абды Сүйөркулов менен дос болгон. Ал Абдыбап Маткасымовду такшалган, убагында республикалык деңгээлдеги финансист катары жогору баалаган.

А . Маткасымов айкөл, боорукер, ата-энеге, тууган-уругуна, эл жерине берилген инсан болгон. Ал кандай адилетсиз иштерге тике туруп, кошоматчыларды, элдин акысын жеген жетекчилерди жек көргөн? Өзүнчө дайындалган кайсы кызматта болбосун, жоопкерчилик менен иштеп, ишин так аткарып эл алдынада жүзү жарык болуп келген. Ал Европанын маданиятын өзүнө сиңирип, жакшы жактарын үйрөнгөн. Арап, латын алфавитинде жазып, орус тилин өтө терең өздөштүрүп, эркин сүйлөп жаза алган. Комуз күүлөрүн чертип, согуш мезгилинде андан чоң поэзия түрмөктөрүн жазган. Ал негизинен Ислам динин бекем тутуп, Кудайга ыйман келтирген, өмүрүнүн аягына чейин Алла Тааланын парздарын так аткарган, чынчыл таза, адамгерчиликтүү инсан болгон.

Өмүрлүк жары Айткан байбийчеси экөө Баткенбай, Амангелди (автор) аттуу уулду болушкан. Тилекке каршы чоң уулу Баткенбай Фрунзедеги политехнткалык институтту бүтөөрдө катуу ооруп каза тапкан.



Маткеримов Камил
(1906-1982)

Маткеримов Камил 1906-жылы Жоош айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы оокатуу үй бүлө болгондуктан, баласы Камил- ди айылдык молдого окуткан. Кийин Советтер Союзу курулганда сабатын жойгон. Согушка чейин «Кеңеш», «Мамажан» колхозунун эсеп-кысап иштерине аралашып иштеп жүргөн.

1942-жылы Улуу Ата Мекендик согушка чакырылат. 1943-жылы Аткычтар дивизияынын катардагы жоокери Камил Маткеримов Ленинградды короого катышат. Коргоонун (Блокаданын) оор жылдарына түнү окопто кадимкидей кайтарууда турганда капысынан снаряд жарылып колунан оор жарат алып, кар үстүнө эс-учун жоготуп тан атканча жатып калат. Эртеси госпиталга алып барып жаткырышып, колун узаак мөөнөт дарылашат.

1944-жылы айыккан соң Ата-журтуна кайтат. Көп өтпөй колунан майыптыгына карабай Мамажан колхозунда көптөгөн күч ишин аткарган. Кийин колхоз жоюлганга чейин мал чарбасында бадачы болуп иштеген. Андан соң «Пахтачы» рапкобунда 1967-жылга чейин үзүрлүү эмгектенип ардактуу эс алууга чыккан. Маткеримов Камил «СССРдин Куралдуу күчүнүн 60 жылдык», «Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 20 жылдыгы» медалдарды Кыргыз ССР Аскер Комиссары генерал-майор И.Гутарев өзү тапшырган.

Кыргыз ССРинин Аскер Комиссариятынын саясий бөлүмүнүн башчысы полковник Б. Веприов тарабынан 1980-жылы 9-майга карата «Алкыш баракчасы» менен сыйланган.

Маткеримов Камил өмүрлүк жолдошу Таасил байбиче экөө Жакшыбай, Жаңыбай атуу уулдарды, Насипа, Мөлмөл, Жамила деген кыздырды тарбиялап, өстүрүп турмушта өз ордун табууга ата-эне катары көмөктөштү.



Матаев Жусуп
(1905-1968)

Матаев Жусуп 1905-жылы Жоош айылында кедей-дыйкандын үйбүлөсүндө төрөлгөн. 1930-жылы колхоз курулганда мүчө болуп кирет. Колхоздун түрдүү иштеринде үзүрлүү эмгектенет.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып, кеч күздө мекенди коргоо үчүн аттанат. Согушта 158-аткычтар полкунда кызмат өтөгөн. 1942-жылы Москва алдындагы кандуу оор салгылашууда сол колунан жарат алып, госпиталга жатып дарыланат.

Айыгып чыккан соң Ата журтуна кайтат. Көп өтпөй чарба ишине аралашат. Жусуп Матаев Мамажан колхозундагы эң оор жумуш болгон мурап ишин колго алган. Колхоздун жерин сугаруу пахта талаасына суу жеткирүү өтө жооптуу иш Ош шаарындагы Ак-Буура четинен бурулчу кыр-арыкка күнүнө бир нече жолу аттуу суу бойлоп, өмүрүн өткөрдү. Ошол кесип менен ардагерликке сыйлуу чыкты.

Эмгеги текке кеткен жок. Суу чарбада, айыл чарбасындагы эмгеги бааланып, Пахтачылык боюнча СССРдин Министирлиги тарабынан «Пахтачылык боюнча Социалисттик мелдештин жеңичүүсү» – деген значок менен сыйланган (Отличник социалистического

соревнования по хлопководству). Матаев Жусуп өмүрлүк жары Газбу байбичеэкөө Зали, Орозбай, Жумабек деген уул Раат аттуу кыздуу болот. Газбү эже ааламдан өткөн соң, Үзүра деген эжеге үйлөнүп, андан Султан деген уул, Сырга, Мастүра деген кыздуу болот.

Алар азыр турмушта өз ордун таап, кесип ээлери болушуп уул-кыздарды тарбиялап өстүрүп жатышат.



Матаипов Дурсунали
(1910-1977)

Матаипов Дурсунали 1910-жылы Жоош айлында кедей-дыйкандын үйбүлөсүндө төрөлгөн. 1930-жылы колхоздоштуруу башталганда активдүү мүчө болуп колхозго кирген. Матаипов Дурсунали колхоздун түрдүү иштеринде кайраттуу иштеген. 1941-жылы кандуу согуш башталып, алгачкылардан болуп Советтик армиянын катарына чакырылат. Көп өтпөй Ленинград шаарына коргоого катышат. Курчоодо калган шаарды коргоодо душмандар менен салгылашып, эки жолу жеңил жарат алган.

Согуштан аман-эсен кайткан Дурсуналы Матаипов Ата-журтуна келген соң өзү иштеген Мамжан колхозуна бригадир болуп шайланат. Согуштан кийинки чарбаны оңдоо оңойго турган эмес. Чарбаны жандандырууда, пахтанын сырын терең билген дыйкан болгондуктан көп өтпөй бригада алдыга чыгып түшүм жылдан-жылга көбөйө берди. Ардактуу эс алууга чыкканга чейин бригадир болуп үзүрлүү эмгектенди. Дурсуналы аба райондук пахтачылардын курултайында, майрамдарда күрөшкө түшүп, Мамажан колхозу гана эмес Жоош айыл кеңештин намысын коргоп, көп жолу мөөрөй алган.

Матаипов Дурсунали бир нече медал менен сыйланган.

Өмүрлүк жубайы Кундуз байбиче экөө Абдималик, Анарбай, Орунбай, Олжобай, Белек атуу уул, Айжан, Сонаим,Төраим, Нурийла, Гүлипа, Бүмайра, Бүсайра, Зарипа сындуу кыздарды тарбиялап, өстүрдү. Ар бири турмуш ордун таап түрдүү кесип ээлери болушту.



Муратов Козубай
(1914-1992)

Муратов Козубай 1914-жылы Ош шаарында туулган. Кийинчеерек колхоз-совхоз уюштурулган мезгилде ата-энесинин туугандарынын жанына Мамажан колхозуна (азыркы Жоош айыл өкмөтү Мамажан айылы) көчүп келип олтуруп калышкан. 1920-жылы атасы Мурат сабатуу адам болгон, уулу Козубайды 7 жылдык медресеге тапшыртат, арап алфавитин окутат. Кийин мектепке барып окуган.

1931-жылы Жалал-Абаддагы пед техникумга окууга кирген, шартка байланыштуу ал окуу жайды толук бүткөн эмес.

Ошол эле 1931-жылы Ошто ачылган шофердук курсту бүтүрүп Памир Автоууналар башкармалыгынын автобазасына (Памирское автотранспортное управление – ПАТУ) ишке кирет.

Муратов К 1942-жылдан 1944-жылга чейин Улуу-Ата-Мекендик согушка катышкан. 60-аткычтар полкунда аткыч (стрелок) болгон. Оор жарадар болуп согуштан келген.

Согуш мезгилинде «За боевые заслуги», «За победу под Германии» медалдарды жана И.В. Сталиндин колу коюлган ардак грамота менен сыйланган.

Согуштан келгенден кийин кайрадан ПАТУга жумушка кирген, өзүнүн айдоочулук кесибин уланткан. 1977-жылы 63 жашка чыкканда пенсияга чыккан. ПАТУда 43 жыл үзүрлү эмгектенген.

1947-жылдан баштап КПССтин мүчөсү болгон.

СССР Жогорку советинин указы менен 6-декабрь 1947-жылы «За боевые заслуги» медали менен сыйланган.

Тажик ССРинин министерствосунун автотранспортунун отличниги төш белгиси менен 1951-жылы 23-апрелде сыйланган.

Тажик ССРинин Жогорку советинин президумунун чечими менен Тажик ССРинин автотранспортуна эмгек сиңирген айдоочу деген ардактуу наамга 18-август 1965-жылы ээ болгон. 11- сентябрда СССР Жогорку Советинин президумунун указы менен «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган.

СССР Жогорку советинин президумунун указы менен 1941-1945 Улуу Ата- Мекендик согушка катышкан эрдиги үчүн, согушту жеңдендигинин 40 жылдыгына карата 1985-жылы 14-мартта I-даража-дагы Ата-Мекендик согуштун катышуучусу ордени менен сыйланган.

Ош Пирим, Ош Алай жолдору өз мезгилинде катал болгондугун билесиздер. Муратов К. тажрыйбалуу шофер, ПАТУ да ардак тактага сүрөтү илинген инсан коммунист айдоочу үлгүлүү кесип ээси катары бааланган.

Ушундай эмгектери эске алынган Муратов.К жөнүндө 1958-жылы кыргыз фильм студиясы «В снегах Алая» аттуу көркөм метражду даректүү кино тартылган. Кыргыз телестудиясынын алтын фондусунда сакталып телевизордон көрсөтүлүп жүрөт.

Иштеген мекеме тарабынан 15 тен ашык баалуу сыйлыктар, алкыштар жана мактоо баракгары менен сыйланган. Пенсияга чыкканда Москвич маркасында автоунаа менен сыйланган.

Жолдош Муратов.К динди таза кармаган, өмүр бою 5 убак намазды окуган таза инсан болгон. Пенсияга чыкканда айылдагы жаштарга араб алфавитинде намаз окуганды үйрөткөн, айылдагы молдо катары урмат сыйга ээ болгон кадырлуу инсан эле.

Байбичеси Исакова Айымча менен 2 уул, 7 кызды тарбиялап өстүрүшкөн.

1992-жылы катуу оорудан кийин 78 жашында дүйнөдөн кайткан. Уулу Абдилазистин кесиби инжинер, көп жыл Өзгөчө кырдалдар бөлүмүндө иштеп ардагерликке чыкты. Абдимажит экономис, кызы Мубарак мугалимдик кесипте иштеп ардагерликке чыккан. Разия дарыгер, Замира медайым Мамажан айлындагы ФАПты жетектейт. Зарипа энергетик Ош ГЭЦте иштесе Батма – Зуура жана Манзура атуу кыздары түрдүү кесипте иштешет.



Султанов Баймурат (1905-1979)

Баймурат Султанов 1905-жылы Араван районуна караштуу «Чөгөм» айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жаштыгы жаратылышы кооз шаркырап аккан «Чөгөм» дарыясынын боюнда өттү. Жашынан сабатсыздыгын жойду. Эр жеткенде айылындагы дүкөндө иштеди. Айылнан күнүмдүк керекте-лүүчү товарларды азык-түлүктөрдү элге жеткирип туруу үчүн Араван районунун борборунан, Ош шаарынан Төөгө,

атка жүктөп түндөп-күндөп ташып турган. Ошентип эл кызматын аткарып жүргөндө 1941-жылы Ата Мекендик согуш башталып, аскерге чакыртылган. Алгач Москва жанында андан соң Курскийдеги аяоосуз салгылашууга катышат. Аткычтар дивизиясында кызмат өтөгөн. Баймурат Султанов жашынан мергенчиликке кызыгып тоолордогу жырткыч айбандарга кайберендерге мергенчилик кылуучу. Ошон үчүн аткычтар полкунун таанымал снайпери болчу.

Бир жолу посто турганда душмандын самалету бомбалооого өткөндө снайпери менен мээлеп аткандан самалет өртөөнүп түшкөн экен. Полкто мыкты снайперчи катары алкыш алып орденге көрсөтүлүптүр.

1943-жылы Белграддагы фашистер менен кармашта жанына снаряд жарылып, оң жак далысына чачырандылары тийип, оор жаракат алып, Белград госпиталында жатып айыгып чыгат. 1943-жылдын кеч күзүндө Ата-журту Чөгөм айылына кайтат.

1949-жылдан баштап, Тоолуу аймактагы айылдарды Карасуу району сыяктуу дыйканчылык өнүккөн райондорго жумушчу күчү жетишпегендиктен көчүрөлөт. Баймурат Султанов үй–бүлөсү туугаан уруктары менен «Мамажан» колхозунда жашапкалышат. Жөндөмүнө жараша колхоздо курулуш башталгандыктан, бригадир кийин пророп болуп иштейт. Колхоз жоюлуп «Кара Суу» совхозуна айланганда, бешинчи бөлүмдө 1965-жылга чейин ардактуу эс алууга, чыкканча Жибек Курт өстүрүү боюнча бригадир болуп иштеген.

Баймурат Султанов өз үй-бүлөсүн гана эмес, элди ыймандуулукка чакырып айылдын имамы болгон.

Өмүрлүк жубайы Мисират байбиче экөө, Адамбай, Салибай, Мамашарип, Мамасейит, Садирдин аттуу уулдар жана Тотуниса деген кызды өстүрүшүп эресеге жеткиришет. Адамбай менен Садирдин ата жолун улантып

мусулманчылкка ыклас коюшса, Садирдин областындагы казыятта орун басары болуп иштөөдө.

Саткулов Тагай Саткулович
(1921-2005-жж)

1921-жылы Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүндөгү Кызыл Сарай айылында туулган. Атасы Саткул Сарай уруусунан чыккан Кулбай ажынын небереси, колунда бар адам болгон. Апасы Аний эне колунан көөрү төгүлгөн аял затына керектүү баардык сапатка ээ уузчебер, көрктүү аял болгон. Апасы, Тагай ава 4 жашында эле каза болуп калат. Саткулов Тагай 4-класска чейин гана окуган. 13-жашында аябай каттуу узакка ооруп калып, Мадыда дарыланат. Оорусунан айыккан сон колхоздо жумушчу, пахта учётчик болуп эмгектенет. Улуу ата-Мекендик согуш башталганда жалпысынан Кызыл-Сарай айылынан 55 адам согушка кеткен. Көпчүлүк катары 1942-жылдын эрте жаз айларында 21-жашында Тагай ава да согушка аттанат. Саткулов Тагай согушка 4 ай даярдоо курсунда окуп, орус тилин бир аз болсо да өздөштүрүп, андан кийин согушка жөнөтүлгөн. 1942-жылы Калининградды бошотууга согушка катышат. Согушта племотчик болгон. Анда күн-түндөп немецтер менен атышып, согуш токтогондо өлгөн жоокерлердин документтерин топтоп өздөрүн болсо көмүшкөн экен. Калининградагы согушта оң бутуна ок тийип госпиалда дарыланат, бир аз жараты айыккандан кийин, талаада иштөөгө мүмкүн болгон солдаттарды эрте жазда орустардын айылдарында аялдар жана жаш балдарга жардам берүүгө жөнөтөт. Талаада иштегенде жылкы, унаа жок болгондуктан өзү жылкынын ордуна кошту тартып, орус аял кошту кармап жер айдап капуста жер-жемиш эгишет. Айылда орус аялдар жарадар жоокерлер, жаш балдар гана болгон. Бутун биротоло толук айыга элек

учурда кайрадан согушка чакыртылат. Согуш талаасында 1943-жылдын жай айларында көзүнөн жарат алып бир көзүнөн ажырайт. Көзүнө осколька киргенин байкабай ураа деп алдыга бара жатып эстен таанып жыгылат. Көздөн аккан канды жутуп болгон күчүнүн барынча атышат. Өзүнө келгенде госпиталда жаткан болот, оозуна чүпүрөк тыгып колу бутун байлап наркоз бербей көзүндөгү оскольконы чукуп алып таштайт. Ага операция жасаган адам еврей улутундагы врач болгон. Ал жарадар болгон көз биротолло солуп калгандыгын айтып, бир көзүн алып салып даарылайт. Кайрадан согушка жарабайт деп госпиталда айыккыча жатып 1943-жылы күз айларында өз мекенине кайтып келет. Өзүнүн колхозунда арабакеч, пахтада биргадир, кийинчерек мал чарбасында 30 жыл биргад жана малчы болуп эмгектенет. Саткулов Тагай жубайы Аманбаева Шарапат экөө 8-кыздуу, 4-уулду болот. Бирок анын 3 кыз 1уулу гана аман калат. Согуштагы эрдиги жана тылдагы эмгеги үчүн бир нече ордендер, медалдар менен сыйланган. 2005-жылы 7-майда каза болгон. 2006 жылы Кызыл Сарай айылынын жашоочуларынын, кошуналары, туугандарынын демилгеси менен өзү жашаган көчөгө атын койгон. Азыр Саткулов Тагай атындагы көчө деп аталган. Артында 3 кызы 1 уулу, 25 небереси, 35 чебереси, 4 кыбырасы сыймыктануу менен чогу атасы СаткуловТагайды эскерип турушат. Уулу Саткулов Таалай Тагаевич Ош мамлекеттик социалдык университетте Табийгый техникалык болүмдүн башчысы, КРдин билим берүүсүнүн мыктысы.



Сулайманов Тойчу
(1921-1987)

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Сулайманов Тойчу 1921-жылы Жоош айлында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Ал эми гана чоңоюп ата-энесинин кызматына жараарда, балтыр эти толо электе, 1939-жылы кеч күздө жоокердик кызматка чакырылат.

Атчандар полкунда кызмат өтөп, фин согушуна катышып зор эрдиктерди көрсөтөт.

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып, Парибалтикадагы полкко которулат. Замбиректи атуучу тобуна катышып, гитлердик баскынчылар менен салгылашат. Ошондой душман менен бетме-бет келип өтө каардуу ырайымсыз кармашууда снаряддын жарылуусу -нан башынан оор жараат алып 1944-жылы май айларында Польшанын чек арасында госпиталга дарылануга жатат. 1945-жылы айыгып Ата журтуна эсен-аман кайтат.

Көп өтпөй оорусунан биротоло жакшыболуп кеткен соң Кызыл-Кыя шаарындагы көмүр кенине ишке кирип шахтер болуп иштеп калат.

Ошол жерден үйлөнүп 1946-жылы уулдуу болуп атын Болушбек коет. Үй шартына байланыштуу кайра элижерине кайтат.

Трактористтик кесипке ээ болуп, ошол кездеги жаңы башталган Отуз-Адыр каналын казууда катышып, булдузор айдап арык казат.

Согуштан кийинки айыл чарбасын калыбына келтирүүдө көптөгөн советтин эмгекчилердей өз үлүшүн кошуп, Отуз Адыр совхозунун айыл чарбасынын түрдүү тармагында үзүрлүү эмгектенип, 1981-жылы ардактуу эс алууга чыгат.

Зениттик Артилериялак полкто аткыч катары «Берлинди жеңгендиги үчүн», «Берлинди алгандыгы үчүн» медалдары менен сыйланган.

Өмүрлүк жары Салтанат экөө Болуш деген уулдуу, Гүлшайыр аттуу кыздуу болушкан. Болуш да ата ордун басып кыз чыгарып уул үйлөп, чоң ата, таята болуп калды.

Токтосунов Мамажан
(1924)



Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары бүгүн биз үчүн таберик. Себеби согуш ардагери күн өткөн сайын саналуу гана калууда.

Сакадай боюу бар, терең оюу бар акыл эси жаштардыкындай зирек, тетик аксакалдардын бири эл ардактаган согуш ардагери Мамажан Токтосунов. Ал 1924-жылы Маданият айлын –да кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. (ШКМ) Школа крестьянской молодежи Кара Суу районундагы жалгыз орто мектеп болгон, ошону 1941-жылы 7-классын бүтүргөн. 1941-1942-жылдары маданият колхозунда катчы болуп иштеген. 1942-жылы аскерге чакырылат. Алгачкы жолу Орлов, Курский, Белград, Харков шаарындагы гитлердик баскынчылар менен оор салгылашууга катышат. 101-стрелковый полкто катардагы аткыч жоокер болгон. 1943-жылдын август айларында Харьков шаарын коргоодо баатырларча салгылашууда бутунан жарат алат. Ульянов шаарындагы госпиталга жатып дарыланат. 1944-жылы согушка жараксыз деп Ата Журтуна кайтат. 1944-жылы Маданият колхоздо катчы,көп өтпөй Мамажан колхозго Жоош айылдык Кеңештик төрагасы болуп шайланат. Кеңештин төрөгасы катары ардактуу 1957-жылга чейин иштейт. 1957-жыл-

дын Мамажан колхозундагы мал чарбада ферманын орун басары, пахта заводдо бухгалтер, 1974-жылы «Пахтачы» РАПкобундо бухгалтер, 1974-жылдын ардактуу эс алууга чыкканча СППУ № 59 май куйуучу (заправшик) кызматты аткарды. Согуштагы эрдиги үчүн «Отечесвенная война война I степени» ордени, 14 медаль менен сыйланган. Мамажан аке байбичеси Орозкан экөө Ооган- бай, Тынчтык, Жаңыбай, Жумабай деген уулдардын, Арзикан, Анар, Жумагүл, Зулайка, Тажикан, Майрам атуу кыздуу болушуп, жүздөн ашуун небере көрүштү.



Самидинов Мырза (1924-1982)

Самидин Мырза 1924-жылы 15-мартта Ош области, Кара Суу району Жоош айылында туулган.

1931-жылы 1-сентябрда Жоош айылдык мектепке 1-класска барган. 1938-жылы 7-классты бүтүргөндөн кийин айылда табелчи болуп иштеп баштаган. 1940-жылы 27-мартта Комсомолго мүчө болгон. 1942-жылы 6-сентябрда Улуу Ата-Мекендик согушка жөнөгөн. №5 минементтик батальондун 1-ротасында автоматчик №1033 Сибирдик Полктун составында 1943-жылдын октябрында 36-мотострелковый бригаданын составындагы танковый взводдо пулеметчик болуп Запорежье шаарында согушка кирген, ошол жылы 26-октябрда катуу жарадар болуп өзүн билбей калган, кийин Эвако -№1451 Госпиталда өзүнө келген 1944-жыдын 26-майына чейин Кутаиси госпиталында жатып, согушка жараксыз болуп үйгө кайткан. Андан кийин 1947-жылга чейин Жоош сельсоветинде катчы болуп иштеп, Кийин Кызыл Сууга Эркин-Тоо мектебин уюштуруп мугалим жана зав.Школа болуп 1955-жылга чейин иштеген. Бул

жылдардын арасында 1951-жылдан 1955-жылга чейин Андижандагы Педучилищанын сырткы бөлүмүн бүтүп, Башталгыч класстын мугалими адистигин алган.

1-сентябрь 1955-жылдан Өзбекстандын Ворошилов районундагы №16 Калинин атындагы мектепте «Зав школа» болуп иштеген. 1957-жылы Андижандагы пед институт ка кирип, аны 1962 -жылы бүтүргөн.

1959-1964- жылдары Фрунзе атындагы азыркы Андижан области Коргон Төбө районундагы Токтогул айылына караштуу мектепте Кыргыз тил жана адабияты мугалим болуп иштеген. Андан кийин 1964-жылдан 1990-жылга Ош области Карасуу району Отуз Адыр айылындагы Н.К.Крупская атындагы орто мектебинде Башталгыч класстарда Өзбек тили жана адабияты сабагын окуткан.

1971-жылдан 1976-жылга чейин зав. УКП болуп иштеген. 1985-жылы 15-мартта пенсияга чыккан.


Мырзанын алган ордендери:

1. Отечественной войны III степени № 1569231
2. Отечественной войны II степени Ж №23448

Медалдары:

1. «Двадцать лет победы» 1941-1945 г 1965-год
2.«ПобедительСоциалистического ревнования» 1975 года
3. « Тридацать лет победы» - 1941-1945 г -1975г.
4. «60 Вооруженных Сил СССР» -1978Г
5.«Ветеран труда» -1984г
6.« Сорок лет победы» -1985г
7.«70 лет Вооруженных Сил СССР» -1988г
8.« 50лет победы» 1995 г

Карыя мугалим үч уулун байбичеси Сабира экөө жогорку билимдүү болууга шарт түзүп берди. Абдыманап мугалим, Адрашит инженер –энергетик Гулям электирик шофер.



Шааболотов Болуш (1907-1980)

Тагдыр буйруп, туз насип этип, жаштык өмүрүн Жалалабад чөлкөмүн - дө кызмат өтөгөн инсан согуш ардагери Болуш Шааболотов 1907-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлө-сүндө төрөлгөн. Атасы Мамыт уулу Шааболот соода-сатык менен жүргөн орто чарбалуу адам болгон.

Атасы дестияр болгондо ааламдан өтүптүр. Апасы Арзибек кенже уулу, Болушту айылдагы молдого окутуп сабатсыздыкты жоюу кыймылы башталганда, Көк Жаңгак «Ликбез» кружогуна кирип, жаңы арип таанып, окуп жазууну үйрөнөт. 1929-жылы жаш жигитти айылдык ячейканын жолдонмосу менен Жалал Абад Губкому Ош шаарындагы жаңыдан ачылган мугалимдерди даярдоо институтуна жөнөтөт. Студент кезинде Кара Суулук Жолдошов Сабыр, Алайлык Кочкорбаев Пасаң деген жигиттер менен бирге окуп достошот.

Аталган эки жылдык окуу жайды ийгиликтүү аяктап Жалал Абад шаарына кайтат. Көк Жаңгактын айланасын-дагы айыл-кыштактардын жаштарына башталгыч билим берүү мектебин өзү түптөп, окутуучу кызматын жоопкер-чилик менен өтөйт. Болуш Шааболотов мугалим гана бол-бостон элдик музыкага талапкер күйөрманы болгондуктан өзү комузду кол ойнотуп чертип «Жагалмай», «Перизат» сыяктуу элдик ырларды обон созо ырдачу экен.

Улуу Ата Мекендик согуш башталарда армиянын катарына чакырылып, Хабаровскийдеги кенже командир-лерди окутуу, курсунда даярдыктан өтөт. 1941-жылдын кеч күзүндө даярдалган армиянын курамында согуштун эң оор участогу болгон Смоленскийге жөнөтүп, шаарды

коргоодо жарадар болот Москвага госпиталга жөнөтүп жарааты айыкканда, кайрадан фронтго кайтат. Москва алдындагы кандуу салгылашууда 1942-жылы оор жарадар болуп, госпиталга түшөт. Жарааты айыкканда эл жерине кайтат.

1943-жылдан баштап Октябрь районунун Багыш Айыл Кеңешинин катчысы, райондун аткаруу комитетинде жооптуу кызматкер, кайрадан Айыл кеңешине төрага болуп иштейт. Ошондон көп өтпөй колхоздорду ирилештирүүнүн натыйжасында «Эркин» колхозу түзүлүп ага башкармалыкка шайланат. Кийин «Жаңы Чек» колхозундагы мал чарбасында ферма башчысы болуп дайындалат. Ошол кызматта 1958-жылга чейин үзүрлүү иштейт.

Эр жигит кайда жүрбөсүн эл журтун, киндик каны тамган жерин эңсейт эмеспи. Улам картайып уул-кызы чоңойгон сайын Ата-Журтунан алыс өсүп калбасын деп Болуш Шааболотов 1959-жылы үй-бүлөсүн көчүрүп Мамажан айылына келет.

Кийинчерээк колхоз совхозго өткөндө бакчылык боюнча бригадирлик кызматта өрнөктүү иштеп дем алууга чыгат.

Ата Мекендик согуштун катышуучусу Болуш Шааболотов бир топ медалдар, өндүрүштө иштегендиги үчүн райондук «Ардак грамоталар» менен сыйланган.

Өмүрлүк жубайы Саткын экөө уул-кыздарын татыктуу тарбия берип, билим алууга кам көрүштү.

Чоң кызы Айымпаша Агартуу айлында жашайт. Сулуучач мугалимдик кесипти аркалап эки кызды тарбиялап жүргөндө 1987-жылы катуу ооруп каза тапты. Чоң уулу Каныбек көп жылдар чарбалык-партиялык советтик кызматтарда иштеди.



Шааболотов Болуш
(1907-1980)

Тагдыр буйруп, туз насип этип, жаштык өмүрүн Жалалабад чөлкөмүн - дө кызмат өтөгөн инсан согуш ардагери Болуш Шааболотов 1907-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлө-сүндө төрөлгөн. Атасы Мамыт уулу Шааболот соода-сатык менен жүргөн орто чарбалуу адам болгон.

Атасы дестияр болгондо ааламдан өтүптүр. Апасы Арзибек кенже уулу, Болушту айылдагы молдого окутуп сабатсыздыкты жоюу кыймылы башталганда, Көк Жаңгак «Ликбез» кружогуна кирип, жаңы арип таанып, окуп жазууну үйрөнөт. 1929-жылы жаш жигитти айылдык ячейканын жолдонмосу менен Жалал Абад Губкому Ош шаарындагы жаңыдан ачылган мугалимдерди даярдоо институтуна жөнөтөт. Студент кезинде Кара Суулук Жолдошов Сабыр, Алайлык Кочкорбаев Пасаң деген жигиттер менен бирге окуп достошот.

Аталган эки жылдык окуу жайды ийгиликтүү аяктап Жалал Абад шаарына кайтат. Көк Жаңгактын айланасын-дагы айыл-кыштактардын жаштарына башталгыч билим берүү мектебин өзү түптөп, окутуучу кызматын жоопкер-чилик менен өтөйт. Болуш Шааболотов мугалим гана бол-бостон элдик музыкага талапкер күйөрманы болгондуктан өзү комузду кол ойнотуп чертип «Жагалмай», «Перизат» сыяктуу элдик ырларды обон созо ырдачу экен.

Улуу Ата Мекендик согуш башталарда армиянын катарына чакырылып, Хабаровскийдеги кенже командир-лерди окутуу, курсунда даярдыктан өтөт. 1941-жылдын кеч күзүндө даярдалган армиянын курамында согуштун эң оор участогу болгон Смоленскийге жөнөтүп, шаарды

коргоодо жарадар болот Москвага госпиталга жөнөтүп жарааты айыкканда, кайрадан фронтго кайтат. Москва алдындагы кандуу салгылашууда 1942-жылы оор жарадар болуп, госпиталга түшөт. Жарааты айыкканда эл жерине кайтат.

1943-жылдан баштап Октябрь районунун Багыш Айыл Кеңешинин катчысы, райондун аткаруу комитетинде жооптуу кызматкер, кайрадан Айыл кеңешине төрага болуп иштейт. Ошондон көп өтпөй колхоздорду ирилештирүүнүн натыйжасында «Эркин» колхозу түзүлүп ага башкармалыкка шайланат. Кийин «Жаңы Чек» колхозундагы мал чарбасында ферма башчысы болуп дайындалат. Ошол кызматта 1958-жылга чейин үзүрлүү иштейт.

Эр жигит кайда жүрбөсүн эл журтун, киндик каны тамган жерин эңсейт эмеспи. Улам картайып уул-кызы чоңойгон сайын Ата-Журтунан алыс өсүп калбасын деп Болуш Шааболотов 1959-жылы үй-бүлөсүн көчүрүп Мамажан айылына келет.

Кийинчерээк колхоз совхозго өткөндө бакчылык боюнча бригадирлик кызматта өрнөктүү иштеп дем алууга чыгат.

Ата Мекендик согуштун катышуучусу Болуш Шааболотов бир топ медалдар, өндүрүштө иштегендиги үчүн райондук «Ардак грамоталар» менен сыйланган.

Өмүрлүк жубайы Саткын экөө уул-кыздарын татыктуу тарбия берип, билим алууга кам көрүштү.

Чоң кызы Айымпаша Агартуу айлында жашайт. Сулуучач мугалимдик кесипти аркалап эки кызды тарбиялап жүргөндө 1987-жылы катуу ооруп каза тапты. Чоң уулу Каныбек көп жылдар чарбалык-партиялык советтик кызматтарда иштеди.

Алибек кесиби бооюнча мугалим-агроном, юрист-экономист, көп жыл чарбада, Кара Суу райондук партия коитетинде инструктор да болуп иштеген.

Кызы Суксур жогорку билимдүү мугалим эле, 1990-жылы оорудан көз жумду.

Акматбек, Мырзабек, Бактыбектер жогорку окуу жайын бүтүрүп өз кесиби боюнча үзүрлүү эмгектенүүдө

Калыйман жогорку билимдүү жеке ишкер.



Эргешов Жолон (1909-1980)

Эргешов Жолон 1909- жылы Жоош айлында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жашынан жергиликтүү молдолордон билим алып араб арибин таанып сабатсыздыгын жойгон. 1930-жылы Артел уюштуруу башталганда алгачкылардан болуп, комсомолдун мүчөлүгүнө өтөт. «Кеңеш», «Мамажан» колхозун курууда өзү теңдүү комсомолдор менен элди үгүттөп колхоздоштурууга көп салым кошкон.

Колхоздо комсомол ячейкасынын катчысы болгон. Жолон Эргешовдун жөндөмдүүлүгүн баалап райондук комсомол комитети тарабынан Фрунзе шаарына эки жылдык орус тил мугалимдерин даярдоо курсуна 1940-жылы жөнөтүлөт.

1942-жылы окууну ийгиликтүү бүтүрүп, Ата Мекен - дик согушка аттанган.

1942-жылдын күз айларында аткычтар полкунун жоокери Жолон Эргешов Москваны коргоодо, андан соң 1944-жылы Польшанын чек арасында фашисттер менен салгылашууда колунан оор жарадар болот. Госпиталга

жаткырылып дарыланып 1944-жылдын аягында Ата Журтуна кайткан.

Жолон Эргешов согуштан кийинки билимдүү адамдардын бири болгондуктан Төлөйкөн Айыл кеңешинде катчы болуп дайындалган.

1960-жылдан баштап кайрадан өз кесибин улантып, «Учкун», «Победа» мектептеринде орус тилинен мугалим болуп жаш жеткинчектерге билим-тарбия берип, 1965-жылы согуштун майыбы катары ардагерлик эс алууга чыгат.

«Берлинди алгандыгы үчүн», «Участник Отечественной войны», «Ветеран труда» медалдары менен сыйланган. Өмүрлүк жубайы Айтыкан эне менен, Жеңиш, Айып, деген уул, Күкүш, Өлмас, Асилкан аттуу кыздуу болушкан. Алар азыр түрдүү кесип ээлери болуп бала тарбиялап турмушта өз ордун табышкан.

Мектептин тарыхынан маалымат

Жоош Арык айылында согуш мезгилине чейин башталгыч мектеп болгон. Алгач айылдагы сабаттуу эл агартуучу Мырзабек Койчалов өзү жетектеген. Кийин жети жылдык мектепке айландырылган. Койчалов Мырзабек директор болуп турган кезде согуш башталып, ал киши согушка кетип кайтпаптыр.

Кыргыз интелегенттери түштүккө келип сабаттуу - лукту жоюп бир топ жылдар иштеп кетишкен. Жоош айылынын Маданият айылынан Абдиев Раман, Аматов Матраим агайлар иштешкен. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда эр азаматтар согушка аттанып кетип алардын ордуна айылдагы жети жылдыкты жакшы бүтүрүшкөн Сатыбаева Өмүш, Маткасымова Малика, Курбанбаева Кайырма, Мамытова Суксур, Бакирова Апиза,

Исакова Айымча сыяктуу кыз келиндер мугалим болуп иштешкен.

1945-1946 жылдары мектепке Жусупбаев Турап жетекчи болгон. Андан кийин Хасаншина деген татарка эжеке болгон.

Согуштан кийинки мезгилдерде Абдыкалыков Алимбек, Муратов Култай, Мамашов Талип агайлар иштешкен.

1950-жылдан соң Ош шаарындагы мугалимдердин эки жылдык институтун бүтүрүшкөн Жакаев Койчу, Мөмөев Исак, Жүдөшев Кадыр, Жороев Шаны, Курбанбаев Салайдин, Идирисов Эсен, Тешебаев Нурмат, кыздардан алгачкы жолу жогорку билимдүү болгон Асанова Адалат эжеке иштеген. Кийинчерээк Маткеримов Жоробай агай да ардагерликке чыкканга чейин эмгектенген.

1960-1964 жылдары Сатыбалдиев Жумабай агай директор болгон.

1964-1967 жылга чейин Козуев Самидин агай жетектеген. 1977-жылдан Жолдошов Апсамат агай келген. 1979-жылы Мырзабеков Чкал агай директор болуп иштеди.

1980-жылдан 1987-жылга чейин Апсамат агай кайра директорлукту алып, ардактуу эс алууга чейин эмгектенди.

Ошол мезгилдерде мектепте Жолдошова Гүлсүн, Тургунбаева Инабат, Ишматова Зоя, Закирова Асел, Ормонов Калы, Жаанбаев Аскар, Козуев Самидин сыяктуу агай-эжелер үзүрлүү эмгектенишкен. 1985-жылы Козуев Абийбилла директор болуп 1994-жылга чейин иштеди. Жаш директор демилгелүүлүк менен Терек көчөттөрүн отургузууда, мектеп айланасын жашылдандырууда жана окуу тарбия-иштеринде райондогу төбөсү көрүнгөн мектепке айландырылды. 1950-жылдан «Победа» 8-жылдык мектеби болгон. Эгемендүүлүктүн шарапаты жана

Козуев Абийбилланын демилгеси менен 1992-жылы Түркбай Бердибеков атындагы орто мектепке айланды.

Кийинки жылдарда Залиев Камчы, Жеенбаев Арап агайлар директор болуп иштешип, бир нече ийгиликтерге жетишкен. Эки директордун күчү менен мектептин үстү башкадан толугу менен шыйпырланып жабылып чыккан.

Залиев Камчы агай XXI-кылымдын кадрлары үчүн компьютер алып келген жана информатика сабагы киргизилген.

Жээнбаев Арап агайдын демилгеси менен өтө эскирип кеткен башталгыч класстардын имараты капиталдык ремонттон чыккан.

Ушул мезгилде заман талабына ылайык 12 предметтик кабинет жабдылган. Элдик музей ачылган.

Аккозова Уулкандан соң, азыркы учурда Залиев Камчы мектепти жетектейт. Мектепте 45 мугалим татыктуу тарбия, сапаттуу билим берүү үчүн күрөшүүдө.

Айылда ФАП (фельдшер акушердик пункт), почта элди тейлеп келүүдө. «Акылдуу бөбөк» балдар бакчасы бар, аны Абдыкадырова Саламат жетектейт.



Баймырзаев Карим
(1939-2006)

Мүнөзү жумшак окуучуларына эркелете мамиле жасаган, айрыкча башталгыч класстын мугалими болгондуктан тамгаларды туура жазууга өтө жоопкерчилик менен талбай көшөрө эмгектенген Карим Баймырзаев агай 1939-жылы Жоош айылындагы Мамажан колхозунда жөнөкөй колхозчунун



Өмүрбек Эрмекбаев

УТРК нын мыктысы
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Ардак грамотасынын ээси.

(1948-ж)

Өмүрбек Эрмекбаев 1948-жылдын 3-мартында Ош облусуна караштуу Кара Суу районундагы азыркы Жоош айыл аймагынын Ак Жар айылында төрөлгөн. 1965-жылы Кара Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы жатак мектебин аяктагандан соң, Ош облустук «Ленин жолу» гезитинде корректор, улук корректор катары иштеген. 1967-жылдын 15-сентябрынан тартып республикалык радио уктуруу жана теле көрсөтүү комитетинде үн оператору болуп иштей баштаган.

1967-жылы сентябрь, октябрда Фрунзе шаарынан Логвиненко көчөсүндөгү эски радио студиясындагы МЭЗ-28 радио магнитафондордун жана эфирге чыгаруу кабарчылардын репортор №3 магнитафондорун Ош шаарына көчүрүп келген. Азыркы Ленин көчөсүндөгү № 214 чү имаратка ачылган. 1968-жылдын 20-январдан Ош областы боюнча эфирге чыга баштаган.

1968-1970-жылдары Советтик армиянын катарында кызмат өтөдү.

Аскердик ыйык милдетти өтөп келген соң кайрадан теле-радио комитетинде өз кесибин улантып, 1971-жылдан тарта теле операторлук кызматка өткөн. Ошол күндөн ушул кезге чейин 46 жылдан бери бир кесипте эмгектенип келет. Бул жылдары кесиптик билимин өркүндөтүү максатында Бишкек, Ташкент теле студияларында, Москвадагы Останкино телестудиясында атайын курстардан окуп, иштеген жана тажрыйба арттырган. Андан сырткары бул студияларда бир катар белгилүү көрсөтүүлөрдү тартууга катышкан.

Тажрыйба арттыруу максатында ОРТнын «ВИД» студиясында «Поле Чудес», «Александр-шоу», «Что, где, когда?» сыяктуу легендарлуу көрсөтүүлөрдү тартууга да катышкан. УЕФА кубагунун чейрек финалынын (Москванын «Спартагы» менен Франциянын «Марсели» ойношкон) экранга түз чыгууга кол кабыш көрсөткөн. 1990-жылдагы Ош коогалаңы, эки элдин ортосундагы алаканы калыбына келтирип, бекемдөө туурасында даректүү телетасма тартууда Жапан кесиптештерине көмөк көрсөтүп, телеоператорлук милдетти аткарган. 1991-жылдын соңунда КЭрдин СУАРында болуп, андагы боордоштор жөнүндө алгачкы тасманы даярдоодо телеоператор жана режиссер катары эмгектенди. 2000-жылы телеоператор кесиптештерин жетектеди. 2010-жылдагы Ош окуясында да ардагер телеоператор катары кесиптештер менен студияда күндөп-түндөп иштеди. Эки элдин ортосундагы ынтымакты жана достукту чагылдырган көрсөтүүлөрдүн сериялярын тартууда кеңешчи катары иш башында болду.

Эмгеги акыйкат бааланып, СССРдин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телерадиосунун Ардак грамоталарына, «УТРКнын мыктысы», «ЭлТРдин мыктыс» төш белгилерине жана көптөгөн баалуу сыйлыктарга, дипломдорго татыктуу болду. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Телекөрсөтүү жана радио уктуруу тармагында 50 жылдан бери эмгектенип, арттырган тажрыйбасын кийинки муундагы кесиптештерине үйрөтүүгө көңүл буруп келүүдө. Шакирттеринин көбү белгилүү теле-операторлор болуп чыгышты. Алар менен сыймыктанат.

Байбичеси Мамашова Замирахан медайым, ардагер **Уулдары:** Толкун «Ынтымак» эл аралык телерадио компаниясынын башкы директору, Таалай Милициянын

копитаны, кыздары Элмира мугалим, Гүлмира каржылоо фондунун кызматкери.



Абдивалиев Камчы
(05.05.1950-жж.)

Кыргыз Республикасынын профсоюздарына эмгек сиңирген медалынын ээси.

Абдивалиев Камчы 1950-жылы 5-майда Кара Суу районуна караштуу Жоош Айыл Кеңешиндеги Сарай айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1957-жылы Сарай айылындагы башталгыч класстын 1-классына кирип 1965-жылы Мамажан айылындагы «Победа» мектебинде 8-классты бүтүрөт. 1967-жылы Отуз Адыр айылындагы Н. Крупская азыркы М. Жаманкулов атындагы орто мектепти ийгиликтүү бүтүрөт. Ошол эле жылы Фрунзе (Бишкек) борбор шаарындагы Политехникалык институтка кирет.

1972-жылы бүтүрүп, кесиби боюнча Оштогу жүргүнчүлөрдү ташуучу мекемеге механик-инженер болуп ишке орношот.

1977-жылдан Оштогу жүргүнчүлөрдү ташуучу ишканада авто-уналардын башчысы болуп иштейт. Провсоюз уюмунун төрагалыгына шайланат.

1991-жылы Ош областык транспорт жол чарба кызматкерлеринин провсоюз уюмунун төрагасы болот. Ишканада иши жогору бааланып, 15 жолу түрдүү Мактоо баракчаларга татыктуу болгон. Россиянын коопсуздук кызматынын димлому менен да сыйланган. Алма Ата, Перьм, Новосибирский, Москва шаарларында илимин өркүндөтүү боюнча курстардан өткөн. «Кыргыз Республикасынын провсоюзуна эмгек сиңирген

кызматкер» наамына да татыктуу болгон. Көп жылдык эмгегин баалап 5-декабрь 2017-жылы Провсоюз уюмунун Курултайында, Кыргыз Республикасынын жол-чарба боюнча профсоюз комитетинин төрагасынын орун басары болуп шайланды.

Үй-бүлөлүү, өмүрлүк жубайы Фарида медайым, азыр ардагерликке чыккан.

Уулу Жанарбек инженер-педагок. Кыргыз-Корея биргелешкен ишканада генаралный директор, кызы Гүлзат кесиби инженер-технолог.



Абыдманап Төрөбеков
(1954-ж)

Маданияттын мыкты кызматкери, Ж. Мамытов атындагы сыйлыктын ээси, обончу, аткаруучу.

Абдыманап Төрөбеков кыргыз элине кайталангыс обондору менен таанымал, өзүнө гана тиешелүү музыкалык кайрыктары жана стили менен белгилүү болгон, жагымдуу үнү бар кыргыз искусствосуна, айрыкча эстрада жанрын жандандырып, аны сапаттык нукка көтөрүүдө өзүнүн зор салымын кошкон. 1976-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун аяктап, музыка мугалими кесибине ээ болгон. Ал элибиздин залкар обончу-композитору Рыспай Абдыкадыровдон сабак алып, чыгармачылык алгачкы кадамын баштаган. Анын «Шаардык кызга», «Өтүнүү», «Ойлодуң бекен мени сен» жана башка чыгармалары мезгилинде студенттердин арасында кеңири белгилүү болгон.

1976-жылы Араван районундагы балдар музыкалык мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1977-

жылы Ноокат райондук маданият үйүнүн алдында «Шайыр үндөр» эстрадалык тобун уюштуруп, 1978-жылы Өзгөн раонунда «Ариет» эстрадалык тобун уюштуруп, анын көркөм жетекчиси болуп эмгектенген. Бул атактуу «Ариет» эстрадалык тобу Кыргызстандын аймагында көптөгөн концерттерин тартуулап, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Бул топ республикалык, союздук деңгээлдеги карoo-сынактарга, фестивалдарга катышып, дайыма байгелүү орундарды алып жүргөн. «Ариет» ансамбли дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттерде: Сирия, Иордания, Германия Демократиялык Республикаларында болуп, чет өлкөлүк угуучулардын алкоосуна татыган. Ансамблдин репартуарын негизинен А. Төрөбековдун музыкалык чыгармалары жана аранжировкалары түзгөн. Маселен «Шайыр үндөр», «Кызгалдактын түбүндө», «Кетесиңби сулуу кыз мени менен», «Балалык», «Токто деп кыйкырууга түгөндү үнүм» жана башкалар.

А. Төрөбеков 1978-жылы Ош облустук филармониясын уюштурууга активдүү катышып, анын түптөлүүсүнө чоң салымын кошкон. Ошондой эле «Ош» эстрадалык тобун түзүп, таланттуу музыканттарды, ырчыларды топтоп, аларды тарбиялаган.

Обончу-компазитор А. Төрөбеков кыргыздын белгилүү акындары Ж. Мамытов, О. Султанов, А. Урабаев, С. Жусуев жана башкалар менен чыгармачылыкта бирге иштеп, алардын ырларына элибизди тамшандырган кайрыктар менен обондорун жазган. Ошондой эле өзү да көптөгөн элге белгилүү болгон обондорунун сөзүн жазган. Анын «Кыргыз жери» деген ыры Австралиялык дирижер, компазитор Линда Сафаджу менен биргеликте хор үчүн иштелип чыккан «Биримдик жарыгы» аттуу эл аралык хор коллективинин аткаруусунда чет элдиктер кыргыз тилинде Россияда, Орто Азия жана Кавказ өлкөлөрүндө автордун катышуусу менен ырдалган.

А. Төрөбеков элибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап жаңыча чыгармачылык жигер, шык, изденүү менен кайталангыс кайрыктарды жаратып, обончу-аткаруучу катары эл ичиндеги кадыр баркы жогорулап, музыка сүйүүчүлөрдүн арасында өзгөчө урмат сыйга арзыды. Анын обондорун белгилүү кыргыз ырчылары өздөрүнүн репертуарларына киргизишип, элге тартуулап келүүдө. Маселен: Кыргыз эл артистти К. Турапов «Ким болду экен»; КРдин эмгек сиңирген артистти Р. Маматкулов «Аравандык сулууга», «5-Б класста»; КРдин эмгек сиңирген артисти Алтынай Нарбаева «Билбей калдым», белгилүү эстрада ырчысы Г. Кахарова «Бир келип кетчи Ош жакка», «Бул жерден кетеличи», Кыз Бурак тобу «Той ыры», «Өзүңдү эңсейм», «Жаштык», «Сага», «Күтөмүн» аттуу чыгармаларын аткарып жүрөт.

2008-жылы Ош шаарынын күнүнө арналган карoo-конкурста А. Урбаевдин сөзүнө жазылган «Бир келип кетчи Ош жакка» деген ыры аталган конкурстун Гран-при сыйлыгына татыктуу болгон. 2011-жылдын июнь айында өткөн потриоттук ырлардын республикалык конкурсунда «Кыргыз элим өссө экен» деген О. Соурбаевдин сөзүнө жазылган ыры алдыңкы сыйлыкка татыктуу болду.

А. Төрөбековдун обончулук өзгөчөлүгү биринчиден, өзү сөзүн жана обонун жазып, аны аранжировкадан өткөрүп, өзү аткаргандыгында, Экинчиден, улуу куректагы обончулардан айырмаланып мезгилге шайкеш келген жаштар сүйгөн укулуктуу обондорду жараткандыгында. Анын заманбап обондорун белгилүү эстрада ырчылары Темир Назаров, Султан Садыралиев, Самара Каримова, Өсөр Эшматов, Жумагүл Райимжан кызы, Акмарал Эшбаева, Венера Назаралиева, Кенже Дүйшөева жана башкалар ырдап жүрөт. А. Төрөбеков 60 жаштан ашса да анын обондоруна жаштардын кызыгуусу – автор коомдогу жаңыланууулар менен өзгөрүүлөрдү жана мезгилдин күрөө

тамырын сезип, чыгармачылык менен талбай эмгектенип жаткандыгынын белгиси.

Демек А. Төрөбековдун жараткан жүздөн ашуун музыкалык чыгаармаларын жалпы журтчулугубуз сүйүп, угуп, анын кайрыктарынан рахат алып жаткандыгы автордун ташкындаган таланты менен жөндөмүн, көркөм дүйнөсүнүн кенендигин элдик музыканын маани-маңызын терең түшүнгөндүгүн билдирет. А. Төрөбековдун элге тартуулаган мыкты чыгармалары кыргыз музыкалык маданиятындагы чоң ийгилик катары өзгөчө белгилөөгө арзыйт.

Жубайы Гүлнара мугалим, уулу Максат бизнесмен, Бектур авто-диспетчер Дубайда эмгектенет. Кызы Чолпон чет тили мугалими, Канадада иштейт, ишкер.

Сатыбалдиев Шарабидин

(05.05.1949-ж)



Сатыбалдиев Шарабидин 1949-жылы 5-майда Кара Суу районуна караштуу «Шарк» өкмөтүндөгү Жаңы Маданият айылында бухгалтердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1966-жылга чейин (Күбышов) Тешебай Мусаев атындагы орто мектептен билим алган. Андан соң (Фрунзе) борбор шаарга окуугa тапшырып 1971-жылы Скрябин атындагы айыл чарба институтунун Ветернария факультетин ийгиликтүү бүтүрүп, ветеринардык врач адистигине ээ болот. Ошол эле жылы Калинин атындагы колхозго кой фермасына адистиги боюнча ишке орношот.

1975-1979-жылдары чарбада башкы ветврач болуп иштейт. 1979-1992-жылдары Сүт өндүрүү фермасында ветврач, уйларды жасалма жол менен уруктандыруу

боюнча жетектөөчү адис катары иштейт. 1992-95-жылга чейин Маданияттагы агро-фермаларында жетекчи адис болот. 1996-2004-жылдары «Жаңылык» дыйкан чарбасынын жетекчиси. Андан соң ушул күнгө чейин Маданият ветеринардык тейлөө түйүнүн жетектейт.

Кара Суу районунда биринчилерден болуп, жеке менчик уйларды жасалма жол менен уруктандыруучу «почма» түйүндү уюштурган. Райондук жана жергиликтүү башкаруучулуктан «Мактоо баракчаларга татыктуу болгон.

Жубайы Калысбү кесиби инженер-технолог, көп жыл Ош шаарындагы эт комбинантында инженер болуп иштеген.

Уулу Акбий – энергетик.

Кызы Нүргүл мугалим, Айсулуу, Мээримдер кесиби боюнча электро-тармагында иштейт.

Ташбеков Ысмаил Абдуллаевич

(10.05.1954-ж)



Ташбеков Ысмаил Абдуллаевич 1954-жылы 10-майда азыркы Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Зарбалик айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

1961-жылы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебиинин 1-классына барып 1971-жылы 10-классты бүткөн.

1972-жылы оштогу айыл-чарба техникумунун «Өсүмдүктөрдү коргоо» факультетине кирип, 1975-жылы аяктаган.

1975-жылы мурунку Фрунзе шаарындагы К.И. Скрябин атындагы айыл-чарба институтунун агрономия

факультетине кирип, анын толук курсун 1983-жылы бүтүргөн.

1978-1982-жылдары кенже илимий кызматкер, 1982-1986-жылдары №1 – бөлүмдө агроном, 1986-1991-жылдары №1-бөлүмдө бөлүм башчы, 1991-1993-жылдары ага илимий кызматкер, 1993-1996-жылдары үрөнчүлүк боюнча агроном, 1996-2003-жылы февраль айына чейин башкы агроном, 2003-2004-жылдын ноябрь айына чейин Ош областтык айыл кеңеш кызматында талаачылык боюнча тармактык адис, жаңы провкомдун төрагасы болуп иштеген.

2004-2016-жылдын февраль айына чейин Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясын директору болуп иштеген. Станцияда иштеген мезгилинде Кара Суу райондук администрациясынын ардак грамотасы жана 2007-2008-жылдары «Жылдын мыкты инсаны» болуп белгиленген.

Айыл чарба министрлигинен Ардак грамота жана Айыл чарбасынын мыктысы деген төш белгиси менен сыйланган. Ошондой эле 2010-жылы Президенттин Ардак грамотасы менен сыйланган. Азыркы учурда Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясында илимий бөлүмдө пахтанын селекция бөлүмүн жетектеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү 5 баласы бар.

Жубайы Асанова Уулкан 1956-жылкы пенсионер.

Кызы, Ташбекова Аида – 1978-жылкы

Уулу, Ташбеков Калыбек – 1980-жылкы

Кызы, Ташбекова Гүлиза – 1980-жылкы

Кызы, Ташбекова Элиза – 1984-жылкы

Уулу, Ташбеков Каныбек – 1987-жылкы



Исаков Топчубай Эргешович

(11.02.1957-ж)

Педагогика илимдеринин кандидаты

«доцент»

Исаков Топчубай Эргешович 1957-жылы 11-февралда Ош облусунун Кара Суу районунун Кара Сөгөт айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Ал 1974-жылы ушул эле райондун 3 Интернационал орто мектебин «5» деген бааларга аяктап, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математикалык факультетине 1-курска кабыл алынат. 1978-жылы бул факультетти артыкчылык диплому менен бүтүп, математика мугалими деген кесипке ээ болот.

1978-80-жылдары жолдомо боюнча Баткен районунун «Самаркандек» орто мектебинде иштеген. 1980-1995-жылдары өзү аяктаган физика-математикалык факультетте окутуучу болуп иштөө менен бирге, коомдук иштерге активдүү катышып келген. 1982-83-жылдары Улан Уде шаарында Советтик Армиянын катарында кызмат өтөйт. 1985-жылы Москва областынын Калинин мамлекеттик Университетинде «Информатиканын негиздери жана эсептөө техникалары» деген атайын курстан өткөн.

1995-жылдан бери Кыргыз-Өзбек университетинде окуу-методикалык ишмердүүлүктө жетекчилик кызматта иштөө менен, илимий-методикалык иштерди айкалыштырып келүүдө. Информатика жана окутуунун технологиялары кафедрасынын доценти (2007). Азыркы күндө 30дан ашуун илимий-усулдук эмгектердин жана 5 окуу китебинин автору. «Педагогика илимдеринин кандидаты» илимий даражага жана «доцент» илимий наамга ээ. Азыркы учурда докторлук диссертациянын үстүнөн иштеп

жатат. 2011-2013-жылдары окуу иштери боюнча 1-проректор, 2013-жылдан бери сырттан окутуу боюнча проректор кызматты аркалап келүүдө.

Жубайы Тажикан эжеке экөө 37 жылдан бери бактылуу өмүр сүрүшүп, 2 кыз жана 2 уулду татыктуу тарбиялашып, 12 неберенин рахатын көрүп келишүүдө. Тажикан эжеке кесиби боюнча педагог, 20 жылдан ашуун Ош шаарындагы «Жомок» балдар бакчасында усулчу болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын «Билим берүүсүнүн» мыктысы.

Тун кызы Исакова Миргүл Ош Мамлекеттик университетинин (ОшМУ) англис тили адистигин артыкчылык диплому менен аяктап, азыркы учурда ОшМУнун Чет тилдер факультетинде окутуучу болуп иштөөдө. Ал ушул багытта магистратураны бүтүргөн жана илимий-изилдөө боюнча кандидаттык диссертациясын коргоо алдында турат. Үй-бүлөлүү, 2 кыз жана 2 уулду тарбиялап өстүрүүдө.

Чоң уулу Талгат Оштогу түрк лицейин бүткөндөн кийин Түркиянын Мармара университетинен жана Бишкектеги Кыргыз экономикалык университетинен билим алып, андан кийин Япониядан магистратураны ийгиликтүү яктап, азыркы күндө Бишкектеги Республикалык салык инспекциясында эмгектенүүдө. Түрк, орус жана англис тилдеринде эркин сүйлөйт. Үй-бүлөлүү, 4 кыздын атасы.

Кичи кызы Аида «Менеджер» адистигине ээ болуп, учурда Бишкек шаарында жеке ишкерлик менен алектенүүдө. Үй-бүлөлүү, 3 уул, 1 кызды бапестеп тарбиялоодо.

Ал эми кенже уулу Садык Ош шаарындагы ОшМУнун «Бизнес жана менеджмент» факультетинин 2-курсунун студенти.

Т.Э Исаков үй-бүлөсү менен туугандарынын, коңшуларынын жана өзү эмгектенген жамааттын арасында чоң кадыр-баркка ээ. Ал үзүрлүү эмгектеринин натыйжасында төмөнкүдөй сыйлыктарга ээ болгон:

1. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы 2008-ж.
2. Кыргыз Республикасынын агартуу отличниги 2002-ж.
3. Илим жана билим берүүнүн проф. кыймылынын отличниги 2009-ж.
4. КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак Грамотасы 2007-ж.
5. КРнын ББИ министрлигинин Ардак Грамотасы 2004-ж
6. Ош областтык мам. адмнистрациясынын Ардак грамотасы 2009-ж
7. Ош шаарынын мэриясынын ардак грамотасы 2003-ж.

Андан сырткары Катта Талдык айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу 2007-ж, «Ош жаңырыгы» гезитинин ардактуу атуулу 2009-ж жана Кыргыз-Өзбек университетине Эмгек сиңирген ишмер деген ардактуу наамдарга ээ болгон.

Досбаев Топчубай Жоробаевич



1958-жылы 22-августта Кара Суу районунун Мамажан айылында туулаган.

1975-жылы Ош шаарында музыкалык окуу жайында окуган. (аяктаган эмес), 1981-жылы Ташкенттеги А.Н Островский атындагы, театралдык көркөм өнөр институтуна тапшырып, 1984-жылы «Театр жана кино актеру» адистиги боюнча аяктаган.

04.11.1975ж. –03.09.1976 ж – С. Ибраимов атындагы Ош Кыргыз драм театрында сахна монтировщик.

17.11.1980ж – 25.08.1980ж – С. Ибраимов атындагы Ош Кыргыз драм театрында актер.

06.08.1984ж – 30.05.2005ж – С. Ибраимов атындагы Кыргыз драм театрында актер, адмнистратор, режиссер.

06.26.2011ж – 15.07.2014ж Ош шаарында Кыргызстан кино театрында директор.

16.07.2014ж баштап Ош шаарынын маданият башкармалыгынын башчысы.

15.11.1975ж – 05..11.1978ж Советтик Армияда кызмат өтөгөн. ГДР Бруг шаары.

1985-1987-жж– Ю. Гагарин атындагы мектептин алдында эксперменталдык театральдык студияны ачып, көркөм жетекчилик кылган.

1987-1989-жж ОКДТ да «Дүйшөнбү күнү кечинде» аттуу жаштардын көңүл ачуу кечесинин көркөм жетекчи катары уюштурган.

1988-1990-жж Кооператив «Маска»-көркөм-жетекчиси жана көркөм коючусу.

1988-1990-жж Түштүк регион боюнча театр ишмерлер союзунун жетектеген.

1990-1994-жж Циркти өнүктүрүү жаатында «Ай туяк» көчмө цирктин жетекчисинин орун басары.

1994-1995-жж Манас эпосун пропагандалоо боюнча түштүк аймактын өкүлү, 2000-ж Ош шаарынын 3000 жылдык юблейин өткөрүү боюнча башкы администратор.

2001-2002-жж Бишкек шаарында «Учур» Жаштар телетеатрында уюштуруу ишин жүргүзгөн.

2006-2011-жж Казакстан Республикасынын Астана шаарында Кыргыз диаспарасынын жетекчиси болуп «Залкар урпак» фолклордук группаны түзгөн.

2008-2010-жж ОсОО «Билд Трейд» - театрында консультант, уюштуруучу. 2016-ж «Этно-Ош» этно фольклордук ансамблди түзгөн. Алган сыйлыктары:

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Ардак грамотасы» Ош-3000 жылдык юблейин жакшы уюштургандыгы үчүн.

Ош, Баткен, Ысык-Көл областарынын «Ардак грамоталары.

Кыргыз улуттук маданиятын жайылтууга зор салымын кошкондугу үчүн Астана шаарынын мэринин «Ардак грамотасы»

Эл аралык фестифал «Ысык көлдүн кадыр түн», «Оштун азем түндөрү» диплому.

Эл аралык театралдык фестивалынын диплому. Ашхабад, Казан, Бишкек. «Жылдын мыкты жетекчиси» Эркин Тоо, Кыргыз Туусу, Ош шамы редакцияларынан «Ыраазылык кат» КР Маданият, маалымат туризм министрлиги, Казак Республикасынын, Ош шаарынын Мэринин, Ош шаардык депутаттар кеңешинен алган.

Чыгармачылык жолу:

Кыргыз театрында 30дан ашуун ар кандай жанрдагы ролдорду жаратып, актерлук чеберчилик көрсөтүп, сүйүү багытындагы каарман амплуасын жарата алды.

«Селкинчек» к-ф, «Айылдан айга», «Ажар», «Курманжан Датка» көркөм фильмдеринде ролдорду аткарып катышкан.

«Багынбас махабат» к-ф, көркөм фильминде көркөм жетекчи.

Казакстан Республикасында «Кыргыздар», «Кайшы жолдар» көркөм фильмдерине актерлук чеберчилиги менен катышкан.

«Курманжан Датка 180-жыл» , «Манас-1000», «Барпы-130», «Баткен-1», 1- жана 2- Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр

оюну, «Эл аралык 1 этномаданият фестивалы жана башка юблейлердин уюштуруучулук ишин жүргүзгөн.

«Ош-3000жыл» юблейине башкы администраторлук жана алып баруучу ишин аткарган. Ош шаарында, областык, республикалык жана эл аралык иш чараларды, фестивалдарды алып баруучу катары жогорку денгээлде аткарган.

Үй-бүлөлүү, төрт уул, эки кыздын атасы.



Кабылов Мураталы

Кабылов Мураталы Ош областынын Кара Суу районунун Жоош айылдык аймагына караштуу Маданият айылында 1957-жылдын 29-декабрында туулган. Атасы Маматов Кабыл (1929-2009-жж), апасы Маматова Кандалат (1930-1997-жж), Кабылов Мураталы бул үй-бүлөдөгү жети бир туугандын эң улуусу. Айыл жеринде орто билим алгандан кийин, 1975-80-жылдары Фрунзедеги политехникалык институнун инженердик-курулуш факультетинде жогорку билим алган. Ал эми, эмгек жолун 1980-жылы Кара Суу районун калкты таза суу менен камсыздоо мекемесинде инженер болуп баштаган. 1984-88-жылдары Кара Суу райондук аткаруу комитетинде, мамлекеттик администрациясында эмгектенген. 1994-жылдан июнунан 2011-жылдын ноябрына чейин, 20 жылга жакын мезгил аралыгында Кара Суу шаарынын вице-мэри болуп кызмат кылган. 2012-13-жылдары эл аралык уюмдар (ЮСАИД) менен кызматташып иштеген. 2013-жылдын сентябрынан «Кара-Суу Ак Мээнет» акционердик коомунун жетекчиси болуп иштеп келүүдө.

Үй-бүлөлүү, бир уул эки кыздын атасы. Жубайы Кабылова Дилбар Салиевна.

Уулу Канатбек, кыздары Жаркынай, Айсара баары турмушта өз ордун тапкан.



Төрөев Дурусбек Исаевич
(20.09.1957-ж)

Төрөев Дурусбек Исаевич 1957-жылы 20-сентябрында Кара Суу районундагы Жоош айыл өкмөтүнө караган Маданият айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1974-жылы Кара Суу шаарындагы В.И. Ленин атындагы орус тилдүү орто мектепти бүтүргөн.

1975-1977-жылдары Германия демократия Республикасында Советтик армиялык милдетти ийгиликтүү бүтүрүп келген. 1977-1978-жылы бир жылдык шофердук курсту бүтүргөн. 1979-1984-жылдары Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун химия-биология факультетин бүтүрүп хим-биология адистигине ээ болот. 1986-1990-жылдары Өзбек ССРнин борбору Ташкент шаарындагы Р.С Зойцева атындагы айыл-чарбасын изилдөө институнда аспирантурада окуган. 1984-1996-жылдары Кыргызстан пахтачылык боюнча бөлүмүндө илимий кызматкер, ошол бөлүмдүн башчысы болуп да иштеген.

1996-жылдан баштап, Ош мамлекеттик университеттин жаратылыш таануу факультетинде мугалим, кафедра башчысы жана доцент болуп эмгектенген.

2013-жылдан баштап эл аралык медицина факультетинде мугалим болуп иштөөдө.

Өмүрлүк жубайы Жээнбаева Пайила
Уулдары Айбек, Нурбек кызы Аида баары түрдүү кесиптин ээлери.



Мамытов Турдумамат Карыбаевич
(01.11.1961-ж)

1961-жылы 1-ноябрда Ош облусунун Кара Суу районуна караштуу Катта Талдык айылдын аймагынын Кара Сөгөт айылында туулган.

1969-жылы №32 Кара Сөгөт орто мектебине 1-класска барып, аны 1978-жылы бүтүргөн.

1978-жылы Кыргыз айыл чарба институтуна кирип, анын толук курсун 1983-жылы бүтүрүп, инженер-механик адистигине ээ болгон.

Институтту аяктаган соң жолдомо менен Кашкар Кыштак «Мамлекеттик айыл-чарба техника» өндүрүштүк бөлүмүнө инженер-технолог болуп кызматка орношкон.

1989-95-жылдары Кара Суу райондук техникаларды оңдоо ишканасында башкы инженер, директор.

1995-99-жылдары Кара Суу райондук мамлекеттик администрациясында аппарат жетекчиси.

1999-2003-жылдары Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясында акимдин орун басары, биринчи орун басары.

2003-2006-жылдары «Кыргыз Почтасы» мамлекеттик ишканасынын Кара Суу райондук мамлекеттик администрациясында улаштуруу, кадрлар бөлүмүндө бөлүм башчы болуп эмгектенген.

Ал эми 2013-жылдан январь айынан баштап Кара Суу райондук оңгардык өнүктүрүү башкармалыгында башкы адис болуп иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү: жубайы Турдукулова Эркеайым, мугалим.
Кызы: Мамытова Аида – бух-экономист.
Уулу: Мамытов Азамат–ички иштер кызматкери.
Уулу: Турдумаматов Самат – инженер-програмист.
Уулу: Турдумаматов Марат – окуучу



Камилов Таалайбек Жакшыбаевич
Милициянын полковниги
(05.10.1961-ж)

Камилов Таалайбек Жакшыбаевич 1961-жылы 5-октябрда Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүндөгү Мамажан айылында шофердун үй-бүлөсүндө туулган. Айылдагы Т.Бердибеков (мурунку «Победа») орто мектебин 1976-жылы 8-классын бүтүргөн. Ошол эле жылы Ош шаарындагы Айыл чарба техникумуна кирип, аны 1980-жылы ийгиликтүү аяктаган. Агрономдук кесипке ээ болгон.

1980-82-жылдары Чехословакия республикасында аскердик милдетти ар-намыстуулук менен аткарып келген.

1982-жылдын июнь айынан баштап, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине кызматка алынган.

1984-86-жылдары Россия Федерациясынын Калининград шаарындагы атайын милициянын мектебинде окуган. 1995-2000 жылдарында Кыргыз Улуттук университетине кирип окуп, жогорку даражадагы юрист кесибин алган.

Ошондон баштап Кыргыз Республикасынын ички иштер министирлигинде түрдүү жетекчилик кызматта абиирдүүлүк менен так иштеген. Ошонун натыйжасында Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги

тарабынан орден медалдар менен сыйланып, КРИИ Министрлигинин буйругу менен, өзгөчө кызматтагы кыраакылыгы, жетишкендиги үчүн «Өздүк курал» менен сыйланган. Таалай Жакшыбаевич 1916-жылга чейин милициянын ардактуу жооптуу ишинде мамлекетке үзүрлүү кызмат өтөп ардагерликке чыкты. Таалай Камилов милициянын полковниги

Жубайы Сонунбү медайым экөө эки уул бир кызды татыктуу тарбиялап өстүрдү.

Чоң уулу Камилов Нургазы Ош шаарында тергөөчү, милициянын мойору. Камилов Назар КРнын атайын багыттагы «Шумкар» полкунда иштейт, жогорку даражадагы юрист.

Кызы Камилова Бегимай кесиби финансист.



Жороев Маматазиз Шаңыевич
Бажы кызматынын подполковниги

1962-жылы Мамажан айылынын биринчи бажы кызматкеери Кара Суу районуна карашту Жоош айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1969-жылы айылдагы «Победа», азыркы Т. Бердибеков атындагы орто мектебине биринчи класска барган. 1979-ж Кара Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине кирип, аны 1983-жылы ийгиликтүү аяктаган. Эмгек чыйырын, Кызыл Кошчу айылындагы Ж. Бөкөнбаев атындагы мектепте математика сабагы боюнча окуучуларга билим берүүдөн баштаган.

Билим тарбия берүүдө ийгиликтүү иштегенине байланыштуу, мектептин окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1993-жылы Кызыл Сарай айылындагы башталгыч классты Маматазиз Жороевдин демилгеси менен Кызыл Сарай орто мектеби болуп түзүлүп, анын биринчи директору болуп дайындалган.

Бир жыл иштеп, мектептеги тарбиялык окуу иштерин жолго койгондон кийин, 1994-ж шартка байланыштуу бажы кызматына өткөн. Бажы кызматында 20 жыл эмгектенди. Ал убакытта бажы постторунун башчысы, бөлүм башчысы болуп эмгектенип, азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Өмүрлүк жубайы, Акматова Зарифа Айтбаевна Ош областтык балдарды калыбына келтирүү борборунун башкы дарыгери болуп эмгектенүүдө.

Уулдары: Саматбек, Канатбек, Муратбектер өз кесиби боюнча эмгектенет. Кызы Нурай апа кесибин улантып медициналык коллеждин бүтүрүүчүсү, неберелерге татыктуу чоң ата.



Таштемир Жалиев
(1963-)

1963-жылы 6-августа туулган. «Агартуу» сегиз жылдык мектебинде окуган. 1970-1988-жылы Токтогул орто мектебин аяктаган.

1980-жылы Кара Суу райондук «Эмгек майданы» гезитинде корректор болуп эмгек жолун баштаган жана 1992-жылга дейре кабарчы, радио информация, кабарчылар жана каттар менен иштөө бөлүмдөрүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. 1992-жылдан тартып мурдагы Ош студиясынын кийинки «Ош-3000», азыркы «ЭлТР» телерадио компаниясында кабарчы, редактор, ага

редактор, баяндамачы, алып баруучу, бөлүмдүн директору, 2005-жылдын июнь айынан башкы директордун орун басары болуп эмгектенди. 2007-жылдын декабрь айында «ЭлТР» коомдук телерадио компаниясы болуп кайра түзүлүп, КРнын Президентинин буйругу менен Башкы директордун орун басары болуп дайындалды. 2009-жылдын июнь айында компаниянын радио тармагын жетектөөгө которулду. Ал эми 2010-жылдын март айынан тартып Ош облустук телерадио компаниясынын башкы директорлугуна дайындалып, Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын-губернаторунун басма сөз катчысы болуп эмгектенди. 2011-жылдан «ЭлТР» КТРКсынын радиосунун жаңылыктар кызматын жетектеди. Ал эми 2013-жылдын октябрынан тартып радио тармагын башкарып келүүдө.

Т. Жалиев кезинде саясий, коомдук, экономикалык-маданий багыттагы телерадио программаларын даярдап, өлкөнүн ар тараптуу өнүгүшүнө өбөлгө болуучу демилгелер, тажрыйбалар, мыкты иш аракеттерди жалпыга жайылткан. Калктын көйгөйлүү проблемаларын көтөргөн. «Мезгил жумалыгы», «Сарасеп» апталык маалымат программасын эфирге чыгарган. «Саясий арена», «Эл кеңеши» теледолбоорлоруна редакторлук кылган. Кезинде компаниянын башкы директордун орун басары катары жаңыдан түптөлө баштаган коомдук телерадионун калыптануусуна, Кыргызстандын бардык аймактарына көрсөтүүлөрдүн толук чагылдырылуусуна, программалардын тематикалык-мазмундук, техникалык жактан сапаттуулугун арттырууга чыгармачылык, уюштуруучулук бүт күч-аракеттерин багыштады. Ошондой эле коомдук саясий курч кырдаалдарда өлкөдөгү туруктуулукту, тынчтыкты сактоо, эл биримдигин бекемдөө, реформалардын ырааттуу жүргүзүлүшүнө чон үлүш кошо алды. Үзүрлүү эмгеги үчүн 1985-1992-жылдары

Кара Суу райондук, Ош облустук, айрым министрликтер-ведомстволордун Ардак грамоталары менен сыйланса, 1995-жылдан 2005-жылга дейре Ош облустук мамлекеттик администрациясынын, Кыргыз Улуттук телерадио компаниясынын Ардак грамоталарына бир нече жолу ээ болгон. 2004-2005-жылдары Ош облустук «Алтын калем» сынагынын жеңүүчүсү аталган. «Жылдын мыкты редактору» наамына татыган. 2013-жылы «ЭлТР-КТРКсынын мыктысы» аталды.

Кыргыз Республикасынын «ЭлТР» коомдук телерадио компаниясынын 2014-жылдын 13-октябрындагы Кесиптик кошундар уюмунун жыйынынын № 10-протоколунун негизинде Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына көрсөтүлдү.

Абибиллаев Руслан Арзыкулович

Ош бассейндик суу чарба башкармасынын жетекчиси



1970-жылы 16-сентябрда, Ош облусунун Алай районуна караштуу Жошолу айылдык кеңешинин Миязды айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

Атасы Арзыкулов Абибилла ошол кезде аталган айылдын Свердлов атындагы орто мектебинде директор болуп, апасы мугалим болуп иштеш-кен. Ата-энесинин жумуштарына байланыштуу, Алай районунун Сопу Коргон айылындагы балдар бакчасында тарбияланып, 1977-жылы Алай районунун Правда колхозунун Арпа Тектир айылында Пушкин атындагы орто мектепке 1-класска барган. Ал эми

орто мектепти 1987-жылы Кара Суу районунун Мады айылдык Кеңешине караштуу Каарман айылынын "Кызыл Каарман" орто мектебин ийгиликтүү "Күмүш" медалы менен аяктаган. 1987-жылдан 1992-жылга чейин К. Скрябин атындагы Кыргыз айыл-чарба институтунун "Гидромелиорация" адистиги боюнча аяктап жогорку билим алган.

Эмгек жолун 1992-1993-жылдары Кара Суу райондук суу чарба башкармасында суу пайдалануу бөлүмүнүн 1-даражадагы инженери болуп иштей баштаган.

Андан кийин 1993-1995-жылдары Кара Суу райондук суу чарба башкармасында 1-даражадагы инженери.

1995-1997-жылдары Кара Суу райондук суу чарба башкармасында суу пайдалануу бөлүмүнүн жетектөөчү инженери, 1997-1999-жылдары Ош БСЧБда Куршаб ЭГУсунун башчысы болуп эмгектенген.

1999-2002-ж.ж. Кара-Суу райондук суу чарба башкармасынын башкы инженери, 2002-2004-ж.ж. Ош бассейиндик суу чарба башкармасынын башкы инженери, 2004-2007ж.ж. Кара Суу райондук суу чарба башкармасынын жетектеген.

2007-жылдын сентябрь айынан ушул күнгө чейин Ош бассейиндик суу чарба башкармасын жетектеп келе жа-тат.

Көп жылдык сиңирген эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, бир нече ирет райондук, облустук, мамлекеттик администрацияларынын «Ардак грамоталарына» жана Суу чарба Департаментинин, Айыл чарба Министрлигинин «Ардак грамоталарына» жана «Суу чарбасынын мыктысы» төш белгисине жана ошондой эле, өткөн 2017-жылдын август айларында Кыргыз Республикасынын Өкүмөтүнүн «Ардак грамотасы» жана төш белгисине татыктуу болду.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 2 кыздын атасы.

Матраимов Райымбек
(1971-)

Ош бажысынын мурдагы начальниги



Райымбек Матраимов 1971-жылы Жоош айыл Өкмөтүндөгү Агартуу айылында туулган. Райымбек жаш-тайынан зирек, акылдуу, токтоо мүнөздө калыптанып эр жеткен. Улууларды сыйлаган, кичи пейил март жигит атасы Ысмайылдын, улуу агасы Искендердин акыл насааттарын туура кабыл алып, келечекте жогорку билим алуу максатында Ош технологиялык университетинин сырттан окуу бөлүмүнө окууга кирген.

Эмгек жолун "Кыргызстан" пахтачылык боюнча тажрыйба станциясында слесардык жумуштан 1990-жылы баштап, ар кандай ишке көзү каныгып, алга умтулган Райымбек 1994-жылы Оштогу "Мак-Сад" фирмасында коммерциялык директор кызматына орношкон.

Райымбек 1996-жылы ОшТУну аяктап, инженер-техник адистигин алуу мечен 1997-жылы Оштогу Түштүк аймагы боюнча бажы инфраструктурасын техникалык жактан өнүктүрүү дирекциясына инспектор болуп ишке кирген. Мына ошол убактан бери бажы тармагында улам мыкты иштегендиги, аткаруучулук, уюштуруучулук жөндөмү жогору экендигине байланыштуу кызматынан көтөрүлүп отурду.

Бажы ишинин өйдө ылдыйын жакшы түшүнгөн Райымбек башкы инспектор, ага опер өкүл, бөлүмдүн начальниги сыяктуу кызматтарда да иштеп, тажрыйбасы арткан. Райымбек мырза 2005-жылдын 6-майында Ош бажысынын начальнигинин орун басары кызматына 34 жашында бекитилген. 2007-жылдын 9-октябрынан бери

Ош бажысынын начальниги кызматында иштеп келе жатат.

Ал өзү өскөн Агартуу айылына, апасы Апиза энеге тез-тез барып турат. Айылда турмушу начар үй-бүлөлөргө, кары-картаңдарга дайыма материадык жардам берип, балдар бакчаларына, өзү окуган Агартуу мектебине да көмөгүн көрсөтөт, Райымбек мырза бир туугандары менен Агартуу айылына заманбап мечитти куруп бериштн. Анын бул камкордугуна айыл аксакалдары ар дайым ыраазы.

"Баракелде, Ысмайылдын уулдары азамат чыгышты, эл үчүн кылган жакшылыктарын баарыбыз билебиз, атаңарга ырахмат!» дешип аксакалдар бир туугандарды алкашат. Райымбек мырза Ош бажысына жетекчи болуп келгенден бери облустун бажы системасындагы посттордун материалдык-техникалык базасы чыңалып, заманбап компьютерлер, керектүү жабдуулар менен камсыздалып, кызматкерлердин билимин өркүндөтүү багытында бир топ иштер жүргүзүлгөн.

Бажы төлөмдөрүнүн көлөмү жыл сайын көбөйтүлүп, мамлекеттин бюджетине көп каражаттар түшүрүлүүдө. Соңку жылдары белгиленген пландар 120-130 пайызга орундалып, бажы системасында ыргактуу иш жүргүзүлүп, мында тажрыйбалуу жетекчи, кесипкөй адис Райымбек Исмаиловичтин салымы чоң.

2013-жылы ал бир туугандары менен сүрөөнчүлүк кылып, Кара Суу районундагы Отуз Адыр каналын техниканын күчү менен тазалатып берүүгө чоң үлуш кошкон. 5-10 жылдан бери каналдын 25 чакырым келген бөлүгү чабылбай, суу аз келип, 10 айылдык округдун элине сугат суусу толук жетпей, жакшы түшүм ала алышпай келген, эл азыр Райымбек мырзага аябай ыраазы.

Элдин кызыкчылыгын өзүнүкүнөн жогору койгон Райимбек мырза Ак-Таш айыл округунун Жыл Келди

айылынын жаштары үчүн учур талабына ылайык спорттук аянтчасын куруп берүүгө да жардамын берген.

Жыл сайын май айынын башында Жоош айылдык округунун Большевик айылында волейбол боюнча райондун биринчилиги үчүн чоң мелдешти өткөрүүдө Райымбек мырза, өзүнүн агалары мамлекеттик кызмат боюнча Кыргыз Реслубликасанын Түштүк бөлүмүнүн башчасы Искендер Матраимов, Кара Суу районунун акими Тилекбек Матраимовдор менен кошо каражаттарын аябай сүрөөнчүлүк кылып турушат. Биринчи орунду ээлеген командага 50 миң сом, экинчи орунга 30 миң сом, үчүнчүгө 10 миң сомдон байге коюлат, бул мелдеште райондогу бардык айылдык округдардын командалары катышууда.

Райымбек мырзага күн сайын көптөгөн көйгөйү бар атуулдар жардам сурап кайрылышат, соопчулукту көздөгөн кичи пейил, адам менен жан дилинен сүйлөшө билген бул жигит келген инсанды кур койбой көмөгүн көрсөтөт.

Элдин уулу Райымбек мырзаны дайыма Кудай колдойт, анткени «Сен бирөөгө бирди берсең, Алла Таала сага миңди берет» даген накыл кеп бекер жеринен айтылган эмес.

Райымбек Матраимов 2009-жылы юридикалык академияны аяктап, юрист адистигин да алган. Эмгектеги жеңиштери үчүн бир нече медалдар, Ардак грамоталарды алган. «Бажы кызматынын мыктысы», 2006-жылы КРнын Президентинин Ардак грамотасына арзыган. Үй-бүлөлүү, бажы кызматынын полковниги.

Эмесе, аймагыбыздын ардактуу мырзасы Раймбек Ысмайыловичке чың ден соолук, ишинде ийгилик, бакты-таалай калайбыз.

Ысаков Сүйүнбай Тургунбаевич
(1964-22.12.)



1. Туулаган жылы, айы: (1964-ж 22-декабрь)
2. Мектепке кирген жылы: (1972-ж «Комммунизм» мектеби Маданият)
3. Мектепти аяктаган жылы: (1982-ж бүтүргөн)
4. Жогорку окуу жайга кирген жылы: (1982-ж КМУ Ош фак.т Фрунзе ш.
5. Аскерге кызмат кылган жылы: 1983-1985-ж Казакстан г. Эмба.
6. Окууну бүткөн жылы: 1989- КМУ Ош фак.т Фрунзе ш.
7. Ишке кирген жылы: 1989-ж Токтогул атындагы орто мектеби, 1990-жылы Агартуу орто мектебине мугалим. 1993-жылы директор «Жаш техниктер бекети» Кара Суу ш. 1993-жылы «сентябрь) Кара Суу райондук билим берүү бөлүм башчы адис.
8. Учурда Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүндө башкы адис.
9. Үй-бүлөлүү аялы Абдиева Чынара Эсенбаевна 1966-жылы туулган, учурда «Маданият» орто мектебинде окуу бөлүм башчысы.
10. Балдары: үч уул бир кыз:

1. Тургунбаев Нурбек 1991-ж туулган инженер-технолок, үй-бүлөлүү, бир кызы бар.
2. Тургунбаев Рысбек 1992-ж туулган кардиолог, ОшМУ медфакты бүткөн, учурда ординатурада, областтык ооруканада.
3. Тургунбаев Чынгыз студент төртүнчү курс ОшТУ архитектор.
4. Тургунбаева Малика студент экинчи курс ОшМУ медфак.

Омошов Жанышбек Садирдинович
(16.05 1963-ж)



16-май 1963-жыл Ош областынын Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүндөгү Зарбалик айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Билими жогорку.

Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктаган.

1985-1996-жыл Талдык орто мектебинде тарых, адам жана коомпредметтик мугалими

1996- 1997-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчусу.

1997-2006-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү.

2006-2007-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын жаштар саясаты боюнча орун басары.

2013- жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн Усулдук каанасынын башчысы

2013- 2016- жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары.

2016-2017-жыл Кара Суу райондук билим берүү методикалык каанасынын башчысы

2006-жыл райондук билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин окуусу, билим берүү жана илим министрлигинин 2009-ЮСАИД эл аралык уюмунун «Сапатуу билим берүү долбоору»

Сыйлыктары:

1998 - жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана райондук профсоюз комитетинин Ардак грамотасы

2000-жыл Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы төш белгиси.

2006-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана райондук профсоюз комитетинин Ардак грамотасы

2006- жыл Ош облусттук билим берүү башкармалыгынын Ардакграмотасы.

2006- жыл Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы.

2006- жыл Ош мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы. 2006-жыл ЮСАИД эл аралык уюмунун «Сапаттуу билим» долбоорунун директорунун Ыраазычылык каты.

2013-жыл Ош облусттук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун 50-жылдык юбилейине карата Ардак грамотасы 2013жыл Ош облустук Билим берүү институтунун Ардак грамотасы, 2014-жыл Кут билим сабак басмасынын башкы редакторунун Ыраазылык катын алган. 2015-жыл Кара Суу райондук мамлекеттик адмнистрациясынын Ардак грамотасы, 2016-жыл Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук профсоюз комитетинин төш белгиси менен сыйланган.

Уулу Омошов Эрнист ОшТУ нун автожол факультетин, кызы Омошова Гүлзат ОГПИнин тарых факультетин, Жаныбек кызы Назгүл ОшМУнун бим бух. Экономист адистигин аяктаган.

Жубайы Омошова Эркайым Ош соода техникумун бүтүргөн.



Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевич

Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинин «Экономикалык иштин мыктысы» (16.02.1977-ж)

Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевич 16. 02. 1977-жылы Кара Суу районунун Катта Талдык айыл өкмөтүнүн Кара Сөгөт айылында туулган улуту кыргыз, жогорку билимдүү, Ош технологиялык университетинин жол кыймылын уюштуруу боюнча инженер адистигин 2000-жылы аяктаган.

Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевичтин эмгек жолу:

2004-2007-жылдары Ош шаардык Социалдык фонд башкармалыгынын кирешелер бөлүмүндө башкы адис;

1997-2007-2008-жылдары Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгынын башчысынын орун басары, кирешелер бөлүмүнүн башчысы;

1998-2008-2013-жылдары Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгынын кирешелер бөлүмүнүн башчысы;

1999-2014-жылдан Ош шаардык Социалдык фонд башкармалыгынын юридикалык жактар менен иштөө боюнча бөлүмдүн башкы адиси;

2016-жылдан Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгынын башчысынын орунбасары кызматында эмгектенип келет.

1997- 2008-2012-жылдары Катта Талдык айылдык Кеңешинин депутаты-бюджеттик комитеттин төрагасы.

Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгында эмгектенип жаткан мезгилинде өзүн эмгекчил, тажрыйбалуу, жоопкерчиликтүү, демилгечил кызматкер жана талапчан жетекчи катары көрсөтө алды. Өз тажрыйбасын дайыма кесиптештери жана кол астындагы-

лар менен бөлүшөт. Пенсионерлер жана төлөөчүлөр менен кичипейилдик менен мамиле жасайт. Эмгек жамаатынын коомдук иштерине активдүү катышкан. Кесиптештеринин ичинде урмат-сыйга ээ.

Өзүнүн эмгектеги жетишкендиктери үчүн Кара Суу райондук мамлекеттик администрациясынын, Ош шаардык мэриясынын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу агенттигинин жана Кыргыз Республи- касынын Социалдык фондунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

Сыдыков Сейитбек Ашимович

Кара-Суу РЭТнын жетекчиси

(1971-ж)



Сыдыков Сейитбек Ашимович 1971-жылы 10 ноябрда Жоош айыл өкмөтүнүн Зарбалык айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1988-жылы Токтогул атындагы орто мектебин аяктаган. 1988-1990 ж.ж. га чейин Жалал Абад педагогикалык окуу жайынын физкультура бөлүмүн бүтүргөн. Кесиби мугалим. 1991 -жылдан 1994-жылга чейин Токтогул атындагы орто мектепте кызмат өтөгөн. 1997-жылдан 2005-жылга чейин Кара Суу электр тармактарында контроллер андан кийин бөлүм башчысы болуп иштеген. 2011-жылдан 2016-жылга чейин жетекчинин орун басары, 2016-жылдын ноябрь айынан 2017-жылдын май айына чейин Ошэлектр ААКунун инспектору болуп иштеген.

2017-жылдын 17-май айынан баштап кайрадан Кара Суу электртармактарынын жетекчиси болуп дайындалып кызмат өтөп жатат.

Жубайы Идирисова Назгүл, кыздары Нуриза. Нурия, Ракыя, Гулина, Бурулай.



Жумабай уулу Санжарбек

(01.01.1990-ж)

Жумабай уулу Санжарбек 1990-жылы 1-январда Ош облусуна караштуу Кара Суу районунун Катта Талдык айыл айма- гынын Кара Сөгөт айылында карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1996-жылы «Кара Сөгөт» орто мектебине биринчи класска барган. Окууну жакшы баалар менен окуп 2007-жылы 11-классты ийгиликтүү аяктаган. Жогорку окуу жайга Кыргыз Өзбек университетинде билимин жогорулатып, келечекте адистик кесипке ээ болуп, Кыргыз Республикасынын экономикасына чоң салым кошууга ниет кылып, 2012-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктаган. Атасы чарба менен алектенип келет. Апасы үй тиричилиги менен. Беш бир туугандын кичүүсү.



Идрис ажы Айитбаев
Төкмө акын
1985-жыл 12-январь

Мен, Айитбаев Идрис Абдусаттарович 1985-жылы 12-январда коңшу Өзбекстан республикасынын Андижан областынын Коргон Төбө районуна караштуу Чимен округундагы Токтогул колхозунун Намуна айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулганмын. Атам Айитбаев Абдусаттар, апам Айитбаева Суксур. Алар азыркы учурда Өзбекистанда, Намунада жашашат. Мен 1991-жылы №30–Карамат Касымова атындагы толук эмес орто мектебинин биринчи классына окуучу болуп кирип, ал мектепте 7-класска чейин окугам. 7-классты аяктаган соң коңшу Тельман айылындагы №30 укук жана экономика багытындагы лицейге окууга тапшыргам. Ошол окуу жайды 2003-жылы аяктап, ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында Ош шаарындагы Кыргыз-Өзбек университетинин дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер факультетине англис тили мугалими кесибине тапшырдым. Университеттеги окуу жылдары университеттин социалдык маданий иш чараларына активдүү катышып, студенттер Союзун жетектедим жана университеттин Гранит телестудиясында журналист катары эмгектендим. 4-курсумда президенттин «Үмүт» стипендиясына татыктуу болдум. Окууну аяктап 2008-жылы ЭлТР телеканалында журналист корреспондент катары эмгектендим. 2008-2009-жылдары Бишкектеги Ата Журт коомдук жаштар фондунда жетекчинин орун басары жана ОБКОМ тил үйрөтүү борборунда англис тили мугалими катары эмгектендим. 2009-2012-жылдары Оштогу СЕМА лицейинде англис тилинен мугалим болуп

иштедим. 2012-2015-жылдары Ак-Тилек кичи районундагы №52– мектепте директордун тарбия иштери боюнча орун басары кызматын аркаладым. 2015-жылдын декабрынан тарта апрель айына чейин ушул эле мектептин директору кызматын аткардым. Жумушта бир топ ийгиликтерди жаратуу менен биргеликте, акындык өнөрүмдү да элге тартуулап келдим жана бир топ алгылыктуу иштерди жараттым. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйлангам.

Бош учурда ыр жазуу, китеп окуу, чач кыскартуу жана короодо дыйканчылык менен алектенем. Спорттун бардык түрүнө кызыгам. Өзгөчө волейбол, стол тениси жана футболду жакшы көрүп ойнойм.

Үй-бүлөлүүмүн. Аялым - Райимбердиева Гүлбара Муктаровна 1986- жылы туулган. Эч жерде иштебейт. Кесиби боюнча арап тили мугалими. Мен окутан окуу жайды аяктаган. Тун кызым - Ханифа 7 жашта, 2-класста окуйт. 2-кызым Нуркөңүл 5 жашта, кенже кызым Фатима 3 жашта жана экөө чогуу «Үмүт Ак Шола» балдар бакчасына барышат.

Азыркы учурда 2016-жылдан бери Оштогу Бабур атындагы өзбек музыкалык академиялык драма театрында директордун орун басары кызматын аркалап жатам. Ошондой эле 2017-жылдан бери кошумча жумуш катары №52– мектепте адеп сабагынан мугалим катары да эмгектенип жатам. Мекен мага эмне берди, мен мекенге эмне кылып бердим?, деген суроону өзүмө көп берем. Кааларым, Мекендин атын ааламга даңазалоодо, желегин жер жүзүнө желбиретүүдө, чыгаан жаштарды жетиштирүүдө менин да зор салымым болсо экен. Жигит кишиге 70 өнөр аздык кылат деген макалды сөз түрүндө эмес, иш жүзүндө далилдесем...

Аттила (Адыл) хан 449-жылга туура келет экен

Чыныгы кыргыз (кагандары) хандарынын сырткы жана ички душмандардын колунан курман болушу.

Аттила башчылык кылган гуни элинин атак даңкы мезгилинде бүт жер жүзүнө, Европага, Азияга жана Африкага чейин тараган.

Аттиланын ата-бабалары (Кыргыздар) ат үстүндө мыкты жүргөн, көзгө атаар мерген, кылычты жакшы иштеткен ар-намыс үчүн өмүрдөн кайра тартпаган жоокер эл болгон.

Мына ушундай элден Аттиладай баатыр, кол башчы, айкөл адамдын чыгышы, мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Элүү алты жаш курагында Аттила жыйырма жаштагы Гот кызы Ильдихо сулууга үйлөнүү үлпөтү өткөндөн кийин, жетинчи күнү, кагандын жан жөөкөрлөрү тагдырдын жазылышына баш ийген, жол башчысынын жансыз денесинин үстүнөн чыгышат. Айрым маалыматтарга караганда Аттила хандын сөөгүн Гуни каганатынын баш вазири түмөн башы Төлөктүн жетекчилиги менен жол башчыны узатууга укугу бар гана кыргыз уруусунан чыккан жыйырма бир тархан баштаган, кыргыз-гундарынын толук курамындагы бир гана түмөнүнүн узатуусунда, Ысык Көлдүн жээгине алып келип коюшкан экен.

Хан көзүнүн тирүүсүндө Кара Төлөк баатырга: – «Биздин түпкү жерибиз Теңир Тоо, мен көз жумсам, сөөгүмдү ошол жакка алып барып койгула» –деп айтыптыр.

Бул маалымат биринчиден, Аттила хандын насили Кыргыз экенин, экинчиден ата-бабаларынын жери ал үчүн ыйык деп бааланганын, сөөгүм түбөлүккө Ата Мекендин койнунда жатса деген ою бар экендигин дагы бир жолу тастыктайт.

Барсбек каган (хан)

Барсбек каган тарыхый маалыматтарга караганда биздин замандын 680 жылы жарык дүйнөгө келип, 711-жылы душмандардын колунан курман болгон.

711-жылы түрк кагандыгынын аскер башчылары Билге-каган Култегин, Тону Көк башкарган күчтүү аскери жердин уусун жакшы билген чыккынчы Аңгы Адаштын жол көрсөтүүсү боюнча бийик ашууну бир нече күндө ашып, түштүк тарабынан күтүүсүз жаткан кыргыздарга кол салышкан.

Барсбек каган баш болгон кыргыз жоокерлери баатырдык менен жан аябастан, душмандын түмөндөгөн колу менен кашык каны калганча, кармашып, курман болушкан.

Ошентип, ичтериненен чыккан бир чыккынчы адамдын (Ал деле жыргап кеткен эмес, ашууда түрктөр тарабынан өлтүрүлгөн).

Жүзү каралык аракетинин натыйжасында бүтүндөй бир улуу журттун башына түн түшүп, отуз жаштан жаңы ашып, акылы жетишип, күч-кубаты толуп гүлгүндөй болгон курактагы Барсбек кагандан ажырап, Эне Сай кыргыздары кылымдан-кылымга, укумдан-тукумга айта турган аза кайгысын кийип, кан жутуп, кара таш бетине жазылып калган кайгылуу тагдыры аркылуу сабак алып, ынтымак болсок деген аруу тилегимди айткым келет.

Эркиндигинен ажырап, айбан чыдагыс азап-тозокту тартып, 745-жылы Түрк каганаты кулаганга чейин кырк жылга жакын душмандын бийлигине баш ийүүгө аргасыз болгонун эстеп, эркиндик – ар бир элдин бактысы болоорун баса беогилеп, өз эгемендүүлүгүбүздү көзүбүздүн карегиндей сактайлы деп жаштарыбызга кайрылып кетким келет .

Жер которуунун (ички миграциянын) тарыхы

Кылымды карыткан кыргыз элим, Ала Тоону мекендегенден кийин да, шартка жараша Жараткандын буйругу менен жер которуп, кээ бир кичине уруулар, чоң уруулар арасына барып жашап калышкан экен.

Касымбек Асанбековдун «Ысык-Көлдүн жети акеси» китебин баратап жатып, Карга аке, Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Карач аке, Кадыр аке сыяктуу акелер XXII-XX –кылымдарга чейин эл-тагдырына күйүп бышып, токсон толгонуп, элдин келечегинин камын көргөн элдик инсандар эл жогору баа берип, акыл-эстин ээси, калыс адилет, чындыктан тайбаган, кыраакы элдин өзгөчө куту болгондуктан «Аке» наамына, улуу даражага ээ болушкан.

Акелердин теги ар башка болсо да, элдин эркы менен «Ысык-Көлдүн Акелери» делип, аталган. Сарт аке жер которуп, келген дөөлөс (кызыл уулдун бир баласы) уруусунан, Тилекмат Аке, Боорсок бийдин кызы менен ошондон калган) Карач Аке, камактан олжого түшкөн.

Шопок баатыр багып алган Үрүмдүн чөбөрөсү. Булардын тегин ылгабай «Аке» даражасын бѳришкен-көлдүк ата-бабаларыбыздын зор омоктуу акыйкатты тутканы.

Тууган эне эмес, баккан эне дегендей Тилекматтын атасы Жылкыайдарды асыраган Бирназар бий, Карачтын чоң атасы Үүрүмдү баккан Шопок баатыр, Үрүм кашкага көз салган Алсейит, кыргыздын нарк-насилин баяндаган өзгөчө асыл жандар. (Санжыра тарыхында асырандылар арбын).

Ошол катаал дооpлордо Тагай бийден тараган урпактарынын бири Бугу уруусунун кулуну Борон бий болгон. Замандын заңына жараша уруулар арасында ынтымаксыздык күчөгөн чак эле. Эс-акылдуу, узакты

көрө-билген бирок бийге окшогон эл башкаргандар «Сарт аке» менен «Тилекмат Аке», «Карач Акелердин» тегин ылгабай, же болбосо бүгүнкү кээ бир креслодон түшпөгөн, түркөй бузукулардын тиш көрсөткөн көз карашы менен айткандай, түндүк-түштүк болбой даанышмандардын акыл-парасатын, асыл сапаттарын эл журттун жашоо-сундагы оош-кыйыш, уруулардын өз ара тирешүүсүндө, акелердин тунук, акыл насаатын пайдаланган.

Кыргыздардын атын чыгарган атуулдарыбыз

XVIII-кылымдын аяк ченинде, тагдырдын буйругу менен Адыгиненин жору уруусунун урпактары болгон Деңизбай уруусунан касиеттүү Ысык Көл кылаасына барып, жашап калышкан экен. Азыркы Ысык Көл облусуна караштуу Түп районундагы «Тепке» айылында эки доорду көргөн азамат уулдар, Ысык Көл облусу гана эмес, бүткүл кыргыз элине, баштагы союзга белгилүү инсандар чыкты. Жазуучу Касыкемди Касымалы Жөнтөшовду кимдер гана билбейт. Анын «Каныбек» эпопеясы кыргыз элинин адабиятында классикага айланган. Ал эми СССРдин, Кыргыз Эл артисти, актер Муратбек Рыскуловду билбеген кыргыз жоктур. Кыргыз Эл акыны, драматург Жалил Садыковду, Кыргыз Республиксына Эл артисти Анарбек Ибраимдин ырларын укпаган кыргыз аз эле болсо керек. Буларды сыймык менен атасак болот.

Кээ бир мансапкорлор, өзүнүн күнүмдүк кызыкчылыгын ойлогондор кыргызды колот-колотко, түндүк-түштүккө бөлүп, ич-ара ынтымакты бузуп, жаткандар жок эмес.

Өлкө өзүн-өзү иритсе, күнкөр кылам дегендерге майдай жагат. Түпкүрүндө биримдиги жок, бузукулардын тилине кирип, ашыкча эркиндикти эңсеген эл Сирия,

Ливия мамлекеттериндей талкаланып жок болууга чейин барганын баарыбыз бүгүнкү күндө көрүп жатабыз.

Азыркы ааламдаштыруу заманда азгырык таасирлерден (диний агымдардан, террордук ж.б) этияттанышыбыз керек. Ошон үчүн улуттук дөөлөттү кайтаруу, ата-мурасын сактоо максатында ойгонуу процесси жүрүп жатат. Ар нерсенин жөн-жайын, жүйөөсүн ажырата билүү сезимталдык – азыркы кыргыз турмушуна аба менен суудай таңсык.

Түндүктүн да, түштүктүн да эмес, кыргыздын чыныгы уулу – Султан Ибраимов эле

1968-жылы Ош облусунун биринчи катчылыгына шайланат. Бул кызматта он жылдан ашуун иштейт. Облустагы көптөгөн социалдык, маданий жайлар, айыл жана суу чарба курулуштары курулуп, чарбалар экономикалык жактан өнүгүп-өсүп, элдин жашоо турмушу жакшырып, маданияты көтөрүлгөн. Аларга Ош кыргыз жана өзбек драма театрларын, Папан суу сактагычын ж.б, көптөгөн ири курулуштарды атоого болот. С. Ибраимов жөнүндө айта турган негизги нерсе ал Сары Өзөн Чүйдүн кулуну болсо да, ошол он жыл аралыкта Ош облусунун экономикасын гана көтөрбөй, өзү түндүк тараптан келсе да, түштүктөгү келечеги бар эл үчүн иштей алган кадрларды жөндөмүнө жараша өнөр жай өндүрүшүнө, айыл-чарбага жайгаштырган. Кээ бир мансапкор жетекчилерге окшоп, өзүнүн айланасына, өзүнө караштуу айрыкча түндүк тараптан алып келип, колунан иш келбесе да, жайгаштыра берген жок. Түштүктө жашаган эл менен тыгыз байланышып, карапайым элге жакын болгондуктан, эл ичинен абийир таап, эл ишенимине кирип, кыргыз элин районго, облуска, айрыкча түндүк-түштүккө бөлбөй калыс мамиле жасап, өткөндүгү үчүн аксакалдардан баштап жаштарга чейин аны терең урматтап турушкан.

С. Ибраимовдун айкөлдүгүн, ак тилек менен эл камын көргөн эмгекчил жан болгон экен. Ошол үчүн түштүктөгү жашаган кыргыздар айрыкча С. Ибраимовду түндүктүн кулуну гана эмес кыргыз элинин кулуну дешип, купулуна толуп, азырга чейин аны билген карыялар эскерип турушат. Бирок, мындай чыныгы кыргыз элине кызмат кылган жетекчилер, партиянын жогорку баскычына, андан кийинки партиянын идеясына жамынып алган маңкурт жетекчилер акыры түбүнө жетип тынды. 1980-жылы 4-декабрда Ошол мыкаачылардын буйругу менен адам колдуу болуп каза тапты.

Дагы бир мисалга келсек 1991-жылы чычкандын мурду канабай Жараткан Алла тааланын кудрети менен союз ыдырап, биз да көпчүлүк республикадай эгемендүүлүккө жетиштик. Көптөгөн кыргыз эли эңсеген мүдөөсүнө жетип, өзүбүзчө мамлекет болуп, түтүн булата баштадык.

Бирок, баары кыргыз элинин эңсегениндей боло бербейт экен.Президент шайлап, пример министрликке табылгыс кыргыз элине күйгөн, таза коомду улантуучу Насирдин Исанов шайланган эле. Ал ушул мамлекет түптөлө баштаганда келечекти көрө билип, «Кумтөр» алтын кени боюнча аны башка мамлекеттер иштетпөө үчүн өз идеясында туруп алган. Кыргызстан үчүн пайдасыз экенин билген өкмөт башчы Н. Исанов ал келишимге кол коюдан баш тарткан. Премиер-министирликте Исановдун өлүмү мына ушул учурга дал келет.

Кыргыз элин эң ызаланткан намыска тийген жери Кыргызстанга ар кандай эл аралык финансы аферис Бирштейн деген жылып кирип, Н. Исановго окшогон таза кыргыз туйгунун жок кылса, А. Акаевге окшогон жан жөөкөрлөрү көрпенделик дүнүйө корлукка алданып, авто кырсыктан каза болду деп шылтоолоп койду. Мына 26

жыл өтсө да, кыргыз жарытылуу президентке жалчыбай келүүдө.

Ошон үчүн жаштардан тартып, карыяларга, эл башкарган бий берендерге чейин ааламдашуу доордо сак болуп, түпкүлүктүү түбү бир атанын балдары экенибизди терең өздөштүрүп С.Ибраимовго, Н.Исановго окшогон чыныгы кыргыз атуулдарынан сабак алып, жүз жылда бир келчүү уулдарыбызды коргоп, сактап калуу ар бирибиздин парзыбы.

Санжыра кыргыз элин ынтымакка-биримдикке чакырышы керек

Санжыраны кагазга түшүрүп жатканда ар бир тамгасына, үтүр чекитине чейин маани берүү керек. Айрым чыгаан санжырачылар, илимий даражасы бар чоң окмуштуу тарыхчылар тарыхынан да айрым учурда калпыстык кетирип койгонун да байкап жүрөбүз. Алар пендечилик кылып, өз уруусунан чыккан адамдарды көтөрө чаап мактап, башка уруулардан чыккан мыкты, улуу инсандардын кылган ишин, калайык-калкка кылган ак кызматын көрмөксөнгө салып, алардын кадыр-баркын төмөндөтүү үчүн айрым ичи-тар көрөлбас бузуку адамдар тарабынан эл ичинде айтылып жүргөн айрым окуяларды көбүртүп-жабыртып, көркөмдөп айтып, бир атадан тараган эле уруулардын арасындагы ынтымакты ыдыратышып, укумдан-тукумга калуучу бузукулук иштерди жасап жүргөнүн да кезиктирдик.

Мындай кемчилик, ичи-тардык, көрө албастык, өзүмчүлдүк бузукулук менен эч келишүүгө болбойт. Ылайыгына жараша андай санжырачылардын окмуштуулардын, тарыхчылардын кемчилигин убагында бетине айтып, тизгинин жыйып койгондон өтөөрү жок, мындан кыргыз эли утушка гана ээ болот.

Санжыра кыргыз элин ынтымака, биримдике чакырыш керек. Өзгөчө санжыраны уккан, же окуган жаштар ата бабаларынын тарыхын үйрөнүп, улуу инсандар, баатырлардын, акылмандардын калайык калкка кылган ак кызматынан үлгү алып, элге, Мекенге болгон мекенчилдик касиети ойгонуп, бабаларындай эл үчүн кызмат кылууга ниеттене баштайт.

Санжыра так болушу керек. Аны өз калыбынан бузбай кийинки муундарга тактап-таамай жеткирип берүү тарыхчылардын, санжырачылардын, буга тиешеси бар ар бир жарандын милдети. Ошондуктан санжырачылар мурда жазган, же айткан санжыраларына улам жаңы тактоолорду киргизип, кокустан кирип кеткен саман-топондон арылтып туруусу зарыл.



Каганович колхозунун активдери
1-катарда У.Тотоев., Ж. Кыдыров., Т. Бердибеков., Д. Кожошев.
2-катарда К. Жакаев., А. Маткасымов., Мамат

Т. Бердибеков атындыгы орто мектептин мугалимдер жаамааты






А. Жунусов атындагы орто мектептин мугалимдер жамааты





Т. Мусаев атындагы орто мектептин мугалимдер жамаааты





Жоош айыл өкмөтүнө караштуу «Акылман бөбөк» балдар бакчасынын жамаааты

МАЗМУНУ

Редактордун баш сөзү 3
БИРИНЧИ БӨЛҮМ 6
Кыргыз санжырасы 6
Бардык башталгычтын башаты 7
Оң жана сол 8
Автордон 13
Кыргыз санжырасы не дейт? 18
Маджму-ат-таварих китебиндеги кыргыз уруулары тууралуу... 21
Аб ы к е ж о о ш 25
Камай баатыр 28
Муңгуштун тарыхый инсандары 59
Жоош арыктын казылышы 61
Маматали миң башы 64
Маман жана Сопон газылардын көрөгөчтүгү 65
Дос бай 65
Э П И О Л О Г 66
Мамат Мударис 70
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ 88
Ысак кары -Ажы 88
Асанбайдын урпактары 92
Орманбай урпактары 93
Култай балбан 94
Бердибеков Түркбай 95
Колхоздоштуруу 97
Айылдык кеңештин төрөгалары 98
Аманов Курбанбай 100
Бир айыл калды 100
Короздун жумурткасы эле 101

Улуу Ата Мекендик согушта , Жоош айыл өкмөтүндөгү Мамажан айылынан согушта курман болгондордун тизмези 101
Аттокуров Быкыбай 102
Арыкбаев Дөдү 104
Маматов Бакир 108
Маткасымов Абдыбап 110
Маткеримов Камил 113
Матаев Жусуп 114
Муратов Козубай 116
Саткулов Тагай Саткулович 120
Токтосунов Мамажан 123
Шааболотов Болуш 126
Эргешов Жолон 128
Мектептин тарыхынан маалымат 129
Баймырзаев Карим 131
Идрисов Эсен 135
Култаев Чөкө 136
Курбанбаев Салайдин 138
Жороев Кожон 139
Жаанбаев Аскар 140
Жүдөшов Кадыр 142
Жакаев Койчу 143
Муратов Култай 144
Мөмөев Исак 145
Мырзабеков Чкал 146
Жороев Шаны 149
Жолдошев Апсамат 150
Жетибаев Тургунбай 152
Жээнбаев Арапбай 153
Камилов Жаңыбай 155
Маткеримов Жоробай 156

УСТАТ (эскерүү) 159
Назаров Мадамин Назарович 168
Максытов Рысбай Абдуллевич 172
«Шуулдабагылачы теректерим ...» 173
Мурат улакчы 183
Муса уулу Тешебай 185
Мектептин тарыхы 186
Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) 187
Хабулов Токтобай 189
Алтыбаев Тойчу 190
Сыдык Жолдошев 193
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ 195
Усенов Туратали 195
Муратов Абдыразак 198
Жолоев Мамаш 200
Калмуратов Орозбай 203
Айдарбеков Шарип Айдарбекович 205
Эргешбай Жороев 212
Темирбек Куттубаев 214
Жусупов Жумабек 216
Култаев Тажибай 218
Мамытов Апаз 221
Райымжан Разыков элеттик акын 223
Сатыбалдиев Жумабай 233
Абдыкеримов Абдыламит 234
Аманбаев Рахман ажы 252
Маматов Турсунбай 253
ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ 257
Бакир ажы Абдыкадыров 260
Осмонов Бакир 261
Жолдубаев Ырысбай Жолдубаевич 265

Зулпукаров Максыт 269
Кошунбаев Мажит 275
Курманбеков Улукбек 277
Акматалиев Мырзабек Токоевич 278
Көкөчаров Дөөлөтбек Курманбекович 280
Култаев Абдирашид ажы Чөкөевич 284
Сүйүнбай Капаров – 40 жыл редакторлук кызматта 286
Кожошев Арзыбек Орозбекович 289
Козуев Абийбилла ажы Самидинович 295
Абылкасымов Абдыкалык 300
Шааболотов Каныбек Болушевич 302
Мейманбек Касымов 304
Өмүрбек Эрмекбаев 308
Абдивалиев Камчы 310
Абыдманап Төрөбеков 311
Сатыбалдиев Шарабидин 314
Ташбеков Ысмаил Абдуллаевич 315
Исаков Топчубай Эргешович 317
Досбаев Топчубай Жоробаевич 319
Кабылов Мураталы 322
Төрөев Дурусбек Исаевич 323
Камилов Таалайбек Жакшыбаевич 325
Жороев Маматазиз Шаңыевич 326
Абибиллаев Руслан Арзыкулович 329
Матраимов Райымбек 331
Ысаков Сүйүнбай Тургунбаевич 334
Омошов Жанышбек Садирдинович 335
Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевич 337
Сыдыков Сейитбек Ашимович 338
Жумабай уулу Санжарбек 339
Идрис ажы Айитбаев 340

Аттила (Адыл) хан 449-жылга туура келет экен 342
Барсбек каган (хан) 343
Жер которуунун (ички миграциянын) 344
тарыхы 344
Кыргыздардын атын чыгарган 345
атуулдарыбыз 345
Түндүктүн да, түштүктүн да эмес, кыргыздын чыныгы уулу – Султан
Ибраимов эле 346
Санжыра кыргыз элин ынтымакка-биримдикке чакырышы керек 348

Амангелди Абдыбапов –
Мамат Мударис теги

МУҢГУШТУН УРПАКТАРЫ

Редактору: Акбаралы МУСАБЕКОВ
Корректору: Арапбай Култаев
Тех. редактору: Жуман Алтыбаев
Сүрөтчүсү: Рахман Айдаров
Компьютердиккалыпка салган: С. Карагулова

Ап
Бар
Же
тар
Кы
ату
Түн
Иб
Сан

Терүүгө 20.02.2018. берилди. Басууга 02.07. 2018 кол коюлду.
Кагаздын форматы 22,5 басма табак.
Офсет ыкма менен басылды. Нускасы 500
Келишим баада.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А.Мамыров көчөсү, 86/г
Эл.почта: kagaz_resurstary@bk.ru
Тел: (3222) 4-69-16

70с.



Автор жөнүндө

Амангелди Абдыбапов

Кара-Суу районундагы Жоош айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Көп жыл мугалимдик кесипти аркалап, учурда ардактуу эс алууга чыгып, чыгарма-чылыгын улантууда.

1997-жылдан бери Кыргызстан улуттук жазуучулар бирлигинин мүчөсү. Байбичеси Орунбаева Батма медайымдык кесипти аркалоодо.

Алты уул-кыздын атасы, ондон ашуун неберелердин чоң ата, таятасы.

Прозалык жыйнактары:

"Күн бетинде жүргөн жоокер"	1993-жыл
"Акыркы мечит"	1996-жыл
"Мухит тамчыдан жаралат"	1998-жыл
"Өмүрдөгү издер"	2000-жыл
"Бабаларым баяны"	2004-жыл
"Камай баатыр баяны"	2008-жыл
"Айкөл инсан эле"	2009-жыл
"Атанын буйругу балага парз"	2013-жыл
"Тагдырга журтка таазим"	2014-жыл
"Ата мурасы"	2015-жыл

үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Башталгыч мектепке биринчи клсска кирет. Кийин Токтогул атындагы мектебин бүтүрүп, жетилүү атестатын алат.

Көп жыл колхоздун курулушунда иштейт. 1962-жылы аскерге чакырылып, Россияддагы Ыраакы Чыгыш чек арасында атуулдук кызматын өтөп кайтат.

1964-жылы Жалал Абат шаарындагы Педогогикалык окуу жайын дене тарбия бөлүмүнө тапшырып аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгат.

1967-жылдан баштап «Жоош айыл Кеңешине караштуу «Бөкөнбаев» атындагы орто мектепке жогорку класстарга дене-тарбия сабагынан окутуп мугалимдик эмгек чыйыры башталат.

1973-жылы айылындагы «Победа» орто мектебине которулат. 1988-жылдан башталгыч класстарга сабак бере баштайт. 1999-жылы Ардактуу эс алууга чыгат. Карим агай 1986-жылы «Эмгек ардагери» (Ветеран труда) медалы менен сыйланган.

Өмүрлүк жары Апиза жеңе экөө Замир, Авазбек, Нургазы, Иляз, Чолпон, Динара, Чынар аттуу уулкыздарды тарбиялап эрежеге жеткирип турмушта өз ордун табууга камкордук көрүштү.



Абдыкалыков Адылбек
(1937-2002)

Ушундай инсандардын бири өз өмүрүн мугалимдик кесипке арнаган, көптөгөн шакирттердин устаты, татыктуу ата Абдыкалыков жөнүндө сөз болмокчу.

Абдыкалыков Адылбек 1937-жылы 3-февралда Кара Суу районунун Жоош айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө уулган. Балалыгы катал согуш жылдарына туш келген.

Атасы Абдыкалык көзү азиз киши болгондуктан, агалары согушка кеткен-
диктен, кичинесинен турмуштун оор сыноосун көп көтөргөн, энесинин үйдөгү эң ишенген тиреги болгон. Эр жетип, эрезеге жеткенде эл алдындагы жигиттик милдетин аткаруу үчүн Росиянын Оренбург шаарында кызмат өтөгөн. Тырышчаак айылдык жигит такшалып, турмушка болгон көз карашы өзгөрүп орус тилин мыкты өздөштүрүп кайткан. Эми анын алдында жогорку билимдү болсом деген чоң максат турду. Анын кыялынын ишке ашышына энеси Акбермет да чоң колдоо көрсөттү, материалдык жактан камсыздады. Ошентип 1963-жылы Ош педагогикалык окуу жайынын орус тил факультетине тапшырып, 1967-жылы аяктап, орто мектептин орус тил мугалим деген кесипке ээ болду.

Көптөгөн мектептерде Талдык, Отуз-Адыр №3 «Победа» мектептеринде айылдык балдардын орус тилине болгон кызыгуусун арттырууга, эркин сүйлөй билүүсүнө көп аракет жасады. Ал мезгилдеги өкмөттүн идеясын туура түшүнгөн педагок ар кайсы мектептерге үй-бүлөсү менен барып иштеп жүрдү рай. бөлүмүнүн жиберүүсү менен айыл жеринде жергиликтүү калктан башка улуттук өкүлдөрү, мисалы орустар болгондуктан орус тилин үйрөнүү өтө кыйын болчу. Ал тынбай изденди, өз алдынча иштеди, негизгиси өтө көп окуду. Ал жөнүндө кызы Замира биздин үйдө дайыма орусча басылмалар болор эле. «Комсомольская правда», «Советский спорт журналы» «Русский язык в школе» .....Дайыма орган кызматкерлерин ишке алууда сөзсүз орус тилинде мүнөздөмө талап кылынчу. Айылдын көп жаштары атама кайрылышчу. Жашы чоң болсо да эч качан андай өтүнүчтү четке какчу эмес деп эскерет.

Мезгилинде ар дайым өз оюн ачык айтып керектүү жерде насаатын айтып туура эмес болсо беке айтып

чындык үчүн күрөшчү. Айыл турмушунда да өз орду бар эле. Жакшылык жамандыкта дайыма эл башында болоор эле. «Мезгил учкан куш» дегендей жылдар өтүп 1997-жылдан баштап ардактуу эс алууга чыкты. Бирок ушуну менен эле токтолуп калган жок. Эл аны Аксакалдар Сотунун төрөгасы кылып шайлады. Өз ара келишпестик-терди, үй-бүлөлүк меселелерди, айыл ичиндеги көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өз реалдуулугун көрсөтүп, мыйзам чегинде иш жүргүздү.

Кыз балдарынын билим алуусуна, туура жолду тандоосуна багыт берди. Кыздарынын мугалимдик кесипти тандоосу да жөн жеринен болбосо керек. Байбичеси Тагаев Айтбү кесиби математик мугалим болгон. Чоң кызы Гульмира Жалал Абаддагы пед-к окуу жайынан бүткөн. Эки кызы Абдыкалыкова Замира ата кесибин Мичуринск шаарындагы пед окуу жайды ийгиликтүү бүтүп келип, ушул мезгилге чейин мугалимдик кесипти аркалап келет. Уулу Нурбек Т. Сатылганов атындагы филармониянын алдындагы эки жылдык студияны аяктаган. Мелисбек үй-бүлөлү, чарба иштери менен алектенет. Жыргалбек Новосибрск шаа - рында иштейт. Орунбек Россиянын атуулу Новосибрск шаарында жашайт жана эмгектенет.

Идрисов Эсен
(1927-1977)



Окуучулардын күлкүлүү сөздө-рү менен көңүлүн көтөрүп, ошол ыкма менен өз сабагына кызыктыр-ган, кээ бир тентек балдарды урушпай жөн гана жүрөккө жетчү куйкум сөз менен таамай, таасирлүү тарбия берген Эсен агай болчу.

Идирисов Эсен агай 1927-жылы Жоош айылында орто дый-кандын үй-бүлөсүндө төрөлүп- түр. Жети жашка чейин ата-энесинде тарбияланып айылындагы «Жоош» толук эмес орто мектебинен билим алган.

Өспүрүм кези Улуу Ата Мекендик согушка туш келип, көптөгөн замандаштарындай согуштун оор запкысын көрүп, эр жетет. 1951-жылы жаңы ачылган Ош Мамлекеттик Педогогикалык институтка сыртан тапшырып кыргыз тили жана адабият бөлүмүн 1956-жылы ийгиликтүү бүтүрөт.

Кара Суу районундагы «Коммунизм» Ленин атындагы орто мектептерде кыргыз тил жана адабият сабагынан жаш жеткинчектерге тарбия-билим берет.

1959-жылдан баштап Токтогул атындагы орто мектепке которулат.

1967-жылы өз айылындагы «Победа» жети жылдык мектепте иштеп калат.

Эсен агай өмүрүнүн акырына чейин аталган мектеп-те кыргыз-тил жана адабият сабагынан окуучуларга билим, тарбия берди.

Көптөгөн окуучуларды уядан учурду. Эсен агай өмүрлүк жары, Ширин жеңе экөө уул-кыздарды тарбиялап эрезеге жеткирди.

Кыздары, Бегай, Датка, Асылкан, Өктөм ата жолун улашып мугалимдик кесипти тандашты. Турсунбай, Данияр инженер куруучу, Кубанычбек зоотехник, кесибин аркалап баары турмушта өз өрдун табышты.

Култаев Чөкө
(1924-1990)



Ар дайым өзүн салабаттуу алып жүргөн, бакыбат келген, окуучуларга тарбия-таалим сабак берүү менен гана чектелип калбастан, мектеп жөнөткөн ар түрдүү коомдук чарба иштеринде жигердүүлүгүн көрсөтүп, жаштарга өрнөк болгон агай Култаев Чөкө, 1924- жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1934 –жылы Кара Суу районуна караштуу Куйбашев атындагы (азыркы Мусаев Т.) жети жылдык мектебине кирип аны 1941-жылы бүтүргөн. Көп өтпөй «Кызыл Дыйкан» орто мектебинен окуусун улантканы . 1944-жылы мектепти ийгиликтүү аяктайт.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда мугалимдер жетишсиз болгондуктан, 1945-жылдан Куйбышев атындагы жети жылдык мектебиндеги башталгыч класска мугалим болуп дайындалат.

1948-1950-жылдары Оштогу мугалимдер институтунда окуп, атайын орто билим алат. 1950-1956-жылдары Куршап районундагы Молотов атындагы мектепке алгач мугалим, кийинчерээк окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1956-жылдан районубуздун «Кызыл-Сарай», «Октябрь» мектептеринде үзүрлүү эмгектенген.

1957-1962-жылдары билимин жогорулатып, Ош Мамлекеттик Педагогикалык институтунун Филология Факультетинин кыргыз тили жана адабият бөлүмүн бүтүргөн.

1962-жылдан өз кесиби боюнча «Победа» (азыркы Т. Бердибеков) атындагы орто мектепке жогорку класстарга кыргыз тили жана адабияттан сабак берип, 1984-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Ч. Култаев бир нече жолу областык, райондук элге билим берүү бөлүмү тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. Ч. Култаев агай өмүрлүк жары Инаят эжем экөө уул-кыздарын ыймандуу тарбиялоого, илим-билим алууга шарт түзүп, аталык-энелик эң жогорку камкордук көрсөтүштү. Үй-бүлөсү айылдагы өрнөктүү үй-бүлө. Анар, Айчүрөк кыздары турмушта өз ордун табышкан. Абдрашит, Гүлайым, Жыпарлар дарыгер болсо, Топчубай Ош Мамлекеттик университетинде «Экономикадагы математикалык методдор» кафедрасынын башчысы, доцент, физика-математика илимдеринин доктору. Чынар, Динар, Арапбайлар ата жолун жолдоп мугалимдик кесипте иштөөдө.

Курбанбаев Салайдин
(1927- 1987)



Узун бойлуу токтоо мүнөз матем-атика сабагын жакшы билген окуучусун өтө жакшы көргөн математикалык так илим алууга үндөгөн агай Салайдин Курбанбаев 1927-жылы Жоош айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Салайдин агай Жоош толук эмес орто мектебинен алгачкы жолу билим алып, андан соң «Коммунизм» орто мектептен окуусун уланткан.

1946-жылы Ош шаарындагы мугалимдердин институтунда кирип 1948-жылы ийгиликтүү бүтүрөт. Алгачкы жолу «Жоош» башталгыч мектебинен мугалимдик ишин баштайт. Өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө жараша 1957-жылы жогорку билим алуу үчүн Ош мамлекетик Институтунун физика-математика факультетине сырттан тапшырып, 1961-жылы бүтүп жогорку маалыматтуу мугалимдик кесипке ээ болгон. Ошондон баштап, Кара Суу районундагы «Коммунизм», «Токтогул» атындагы орто мектептерде математика сабагынан окутуп, көптөгөн окуучуларга таалим-тарбия, жугумдуу билим берди. Кийин №59-Кесипчилик-техникалык окуу жайда курсанттарга математика-физика сабагынан окутуп 1987-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Өмүрлүк жубайы Азада жеңе экөө Жумакадыр, Надырбек, Темирбек деген үч уулга тарбия берип өстүрүш-түү. Тилекке каршы кенже уулу Темирбек аскердик кызмат-та жүрүп каза таап калды.



Жороев Кожон
(1925-1999)

Атамды айтсам эскерип,
Акылдуу токтоо жан эле.
Аз сүйлөп, көптү ойлогон
Ар ишке шыгы бар эле
Жан дүйнөсү өтө бай
Көптү билген киши эле
Чыгармачыл инсанды
Чын дилинен сүйчү эле.

Кызы Бурул Жороева.

Сөздү ашыкча сүйлөбөгөн, кээде гана учуру келгенде маанилүү маңыздуу куюлуштуруп куйкум сөз да айтып койчу. Токтоо мүнөзүнөн жазбаган салмактуу өмүр кечирген, тууган урукка гана эмес бирге иштеген кесиптештерине, элге жогорку кадыр-баркы бар Кожон Жороев агай 1925-жылы Жоош айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. «Коммунизм» орто мектебин аяктагандан соң 1947-жылы Ош шаарындагы мугалимдер институтуна кирип 1949-жылы бүтүргөн. Эмгек жолун Алай районундагы «Мурдаш» сегиз жылдык мектебинен баштаган. Кийин Кара Суу районундагы «Миялы», «Эшме», «Учкун» орто мектептеринде кыргыз тил жана адабиятынан сабак берген.

Эсепти так, ишти калыс аткарып, алдым жутум болбогондуктан, көп жылдар соода ишинде склад башкарып, дүкөнчү болуп, үлгүлүү өрнөктүү иштеди. 1985-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Өмүрлүк жары Марапат эжем экөө беш кыз бир уулду тарбиялашты. Марапат эжем турмушта өтө такыба жүргөн, эң биринчи мусулманчылыктын парздарын толук аткарган аял эле. Ошон үчүн Сара, Мария,Чолпон,

Күлийпалар ата жолун жолдоп, мугалимдик жана соода жайын бүтүрүштү. Уулу Жакып сүрөтчүлүк жана индустриалдык техникумду бүтүрүп, ал дагы кийин ата жолун улантып мектепте иштеди. Кызы Бурул Жороева болсо ата энесинин кесибин улантып, ыр жазуу, мыкты ырларды жаратууга жөндөмдүү.

Комузду алып колуна,
Кол ойотуп күү черткен.
Санжырасын кыргыздын,
Салмактуу айткан бир четтен.
Атам, апам экөөлөп,
Алты бала көрүшкөн.
Беш кыз бир уулга,
Берилип мээрим төгүшкөн.



Жаанбаев Аскар
(1926-1989)

Ак көңүл, ички дүйнөсү сыртында окуучулар менен бала кыял азил сүйлөп, тил табыша билген, акыйкатсыздык, адилетсиздик өкүм сүргөн учурда өзүн токтото албай калыс сөзүн бетке айткан агай, Аскар Жаанбаев 1926-жылы Жоош айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөл- гөн. Жоош толук эмес мектепте окуган. 1941-жылы Уулу Ата Мекендик согуш башталып, эмгек жолун эрте баштаган. Өзү окуган мектептеги мугалимдер согушка кетип, алардын ордуна сабак бере баштайт, 1952-жылы шартка байланыштуу чарба ишине өткөн.

Мамажан ревкомунун мүчөсүнө, башкарманын катчысы, жардамчы бухгалтер, кампа башчысы болуп үзүрлүү эмгектенген. Колхоз жоюлуп, совхозго айланган-да бухгалтердиктен мугалимдикке өтүп, Кыргыз Мамлекеттик Университетинин тарых бөлүмүнө кирип, аны 1967-жылы ийгиликтүү бүтүрөт.

Кара Суу районундагы «Учкун» орто мектебинде көп жыл тарых мугалими болуп көптөгөн окуучуларга сабак берет. Өз айылындагы «Победа» (азыркы Бердибеков) орто мектепке которулат. 1986-жылга чейин көптөгөн окуучуларды уядан учуруп, таалим тарбия жугумдуу билим берип ардактуу эс алууга чыгат.

Аскар агай өмүрлүк жубайы Тургун жеңе менен Жамшит, Өсөрбай, Кубаныч, Бакыт деген уулдарды, Гүлмайрам, Гүлжамал атуу кыздарды тарбиялап өстүрүп, жогорку жана атайын орто билим алууга камкордук көрдү.

Аскар агайдын чоң уулу Жамшит жөнүндө эскерип кетүүнү тура таптык. Ал менден үч жаш кичүү болсо да, мени менен көңүлү жакын болгондуктан бош убактарда келип экөөбүз узак-узак сухбатташып, музыкага шыктуу болгондуктан мондолин чертчү. Жамшит аскердик кызматты бүтүрүп, келген соң, өзүнүн жөндөмүнө жараша Ош Мамлекеттик Педагогикалык Иниститутту сыртан окуп, колдоосуз эле областык ишке жайгаштыруу бөлүмүнүн, Ош областык Партия комитетиндеги дин башкаруу бөлүмүнүн төрагасы болуп иштеп калган эле. Жамшит өзүнчө келечегине ой жүгүрткөн, жетекчилик ишке жөндөмдүү болчу. Жамшит кызматка өзүнүн эмгеги аркылуу жеткен. Келечекте жогорку кызматта иштесе айылдык жаштарды тартып, кадр өстүрүүгө тилек кылчу. Бирок тагдырдын жазмышы экен. Авто кырсыктан 26 жашында көз жумду.



Жүдөшов Кадыр
(1927-2001)

Ар дайым салмактуу мүнөзүнөн жазбаган, маңыздуу, калыс сөзүн сүйлөгөн, тамгаларды басмадай жазган, көп нерсеге усулдуу көп кесиптин устаты болгон агай Кадыр Жүдөшов, 1927-жылы Жоош айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Айылдагы «Жоош» жети жылдык мектепти бүтүргөн. Улуу Ата Мекендик согуштан соң, мугалимдер жетишсиздигинен 1945-жылдан баштап, айылдагы башталгыч класска мугалим болуп иштеген.

1946-жылы билимин өркүндөтүп, биротоло мугалимдик кесипти аркалоо үчүн Ош шаарындагы мугалимдер институна кирип 1948-жылы бүтүрүп чыгат. Көп өтпөй Гүлчө (Алай) районундагы 18-партсьезд сегиз жылдык мектебине математик мугалим болуп ишке барат. 1951-жылга чейин үзүрлүү эмгектенип, № 22-Хужан-Шүкүр жети жылдык мектебине Өзбек ССРнин Ворошилов районуна жөнөтүлөт. 1952-жылы туулуп өскөн айылындагы «Жоош» башталгыч классында сабак берет. 1962-жылдан баштап, Мамажан айылында «Победа» жети жылдык, кийин 1992-жылы Т.Бердибеков атындагы орто мектепке айланган. Ошол мектепке көп жылдар окуучуларга кол эмгеги жана физика сабактарынан билим-тарбия берди. Көптөгөн жаш мугалимдерге насаатчы болду. 1990-жылга чейин үзүрлүү эмгектенип эс алууга чыкты.

Кадыр агай көптөгөн окуучуларга тарбия берүү менен бирге өз үй-бүлөсүндө камкор ата эле. Агай өмүрлүк жары Анар жеңе экөө Салтанат, Жунусбек, Зарылбек, Махабат, Таир, Нуризат аттуу уул кызды

тарбиялап өстүрүштү. Кыздары ата жолун улантып мугалимдик ардактуу кесиптин ээлери.



Жакаев Койчу
(1927-1996)

Адам баласындагы көп кырдуу жөндөмдүүлүк тубаса болсо керек. Сөздү чукугандай тапкан, сөзүндө адамга таасир этүүчү акылман оюу бар, ыңгайсыз кырдаалдарда түрдүү кыял жоруктагы адамдар менен мамиле түзүп сүйлөшкөн. Калыс сөзүн тике айткан, уюштургуч, айылдагы жакшы- лык жамандыкта эл башкарган чакан бойлуу өзүнө тыкан ыкчам жүргөн мектеп чөйрөсүндө гана эмес эл журтуна кадыр-баркы бийик бааланган, инсандардын бири Койчу Жакаев агай 1927-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жоош башталгыч классын, андан соң, жети жылдыкты бүткөн соң, Улуу-Ата Мекендик согушка мугалимдер кеткендигине байланыш-туу 1943-жылы мугалимдер институтуна кирип, жакшы баалар менен бүтүрөт. Кара Суу районуна караштуу Киров башталгыч мектепте мугалим болуп иштеп баштайт. 1949-жылы Куршап (Өзгөн) районундагы «Кызыл-дыйкан», «Ворошилов», «Коммунизм», мектептеринде 1952-жылга чейин деректир болуп иштейт. 1952-1954- жылдары туулуп өскөн жерине келип, «Победа», азыркы Т.Бердибеков атындагы мектептин директорунун орун басары болуп жаш жеткинчектерге таалим тарбия-билим берди. 1987-жылы үзүрлүү эмгектенип ардактуу эс алууга чыгат.

1946-жылы «За доблестный труд в Великий Отечественой войне 1944-1945г.г) медалы жана граматасы

менен сыйланган. Өмүрлүк жары Патийла Байбичеси экөө Саадат, Амирбай, Өмүркан, Зуура, Гүлнара. Абдилат, Абдылазис, Абдрасул аттуу уул- кыздарга татыктуу тарбия беришти. Алар турмушта өз ордун табышты.



Муратов Култай
(1911-1974)

Карасуу районундагы алгачкы агартуучулардын бири Култай Муратов 1911-жылы Жоош айылында «Старшин» (айыл башчысынын үй-бүлөөсүндө туул- ган. Жашынан билимге умтулган жигит Кашкар кыштагында ачылган сабатсыз- дыкты жою боюнча жатак мектептен билим алган. Ал жерде ар түрдүү улут- тагы балдар билим алышкан. Өзгөчө орус-татар өспүрүм- дөр көп болгондуктан ошолордон орус тилин үйрөнгөн. Ошентип, Култай Муратов алгачкы эмгек чыйырын Жоош айылындагы башталгыч мектептен баштаган.

1932-жылы Жалал Абад шаардык билим берүү бөлүмүнө инспекторлук кызматка, көп өтпөй Ворошилов (Сузак) районунун айыл чарбасын уюштуруу комитетинин жооптуу катчысына көтөрүлгөн. Андан соң агартуу ишине кайтып, райондук билим берүү бөлүмүндө инспекторлук кызматында эмгектенген.

1935-жылы Култай агай Түштүк Кыргызстанда тарыхта биринчи жолу ачылган Жалалабад шаарындагы Педагогикалык окуу жайына жөнөтүлөт. Бүткөн соң, 1938-жылы Куршап районундагы Ворошилов атындагы мектепке директор болуп барган. Көп өтпөй Култай агай Ош областтык билим берүү башкармасына чакыртылып, кадрлар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы кызматына

дайындалды. 1940-жылы Гүлчө райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматына дайындалат. Андан соң Алай районундагы Сопу Коргон кыштагындагы Токтогул атындагы жети жылдык мектепте директор. 1948-жылдан 1950-жылга чейин Төлөйкөн (Карасуу районундагы Жапалак айылдык Ворошилов атындагы мектепте, анан Куршап (Өзгөн) районундагы «Эркин Тоо» мектебинде директорлук милдеттерди аткарды.

Кийин Кара Суу районундагы «Учкун» башталгыч мектебин ачып, башчысы катары бардык иштерди уюштурду. 1963-жылы Жоош айылына келип «Победа жети жылдык мектебинде орус-тилинен сабак, тарбия берди. 1970-жылы Ош Мамлекеттик Пединститутун геогрфия бөлүмүн бүтүргөн.

1971-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Култай агайдын үзүрлүү эмгеги бааланып, «Эмгектеги күжүрмөндүгү үчүн» юбилейлик медаль, облустук райондук билим берүү тармакарынын Ардак грамоталарына тактыктуу болгон. Бүкатыча байбичеси экөө, Тажибай, Калыбай, Жалибай аттуу уулду, Бактыгүл деген кыздуу болушту. Баары жогорку билим алып турмушта өз ордун табышкан.



Мөмөев Исак
(1928-1982)

Жашоодо аз өмүр сүрсө да, бүткүл жаштыгын биринчи мектеп босогосун аттаган башталгыч класс-тын окуучуларына эмгегин арнаган ардактуу агай Исак Мөмөев 1928-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1937-жылдан Мамажан башталгыч классына кирет. 1945-жылы Жети жылдык мектепти

бүтүрөт. Ошол эле жылдан Мамажан толук эмес орто мектептин башталгыч класстарына сабак бере баштаган. 1947-жылы Оштогу Педагогикалык училищаны сырттан окуп бүтүрөт.

1947-жылы Ошотогу мугалимдер институтуна кирип 1949-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, мугалим- дик кесипке ээ болот.

1949-жылдан Кара Суу районуна караштуу «Кызыл Аскер» жети жылдык мектепте кыргыз тил жана адабият мугалими болуп иштеп калат. 1950-жылы аскердик кызматка чакырылат. Үч жылдык кызматты ардактуу бүтүрүп Ата Журтуна кайтат.

1953-жылдан Жоош айыл кеңешиндеги Токтогул атындагы Жети жылдык мектебине дене-тарбиядан мугалими болуп окуучуларга билим тарбия берип ийгиликтүү иштейт. 1954-жылдан «Победа» (азыркы Бердибеков) мектебине башталгыч класска мугалим болуп өмүрүнүн аягына чейин ардактуу мугалимдик кесипте иштейт.

Ысак агай өмүрлүк жары Канайым жеңе менен Сара, деген кыздуу, Бектемир аттуу уулду болушат. Бектемир катуу оорудан кийин кайтыш болуп кетти.



Мырзабеков Чкал
(1940-2001)

Ар дайым физика каанасынын лабаротиясынан чыкпай, окуучуларга сабак берүүдө техникалык каражатты өтө кылдаттык менен иштетип, жан дили менен аракет жасаган шыңга бойлуу, өзүн тыкан алып жүргөн агай Чкал Мырзабеков 1940-жылы Жоош айылындагы Мамажан колхозунда мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

Атасы Мырзабек Койчалов Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпаган соң, апасы Айгүл эженин колунда тарбияланды. «Победа» жети жылдык мектепти бүтүрүп, Токтогул атындагы орто мектепке кирет. 1958-жылы он жылдыкты ийгиликтүү бүтүргөн, соң Ош Мамлекеттик Педагогикалык институттун физика-математика факультетине кирет да 1963-жылы ийгиликтүү аяктагандан соң, Ата жолун жолдоп, мугалимдик кесипке ээ болот. 1963-жылы бүтүрүп, Жоош айыл өкмөтүнө караштуу «Бөкөнбаев» атындагы орто мектепке физика-математик мугалими болуп иштей баштайт.

1977-жылы айылдагы «Победа» сегиз жылдык мектепке которулат. 1978-жылы директирликке көтөрү - лөт. 1981-жылдан өз кесибин улантат.

1993- жамааттын сунушу боюнча директирдин окуу иштери боюнча орун басары болуп шайланат. 2001-жылы ардактуу эс алууга чыгат.

Чкал агай өмүрлүк жубайы Бактыгүл жеңе экөө Алмаз, Нургазы аттуу уул, Канышай, Айжамал, Самара, Тамара, аттуу кыздуу болушуп аларды татыктуу тарбиялашып врач, мээрбан эже кесиптерине окутушту. Уул-кыздары турмушта өз ордун таап жашап жатышат.

Чкал агай өз кесибин улантуу менен бош убактарда ыр жазып, анын чыгармалары областтык райондук гезиттерге байма-бай чыгып турган.

Автобекет

Автобекетте олтурам унаа күтүп,
Базарга келгенде ишим бүтүп,
Максатым эртерээк жетип алсам,
Кышкы суук түшүп калса калбай үшүп.
Автобекет бул дүйнөгө окшошобу,
Ойлодум анда отуруп мен ошону.
Канча адам келсе бул дүйнөгө улам-улам,
Канчанчысы кетет экен жашоодон коштошкону.



Тешебаев Нурмат
(1927-2002)

Мектеп тарапка кетчү жолдо орто бойлуу, чачын ак аралап токтоо мүнөз жай кадам таштап, өмүрүнүн жарым кылымга жакыны билинбей мектеп турмушунда өткөн. Башталгыч классты окутуунун устаты. Тешебаев Нурмат агай 1927-жылы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулган.

Агайдын педогогикалык чыйыры эң оор күндөрдө башталды. Гитлердик баскынчылар ажыдаардай алкынып, адамзаттын башына кайгы түшүп турган.

1943-жылы «Жоош» айыл кеңешине караган Зарбалик айылындагы Омош ажы мечитин мектепке айлантып, башталгыч классын ачууда көмөктөшүп өзү мугалим болуп бала окутту. Ошентип мекенибиз башынан оор күндөрдү өткөрүп жаткан учурда Нурмат агай келечекке үмүттүү карап ары татаал, ары сыймыктуу кесипти тандап алып, тажрыйбасыз жаш улан кыздарга талбай тарбия берди.

1948-жылы Жоош башталгыч мектепке которулуп, өз айылында үзүрлүү эмге жолун улайт.

«Дарак бир жерде көгөрөт» –дегендей Нурмат агай бүткүл өмүрүн кырк эки жылдык эмгегин жалаң башталгыч классты окутуп, миңдеген жеткинчектерге тарбия берүү менен «А» тамгасын таанытты. Мугалим ошону менен кадыр- барктуу, бийик турбайбы.

Нурмат агай өмүрлүк жары Төркүн байбиче экөө Шермамат, Адирашит, Абдыманап, Таалай, Талант аттуу уулдары, Аваз, Мээрниса, Мейилкан сыяктуу кыздарды тарбиялап өстүрүп турмушта өз оордун табууга камкордук көрүшкөн.



Жороев Шаны
(1928)

Жылдар аткан октой тез өткөнүн байкабай калат турбайбызбы. Ишине так, тыкан, сабак берүүнүн устаты Шаны агай шамдагай ыкчам кыймылдап бизге математика, кол эмгегинен сабак, таасын- тарбия берчү.

Шаны Жороев агай 1928-жылы Жоош айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Айылындагы «Жоош» башталгыч классында окуп, андан соң жумушчу жаштарыдын мектебинде (Ш.К.М) окуусун улантып «Коммунизм» орто мектебин ийгиликтүү бүтүргөн.

1946-жылы эки жылдык мугалимдер институтуна кирип, аны 1948-жылы аяктап, эмгек чыйырын Гүлчө районундагы Жылуу Суу айылындагы «Таш башат», Молотов мектептеринде математика мугалими болуп иштөөдөн баштайт. Көп өтпөй Октябрь мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, бир жылдан соң метептин деректору болот. Тоо шартындагы окуучуларга тарбия терең билим берүүдө жетекчи катары көп эмгек сиңирет. Ошонун натыйжасында, жаамат ичинде кадыр- баркы көтөрүлөт.

1956-жылы эли жерине келип айлына жакын жайлашкан Токтогул атындагы орто мектепке математика мугалими болуп иштей баштайт.

Ош Мамлекеттик Педагогикалык институттун физика-математика факультетин сырттан бүтүрөт.

1975-жылы «Маданият» жети жылдык мектепте иштеп 1982-жылы Мамажан айылындагы «Победа» мектебине которулат.

1988-жылы ардактуу эс алууга чыгат.

Шаны агай өмүрлүк жары Уулбү жеңе экөө Мала, Маматазиз, Бегалы, Шерали, Эрали, Нурали деген уул, Зарипа, Сонунбү аттуу кыздарды тарбиялап жогорку билим алууга камкордук көрүп, баарын турмушта өз оордун таап, көптөгөн неберенин таята, чоң атасы болуп карылыктын кадырман күндөрүн өткөрүүдө.



Жолдошев Апсамат (1928-1991)

Апсамат агай жөнүндө сөз болгон соң, анын басып өткөн жолунан бир сүртүм маалымат бере кетейин.

Агай өз эмгек чыйырын 1950-жылы Фурунзедеги (Бишкек) Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетин аяктаган соң, кыргыз педагогикалык институнда кенже илимий кызматкер болуп ишөөдөн баштаган.

Андан кийин Оштогу областтык билим берүү бөлүмүндө инспектор, 1954-жылы Ноокат районундагы «Правда» мектебинде директор, ошондой эле директорлук кызматтарды Өзгөн районубуздун «Кызыл-дыйкан», 1958-жылы Кара-Суу районундагы Токтогул атындагы орто мектептерде иштеген. Аты аталган мектеп агайдын өзү туулуп өскөн жери болчу. Ал мезгилдин талабы менен кайрадан мугалимдик кесипке баш урган агайды, турмуш агымы Кара Суу шаарындагы жатак мектепке алып келди. 1969-жылдан баштап «Победа» (азыркы Т. Бердибек уулу атындагы) орто мектепке директорлук милдетти аткарып, пенсияга чыкканга дейре ушул мектептин ысык, суугу менен болду.

Педагогикалык багытта жаш муундарга тарбия берүүдө жана коомдук саясий иштерге өз учурунда активдүү катышкандыгы үчүн Апсамат Жолдошевдин мээнети жогору бааланып, 1970-жылы Лениндин туулган күнүнүн «100 жылдыгы» юбилейлик медалы менен жана партиянын областтык комитетинин Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Агай өз мезгилинде келечек үчүн бийик канат сермеген жаштарды өстүрдү жана тарбиялады. Атай кетсек агайдан таалим-тарбия алган жаштар өтө арбын. Алар Ош университетинде иштеген мугалимдери, илимдин кандидаттары Малике Акбиева, Топчубай Култаев, ошондой эле Жоош айыл өкмөтүндө жайгашкан Токтогул, Агартуу, Исматов, Бөкөнбаев жана Т.Бердибек уулу атындагы мектептердин директорлору Б.Тойчиев, К. Залиедерди атап кетүүгө болот. Мен атаган инсандар агайдан таалим-тарбия алган окуучуларынын бир гана бөлүгү. Анын ичинде белгилүү эместери да канчалап саналат. Эми Апсамат агай жөнүндө сөз жүргөндөн кийин, ал инсандын үй-бүлөсүнө кызыкпай коючулар да болбой койбойт. Жубайы Гүлсүн эже да кесиби боюнча мугалим. Эжебиз пенсияга чыкканга дейре башталгыч класстарда окутуучулук милдетин аркалап келди. Ал эми уул-кыздарынан кеп салсак тун кызы Замира Мырзы Аке айылында атасынын жолун жолдоп биолгия сабагы боюнча мугалимдик кесипти аркалап келүүдө. Андан кийинки уулу Мамат жол куруучу, азыр ардагер. Сайдахмат зоотехник эле. Кенже уулу Арстан Кара-Суу районундагы Нариман ооруканасында башкы дарыгер кызматына иштейт.

«Мугалим-мөмөлүү дарак» дейт элибизде, агайдын көзү өтсө да, анын иши, насааты, инсандык барк-ченеми дайыма аны билгендердин, баалагандардын жүрөгүндө

бекем сакталат. Анткени, коомго бир топ пайдалуу иш жасоо менен, билим берүү багытында өчпөс изи калды.



Жетибаев Тургунбай
(1928)

Күндөлүк сабактарды өтө талап кылган, айрыкча кол жазмабызга көбүрөөк сарасеп салган, дене-тарбия сабагында узун, шыңга бойлуу турникте түрдүү көнүгүлөрдү аткарып, окуучуларын суктанта караткан Тургунбай Жетибаев агай болчу.

Ал 1928-жылы Алай районундагы Гүлчө айылында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1937- жылы биринчи класска кирип, мектеп босогосун аттайт. 1946-жылы Ош шаарындагы эки жылдык мугалимдер институтун бүтүрүп, Алай районунда иштейт.

1952-жылы Аскерге чакырылып, 1955-жылы жоокердик милдетти аткарып кайтат. 1955-жылдан «Победа» метебине ишке кирет. 1959-жылы Кара Суу районундагы Кызыл Аскер орто мектебине которулат.

1961-жылы иштеп жүрүп, Ош мамлекеттик Педагогикалык институтунун химия-билогия факультетин сырттан окуп бүтүрөт.

Андан соң районубуздагы «Октябрь», «Крупская» атындагы мектептерде жогорку класстарга биологиядан сабак берет.

1981-жылы «Победа» (азыркы Т.Бердибеков) атындагы орто мектепте көптөгөн окуучуларга таалим-тарбия билим берип, уядан учурат. 1988-жылы ардактуу эс алууга чыгат. Өмүрлүк жары Калы байбиче экөө он эки

уул-кызды тарбиялап өстүрүп, жогорку жана орто билим алууга көмөктөштү.



Жээнбаев Арапбай
(1946-жыл 27.04)

Мектептеги билим-тарбия, жаамат ичинде жигердүү иштер көңүл толоорлук болбосо тынчы кетип, уктай албаган ишти бүткөрүүгө демилге көтөргөн, тыным албаган, көп жыл мектептерде окуу бөлүмүнүн башчысы жана директору болуп өрнөктүү иштеген. «Эл агартуу кызматкерлеринин мыктысы» (отличниги) төш белгинин ээси Арапбай Жээнбаев агай 1946-жылы «Жоош» айыл кеңешиндеги «Мамажан» айлында темир устанын үй-бүлөсүндө туулган.

1953-жылы айылындагы мектепке кирип окуп, 1957-жылы 4-классты аяктаган. Окуусун Токтогул атындагы орто мектепке улантып, 1964-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы Ош Мамлекеттик Педагогикалык Институтунун физика-математика факультетине кирип, аны 1968-жылы аяктап, «Орто мектептин математика мугалими»-деген адистикке ээ болот.

Эмгек жолун райондун аймагындагы «Кызыл Аскер» орто мектебинен (Шеркулов атындагы орто меғктеби) баштап, 1977-жылга чейин мектепте катардагы мугалим,окуу бөлүм башчысы кызматында иштеген. «Ардак грамотасын» алууга жетишкен.

1977-жылы айылындагы «Победа» сегиз жылдык мектебине которулуп, ал мектепти он жылдык орто мектепке айландырууга чоң салымын кошкон.

Окуу-тарбия иштеринин жакшы жолго коюлушуна ал көп көңүл бурган. Мектеп райондогу алдыңкы мектептердин катарына кошулган.

Республикада мектептерде терек көчөтүн өстүрүү боюнча биринчилерден демилге көтөрүп, мектепке 50000 түп терек көчөттөрүн өстүрүүгө жетишкен.

1982-жылы үзүрлүү эмгегин эске алып, Кыргыз Республикасынын Агартуу Министирлигинин «Ардак» грамотасы жана Эл агартуу кызматкерлеринин отличниги (мыктысы) деген төш белгиси менен сыйланган.

1986-жылы «Маданият» орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчылыгынан директорлук кызматка дайындалган. Мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу менен, мектепти 1988-жылы орто мекктепке айландырган.

1989-жылы колдо жасалган көргөзмө куралдар боюнча конкурска катышып, республикада алдыңкы орунду ээлеген. Анда автордук наамга ээ болуу менен, Кыргыз Республикасынын «Ардак грамотасын» алууга жетишкен.

1999-жылы өз айлындагы Т.Бердибеков атындагы орто мектепке директорлук кызматка которулган.

Арапбай агай иштеген мезгилдерде музей түзүлгөн. 2003-жылы Америкалык Мерси-Ко компаниясына бизнес-проекти жазып мектептин чатырын жабууга толук жетишкен.

Арапай Жээнбеков Айылдык Кеңештин бир нече жолку чакырылыштарынын депутаты болгон. Арапбай агай байбичеси Апилет экөө төрт уул, эки кызды тарбиялап өстүрдү. Уулу Нурлан ОшМУнун Информатика бөлүмүндө сдуденттерге сабак берет. Иляз музыкант, Гүлбарчын, Кызжибек мугалими, Мирлан Россияда техсервисте иштейт. Руслан студент.



Камилов Жаңыбай
(1942-жыл.16.06.)

Бирдей басыгынан жазбаган оор басырыктуу, тентек окуучулардын түрдүү терс кыялдарына сабырдуулук менен карап, ошолорго тарбия берүү, орус тилин жана адабиятын үйрөтүү үчүн өмүрүн сарптаган агайлардын бири, Жаңыбай Камилов агай.

Ал 1942-жылы «Жоош» айлындагы «Мамажан» айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Жети жашка чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, 1951-жылы «Жоош» башталгыч мектептин босогосун аттаган.

1957-жылы «Каганович» (азыркы Т. Бердибеков) мектептин жетинчи классын бүтүрүп, ошондо Жоош айылдык кеңештеги «Токтогул» атындагы орто мектептен окуусун уланткан.

1959-жылы аскердик кызматка чакырылып, Афганистан менен чек ара Кушка шаарында кызмат өтөй баштайт. Жаңыбай агай түрдүү улуттун балдары менен өтө ынак, ынтымактуу аскердик кызматты аткаруу менен орус-тилин эркин сүйлөй баштайт.

Аскердик жакшы кызмат өтөгөндүгү үчүн «Мактоо Алкыш» баракчаларынын ээси болду. 1964-жылы аскердик кызматты бүтүрүп келген соң 1965-жылдан «Учкун» орто мектебине музыка мугалими болуп эмгек чыйырын баштайт.

Көп өтпөй Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинин орус тил жана адабият бөлүмүнө кирет. 1970-жылы институтту бүтүрүп, «Учкун» орто мектебине орус тил жана адабият сабагынан мугалими болуп иштейт.

1979-жылдан өз айлындагы Т.Бердибеков атындагы орто мектебине которулат, мектепте тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, жөнөкөй мугалим болуп өрнөктүү иштеп, 2006-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Жаңыбай агай жубайы Салима эжеке экөө жаш жеткинчекерге гана таалим-тарбия билим берүү менен үй-бүлөдө камкор ата-эне болушуп өз кесибин кыздары улантышты. Чоң кызы, Бүажар ата жолун жолдоп орус тил мугалими, Зулайка болсо башталгыч класстарга сабак берет.

Уулу Абдыманап, Алмаз, Абдиталиптер, турмуштан өз ордун таап, түрдүү кесиптин ээлери болушту.



Маткеримов Жоробай
(1927-2016)

Мектептеги таалим-тарбия, өтүлгөн сабак чарба ишине 1927-жылы Жоош айлында орто-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Мамажан башталгыч мектептен билим алган. «Коммунизим» орто мектебин аяктаган соң, 1946-жылы Ош шаарындагы мугалимдерди даярдоо курсуна кирип, 1949-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыгат.

1948-жылдан баштап, Гүлчө районуна караштуу 16-Партсьезд 8 жылдык мектепке директирлик кызматка жөнөтүлөт. Жаш мугалим тоолуу райондо өзүнүн тыңдыгынан мектептин жамаатын башкарып, окуучуларга билим-тарбия берүүдө, жетекчи катары көп үлүшүн кошот. 1951-жылы Өзбек ССРнин «Дыйкан-Чек» кыштагындагы «Азат» айлына караштуу «Куйбышев» атындагы сегиз жылдык, кийин Токтогул орто мектептеринде тарых

сабагынан окута баштайт. 1967-жылы Ата Журтуна кайтып, Мамажан айылындагы «Победа» (азыркы Т.Бердибеков) мектебинин тарых мугалими болот.

Көп өтпөй Жоробай агай Директордун чарба боюнча орун басары болуп иштейт.

Агай чарба ишинде оозго алынып, мектеп тегерегин иретке келтирип, ремонт иштери сапатуу болгондуктан райондо белгилүү мектептердин бири болуп, көптөгөн чарба башчылары агайдан үлгү алып турушкан.

Көп жылдык эмгеги бааланып, райондун билим берүү бөлүмү тарабынан Ардак грамоталары «Эмгек» ардагери» медалы менен сыйлангана. Агай мусулманчылыктын парзын өмүрлүк жубайы Сабира жеңе экөө, ажылык сапарга барып келген. Кадыр, Калдар, Камчы, Раим, Абдилазис, Маматазиз аттуу уулдары, Тажикан, Жаркынай деген кыздуу болушуп, төртөөнү жогорку маалыматтуу болууга, калгандары атайын орто окуу жайын бүтүрүп чыгууга камкордук көрүшкөн.



Ормонов Калы
(1933)

Жоокердей такшалган ар дайым билим-тарбия берүүдөн тыным албай мектептин артыкча аскердик патриоттук билим берүүдө өзгөчөлөнүп, окуучуларга гана эмес жамаатка да үлгү болуп өрнөк көрсөтүп келген агайдын бири Калы Ормонов агай.

Ал 1933-жылы Жоош айлында кызматкердин үй-бүлөөсүндө туулган. «Жоош» толук эмес орто мектептен жетинчи классты бүтүрүп жашынан билим алып, келечектен үмүттөнүп, Ош областык орто мектепке келип кирет. Бирок, үй шартына байланыштуу окуй албай

кайра айлына келет. 1949- жылы «Куммунизим» орто мектептен окуусун улантып, 1952-жылы бүтүрөт.

Көптөн күткөн тилеги ишке ашып кыргыз Мамлекеттик Университеттин химия-биология факультетине тапшырып студент болуп калат.

1957-жылы Университетти ийгиликтүү бүтүрүп, Тажик ССРнин Жерге Тал районуна жөнөтүлөт. Шартка байланыштуу тез эле ал жерден кайтат.

Мырза Аке районунун «Комсомол» орто мектебинде мугалимдик ишин улантат.

1959-жылы Өзбек ССРнин Коргон Дөбө районундагы «Дыйкан Чек» айылдык кеңешине караштуу «Кожон-Шүкүр» айылындагы Токтогул атындагы орто мектепке окуу бөлүмүнүн башчысы, көп өтпөй директор болуп шайланып, бөтөн жерде кыргыз балдарына таалим-тарбия билим берүүдө жаамат менен бирдикте үзүрлүү көп жыл эмгектенет.

1967-жылы «Победа» сегиз жылдык мектепке химбиолок мугалим болуп келет. 1994-жылга чейин балдарды аскердик патриоттуулук, Мекенди сүйүүгө үндөп ардагерликке чыгат.

Калы агай Кыргыз ССРнин Агартуу Министрлиги жана областык, райондук билим берүү тарабынан көптөгөн «Ардак грамота» жана диплом менен сыйланган.

Калы агай жубайы Үмүт жеңе экөө Кубанычбек, Өмүрбек, Айбек сындуу уул, Шарапат, Гүлмира, Динара, Замира, Сайрагүл аттуу кыздарды тарбиялап өстүрдү. Алар баары жогорку жана атайын орто билим алышып, эл керегине жараган уул-кыздар болушту.

УСТАТ
(эскерүү)

Козуев Самидин
(1933-2004)

«Тамга үйрөткөн устатты 40 жыл көтөрүп жүрүү керек»

Азирет Али



«Эл агартуунун мыктысы» Самидин Козуев агай 1933-жылы Кара Суу районундагы Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1950-жылы «Коммунизм» орто мектебин бүтүрүп, Ош Мамлекеттик Педагокикалык институттун Филология Факультетинин кыргыз тили жана адабият бөлүмүнө кирип, 1955-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Токтогул атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1963-жылы кайрадан «Победа» мектебине директор болуп жөнөтүлөт. 1968-жылы аталган мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп которулуп, 1986-жылга чейин үзүрлүү эмгектенди. 1993-жылы ардактуу эс алууга чыккан . 2004-жылы 6-январда ааламдан өттү. Самидин Козуев агай бир нече жолу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн жана райкомпартиянын «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

Даректардын бутактары жортуп өткөн желге силкинсе, куураган жалбыректары жерге учуп түшөт. Мезгилдин каардуу өкүмү сүрүп, ысыктын деми кайтып, күз белгиси сезилет. Күз башаты мугалим-окуучулардын сүйгөн мектебине кайтуу убагы.

Мектеп босогосун аттаганда ар убак арабызда дагы эле жүргөндөй сезилген бир үй-бүлөдө өскөндөй таберик инсандар катары көз алдыма элестете берем.

Жетимишинчи жылдардын баш чендеринде эл агартуу ишине аралашып, пионер уюмунун башчысы болуп «Агартуу» мектебинде иштеп, бир жылдан соң «Победа» мектебине китепканачы болуп которулдум.

Мамажан айылынын ортосуна салынган сегиз бөлмөлүү «Победа» сегиз жылдык мектеби деп аталчу, үстү чатырсыз, жаңаша курулган чакан бөлмө там усулкана болуучу. Ошол чаккан бөлмө өз кесибинин устаты, билим-тарбия берүүдө талыкпай такшалган агай эжекелердин шаңдуу үнү угулуп турчу.

Алар жаны бейиши болгурлар мектеп директору Апсамат Жолдошев, кыргыз тилчи Чөкө Култаев, Эсен Идрисов, тарыхчы-географтар Аскар Жаанбаев, Койчу Жакаев, Адалат Асанова, физик-математик Кадыр Жүдөшев, башталгыч класстын мугалимдери Ысак Мөмөев Нурмат Тешебаевдер эле.

Айрыкча беш-он мүнөттүк эс алуу маалында Эсен Идирисов менен Койчу Жакаев агайлар сөзгө чечен куудул болгондуктан тынбай аския айтышканда, каткырышып маашырлана күлүшкөн агай-эжекелер чаалыгып чарчаш-канын унутушуп, китеп кабын колтугуна кыстарышып сабакка жылмая киришчү.

Ошол агайлардын ичинен эң жаш, окуу бөлүмүнүн башчылык кызматында чейрек өмүрүн арнаган мугалимдердин бири Самидин Козуев агай эле. Самидин агай атамдын аталаш иниси болгондуктан, атам ага катары кеп-кеңештерин берчү. Атамын акыл-насааттарын туура кабыл алгандыктан жакшы көрчү. Ошондон улам болсо керек, элүүнчүү жылдардын баш чендеринде Самидин агайдын студент кези болчу. ОМПИ нин филология факультетинде окучу. Окуп жүргөн

учурларында курсташ-айылдаш досу Бакир Абдыкадыров менен Оштон эрте-кеч кайтканда биз жашаган Маданият айылындагы үйүбүзгө жолугуп дем алышып, Мамажан айылына өтүп кетишчү.

Ошондой күндөрдүн биринде Самидин агай биз жашаган Маданият айылындагы үйүбүзгө түнөп калды. Мен балалык кезимде жомок уламыштарды угууга өтө ынтызар элем. Ал менин көңүлүмдү көтөрүү үчүн эшиктеги мен жаткан сөрүбүздүн четине олтуруп, «Алп кара куш», Зымырык куш» сыяктуу жомокторду туурап айтып бергени жадымда. Самидин агай «Алп кара куштун» канаттарын теректерге салыштырып, ал жомок айтып жатканда желге теректердин жалбыректары шуулдаганда балалык баео кыялымда Алп кара куш төбөдөн учуп өткөндөй сезилип, коркунучтан башымы төшөктүн кабатына катчумун.

Азыркы эски мектеп аталган имарат төрт бөлмөдөн эле. Элүүнчү жылдын ченинде башталгыч класста окугандыктан сабактан тараганыбызда үйгө кетпей, Симидин агай жогорку класстардын бир бөлмөсүндө жаңы жылга карата даярдоочу. Ошону акмалап терезеден карачубуз. Күткөн жаңы жыл да келди. Жер бетин аппак кар баскан. Чилде сууга уруп, бетти чымыратат. Мамажан колхозунун клубу элге жык-жыйма толгон. Кадимки борбордон келген артистердей 7-кластын окуучулары акын-драматург Жоомарт Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» драмасын коюшту. Көпчүлүк катары өспүрүм мен да, таңдана ырахаттана көргөн күндөрүм көз алдыма тартыла берет. Драма бүтүп, артынан концерт берилди. Түндүн бир оокумунда кайттык. Кычыраган суукта клубдан кайткан элдер, драмалык оюнга, окуучуларга, аны көп эмгек мене алып чыккан Самидин Козуев агайга ыраазы болушуп, өз үйлөрүнө кирип тарап кетишти. Ошол убакта азыркыдай эң жакшы шарттар, музыкалык аспаптар болбосо да, кара

күч эмгектин, билимдин тарбиянын туура багытта берүүсүнүн натыйжасында жаш элеттик мугалим Самидин агайдын көөнөрбөс ийгилигинин алгачкы жемиштери эле.

Алтымышынчы жылдардын баш чендери болучу. Кеч күз аяктап, кыштын белгиси билинип эшикте кара суук күчөп турган. Түн киргенде атам ыраматылык «Каныбек» романынын жаңы жыйнагын кармап келди. Кезекте туруп «акыркысын» алганын айтып жүзү кадимкидей албырып, сүйүнгөнү билинип турду.

Кечки тамакты ичип бүткөн чакта Самидин агай шаша күлүмсүрөп кирип келди да: – Абды аке, сиз Каныбек китебин алып келгениңиз чынбы? –деди. Ошондо атам – мына деп тышы бозгуч китепти сунду. Ошондон кийин Самидин агай түндүн бир оокумуна чейин чарчаган чаалыкканын билгизбей бизге үнүн бийикке чыгарып көркөм окуп берчү. Биз үй бүлөбүз менен ынтызарлана тыңшайбыз.

Мен болсо китептин кызыктуу окуяларына аралашып кетем. Ошондон баштап адабиятка кызыгуум артып, китепти көп окуй турган болдум. Кыштын узун түндөрүн Самидин агай өтө терең жеткиликтүү романы менен өткөрдүк. Самидин агай мектепте иштөө менен бирге жазган ыр, фелеьтон, кабарлары райондук «Коммунизим жолунда», облусттук «Ленин жолу» беттерине байма-бай басылып турчу. Ал анда Токтогул атындагы орто мектепте кыргыз тили жана адабияттынан сабак берүүчү.

Сексениничи жылдын орто ченинде институтту бүтүрүп «Победа», азыркы Бердибеков атындагы орто мектебине ишке орноштум. Алгачкы күндөрү тажрыйбасыздыктан сабак өтүп окуучуларга тарбия берүүдө өтө көп кыйынчылыктарга дуушар болуп, иштебей кетип калсамбы деген ойдо жүрдүм.

Самидин агай окуу бөлүмүнүн башчысы катары үзгүлтүксүз сабагыма кирип, -ар бир өткөн сабагыма анализ берип жүрдү. Бир күнү кыйналганымда; Самидин аке, мугалимдикти таштап башка ишке өтсөм дейм, аңгеме, кабар жазып жүргөнүмдү билесиз, гезитке кабарчы болсом деген ниетим бар-дедим. Бөлмөсүндө өзү жалгыз отурганда. Самидин агай адатынча жылмая жарык маанай менен күлүмсүрөй: -Бир тарабы шакиртим болуп калдың. Инимсиң, мугалимдикти таштайм деген ойду такыр унут. Сенден жакшы тарбиячы чыгат. Билип жүргүн, биздин уруктан ишти чала таштап качкандар болгон эмес. Ататегибиз илимпоз, элдерге билим-тарбия берген инсан болушкан, ошону эсиңден чыгарба. Чыгармачылыгыңа келсек, сен журналист эмес жазуучу болсом деп жүрөсүң. Гезитке иштебей эле жазууга болот деди. Мага суроолуу карап. Оор жүктү көтөрүп бараткан адам жакындаганда чыдамы жетпей таштап жибергендей сездим өзүмдү. Эрксиз, сабырсыздыгыма өкүндүм. Ошол күндөн баштап Самидин агайдын, устатымын мага айткан жүйөлүү насааты катуу таасир этти. Мугалим болууга умтулуп жазуучулук талантымды өстүрүүгө бел байладым. Мугалимдик татаал кесипти аркалоо менен түн уйкумдан кечип, бүтүндөй дилимди берип чыгарма жазууга жан отум менен кириштим. Жаңы жазган чыгармамды алгачкы жолу устатыма көрсөтчүмүн. Устатым Самидин агай адабиятты кыргыз тилинини теориясын өтө терең билип, өзү да бир убактарда акын болом дегендиктен ар бир жазылган чыгармама ой пикирин, сынын айтып, көп-көп оңдоп жазууга, турмушту үйрөнүп чындыкты чыгармаларга айландырууга жол көрсөттү.

Мугалимдик кесипте да туура устатык кылгандыктан мен биротоло жазуучулук менен мугалимдик ардактуу кесипти өмүр бою улантып келем. Устатымдын ата баба-лар жолунан тайбай улантышы, келечекти көрө билиши,

маданияттуу, элпек мектептин түгөнбөс таатаал иштеринде мага дем берип, бел болуп, мени алга жетелеп такшалтты. Чыныгы устат өз шакиртин канаты талбай сермеш үчүн дем күч берүүчү өзгөчө мүнүшкөргө окшошчу. Самидин агай экөөбүз устат үчүн шакирт, шакирт үчүн устат ар убакта бирин-бири толуктап коштоп, колдоп туруучу ишенимдин күчү, кудайым атаа кылган ортобуздагы түбөлүк ажырагыс ыйык белектей сезилчү. Мен да пендечилик жалган дүйнөдөгү татаал тагдыр, бешенеме Самидин агайдай устатым, акем барына кудайыма миң мертебе ыраазы болчумун.

1989-жылы тарыхый окуя али эсимде. Кыргыз тилине мамлекеттик тил катары «статус» берилет деп элдик талкууга коюлуп, мен дагы айылдагы тургундардан кол топтоп жүрдүм. Ошондо да Самидин агай дем берип, эң туура иш жасап жатканымы билип, мага жардамдашып көрсөтмө берди. Акыйкатты айтып коюш парз. Кээ бир чарба башчылары, түшүнбөгөндөр мугалим кесиптештеримин арасынан да, каршы чыккандар болушту. Ошол жылдын 23-сентябрь күнү Сессияда Жогорку Кеңештин депуттарынын ичинен белгилүү жазуучулар Төлөгөн Касымов, Камбаралы Бобуловдор кайра кайра чыгып, өз оюн айтышып акырында депуттар бир добуштан колдоп кыргыз тили мамлекеттик тил катары статуска ээ болду. Баардыгын калтырбай көзүмдү телеберүүлөрдөн албай ичимден толкунданып, кыргыз тили мамлекеттик тил болду деген үчүн сүйүнгөндөн түн бир оокум болуп калса да, токтоно албай Самидин агайдын үйүнө жөнөдүм. Устатым жубайы Инабат жеңем экөө да кубанып мени келсе керек деп күтүп олтурушкан экен . Толкундана өз эне тилибиз кыргыз тили Кыргызстанда мамлекеттик тил болгонуна бири-бирибизди куттуктадык.

- Самидин аке, айрыкча жетекчилер ынабай коебу деп чочудум эле дедим. Кабатырлангандыгымды билгизип.

- Эй иним! Көпчүлүк эл жактырган жакшы нерселерди Алла Таала да жетекчилердин дилине салды. Бул кудайым кыргыздарга берген эркиндик белгиси. Муну түшүнө билип, шүгүрчүлүк келтиришибиз керек,- деди сөзүн жыйынтыктап.

Түн жарымда күздүн салкын жели беттен сылап, бир чоң байгеге жеткендей ичтен кудуңдай кубанып, чарчап, чалыкканымды сезбей уйкум да келбей сергек кадам шилтеп устатым экөөбүз маңдай жарылган сүйүнүчүбүздү тең бөлүшкөнүбүзгө ыаазы болуп келеттым. Устатым Самидин агай баштагы «Победа» толук эмес орто мектептен кийин Т.Бердибеков атындагы орто деп аталган мектепте беш жылдай деректирлик кызмат аткарып, андан соң ардагерликке чыкканга чейин аталган мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы кызматын аткарды.

Ал жетекчи болуп иштеген учурда, улам жоюлуп кайра тогуз жылдыкка айланган мектеп он жылдыкка өткөрүүгө чоң салымын кошту. Устатым айрыкча окуу бөлүмүнүн башчысы болгон мезгилдеринде жамааттын, ар бир мугалимдин шартына жраша жадыбалды түзүүчү. Жаш мугалимдердин сабагына кирип, өз оюн айтып, насаатчы катары жардам берчи. Ал чыгармачылыгын жаңы баштаган учурда Кыргызстанга белгилүү сынчы-адабиятчы филология илимдеринин кандидаты Кадыркул Даутовго кесиптештери орус тили мугалими Жаныбай Камиловго, математик, кийин ошол Бердибеков атындагы мектеп директору кызматта иштегендер уулу Абийбилла Козуевге, Бубайша Жолдошовага дене тарбия мугалими Жолду Абдыразаковго эмгек жана сүрөт чийүү мугалимдери Арапбай Култаевге, Жакып Жороевдерге улуу, такшалган мугалим катары устаттык жардамын берип өттү.

Самидин агай мектептин ишин аркалоо менен ошол убакта «Кара Суу» совхозунун 5-бөлүмү аталган биздин

айылдагы Чарба жетекчилерине кечинде саясий окуудан сабак өтүп жүрдү.

Устатымдын өтө жөнөкөй адамгерчилигинин бийиктиги мугалимдер жамааты эмес, тууган-урук айылдагы элдер менен да жакшы мамиледе болгондуктан мугалим-инсан катары бедели бийик болчу. Самидин агай Ош Мамлекеттик Педагогикалык иниституттун филология факультетинин, кыргыз тили жана адабият бөлүмүн бүткөн алгачкы карлыгачтары эле. Көп жылдар Кара Суу районунун элге билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси Эркин Сарымсаков жана филология илиминин кандидаты, ОшМУнун филология факультетинин мурунку деканы Акбар Сыдыков жана белгилүү адабиятчы, профессор Бектурсун Алымов менен курсташ болгон. Кара Суу районунда жашашкандыктан Самидин агай Э.Сарымсаков жана Акбар Сыдыков менен ысык мамиледе болуп, алар менен дос жана курсташ катары катташып жүрдү.

Айылдаш курсташ досу Бакир Абдыкадыров ардагерликке чыкканга чейин Тажикстандын Мургап районунда мектеп директору, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келди. Ал каникул сайын туулуп өскөн айылы Жоошко келгенде эң алгач Самидин досуна кезигип, анан башка урук-тууган досторуна жердештерине жолукчу. Анын ушундай адамдарга өзгөрбөс мамилеси инсандык калыс пейилдин улуу кадыр-баркы деп билемин.

Мен турмуштун көйгөйүнөн чарчаганда Самидин агайга устатым жана акем катары үйүнө барчумун. Экөөбүз узак-узак сухбатташчубуз. Ал мага ар кандай турмуштун кыйынчылыгында сабырлуу, каниеттүү болуп, жеңип чыгууга үндөчү. Аны менен сүйлөшүп кайтканда өзүмдү жеңил сезип, үстүмөн мени кыйнаган оор жүктү алып салгандай болчу. Себеби Самидин агай, акем-устатым катары пендечиликте жалган күнүмдүк турмуштун ачуу көйгөйлүү таппиштери менен чектелип жашап жүрбөй,

акретти да ойлоп, о дүйнөнү да эстеп, бул жашоонун камы кези келгенде бир тыйынга татыбашын, ошон үчүн Кудай тааланын амалдарын аткарууну эсиме кайра-кайра салып турчу.

Самидин агай мугалимдик кесипти бийик кармап, кадыр баркына терең жеткендиктен, өзүндөгү шыгын чыгармачылыкка эмес мугалимдик кесибине арнады. Бүт өмүрүн ден-соолугун аябай окуучуларга жугумдуу билим, ыймандуу тарбия берүүгө арнады. Кээ бир менменсинип кара кардын, курсагын ойлогон текеберсинген адамдай, адал арамды аралаштырып дүйнө топтоп, артына калтырууну ойлободу. Эң негизгиси өмүрлүк жубайы Инабат Тургунбаева экөө мугалимдик ыйык парзды бекем кармашты. Уулу Абибилла, кыздары Жылдыз, Назиктер ата-эне жолун улантышты. Мугалимдик ардактуу кесипти тандап алышты. Ал эми Бакыт менен Жалил инженердик кесипке эгедар болушса, Тайыр Россиядагы Новосибирск шаарында дарыгер-хирург кызматта татыктуу иштеп жүрөт. Кичине уулдары Шайыр менен Дайыр «Ак мандай» фермердик чарбада үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Самидин агай оош-кыйыш көпчүлүктүн пейли бузулуп ыйман качкан заманда, өзү баш болуп, уул кыздарын небере келиндерине чейин, кудаанын амалдарын аткарып Саждага жыгып коюп кетти. Мындай мурас, собоп иштер бардык эле инсандын колунан келе бербейт. Мен усатымдан калыстыкты, адилетчиликти өз кесибине кыянаттык жасабоого, кичипейилдик менен жөнөкөйлүктү үйрөндүм. Устатымдын табият тартуулган эң жакшы касиеттери мага гана эмес, башка инсандарга да үлгү болот деп ойлойм. Устатымдын жалган дүйнөдө кудай талаа жолунда аткарган ибадаттары уул-кыз небережелерине жана эл үчүн жасап кеткен эмгектеринин үзүрүн көрүп, бейиштин эшиги кенен ачылаарын кудайдан тилейм.

Назаров Мадамин Назарович

(1933-ж)

Назаров М.Н. СССРдин эл агартуусунун отличниги, Жогорку окуу жайрарынын отличниги, Кыргыз республикасынын эл агартуусунун отличниги, Ош мамлекеттик университетинин профессору, илимдин кандидаты.

1933-жылы 12-февралда Ош облусунун Араван районуна караштуу Жаңы Абад (мурдагы Жаннат) кыштагында жыгач уста Чотон уулу Кожоназардын үй-бүлөсүндө туулган. Ал үй-бүлөнүн эң кичүү баласы болгон. Анын бир агасы Урайым, эжелери Зейне, Мукарим, Хайры, Алыйпат жана Уулкан болгон. Атасы Кожоназар уста 1935-жылы катуу ооруудан кийин 63 жашында каза болгон. Агасы Урайым 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согушка барып, 1942-жылы Сталинграддын астындагы салгылашууда каза болгон. Кичиникей Мадамин апасы Режепова Халмаманын жана эжелеринин тарбиясында чоңойгон. Ал 1940-жылы» Жаңы Абад» башталгыч мектебинин 1-класс-на окууга кирип, 1940-жылы 4-классты бүтүрөт. Ошол эле жылы Уйгур Абаддагы мектепте 8-классты бүтүрүп, 1948-жылдан Төлөйкөн кыштагындагы «К. Маркс» орто мектебинин мектеп интернатында 9-10-классты окуп аяктайт.

1950-жылы орто мектепти ийгиликтүү бүтүрүп, колхоздо колхозчу, учетчик жана бухгалтердин жардамчысы болуп иштейт.

1951-жылы ОШ Жогорку педогогикалык Институтунун физика-математика факультетинин 1-курсуна окууга өтөт.

Институттун 3-курсунан баштап, Ош шаарындагы «25-октябрь» орто мектебинин кечки бөлүмдө 7-8-9-класстарына математика сабагынан сабак берип иштей баштайт.

1955-жылы Ош Жогорку Педогогикалык Институтунун артыкчылык диплому менен аяктап, Араван районундагы А.Навои орто мектебине мугалим болуп дайындалат. 1956-жылы Советтик армиянын кызматын өтөйт. 1956-жылдын ноябрь айынан баштап, мектептин завучу, директору болуп иштей баштайт.

1958-жылдын августунан баштап, Араван райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат.

1961-жылы Мадамин Назаровду Ош Жогорку Педогогикалык Институтуна жумушка чакырышат.

1964-жылдан математика окутуунун методикасынын кафедрасынын башчысы болуп эмгектенет.

1966-жылы Фрунзедеги Педогогика Илим изилдөө институтунун аспирантурасынын сырткы бөлүмүнө аспирант болуп окууга кирет.

1967-1970-жылдары бир нече илимий макалалардын, үч илимий докладдын тезистеринин негизинде кандидаттык диссертация жазып, 1971-жылы 9-февралда Алма-Ата шаарында Абай атындагы пединституттун окумуштуулар кеңешинде диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

1970-жылы «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

1971-жылы СССРдин «Эл агартуусунун отличниги» ардактуу наамдарына татыктуу болгон.

1965-1982-жылдары кафедранын башчысы, 1976-жылдан «Кафедранын доценти» илимий наамдарына ээ болгон.

1982-жылы кафедранын профессору болуп шайланган.

1990-жылы СССРдин Жогорку атестациялоо комиссиясынын чечими менен Мадамин Назаровго ПРОФЕССОР илимий наамы ыйгарылган.

1992-жылы Ош МУнун профессору болуп шайланган.

Профессор М. Назаровдун илимий усулдук жардаманын негизинде Жапаров С, Кудайбердиев О.Х, Мадраимов С.М., Бөрүбаев Т.Б., Алтыбаева М.А., Исаков К., Снин Е.Е. педагогика илимдеринин кандиданттары болушуп, азыркы күндө профессор наамына ээ болушкан.

М.Назаров 45тен ашык илимий, илимий-усулдук статьяларды, макалаларды, докладдарды, окуу китептерди, монографияларды, усулдук колдонмолорду жазып басмадан чыгарган.

Алардын ичинен окуучулар үчүн китепти, 9 мугалимдер үчүн колдонмолор, студенттер үчүн окуу китептерин жазган.

М.Назаровдун жубайы Норалиева Майриямхан менен ОшПиде бирге окушкан, үч кыз, эки уулду өстүрүп, тарбиялашкан.

Уулдары Мухаммед жана Эркинбектер илимдин кандиданттары (Мухаммед 2006-жылы 31-август күнү катуу ооруудан кийин ааламдан өттү). Кызы Махабат математика мугалим, Диларом Россиядагы Новосибрск Университетинде мугалим, физика-математика илимдеринин кандидаты.

Кичүү кызы Назокат Кыргыз мед.институтун бүтүрүп, врач болуп эмгектенип жатат.

Алардан 10дон ашуун неберелери бар.

Мадамин Назаров агайдын өмүр жолу, ишмердүүлүгү жердештери жана жаш муундар үчүн өрнөк болчу нерсе.

Жердешибиз, улуу инсан, ОшМУнын профессору Мадамин Назаров ысмы менен жердештери сыймыктанышат.

Эргеш Хайтматов
(1926-1997)

Эргеш Хайтматов 1926-жылы Араван районундагы «Какыр- Эрке-Кашка» айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Атасы Хайтмат, апасы – Тургунай болгон. Наркул ажынын небереси болгон. 1933-жылы «Эрке-Кашка» айылында ачылган башталгыч мектепте окуду. 5-7-класстарды «Агроном» жети жылдык мектебинен билим алды. 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда Араван кыштагында аскердик дене тарбия боюнча машыктыруучулардын курсун-ОСОВИАХИМди бүтүрүп келип, Интерниционал кыштагында жашаган 270 адамды «даярдоодон» өткөргөн. Согуш мезгилинде кат ташуучу да болуп иштеген.

1942-1949-жылдары тракторчу болуп иштеген. Ал эми 1949-жылы күздө колхоздо 3 ай башкарма болуп иштеди. 1950-1983-жылдары курулуш бригадир болуп иштеген.

Эргеш Хайтматов эмгекчилдиги, сабырдуулугу менен айырмаланган, элдин кызыкчылыгын жогору койгон, ар бир ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылган, кичи пейил, боорукер инсан болгон.

1963-жылы 140 гектар пахта аянтынын ар гектарынан 50 центнерден «Ак алтын» көтөрүп, республикада биринчи болуп 28 күндө планды аткарып, республика жетекчиси Т.Усубалиевдин өз колунан 1964-ж 20-апрелде «Ленин» ордени менен сыйланды.

Мындан тышкары анын эмгегин өкмөт жогору баалап, «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери, эмгектеги артыкчылыктары медалы, көптөгөн баалуу сыйлыктар менен сыйланган. 1962-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Аялы Бакирова Бузура менен 10 кызды багып тарбиялап өстүрүшкөн. Бүгүнкү күндө 33 небереси, 21-чебереси бар. 1977-жылы дүйнөдөн өткөн. Анын ысмын районубуздун калкы урмат менен тилге алып, унутпай келе жатат. Интернационал кыштагынан борбордук көчөсүнө Эргеш Хайтматовдун ысмы берилген.



Максытов Рысбай Абдуллевич (1942-1988ж)

Максудов Рысбай 1942-ж 10-ноябрь Ош областындагы Кара Суу районуна караштуу Төлөйкөн айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти бүткөндөн соң 1990-ж. Ош мамлекеттик пединститунун физика-математика факультетине кирип, 1965-жылы физика жана математика мугалимдик кесипке ээ болуп, орто мектепке иштей баштаган.

1974-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин алдындагы аспирантурага кирет. 1977-жылы Өзбек ССРнин Илимдер академиясында кандиданттык диссертациясын жактап, физик-математика илиминин кандидаты деген илимий даражага ээ болот.

1983-жылы математика методикасы боюнча доцентик даражага жеткен.

Ал, алтымыштан ашуун илимий эмгектерди жазып, көптөгөн СССРдин сыйлыктарына ээ болгон. Университеттин жамаатында кадыр баркы бийик болуп, көптөгөн илимге умтулган студенттерди тарбиялаган. СССРдин, «Эл Агартуусун отличниги» наамын алган.

Байбичеси Каримов Санайым көп жыл Г.Айтиев атындагы орто мектепте директор болуп иштеген Эл агартуунун отличниги, азыр ардактуу эс алууда.

Кызы Элмира мугалим, уулу Айдар математика илимдеринин кандитаты. Кызы Айзада экономист, кенже уулу Санжарбек да экономист. Р. Максутовдун ысымы Төлөйкөн айлындагы бир көчөгө берилген.

«Шуулдабагылачы теректерим ...»

Асман ак боз чалып, сыдырым соккон желге теректердин дирилдеген жалбыректары сабагынан үзүлүп, шуудурап жерге түшүп жатат. Ал эми радиодон жүрөк эзген кайгылуу кайрыктар кайталанат.

«Шуулдабагылачы теректерим,
Ыйлагым келет менин»

Бул обонду уккан сайын Оштогу педагогикалык институттун физика-математика кафедрасынын башчысы, математика илимдеринин кандидаты, Кара Суу районундагы Төлөйкөн айылында туулуп өскөн маркум Рысбай Максутов эсиме түшө калат. Эрксизден түшө калат кыялыма. Дайыма ушинтет. Анткени ал жыл мезгилдеринин ичинен өзгөчө күздү жакшы көрчү. Даректардан теректерди бөтөнчө жактырар эле. «Күзбереке төгүп турган сонун мезгил. Теребел ар түрдүү боёкторду сүрткүлгөн көркөм сүрөттөй. Карачы, бийик теректердин сымбаттуу шыңга бойлуу жигиттердей керилишкенин! Күздө алар ажайып кооз боёкторду сүрөтүнө жасанып, сыдырымга желге шуудураша дирилдешип, өздөрүнүн ченемсиз сулуулугу менен кишинин делебесин козгоп, жашоого, жаратылышка болгон кумарыңды арттырат!» Рысбай аяш акемдин ушинтип нечен ирет кайталап айткандары көңүлүмдөн эч бир кетпейт. Ушинтип көп суктанаар эле күзгө. Сулуу кызга суктангандай суктанар эле маркум!

Жоош айылындагы биздин үйүбүздүн короосунда суйкалып катар өскөн теректер бар. Алардын алтымышынчы, жылдардын башында, бейиши болгурлар

атам, агам Баткенбай, аяша акем Рысбай үчөөлөп тигишкен эле. Ушул теректерди көргөн сайын алардын жаркын элестери көз алдыма тартылы түшөт. Негедир буулугуп, толкунданып кусалана берем.

Ошол алтымышынчы жылдарда ыраматылык бир тууган агам Баткенбай Оштогу педагогикалык институтта окуп жүргөндө капысынан сыркоолоп, Кара Суудагы бейтапканада жаткан болчу. Демейдегидей эле эртең менен мектепке жөнөөрүмдө апам мага:

- Акеңе барып кел, тамак даярдап койдум, атаң экөөбүз жумуштан бошобой калдык, - деди күтүүсүздөн бир нерсеге катуу капаланган түрдө. Ким билет? Балким, уулунун ооруп калганына капалангандыр?

Анда биз шаар дегенде жаныбызды коёорго жай таппай калат элек. Агама даярдалган тамакты алдым да, шыпылдап жөнөдүм...

Бейтапкананын алдында эки-үч жигиттер туруптур. Алардын кийим-кечесинен, кебетелеринен студенттер экендигин баамдадым.

- Досуңуз ким?
- Баткенбай .
- Ооба , мен ошонун иниси болом.
- Анда чогуу күтө туралы. Биз чакырттык, агаң азыр чыгат. Канчанчы класста окуйсуң?
- Жетинчи класста.
- А-а, жакшы.

Кийин билсем, ал Рысбай аяш акем экен. Ал эми агам кийинки жылы окуусун Оштон улантпай, Москвадагы жогорку техникалык окуу жайларынын бирине тапшырып, өтүп кетти. Анда жарым жыл окууган соң Фрунзедеги политехника институтуна которулуп, анын үчүнчү курсун бүтүрүп, жайкы каникулга келгенде күтүлбөгөн жерден эски дарты катуу кармап, мүрт кетти. Мен ушул кезге дейре таңмын: эмне үчүн Москвага тапшырып өтүп, кайра

Фурунзедеги политехника институтуна келгенине түшүнбөймүн. Анда ал «Өз күчүм менен өтүү кыйын, пара бериш керек, а парага акча жок, андан көрө парасы жок Москвага тапшырайын» деп ойлосо керек? Мен ушинтип божомолдой берем өзүмчө.

Мына ошол үй-бүлөбүз оор кайгыга батып турган чакта мен Рысбай Максытов менен кең-кесири таанышчакта мен Рысбай Максытов менен кең-кесири тааныштым. Ал көпкө басылбай атамы кучактап ыйлап, кечке дейре кете албай жүрдү. Акырында мага кайрылып, аялдамага чейин узатып коюмду өтүндү. Автобус күтүп турганыбыз - да терең улутуна сүйлөдү.

- Агаң менин кыяматтык досум эле, ал адилеттүү, чечкиндүү жигит болчу. Өзүн таза алып жүрчү. Кендир кескен илдетке чалдыкпаганда математика илимине өз үлүшүн кошмок. Сөзсүз кошмок. Маңдайга жазганы ушул экен. Эми сен чал-кемирге бел бол! Мени мындан ары «аяш аке» деп жүр. Жакында Оштогу пединститутта иште баштайм. Барып тур, сөзсүз барып тур!

Ошондон кийин аны төрт жыл чамасы көрбөдүм. Бир жолу капысынан институттун алдынан өтүп баратсам, ал бирөө менен сүйлөшүп туруптур. Өзүмчө тартынып буйдала түштүм эле, ал дароо жаныма басып келип.

- Ай, сенсиңби Амангелди?!–деди мага күлө карап. – О-о, чоң жигит болуп калган турбайсыңбы.!

Экөөбүз кол алыша саламдаштык. Тиги жанындагы жигит институтка кирип кетти. Биз гүлзардын арасындагы узун отургучка жайгаштык. Ал менин алабалымды көпкө сурады. Анан кетээримде «Аяш энеме набат ала барып бер» деп ынабаганыма эч көнбөй он сомдук акчаны төш чөнтөгүмө салды. Мага бир туугандай боор тарткан аяш акемин ысык мамилеси жүрөгүмдү толкутуп жиберди. Көңүлүм бир кыйла көтөрүлүп калды. Себеби, ошол кезде атам да дүйнөдөн өтүп, мурдагы тааныш-билиштер, жакын санаалаштар, тууган-

туушкандар да апам экөөбүздөн кыйла ыраактап кетишкен болчу. Ошондонбу, билбейм, көңүл жубаткан жылуу сөзгө өтө муктаж элем. Адам баласы турмушту башына оор түйшүк түшкөндө түшүнөт тура!

Сексенинчи жылдардын башында менин турмушумда чоң өзгөрүш болду. Демейдегидей эле жаз айынын баш чендеринде аяш акеме учурашканы барып калсам, ал мага шашылгандай сүйлөдү.

- Даярдан, катуу даярдан, күнү-түнү тынбай окуу! Институтка тапшырып көр, мүмкүн өтүп кетесиң.

- Менби.

- Ооба, сен, анча-мынча жазгандарыңды гезиттен окуп жүрөм. Филфакка тапшыр, документтериңди ыраста. Эң башкысы – экзаменге катуу даярдан! Оюн-шоокту ташта!

Ошентип, мурда жөн гана кыялымда институттан окусам деген тилегим турмуш чындыгына айланды. Эгерде Рысбай аяш акем мени шаштырып, «Тапшырып көр, мүмкүн өтүп кетесиң» деп үндөбөсө, мен тапшырбайт элем. Анткени, эл арасында «Институтка өтүш үчүн көп пара бериш керек, баланчанын баласы окууга өтүптүр, атасы беш миң сом пара бериптир» деген өңдүү сөздөр көп жүрчү. А мен аяш акем айткандай күн-түнү тынбай окуп даярданып, эч кандай парасы жок эле өз күчүм менен өтүп кеттим. Мага аяш акем чоң демөөр болду.

Буйрук чыккан күнү төбөм көккө жеткендей кубанып, аяш акемин кабинетине шыпылдап кирип бардым.

- Кел, студент болушуң менен куттуктайм! – деп ал баржаландап сүйүнүп, колумду кош колдой бекем кысты– көрдүңбү, жакшы даярдансаң эле өтүп кетесиң. Эми мындан, ары да катуу окушуң керек. Илим ийне менен кудук казгандай нерсе. Ойногонду, кино көргөндү чектеп, көп окушуң керек. Бир нерседен кыйналсаң, же

түшүнбөгөн нерселер болсо, мага келип сурап тур. Тартынба!

Ооба, менин жогорку билимге ээ болушума маркум Рысбай аяш акемдин чоң мээнетин, мен үчүн айталгыстай себепкер экендигин эч нерсе менен өлчөй албайм. Адамды адам тааныбай, адам кадыры акчага, бийликке алмашып турган быкшыган заманда агамын арбагын сыйлап, мени турмуштун даңгыр жолуна салган маркум Рысбай Максытовдун жаркын элеси менин жүрөгүмдүн тереңинде сакталып жүрөт. Ал киши аз жашады, бирок мол жашады, мен ушундай деп ойлойм.

Мына, айланып кайра күз мезгили өз тизгинин колуна алды. Бул күз да түркүн түскө боёнуп, укмуштай кооз көрүнөт. Айлана ажайып түргө бөлүнүп, жагалданат. Бирок, ажардуу алтын күздөгү суйкалган теректерди Рысбай аяш акем көрбөй калды. Ал күз мезгили дал ушундай кооздукка бөлүнүп турган кезде жарык дүйнөгө сыртын салып, күтүүсүздөн көш айтышкан. Аттиң десе! Тирүү жүргөндө уул-кызынын эрезеге жеткенин көрүп, жүрөгү сыймыкка толмок.

Чиркин дүйнө десе. Бири кем тура!

Сымбаттуу жигиттердей шыңга өскөн теректер негедир сумсайышкансып, жалбырактары аста шуулдашып, кайгылуу обонду эске салат. Сүмбөдөй түптүз теректер. Алар маркум Рысбай аяш акемдин жоктошуп, аста секин дирилдешип, муңканып турушкансыйт. Көкүрөгүм букка толуп, жадымда жүрөктү эзген кайгылуу кайрыктар, улам кайталана берет.

... Шуулдабагылачы теректерим
Ыйлагым келет менин,
Ыйлагым келет менин...
Маркум агам, сен дайым оюмдасың,
Сен экөөбүз, кайраным, коюндашып,
Уктап жатсак теректер ойготчу эле,

Таң аткандан угумдуу шыбырлашып,
Таң артынан жагымдуу шуулудашып.
Шуулдаба, теректер, теректерим,
Шуулдасаң ыйлагым келет менин...



Өтүп барат бул заман зуулдаган,
Өтүп барат зуулдап улуу заман,
Кайрандарым а силер жатасыңар,
Терек муңун туйбастан шуулдаган

Арманыман ачышат жүрөк, ичим,
Алыспы, же жакынбы түгөнүшүм–
Аны билбей жүрөмүн, кайрандарым,
Терек күүсүн эшитип силер үчүн.

Шуулдаба, теректер, теректерим,
Шуулдасаң ачышып каректерим,
Шуу үшкүрүп ыйлагым келет менин!...

Асанов Авазбек Раимжанович
(1953-13.08.)



Физика математика илимдеринин кандидаты, Эл агартуунун мыктысы, (отличниги) доцент. Асанов Авазбек Раимжанович, илимий дифференциалдык боюнча келечектүү адис Авазбек Асанов 1953-жылы 13-августа Карасөгөт айылында туулган. Айылынан орто мектепти аяктап, Ош педагогикалык пединститутунун физика-математика факультетине өтүп, окуп калат. Жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган Авазбек Раимжанович 1973-жылы иш кызматын мектептен мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1978-жылы ОМПИга ишке чакырылып, эң алгач окутуучу, анан ага окутуучу, көп өтпөй декандын орун басары болуп, уламдан-улам өз кесиби боюнча өрлөй берет. 1988-1991-жылдары, КЫРГЫЗ Республикасынын Илимдер Академиясынын Математика институтунун алдындагы аспирантураны аяктап, физика-математика илимдери боюнча кандидаттык илимий даражасын мыкты жактаган Авазбек Асанов ОМПИга ага окутуучу болуп кайра келет. 1993-жылы өз ишин жеткилең өздөштүргөн. Коомдук иштерди активдүү уюштургучтугу көрүнгөн адис Ош мамлекеттик университетинин тиология факультетине декан болуп дайындалган. Ал эми 1998-2001-жылдары ОшМУнун илимий иштер жана сырткы байланыштар боюнча проректор болуп иштеген. 2003-2005-жылдары илимдин татаал булагы болгон теология боюнча билим бере турган

факультетке кайрадан декан болуп келди. 2005- жылда ОшМУнун сырттан окуу боюнча проректорлук милдетти зор жоопкерчилик менен аткарып келүүдө. Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы (2001-жыл) Ош шаардык кеңешинин депутаты (2003-2007-жылдары) Авазбек Раимжанович 1993-жылдан бери университеттеги жети эл аралык билим берүүчү проектерди билгичтиги менен жетектеп келүүдө.

Турция, Германия, Пакистан, Россия, Казакстан мамлекеттеринде уюшурган илимий, усулдук жана жана башка иш-чараларга активдүү катышып, дифференциалдык теңдемелер тескери маселелер окутуунун усулдук багытындагы жана республикадагы диний проблемаларга арналган илимий жактан чыгармачылык менен изилденип жазылган методикалык бир топ эмгектердин автору.

Авазбек Асанов жубайы Канпаша экөө Уран, Нурлан, Искендер деген уулдары Жылдыз аттуу кызын чоңойтуп баарын жогорку билим алууга шарт түзүп беришкен.

Экономика илимдеринин доктору, профессор, Россия табият таануу академиясынын мүчө корреспенденти

Култаев Топчубай Чөкөевич (1958)



Эл Агартуу майданынын мыкты окумуштуусу Топчубай Култаев 1958-жылы Жоош айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Токтогул атындагы орто мектепти эң жогорку баалар менен бүтүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун өзү сүйгөн физика-математика факультетине кирүү экзаменин ийгиликтүү тапшырып, 1975-жылы сдудент болуп калат.

1979-жылы жогорку билимдин артыкчылык диплом менен бүтүрүп, айылдагы мектепте катардагы мугалимдик кесиптен эмек чыйыры башталат. Көп өтпөй Топчубай Култаев жогорку окуу жайында окутуучулукка чакыртылат. Оболу ОшМУда окутуучу, ага окутуучу болот.

Көөдөнүндөгү илимий математикалык татаал жолу аракеттин натыйжасында, жаш улан Топчубай 29- жашында кандидаттык дицертациясын коргойт. Көп өтпөй ОШМУ да доцент, өз кесибин өрнөктүү иштегендиктен ОШТУ да декандын орун басары, кийин университетин профкомунун төрөгасы болуп шайланат.

2000-жылдан бери ушул жылга чейин ОШ Мамлекеттик Университетинин «Бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ математикалык методдор» кафедрасынын башчысы.

Илимий изилдөө багытында иштөө менен бирге Филандия, Түркия, Кытай, Венгрия, Италия, Австралия, Швецария Россиядагы, болгон эл аралык симпозиумдарда,

конференцияларда жана семинарларда илимий макалалар менен чыгып, көптөгөн мамлекеттерден келген окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган.

Топчубай Култаевдин жетекчилиги астында үч илим изилдөөчү өздөрүнүн кандидаттык дицертацияларлын даярдашкан.

Диференцияиалдык теңдемелер, экономикалык математикалык жана инструменталдык методдору боюнча мыкты адис экени окумуштуулар арасында кеңири маалым. Ошондуктан Т. Култаев Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун мыктысы (отличниги) деп табылып, төш белгиси салтанаттуу тапшырылган. Билим, илим жана жаштар саясаты министирлигинин «Ардак грамотасы» менен төрт жолу сыйланган.

Жүздөн ашуун илимий методикалык, эмгектери, анын ичинде 20 окуу китеби жана методикалык көрсөтмөлөрү басылып чыккан. Андан башка багытта тематикалык илимий иштер менен алгылыктуу арекеттенүүдө.

Т.Култаев «Кыргыз Республикасынын агрардык өндүрүшүнүн экономика-математикалык моделдештирүү»-деген темада доктордук дисертациясын 2012-жылы коргогон. Профессордук илимий наамы 2016-жылы ыйгарылган. Т. Култаев үй-бүлөлүү; жубайы Суеркулева Дилла Узгенбаева жогорку маалыматуу бугалтер ардагер.

Уулу Сыгынбек Кыргыз Республикасынын баажы кызматкери, кыздары Мээримгүл, Насима борбордук Европалык Университетинин окутуучусу, профессор Насима Катар мамлекетиндеги QAFAM компаниясында менеджер .

Мурат улакчы
(1885-1939)

Анжиян тарапта чоң той болуп, Көкжатыктын палваны катары Муратты, Жоош уруусунан Култайды чакырышат. Таң менен шашылыш келген адамдар эки палванды ээрчитип жөнөп кетишти. Окуянын жөн-жайын жол катар айтып бериштн. Көрсө, ошол тамаша өтүп жаткан жерде намыс талашуу болуптур. Түрктөрдүн бир палваны улактын биринчи күнү эч кимге моюн бербей керээли кечке өзү жалгыз чааптыр. Келген адамдар ошол жердеги эл жакшыларынын жөнөткөн адамдары экен.

Мурат палвандар барган күнү дагы ошол түрк палваны эч кимге улак бербей жападан-жалгыз чаап жүрдү. Күн пешимге таяп калган учурда так элдин ортосунда туруп кыйкырып калды:

-Кана-а, ким басады, бас! Угул бала барми!-Менмин деген жигиттер кечээтен бери өздөрүн сынап көрүшүп, жадеп чарчаган түрлөрү бар. Эч ким жанына жолобойт. Эч кимдин даап келе албаганына өрөпкүгөн палван ансайын күүлөнүп , ансайын эрдемсип үнүн бак-бак чыгарат. Мурат палван анын жанына акырын бастырып келип:

-Мен басам,- деди.

-Кана кыргыз, бас, күчүң жетсе бас!- деп ал туруп берди . Мурат палван үзөңгүгө ороп туруп:

-Болду бастым!-деди.

Түрк палваны астындагы атын чү деди эле ордунун жылбады. Ал Мурат палвандын жүзүнөн кекенүүнүн белгисин көрдү. Шашылыш койду. Эми баары кеч болуп калган эле. Мурат палван атынын күчүн көргөздү, өзүнүн күчүн көргөздү. Бирине бири байланып калган эки ат жанаша жүгүрдү. Эки аттын артынан кара комок болгон аттуулар көчкү сымал кошо сүрүлдү. Адам көрүнбөгөн тыттардын тушуна келгенде Мурат палван атынан оозун ошол тарапка буруп, түрк палванын ошол тыттардын

тушуна туштап салып жиберди . Эки күндөн бери чабылган анын аты алсыздык кылды беле, үстүндөгү адамдын башкаруусу менен эмес, Мурат палвандын күчтүү атынын башкаруусуна оңой эле, айласыздан баш ийип баратты. Бирине-бири байланылып коюлган эки ат биринен-бири бошоно албай кошоктолуп барат. Коюу тыттардын шагына күү менен келип урунган түрктүн аты титиреп туруп берди. Үстүндөгү адамдын бетинен соо жери жок кызыл ала. Мурат палван көрүп турса көрмөксөн болуп, тытарды аралатып сүйрөдү! Мурат палвандын ала көөдөн сапаты болгону менен анча-мынча майда нерсени көңүлүнө албайт. Ачуусуна тийген адамдын тез эле мизин кайтарып коёт. Ошол ачуусу менен палвандыгы кошулуп келип эл алдындагы кадыры көтөрүлгөн. Азыр дагы ошол ачуусу кармады. Түрк палванынын кой-айына болбой, аттаматы менен кошо сүдүрөп жүрдү. Бет маңдайына адам бою келген аң туш келгенде атайлап салды, түрктүн минип жүргөн сур аты аңга түшүп кетти. Ошентип Мурат маарага жетип, торпок улакты таштап уруунун намысын коргоп калган эле. Мурат улакчы жаңы заман келгенде колхоздоштуруу маалында 1936-жылдары кулака тартылып кеткен. Бирок кайткан эмес. Түбү Көкжатык уруусунун Мамат бийдин баласы болгон.

Мураттан Максыт, Камар деген уулдары, Идакан, Анаркан, Рыскан, Сабира, Мастура-деген кыздары калып, Мураттан калган урпактар Кара Суу районуна караштуу «Шарк» айыл өкмөтүндө жашашат.

(Мурат улакчы жөнүндөгү окуя. (И. Кашкарыевдин «Көк жатык» романынан алынды автор)

Муса уулу Тешебай
(1889-1961)



Муса уулу Тешебай Шарк айыл Кеңешине караштуу Маданият айылында туулган. Ал кезде мектеп болбогондуктан, билим алган эмес.

Тешебайдын жаш курагы айыл чарбалык коллективдештирүү мезгилге туш келген, коллективдештирүүгө активдүү катышкан. Шарк кеңешинин аймагына Тешебай ж.б активдерин катышуусу менен 7-майда колхоз түзүлгөн.

Алардын бири «Маданият» колхозу 1931-жылы түзүлүп, төрөгалыгына Муса уулу Тешебай шайланган. Тешебай колхозго төрөгалык кылган 1931-1953 жылдарда айылда 7 жылдык мектеп, соода дүкөнү, колхоз канторасынын имараты курулат.

1954-1955-жылдары колхоздун ферма башчысы болуп иштеп, 1955-жылы оорусуна байланыштуу иштен бошотулуп дем алууга кеткен.

1961-жылы ноябрь айында дүйнөдөн кайтан.

Өкмөт тарабынан алган сыйлыктары: Ленин ордени жана Эмгек Кызыл Туу ордендери, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде эмгектеги каармандагы үчүн медалы жана громоталар менен сыйланган.

Мектептин тарыхы

1934-жылы Маданият айылынын тургуну Касымов Эрназардын үйүнүн бир бөлмөсүндө «Жаңы Маданият» мектеби (Азыркы «Т. Мусаев») уюштурулган.

Мектептин биринчи мугалими Расулов Сайдалым болгон. Алгачкы бүтүрүүчүлөрү: Жээнбеков, Р. Матисаев, Жолборс, Бердибеков Кочкор, Саидов Жээнбек, Авдувалиев Хамит, Жолдошев Төлөн, Абдуллаев, Раим ж.б.

«Маданият» колхозунун алгачкы башкармасы-нын төрөгасы Муса уулу Тешебайдын демилгеси менен 1937-жылы жаңы мектептин (азыркы агрофирманын кантору) имараты курулган. Ошондон улум бул мектепти эл «Тешебайдын мектеби» деп атап калышкан. Ошол кездеги мектеп деректору Закиров Кадыржан болгон.

1941-жылы «Жаңы Маданият» мектебине В.В. Куйбышевдин ысымы берилет. 1938-1992-жылдардын аралыгында Омаров Х, Эргешов Т, Мамалдиев С, Мадыханов М, Ибраев Х, Абдыкаримов А, Жээнбеков А, Осмонов А, Максутов А, директор болуп иштешип, элге эмгек сиңирген.

1992-жыл эмгемендүүлүктүн шарапаты менен Куйбышев орто мектебине Муса уулу Тешебайдын ысымы ыйгарылды.

Сыдык Алайчиев (Бала ырчы)
(1894-)



Төкмө ырчы Сыдык Алайчиев 1894-жылы Ош областынын Кара Суу районуна караштуу Курманжан датка атындагы колхоздун Кыргызчек жыштыгында туулган. Анын бала чагы оор күндөргө туш болуп, жетимчиликтин азабын бир топ тартат. 3 жашында атадан, жашында энеден ажырап, аталаш бир тууганынын колунда калат. Турмуштун азабынан ар кимдин малын багып, жан сактайт. Атасынын бир тууган карындашынын күйөөсү Абдибайит деген жездеси Булакбашыга алып кетип, өзүнүн иниси Калматка малайлыкка берет. Калмат Сыдыкты жакшы карап, кийиндирип, эмгек акысын төлөп турат. Табиятынан ырга шыктуу Сыдыктын өнөрүн байкаган Калмат алгач ирет Курманбай дегендин тоюна алып барып, ырдатат. 16 жаштагы Сыдык ошол тойдо ата-энеден ажырап, ага менен жеңенин көзүн карап, көрүнгөндүн малын багып, жарытылуу акы албай, өлбөстүн күнүн көргөн балалыгын ырдап өтөт. Баланын ырын угуп отурган белгилүү ырчы Ботобай ошол күнү кечинде Сыдыкты жездесинен сурап, жылына 40 сом төлөмөк болуп, алып кетет. Ушул окуядан кийин Сыдыктын тагдырында чоң бурулуш болот. Бир жагынан тоюнуп кийинип, эмгек акысын алып, курсагы тоюп, кийими бүтүн боло баштайт. Экинчи жагынан ал Ботобай ырчынын шакарти болуу менен ырчылык өнөрүн өркүндөтө баштайт. Биричи жолу Курманжан датканын уулу Мамытбек баланын ырын жактырып, той

ээси катары кымкап тон жабат. Ушундан кийин «Бала ырчы» аталып, аш-тойлордо ырдап, Ботобай менен 21 жыл бирге жүрөт. С.Алайчиевдин ырларынын жанры ар түрдүү, мазмуну бай, С.Алайчиев башка акындар сыяктуу эле Советтик түзүлүш менен жаңы заманды жактырып, анын өзгөрүштөрүн кубаттап ырдаган. Жаңы заманга, жаңыча жашоого «Лигбез жөнүндө ыр» «Колхозго киргендер», «Басмачылар», «Шайлоочулар» сыяктуу жалындуу ырларын ырдап чыккан. Жаштарды илимдүү, билимдүү болууга чакырган. «Жеңиш кабары» сыяктуу ырлары элге кеңири тараган. Акын өмүрүнүн экинчи жарымынан баштап педагогдук кесипти биротоло аркалап, көп жылдар (1927-1952) мектепте мугалим болуп иштеп, ырчылык өнөргө көп кайрылбай, балдарды тарбиялоого өзгөчө көңүл бурган.

Замандын толгон сынын бил,
Айтылган сөздүн чынын бил.
Акылың менен эл таанып,
Ааламдын сансыз сырын бил.
Адамдын жанын жыргаткан,
Акындын албан ырын бил.

Бала ырчы

Хабулов Токтобай
(1911-1994)



Хабулов Токтобай 1911-жылы март айларында орто оокаттуу үйбүлөдө туулган. (мурунку Жоош с.с. Сарылар айлында).

Атасы эрте кайтыш болгонуна байланыштуу, үй-бүлөгө каралашуу максатында 7-9 жаштарында, ошол учурда түзүлгөн «Кызыл-казан» ж.б кошундарда иштеп жүргөн. Ал убакыта латын тамгасы боюнча жазуу иштери жүргүзүлгөн, ошол алфавитти үйрөтүү өнөктүгүнө катышкан. Фрунзедеги Киров атындагы айыл-чаба техникумуна кирип, агрономия бөлүмүн бүтүрүп, комсомолдун катарына өткөн.

1938-1940-жылдары комсомол тармагында иштеп жүрүп, Райондук комсомол комитетинин биринчи төрагасы болуп, 1-комсомолдор сьездине шайланган. Делегаттардын жетекчиси болуп барган.

1942-1945 жылдары Улуу Ата Мекендик согушта болгон. Эки жолу катту жарадар болуп, жеңиш күнүндө өз мекенине кайткан. 2- группадагы майып болуп пенсияга чыккан. Пенсияга чейин да түрдүү жумуштарда иштеп жүрдү.

1946-жылы үй-бүлөлүү болгон.

Тармакчы айылдык кеңешинин председатели болгон. Партиялык кызматтарда иштеген, председатели. Колхоздо орун басар, агроном. МТФсында (молочно-товорное ферма) ж.б. кызмат өтөгөн.

1994-жылы 83-жашында дүйнөдөн кайтты.

Өмүрлүк жубайы Бакиров Адалат эжем, 1944-1945-жылдары «Кара Суу районуна караштуу. Коммунузим орто

мектебинде кыздардын биринчи бүтүрүүчүсү болгон. Жалал Абад шаарында, педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Большевик мектебинде башталгыч класстарга сабак берип, оорудан көз жумган.

Хабулов Токтобайдын Анархан деген кызы бар. Ал да, апасы сыяктуу мугалим. Хабулов Токтобайдан эки небере, жети чебере калды.

Алтыбаев Тойчу
(1916-1982)

Коомдук ишмер



Алтыбаев Тойчу Кыргыз Республикасынын Ош облусуна караштуу Кара Суу районунун Шарк айыл окуругундагы Маданият кыштагында 1916-жылы 1-майда кедейдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Турмуштун сыноосуна эрте кабылып, алты жашында (1922-ж) ата-энесинен ажырайт. Анын кийинки жашоосу бир тууган эжеси Бурмакандын колуна өтөт.

1930-34-жылдары дээрлик зирек Тойчу билимге умтулуп, Ош шаарындагы пахтачылык техникумунда окуйт. Окуу жайын аяктагандан кийин Кара Суу районунун Кум Арык айылдык кеңешинеде эсепчи болуп, эмгек жолун баштайт.

Анан ар кандай иштеги жоопкерчилиги, зиректиги, эл менен болгон мамилеси ошол учурдагы элдин, жетекчиликтин купулуна толуп, 1936-1939-жылдары Кызыл Кыргызстан башалгыч окуу бөлүмүнүн башчысы, андан кийин директорлук кызматты аркалайт.

1939-1941-жылдары Ош шаарындагы мугалимдер институтунун биринчи курсун бүтүп, кадр тартыштыгына байланыштуу кайрадан эле, Кара Суу районунун Новаи мектебинде директор болуп иштей баштайт.

Элдин башына каран күн алып келген улуу апаат согуш Тойчунун да жүрөгүн өйүтүп, билим тармагында иштеп жаткандар элге өтө зарылчылык болуп жатса да, ал өз каалоосу менен 1942-жылдын июнь айында кандуу майданга аттанат.

Ал жакта 41-гвардиялык дивизияда немистик-фашисттик баскынчылар менен күжүрмөндүктө салгылашат. Ушул эле жылдын ноябрь айында Сталинград үчүн катуу слгылашуулардын биринде оор жарадар болот.

Согуштан алган оор жараат согуш талаасына жараксыз кылгандыгына байланыштуу Алтыбаев Тойчу өз мекенине кайтат. Бирок, ал өзүнүн эмгегин жеңиш үчүн аябай, кайда болбосун жигердүү салым кошту. Алсак, Ош областтык комсомол комитетинин пропаганда жана агитация боюнча секретары (1942), Ош областтык партиялык комитеттин лектору (1943), партиянын Гүлчө райондук комитетинин төрөгасы (1950) кызматтарында кызмат өтөйт.

1931-жылдан ВЛКСМдын, 1943-жылдан КПССтин мүчөсү болгон.

Алтыбаев Тойчу 1952-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргызстан КПБКнын алдындагы республикалык партиялык мектепке жөнөтүлүп, аны бүткөн соң, партиянын Жаңы Ноокат райондук комитетинин секретары болуп иштеген.

Кыргыз мамлекетине жана коомго сиңирген эмгеги үчүн «Улуу Ата Секендик согуштагы жеңиши үчүн» «Сталинград алдындагы салгылашуу үчүн" «Эмгектеги каармандагы үчүн» медалдары менен сыйланган. Алтыбаев Тойчу кайда иштебесин, өзүнүн адамдык жана жетекчилик жакшы сапаттарынын, жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде ишти тез өздөштүрүп, бүт энергиясын,

билимин ишке чегерип, адамдарды иштиктүү сапаттары жана саясий көз карашы боюнча туура баалай билген мыкты жетекчи катары элдин эсинде калды.

Үй-бүлөдө да анын мыкты жубай, мыкты ата катары ордун айтпай кетпесек болбос. Жубайы Закирова Рабия менен эки кыз, бир уулду татыктуу тарбиялап, коомубузга мыкты инсандарды тартуулашты. Учурда каарманыбыздын балдары эл менен иштеген ар кандай кызматтарды аркалап келишет.

Алтыбаев Тойчу 1982-жылы 17-ноябрда 67 жаш курагында дүйнөдөн кайтат. Ал эл арасындагы кадырбарктуу инсан катары элдин эсинде калып, учурда анын аты көчөлөргө, Шарк айыл өкмөтүндөгү мектепке жана өзү түптөгөн 113-лицейге берилди. Анын өрнөктүү өмүрү келечек муундарга түбөлүккө үлгү болот деп ишенимдүү айта алабыз. Байбичеси Рабия эне мугалдимдик кесипти аркалап өткөн.

Алтыбаев Тойчунун балдары:

Кыргыз баланы тарбиялоодо ата-эненин орду өзгөчө болот тура. Алтыбаев Тойчу да өз балдарын элдин адамы болууга, жашынан мээнетти сүйүүгө, илим-билимге умтулууга тарбиялады. Учурда анын балдары- коомдун татыктуу инсандар.

Улуу кызы Алтыбаева Дилбар-Ош мамлекеттик университетинин профессору, химия илимдеринин доктору. Бир нече сыйлыктардын ээси. Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыктын лауеаты.

Уулу Алтыбаев Караванбек ата жолун уланткан уулдардан. Өзүнүн эмгек жолун Ош шаарындагы Жол курулушу башкармалыгында жумушчу болуп баштап, андан ары мастер, прораб болуп эмгектенген. Кийинки кызмат жолу партиялык, өкмөттүк кызматтарда уланган. Азыркы учурда жеке ишкер болуп эмгектенет.

Кичүү кызы Атыбаева Айнура да бир нече мамлекеттик кызматтарда эмгектенип, өлкөбүздүн өнүгүшүнө өз салымын кошкон. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

Сыдык Жолдошев
(1920-2000 ж. ж.)



Коомдук жана саясий ишмер.

Жолдошев Сыдык, 1920-жылы Ош областынын Кара Суу районундагы Жоош айылдык кеңешиндеги Ак Дөбө (азыр Кайрат) айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1938-жылдын август айында Кара Суу райондук «Коммунизм жолунда» газета- сынын жоптуу катчысы,болуп ишке кирип, өзүнүн эмгек жолунун баштаган. 1941-жылыдын январ айынан 1942- жылдын июль айына чейин райондук «Коммунизм жолунда» газетасын жооптуу редактору болуп эмгектенген. 1942-жылдын июль айынан 1946-жылдын июль айына чейин Советтик армиянын катарында болуп, немистик фашистик баскынчыларга жана япондук самурайларга каршы согуштарга катышкан. Эки жолу жарадар болуп, запастагы офицер, аскердик таанымайор.

1946-жылдын август айынан 1948-жылдын апрель айына чейин райондук «Коммунизм жолунда" газетассынын жооптуу редактору болуп иштеген.1948-жылдын апрель айынан 1949-жылдын август айына чейин партиянын. Кара Суу районунун кадрлар боюнча катчы болуп иштеген. 1949- жылдын сентябрь айынан 1951-жылдын июль айына чейин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы республикалык

партиянын Ош облусунун пропаганда агитация бөлүмүнүн жетекчиси, 1952-жылдын февраль айында партиянын Баткен райондук комитетинин экинчи секратары болуп шайланып, 1955-жылдын ноябрь айына чейин иштеген. 1955-жылдын ноябрь айында эл депутаттарынын төрагасы болуп шайланып, 1958-жылдын ноябрь айына чейин иштеген. 1958-жылдын декабрь айынан 1962-жылдын апрель айына чейин партиянын Кара Суу районунун инспектору болуп иштеген. 1962-жылдын апрель айынан 1963-жылдын январь айына чейин Кыргызстан КПБКнын Ош облустук колхоз совхоздорду өнүктүрүү башкармалыгынын инструктору болуп иштеди.

1963-жылдын март айынан 1964-жылдан октябрь айына чейин эл депутатарынын Кара Суу райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп кызмат кылды. 1964-жылдын октябрь айында «Кара Суу» совхозунун партиялык комитетинин катчысы болуп шайланып, ушул кызматта 1981-жылдын июль айына чейин, 17 жыл иштеп, ардагерликке чыкты. 1982-жылдын апрель айынан совхоздун музейинде башчы болуп иштеген.

Согушта жана өндүрүштө көрсөткөн эмгеги жогору бааланып, 5 орден жана 13 медалдар менен сыйланган. Партиянын Баткен жана Кара Суу райком партиясынын мүчөсү болгон. Эл депутаттарынын Ош областтык Советине 2 жолу, Баткен жана Кара Суу райондук советтерине да бир нече жолу депутат болгон. Байбичеси Айниса экөө беш уул, кызды тарбиялашты. Байышбек илимий аграном, Жанышбек инженер-энергетик. Жеңишбек учак радио-инженери. Полотбек тиш дары- гери, Айганыш биолог- мугалим.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ



Усенов Туратали
(1921-2004)

«Туратали Усеновдун түштүк Кыргызстандын эли үчүн сиңирген эмгеги баа жеткис. Дүйнөлүк маанидеги ал негиздеген Кара Суу базары элди да мамлекетти да багып жатат. Т.Усеновдун ысмы муундан муунга жашай берет.»

Жоро-жолдоштору

Туратали абанын өмүр жолу да кызык. Ал 1921-жылы Кара Суу районунун Жоош айыл окуругуна караштуу Соколок айылында (Большевик кийинки аты) дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ал 2 жашка эми чыкканда атасы Үсөн кайтыш болуп, ата мээримин, атанын жылуу сөзүн укпай жетим өстү. Жалгыз бала болгондуктан апасы аны колхозго иштеп, кыйналып өстүрөт, 14 жашка чыкканда Туратали кожолук башчы кылып жаздырып, ал өспүрүм кезинен чарбада иштейт.

Туратали аба Жооштогу толук эмес орто мектепте 4-класска чейин окуп, андан кийин Каганович атындагы 7 жылдык мектепти бүтүргөн. 1937-38- жылдары ал «Ликбез» мектебинде мугалим, кийин почта бөлүмүнүн башчысы, 1940-жылга чейин колхоздо комсомол комитетинин катчысы болуп иштейт, сабаты мыкты, уюштургуч жөндөмү жаш кезинде эле бар Туратали жаштар менен жакшы иш алып барып, элге таанылаштайт.

Т.Усенов 1940-жылы Кара Суу райондук радио түйүнүн уюштуруучусу болуп иштеп турат. 1941-жылы Оштогу бухгалтердик мектептен билим алып, кийин

райондук керек-жарак коомунда товаревед болуп эмгектенген.

Ошол Улуу Ата Мекендик согуш учурунда кыргыз жаштары Россиянын заводдоруна иштөөгө жиберилген эле. Туратали Усенов да өз ыктыяры менен 1944-1946-жылдары «Зарбалик» жана «Большевик» колхоздорунда эсепчи болуп иштейт.

Т.Усенов өтө билимдүү, кат сабаты мыкты адис болгондуктан 1946-1950-жылдары Кара Суу райондук аткаруу комитетинин жооптуу катчысы, 1951-54-жылдары Ноокат райондук аткаруу комитетинин катчысы болуп үзүрлүү эмгектенет. Ал эл үчүн бир чоң иш аткарууну көздөйт. Эң бир керктүү иш кагаздарын даярдап, Кара Сууга чоң базар кылууну максат кылат. Көп тоскоолдуктарды жеңип өтүп, акыры 1990-жылы баштаган ишин аягына чыгарат.

Ырас, Т. Усенов өзүнүн чоң максаты ишке ашкандыгына шерденип, базардагы шарттарды жакшыртуу үчүн эки эселенген кайрат менен иштейт, жашы 70тен ашса да, бар күчүн базарга жумшайт. Базардын кирешеси жергиликтүү бюджетке арбын түшүп, бул көрсөткүч жылдан- жылга көтөрүлө берет.

Чынчыл, кошоматчылыкты билбеген, пара берүүнү жек көргөн эмгекчил инсан. Т.Усеновдун адилеттүүлүгү айрым бюрократ жетечилерге жакпай, анын кызмат ордун тартып алуунун жол жобосун ойлой башташат. Айлакер жетекчилер канткенде бул адилет инсандын кызмат ордун өз жакындарына алып берүү жагын издей беришет.

1994-жылы 10-сентябрда Кара Суу райондук Кеңешинин XXI сессиясынын чечими менен Кара Суу базарында Туратали Усеновдун ысмы коюлат.

Эмгектеги жетишендиктери жана ийгиликтери үчүн Туратали Усенов «Карман эмгеги үчүн», «В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата» « 1941-1945-

жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн», «Эмгек ардагери» медалдары, СССРдин Жогорку Кеңешинин Президумунун, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталары, көптөгөн акчалай жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Туратали аба үйүндө балдарынын камкор атасы, жубайынын сүйүктүү күйөөсү болгонун баары билишет. Ал 1945-жылы Усенова Тургун аттуу кызга баш кошкон. Тургун 1927-жылы 6-январда төрөлгөн. Бойго жеткенде кийим тигүүчү чеберчиликке окуп, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатында көп жылдар бою эмгектенген эле.

Туратали аба менен Тургун эже 5 кыз,1 уулду тарбиялап өстүрүп, баарын жогорку окуу жайларга окутуп, кесипке ээ кылып, турмуштан өз ордуларын табууга шарт түзүшкөн.

Алардын эң улуу кызы Анаркан энесинин жолун жолдоп чеберчиликти тандап алып, тигүүчү, кийин бир топ жылдар тейлөө үйүнүн директору болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыккан, азыр 1 кыз, 1 небереси бар.

Кийинки кызы Соня мугалим, азыр ардактуу эс алууда, 6 баласы, 7 небереси бар, Гүлсүн аттуу кызынын кесиби да мугалим, азыр Кара Суу шаарындагы В.И.Ленин атындагы орто мектептин директору, 2 баланын энеси.

Туратали абанын жалгыз улуу Манас да жогорку билимдүү, Бишкектеги КМУну аяктаган, 2007-жылдан бери, «Туратали» базарынын директору кызматын аркалап, атасынын ишин улантып келет. 6 баланын атасы. Алтынай аттуу кызы медик, 2 баланы тарбиялап жатат.

Ооба, Туратали Усеновдун элине сиңирген залкар эмгеги түбөлүктүү, канткенде да калктын келечеги үчүн унутулгус иши муундан-муунга кала берет.

Туратали аба 2004-жылы ааламдан өттү. Жакшы адам жөнүндө канча сөз айтсаң да түгөнбөйт, өзүнүн

атындагы базардын кире беришине айкели орнотулган, буга анын жалгыз уулу Манас ажы Усенов бүт кеткен каражатын өзү көтөрүп, атанын уулу катары соопчулук иш кылганын белгилеп койсок болот.



Муратов Абдыразак
(1925-1981)

Бул кооз дөңсө, адырлардын түбүнө жайгашкан чакан кыштак «Садырбай» айылы деп аталат. Астейдил саресеп салган адам жолдон кыйла обочо жайгашкан мектеп имаратына көзү түшөт. Ал Кызыл Гайрат орто мектеби. Мен дамамат ушул айылдан өтөөрдө эмнегедир жүрөгүмдү өкүнүч бийлеп, ичим тызылдай түшөт. Ошол эле учурда чарчы бойлуу, арык чырай Абдыразак Муратов агайдын жылуу элеси эрксиз көз алдыма тартыла калат. Анын баскан-турганын, шайыр мүнөзүн эстеп өзүмчө жылмайып да алам. Жарыктык киши менен чогуу жүргөн учурларда чукугандай сөз таап, аскияларды куюлуштуруп терең философиялык ойлорду айтып салчу. Ошондонбу, анын ар бир сабагын окуучулары да чыдамсыздана күтүшөөр эле. Абдыразак агай юморлуу таамай сөзү менен адабият жана кыргыз тили сабактарында окуучуларды өзүнө тартып, жагымдуу түшүндүрүп, активдүүлүгүн арттырып, макал-лакаптарды кошуп сүйлөөгө көндүрүп, балдардын сүйлөө байлыгынын өсүшүнө чоң өбөлгө түзгөн.

Агайдын саясат жагынан деңгээлде, дүйнөгө болгон сергек көз карашы көпчүлүк интелигент караганда бийик эле. Адамдардын өйдө төмөнүн баалай билген, чындыкты бетке айткан дайыма адилдикти туу туткан

инсан экенин эли-журтта бирге иштеген мугалим- дер жамааты, тели-теңтуштары жакшы билишкен.

Абдыразак Муратов мугалимдик эмгек чыйырын 1951-жылы Оштогу мамлекеттик мугалимдер институтунун тил адабият бөлүмүн бүткөн соң, Кара Суу районуна караштуу Куйбышев жети жылдык мектебинен баштаган. Мында 1952-54-жылдары директорлук кызматта иштеп, 1954-жылдын аягында Кызыл Гайрат мектебине окуу бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлүп, жыл айланбай директорлук кызматка которулуп, 1963-жылга чейин иштеди. Андан соң, 1977-жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип, анан өмүрүнүн акырына чейин ушул жерде кыргыз тили жана адабияттан сабак берип жүрдү. Ошол эле учурларда Оштогу мамлекеттик педагогикалык институтунун философия факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн сырттан бүтүргөн.

Ал өзүнүн эмгек жолунда райондук элге билим берүү бөлүмүнүн алкыштарына жана мактоо баракчаларына татыктуу болгон. Эки жолу Ката Талдык айылдык Кеңешинин депутатыгына шайланган.

Абдыразак агай ардактуу мугалим гана эмес, кадырман ата да эле. Ал жубайы Саламат эже менен ынтымактуу өмүр сүрүп, уул- кыздарынын келечекте эл керегине жараган эр-азаматтардан болуп өсүүсүнө өбөлгө түзгөн.

Бир тууган иниси Аттокур Муратов агасынын кесибин улантып муглим. Тун кызы Айсалкын врач, Калыс инженер-технолог, чоң уулу Жали Бишкектеги дарыло институтунда врач, медицина илимдеринин кандидаты. Акыл Ош аэропортунда учкуч, Айгүл Оштогу экинчи поликлиникада врач, Кенжегүл Эшме айылында медициналык кызматкер, Уулкан, Чолпон, Бактыгүл аттуу кыздары, Айбек деген уулу ата кесибин улантышып, түрдүү айыл мектептеринде иштешүүдө. Абдыразак

Муратов 1981-жылы катуу оорудан соң көз жумган. Бирок анын эмгегин эли баалады. Мындагы мектептин деректири Забидин Жусупалиев баштаган мугалимдер тобу Эшмедеги мектепти курууда агайдын зор эмгек сиңиргенин белгилешип, Эшме мектебине Абдыразак Муратовдун ысымын берүүгө демилге көтөрүштү. Демилгени достору жана кесиптештери Зунду Ражапов, Адан Алимбаев карыялардын атынан жаштардын атынан Аппаз Мамытов колдоп чыгышты.

Ошентип райондук Кеңештин чечими менен 1995-жылы Эшме мектебине Абдыразак Муратовдун ысымы ыйгарылды. Ооба анын артында калган урпактары, окуучулары жана айылдаштары унутушпайт. Агайдын элеси дайыма жүрөктө сакталат.

Жолоев Мамаш
(1900-1967)



Жолоев Мамаш 1900-жыл Ош областынын Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүнүн Маданият айылында төрөлгөн, Ата-энеси 12 жашка чейин араб тилиндеги мектепке (Медресе) окуткан. Араб алфавити боюнча толук курсун окуп бүткөн. 12 жашынан баштап ата-энесине дыйканчылык жана мал чарбачылык жумуштары боюнча кол кабыш кылып, колхоздоштуру убагында элге туура жол көрсөтүп колхозго мүчө болуп кирүүгө зор салым кошкон. Колхоздо кампачы, башкарманын орун басары болуп эмгектенген. 1922-жылы Умсун атуу аялга үйлөнүп Талип (1924) Жакып (1930) аттуу уулду болгон. Уулдарын тарбиялап өстүрүп үй-бүлөлү кылып өз өзүнчө үйлөрүнө бөлүп тарбия берген. 1941-жылдагы Уулу Ата Мекендик согушта өз ыктыяры

менен аттанган. Согушка жасаган эрдиктери үчүн бир нече орден медалдарды алып фашистик Германиянын борбору Берлин шаарына чейин барып бир нече эрдиктерди көрсөтүп бутунан, колунан оор жаракат салган. 1945-жылы Советтик армиянын күжүрмөн жоокерлери жеңишке жетишкен. 1945-жылы июнь айында өзүнүн туулуп өскөн Маданият айылына жеңиш менен келген. Согуштан соң Колхоздо кампа башчысы болуп эмгектенген. 1947-жылы Батма атуу аялга үйлөнгөн. 1948-жылы Ибадат аттуу кыздуу болот. 1956-жылы Сайдали аттуу уулдуу ал эми 1963-жылы Садир аттуу уулдуу болот. Өз өмүрүндө Калхоздо кампачы болуп эмгектенгенден кийин Миялы айылында, Маматжан айылында, Зарбалык Кара Дөбө айылдарында дүкөн башчысы болуп эмгектенген. Ош областык керек жарак коому тарабынан бир нече ардак баракчаларды алган. 1960-жылы пенся жашына келгендиги үчүн ардактуу эс алууга чыккан. Ал эми узакка созулган оорунун айынан 1967-жылы бул жарык аалам менен коштошкон. Ошентип эки аялынан 4 уулдуу, 1 кыздуу болгон.



Абдыкадыров Эргеш
(1927-23.02-1993)
«Эмгек кызыл туу» орденинин ээси.

Абдыкадыров Эргеш 1927-жылы 23-февралда Ош областына караштуу Кара Суу районунун Төлөйкөн совхозунун Озгур айылында ааламга келген. Озгур мектебинин 7-классын бүтүрүп, 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согуш маалында Эмгек жолун колхоздо эсепчи (табелчи) болуп баштаган. Андан көп өтпөй Төлөйкөн совхозунда бригадирлик ишке орношкон. 1960-жылы Фурунзедеги (Бишкек борбор шаардагы) финансы-кредиттик техникумуна кирген. 1966-жылы бүтүрүп, мамлекеттик камсыздандыруу боюнча «финансист кваликациясына» ээ болот. Ошол жылы «Кеңеш» совхозуна башкарма болуп дайындалат. Бул башкаруучулукта совхозду он жыл башкарат. 1978-жылы ушул эле совхозго айылдык Кеңештин төрөгасы болуп которулуп, 1989-жылга дейре айылдык өкмөттү башкарып, элдин кадыр-баркына ээ болуп, ардактуу эс алууга чыккан. Байбичеси Малика мугалим болгон.

Балдары:

Мухтар – мугалим, Калмурза – инженер, Кампаша – чети тил мугалими, лицейде директор болгон. Билим берүүнүн мыктысы. Айымпаша – технолог, Урмат – мугалим, Бактыбай – механик, Абдивали – техник куруучу, Гулмира –врач, Саламат – «Акылман бөбөк» балдар бакчасынын директору.

Сыйлыктары:

1941-1945-жылдарында колхоздун түрдүү иштеринде жигердүү иштегендиги үчүн «Күжүрмөн медалы менен сыйланган.»

1977-жылы «Эмгек кызыл туу» ордени менен сыйланган. 1970-жылы райондук администрация тарабынан. «Москвич» жеңил машина берилген. Көп жолу айылдык жана райондук Кеңешке депутат болгон.



Калмуратов Орозбай
(1927-1988)

Калмуратов Орозбай 1927-жылы 9-майда Кара Суу районундагы Жоош айылында калхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Бир туугандары оорудан улам турган эмес экен, өзү жалгыз чал кемпирди уулу болгон. Кичинекейинен эле талаа жумуштарына катыша баштаган.

Отуз Адыр каналынын курулуусуна да катышкан. Магазинде сатуучу, мал чарбада да иштеген.

1953-1956-жылдары мурдагы Фрунзе азыркы Бишкек шаарындагы Республикалык калхоздордун председателдерин даярдоочу айыл чарба мектебинде окуп, агроном деген кесипке ээ болуп чыккан. Өмүрүнүн аягына чейин айыл чарбасында агроном, гидротехник болуп, Кара Суу совхозунун Маданият айылында иштеди.

1979-жылы Москвада өткөн пахтачылардын ВДНХда өткөн илимий семинарга Ош областынын делегатынын катарында катышып кайткан. Кесиптештери, айыл аксакалдарынын айтымында Кара Суу совхозунун Маданият айылынан Кызыл Сарай айылына чейин көпүрө куруп, жол салуу, суу латокторун кой-дуруп талааларга суу жеткирүүгө талыкпай эмгектен -генин эскеришет. Ош-Маданият – Мамажан автобусунун каттамын жүргүзүүдө салымы зор, анткени айылдыктар үчүн шаарга баруу кыйын болчу. Маданият айылында профсюз уюмунун төрөгасы болуп, эмгекчилер үчүн

шарттарды жакшыртууга, жалгыз бой, оорукчан адамдарга жакындан жардам уюштуруп турган.

1987-жылы ден-соолугуна байланыштуу ардактуу эс алууга чыккан. 1988-жылы 6-март күнү оорудан улам дүйнөдөн кайткан. Эмгеги эске алынып мамлекет тарабынан «Эмгектеги артыкчылыгы:» «Эмгек ардагери» ж.б медалдар; Ардак Грамоталар, баалуу белектер менен сыйланган. «Маданият» орто мектебинде Калмуратов Орозбай атындагы топ иштейт. Маданият айылына бир көчөнүн аты берилген.

Жубайы Пазылова Соодат экөө 6 уул, 1 кыздуу болушкан. Балдарына татыктуу тарбия беришип ар бири өзү сүйгөн кесипке ээ болушкан жана турмуштан өздөрүнүн ордун табышкан. Камчыбек кесиби шофер, эле, 2007-жылы оорудан улам көз жумган. Осмонали кесиби мал догдур. Жоош айыл өкмөтүндө иштейт 3 кызы Рапия 1957-жылы төрөлгөн; кесиби тигүүчү. 1999-жылы оорудан көз жумган. Мамыт шофер, дыйканчылыкта иштейт. Абдилазим Ош шаарындагы ЖБТНтө мастер, инженер-куруучу. Жанибек мугалим Агартуу орто мектебинде иштейт. Тыныбек дыйкан чарбада иштейт.

Айдарбеков Шарип Айдарбекович
(05.01.1937ж. - 08.02.2016ж)



Айыл чарба илимдеринин кандидты

Айдарбеков Шарип 1937-жылы 5-январь күнү Кыргыз Республикасынын Кара Суу районундагы Кум Арык айылдык кеңшинде туулган.

Кара-Суу районундагы орто мектепти 1957-жылы бүтүрүп, эки жыл өндүрүштө иштеген. 1959-жылы Ош шаарындагы айыл чарба техникумуна кирип окуп, аны 1963-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

1964-жылы Кыргызстан пахтачылык боюнча тажрыйба станциясынын агрохимия бөлүмүндө лаборант болуп иштей баштаган. 1965-жылы станцияда «Пахтанын селекциясы жана үрөнчүлүгү боюнча» бөлүмгө улуу лаборант болуп иштеп келип, ошол эле жылы ушул бөлүмдө кенже илимий кызматкер болуп которулган.

1966-жылы Бишкек шаарындагы «Скрябин» атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетинде сырттан окуп, аны 1972-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1968-жылдан баштап ушул эле бөлүмдө улуу илимий кызматкерликке которулган.

1976-80-жылдары Ташкент шаарындагы Бүткүл Союздук пахтанын селекциясы жана үрөөнчүлүгү боюнчаа илими-изилдөө институна аспирантурага кирип окуп, аны ийгиликтүү аяктап, 1988-жылы ошол институтта кандиданттык диссертациясын коргоп, айыл чарба илимдеринин кандидаты деген илимий даражага ээ болгон.

Айдарбеков Шарип Кыргыз боюнча тажрыйба ста

жылдан көп иштеп, пахтанын жаңы 5 (беш) сортун ойлоп чыгарган, аларга патент жана автордук күбөлүк алган. Алардын ичинен «Кыргызский-3» сорту 1989-1991-жылдары Союздагы пахта эгилчүү Республикаларда 1 млн.гектар аянтка жылда эгилип турган. Ошол мезгилде Союзда 3,2 млн. гектар жерге пахта эгилсе, анын үчтөн бир бөлүгүн «Кыргызский-3» сорту ээлеп турган.

Айдарбеков Шарип 1988-жылдан баштап станцияда директордун илимий иштер боюнча орун басары болуп иштеп, өндүрүшкө жана илимий иштерди координациялоодо көп эмгек сиңирген. Ал көптөгөн наамдарга ээ болгон.

1990-1995-жылдары Кыргыз ССринин Жогорку Кеңешинин 12-чакырылышынын депутаты болуп шайланган (легендарлуу парламент).

–Кыргыз Республикасынын айып чарбасына эмгек сиңирген кызматкер деген ардактуу наамга ээ;

– Пахтанын 4 сортун чыгагарып, райондоштурганда «СССРдин ойлоп табуучусу» деген наамга да ээ болгон;

–Бир нече медаль жана төш белгилер менен сыйланган;

–Республикалык, облустук, райондук жана айыл өкмөтүнүн Ардак грамоталары менен сыйланган;

–Ошондой эле Кыргыз Республикасында айыл чарба адистерин даярдап, аны көтөрүүдө көптөгөн рекомендацияларды жазып, айыл чарба адистерине көмөкчү болду, 45тен ашуун илимий эмгектерди жазып чыгарган. Алардын ичинен чет өлкөлүк басылмаларда илимий макалалары жарык көргөн.

Айдарбеков Шарип 3 уул, 3 кыздын атасы, 23 неберенин, 4 чеберенин чоң атасы, таятасы. Байбичеси Айдарбекова Апиза, уулу Айдарбеков Акылбек Шарипович-мугалим, уулу Айдарбеков Зарипбек Шарипович-инженер-электрик, экономист, Кара Суу РЭТте эмгектенет. Кызы Айдарбекова Райкүл Шариповна – мугалим, жеке ишкер. Кызы Айдарбекова Адина Шариповна - мугалим, ОшМУ, медколледжде эмгектенет. Кызы Айдарбекова Орунбү Шариповна – инженер-эколог, фармацевт.



Көкөчоров Курманбек (1932-2002)

Алай айыл аймагы, Эргеш Там айылы – 2002, Сопу Коргон айылы) – партиялык, советтик кызматкер, 1968-ж. Ташкенттеги жогорку партиялык мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун 1952-ж. райондук Эл сотунда катчы болуп иштөөдөн баштаган, 1954-60-ж. партиянын Алай райондук комитетинде бөлүм башчы, Ленин айыл Советинин төрагасы, 1960-70-ж. Алай райондук аткаруу комитетинде, партиянын райкомунда жооптуу кызматтарда, 1986-94-ж. Үч-Төбө айыл Советинин төрагасы, «Алай» кой чарба совхозунун жумушчулар комитетинин төрагасы, №1 ферманын башчысы, совхоздун кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.



Иса Раев

Саламаттык сактоонун мыктысы

(1939-1996-ж)

Өз мезгилинин мыкты инсаны, иш билги жетекчи маркум Иса Раев көп жылдар бою Кара Суу райондук санэпидкөзөмөл борборун башкарып турган. Ал өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасагандыгы, жөнөкөйлүгү менен элинин, кесиптештеринин эсинде калды. Иса Раевич тирүү болгондо 75 жаашка чыкмак. Балдары, өмүрүн мугалимдик кесипке арнаган алтындай болгон жубайы Адалат эжеке менен юбилейин өткөрмөк кайран киши..

Раев Иса 1939-жылы 1-октябрда Кара Суу районундагы Жоош (Большевник) айылында туулган. 1965-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун санитар-дык-гигиена факультетин бүтүргөн. 1965 жылы Кара Суу районундагы борбордук ооруканын эпидемиология бөлүмүн жетектеген. Анын ишке болгон жөндөмдүүлүгүн эске алып, Жалал Абад областынын Ленин районуна СЭСке башкы врач кылып дайындашат. 1970-74-жылдары үзүрлүү эмгектенет. 1974-жылы область калкынын саны жагынан эң көп район Кара Суу районуна которушат. СЭСте башкы врачтык милдетин аткарат.

Раев Иса элдин саламаттыгын сактоодо, ар-кандай жугуштуу илдеттерди алдын алууда өз жамааты менен талыкпай эмгектенет. Натыйжада райондо ар кандай жугуштуу оорулар кескин азайган. Өзүнүн терең билими менен мыкты уюштургуч жана жөндөмдүү жетекчи болгон.

Иште тактыкты, чындыкты, адилеттүүлүктү туу туткан. Раев Иса жогорку категориядагы врач, «Саламаттыкты сактоонун мыктысы» (отличниги),

В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата «За доблестный труд» медалы, «За долголетный добросовестный труд» медалы «Победитель соцсоревнования» номинациясынын жана көптөгөн алкыштардын ээси болгон. Раев Иса кыска өмүрүндө билимин элине, элинин ден соолугуна арнаган, наамга, атак-даңкка азгырылбаган өз заманынын татыктуу адамы болгон.

31 жылдык эмгек стажында 5 жыл бөлүм башчы, 26 жыл СЭСте башкы врачтын милдетин аткарды. 1996-жылы 14-апрелде 57 жаш курагында катуу оорудан дүйнөдөн кайтты. Артында жубайы, бир кыз, үч уулу калды. Үлгүлүү адамдын тарбиясын алган уул-кызы эл үчүн, үзүрлүү эмгектенүүдө.

Кызы Гүлмира-фармацефт, уулу Кубаныч- райондук салык кызматында иштейт, Максат – ишкер, Равшан-райондун санэпидкөзөмөл борборунда эмгектенүүдө. Ал эми жубайы көп жылдар бою мугалимдик кесипте үзүрлүү эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда жүргөн Адалат Мамытова- балдарынын урмат сыйын көрүп, небере сүйүп, куттуу үйдүн төрүнүн көркү.

Ооба, маркум Иса Раевичтин өткөн өмүрү, баскан жолу сыймыктуу, жаштар үлгү алууга арзыйт.

Ташбеков Жунус
(1938-1975-жж)



Ташбеков Жунус 1938-жылы Колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1946-жылы 1-класска барып 1957-жылы 11-классты бүтүргөн. 1958-жылдан 1961-жылга чейин совхоз Кара Сууда механизатор болуп эмгектенген.

1961-жылы мурунку Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик медицина институнуна тиш дарылоо факультетине кирип, 1965-жылы толук курсун бүтүргөн. Окууну бүтүп келгенден кийин 1965-1968-жылдары Кара Суу шаарындагы райондук ооруканасында жөнөкөй тиш дарылоо техник кызматтарында иштеген.

Кара Суу районунун Отуз Адыр совхозунда, Папан совхоздорунда 1968-1970-жылдарга чейин башкы дарыгерлик кызматтарда иштеп келген.

1970-жылдардан өмүрүнүн аягына чейин 1975-жылдын 6-апрелине чейин Кара Суу районунда тиш доктурлардын башкы дарыгери болуп эмгектенген.

Үй-бүлөлүү 4 баланын атасы болгон.

Жубайы: Өмүрзакова Сабира-1947-жылкы. Мугалим

Уулу: Ташбеков Кылыч – 1964-жылкы

Уулу: Ташбеков Омар – 1964-жылкы

Уулу: Ташбеков Алмаз – 1966-жылкы

Кызы: Ташбекова Алтын – 1972-жылкы

Баары турмушта өз кесибин таап, кесиби боюнча эмгектенүүдө.

Калматов Калыбай
Журналист
(1939-2003-жжж)



Калматов Калыбай 1939-жылы Жоош айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1971-жылы Жоош башталгыч мектебинин 1-классына кирет. 1956-жылы Токтогул атындагы Кара Суу районуна караштуу орто мектепти бүтүрөт. Ошол эле жылы Ош шаарындагы Айыл Чарба техникумуна тапшырып, шартына байланыштуу бүтпөй калат. 1958-жылы Фрунзе шаарынадагы Типографиялык-техникалык кесипчилик окуу жайды бүтүрөт. Ал кесипке ээ болгондор өтө сейрек болгондуктан, Ош шаарындагы облустук «Ленин жолу» гезитин чыгарууга типографияга ишке кабыл алынат. 1966-1977-жылдары Кара Суу районундагы «Эмгек майданы» гезитине корректор болуп ишке которулат жана жетекчи болуп болуп иштей баштайт.

Калыбай Калматовдун журналистикага жөндөмдүү болгондуктан 1977-жылдан баштап «Эмгек майданы» гезитине кабарчы болуп алынат «Көптөгөн учурдагы көй-гөйлөрдү козгоп кабарларды байма-бай жазып турган. Ошол убакта «Лениндин 100 жылдыгына карата», «Эмгектин ветараны» медальдар менен бирге ректордун, областык деңгээлдеги «Ардак баракчалар» менен сыйланган.

1996-жылдан Кара Суу шаарындагы өзгөчө кырдаалдар бөлүмүндө өрт өчүрүүчү бөлүмдүн башчысынын орун басары болуп иштеп жүрүп, 1999-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Байбичеси Суксур кесиби мугалим, көп жыл окуу бөлүмүнүн башчысы, Манас мектебинде директор болуп

иштеген. «Эл агартуунун мыктысы» жогорку категориядагы мугалим.

Уулдары: Эрмек кесиби энергетик, Белека бажы кызматкери.

Айнура, Наргиза мугалим , Айгүл медайым.



Эргешбай Жороев

Журалист, сатирик-акын
(1942-2005-жжс)

Жараткан ар кимге ар кандай тагдыр жазат экен бешенесине. Ошондой бешенеге бүткөн тагдырдын күнүн көрүп, жашоо күнүн-турмушуна кайыл болуп, дүйнөгө шайыр карап (оптимис эле) күнүмдүк майда барат гөр тиргиликтин көйгөйүнө түшө бербеген өзүн ар дайым куунак алып жүргөн журналист, юмарист акын Эргешбай Жороев эле.

Ал 1942-жылы Жоош айылында Колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлүптүр. Кара Суу районуна караштуу Токтогул атындагы орто мектепти бүткөн соң китепке жакын болгондуктан жана үй-бүлөсүндө жалгыз уул үчүн мектеп жамааты орто мектепти бүтүргөн Эргешбай Жороевди мектептеги чакан китепканага ишке орноштуруп коюшкан экен.

Бир жыл иштеген соң, билимин жогорулатуу максатында өзүнүн шыгына байланыштуу Токмок шаарындагы Маданият окуу жайына барып музыкалык бөлүмүнө кирип окуп калат.

1960-жылы бүтүрүп келген соң Отуз Адыр кыштагындагы Н Крупская атындагы орто мектепте музыкант мугалим катары иштеп калат.

Э. Жороевдин шыгы журналистика жана ыр жазууга ынтызар экени белгилүү болуп, райондук, областык

«Ленин жолу» «Эмгек майданы» гезиттеринде анын ырлары, кабарлары тез-тез чыгып турат. Ошонун натыйжасында «Эмгек майданы» гезитине кабарчылык кызматка иштөө үчүн чакыртылат. Эргешбай Жороев көп жыл «Эмгек майданы» гезити республикага атагы чыккан маалдарда калеминин курчуп, гезиттин сапаттуу чыгышына көп салым кошту. Кийинчерээк Кара Суу районундагы аткаруу комитетинде инструктор болуп иштеди. Өмүрүнүн акыркы жылдарында республикалык радионун сатира берүүлөр бөлүмүндөгү «Кутмандуу болсун күнүңөр» бөлүмүндө үзүрлүү эмгектенип өттү.

Акырында: Эргешбай Жороевдин досу Мамыр Иминжановго жазган достук азилинен үзүндү келтирели.

Макеми жарашат, канча айтса,
Канчалык мактаса.
Кичи пейил, ак көңүл,
Көңүл гири таптаза.
Жары менен кыз-жигиттей жашайт,
Кырктын кырын ашса да.

Ал эми. Жазуучулук жагын алсак,
Жазганы сатира, юмор, такмаза.
Анан, жемиштүү иштеп келетат,
Жергиликтүү радио, басмада.

Байбичеси Уулкан жеңе медайымдык кесипти аркалап, ардагерликке чыккан. Уул-кыздары турмуштан өз ордун таап, түрдүү кесипте иштейт.

Темирбек Куттубаев
(1947-2007-жж)



Жазуучу, журналист. Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы.

Темикем мене мен 1972-жылдары алгачкы жолу таанышкамын. Анын «Энекем»-деген аңгемеси «Кыргызстан аялдар» журналына чыккан эле. Ал мезгилде айрыкча көркөм чыгармаларды журналга эмес, гезитке чыгаруу өтө татаал эле. Себеби коммунисттик идея күчтүү болгондуктан, ар бир басма сөзгө чыккан чыгарма такай текшерүүдөн өтүп турчу.

Анда Темирбекти сыртынан билчүүмүн. Кара Суу шаарындагы авто бекеттеги гезит сатчу күркөдө жоолугуп тааныштык. Ошондон соң бара-бара бири-бирибизди билишип, достука айланып, чыгармачылык байланышыбыз бекемделип кетти. Менин да аңгеме, поэмаларым гезитке басылып чыга баштагандыктан баш отум менен жазууга кирише баштадым. Экөөбүздүн үй-бүлөлүк катнашыбыз чыңалып, ыраматылык аяшым Айнуса ансайын байланышыбызга данакер болду.

Темике көп окуган, айрыкча орус адабиятын окугандыгы, орус жазуучуларынын таасири көп тийгенденби, жазган аңгеме повесттеринен байкалчу, Турабай Жороев, Нугман Сайдуллаев окшогон өзүм теңдүү чыгармачылык жаштар менен тыгыз байланышып, кээ бири менен азыркыга чейин байланышты үзбөй келем.

Темирбек китебин басмага даярдап, бирок убагында басмадан чыгара албады.

Темирбек Куттубаев 1947-жылы Кара Суу районуна караштуу «Ак Жар» кыштагында белгилүү журналист Куттубаев Эрмекбаевдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө

келген экен. Кара Суу районундагы «Ленин атындагы орус тилдүү орто мектепти 1965-жылы бүтүрүп, бир жылдан соң аскердик кызматка чакырылып, 1969-жылы өз милдетин аткарып кайткан.

Табийгый таланты болгондуктан, тез эле чыгармачылыкка киришет. 1970-жылдан баштап, «Ленин жолу» гезитине корректор болуп ишке орношот. 1972-жылы Москвадагы бүткүл дүйнөлүк адабият институтуна конкурстан өтүп кабыл алынат. Бирок көп өтпөй эски оорусу козгоп, кайра Кыргызстанга келет. Кайрадан «Ленин жолу» «Ош жаңырыгы» гезитинде иштей баштайт.

1990-жылдан баштап фатондук «Эмгек майданы» гезитине которулуп, өмүрүнүн акырына чейин ошол гезитте журналист-жазуучу, жаштарга үлгүлүү устат катары да, белгилүү болуп, бешене тер, жакшы үмүт тилек менен чыгармачылыктан кол үзбөй жемиштүү иштеди. Байбичеси Айнуса мугалим эле, ааламдан өтүп кетти. Чынара, Венера деген кызддары, Жанарбек, Жыргалбек деген артындагы калгандар турмушта өз ордун таап өзү менен өзү. Маркум акын досум Абдрашит Урбаевдин: «Биздин өмүр командировка сыяктуу» - деген ырынан үзүндү келтирейин.

Мен өмүрдү командировкага окшотом,
Көп жүрөт да, бирөө иштейт азыраак.
Аз жүрөт, бирөө эрте тайгылат,
Мен өмүрдү командировкага окшотом.

Жусупов Жумабек
(1947-2011-жж)



Жусупов Жумабек 1947-жылы 1-сентябрда Кара Суу районунун азыркы Жоош айыл округуна караштуу Мамажан айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Матаипов Жусуп Улуу Ата Мекендик согушка барып келгенден кийин, ошол учурдагы Мамажан колхозунда өмүр бою Отуз Адыр каналында мурап болуп иштеген. Апасы Матаипова 4 бир туугандын кенжеси. Жумабек 7 жашында ушул айылдагы «Победа» 8 жылдык мектебинде окууну ийгиликтүү аяктаган. «Токтогул» орто мектебинде 1964-жылы 11-классты аяктаган. Ошол эле жылы Ош шаарындагы сельхоз техникумуна кирип анын жибекчилик бөлүмүн 1967-жылы бүтүргөн. Андан соң советтик армиянын катарына чакырылып, Усть-Каменогрский шаарында танкалык бөлүктө командир болуп иштеген. Армиялык кызматты 1969-жылы бүтүрүп келген. Ошол эле жылы Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясында аграном кесиби боюнча эмгектенген. Иштеп жатканда Коммунистик партиянын катарына өткөн жана ошол жылдар ичинде Фрунзе шаарындагы К.И Скрябин атындагы айыл чарба институна тапшырып ал окуу жайды 1981-жылы аграном деген квалификация менен аяктаган.

1982-жылдан баштап Мамажан айылында аграном, бөлүм башкаруучу бир топ жылдар иштеген. Эмгектенген убакыт ичинде көптөгөн ийгиликтерге жетишти, пахта пландарын ашыгы менен толтуруп, дирекция тарабынан көптөгөн алкыштарга татыктуу болду.

1992-жылы ушул эле Совхоздогу Маданият айылында бөлүм башкаруучу болуп иштеди жана эмгектенип жаткан убакта бир топ ийгиликтерди жаратты.

1995-жылы кайрадан Мамажан айылында бөлүм башкаруучу болуп иштеди. Бул бөлүмдө бир топ иштегенден кийин ушул эл совхоздо ишин улантты.

2004-жылдан баштап Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясында башкы агроном болуп иштеди.

Эмгектенип жаткан кезде бир топ ийгиликтерге жетишти.

Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү деген медаль менен сыйланган жана илимий бөлүмдүн цехтик партиялык уюмунун, дирекция жана профком тарабынан «Ардак грамоталарды» алган. Областтык, райондук жергиликтүү советтердин курултайларына делегат болгон.

Байбичеси Анипа мугалим болуп ардагерлике чыккан. Канат, Талант, Улан, Союз, Венера деген кызы бар. Баары турмушунда өз ордун тапкан.

Култаев Тажибай
(1947-2000-жж.)



Аталарыбыз дос эле, экөөбүз ошону уланткан мураскер элек.

Анда күз айлары болсо керек. Аяш атам Култай Тажибайды ээрчи- тип «Маданият» айылы Жоош айыл өкмөтүнө карайт, барып калды. Атам экөө кечке сүйлөшүп, өткөн кеткен-дерди айтышып жакшы сухбатташып олтурушту.

Балалык кыял менен Тажибай кетем үйгө деп биздин үйдөн обого олтуруп алды. Мен барып аны кайра үйгө тез эле алып келдим. Атам, апамдар да сүйүнүшүп калды. Ошондо Култай аяш атам: «Мындан ары экөөңөр дос болуп каласыңар» – деди. Ошондон соң экөөбүздүн мамилебиз жакшырып, жаман-жакшылыкта, оор кырдаалдарда колдон келишинче бири-бирибизге жардам колун созуп, ар дайым кийин үй-бүлө курганда да жакшы мамилебиз үзүлгөн жок. Бирок тагдырдын буйругу экен Тажибай досум 53 жашында капыстан катуу ооруп көз жумуп калды.

Култаев Тажибай 1947-жылы 29-майда Ош областынын Кара Суу районуна карашту Жоош айыл өкмөтүндө мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Токтогул атындагы орто мектепте окуп, 1964-жылы (Н. Крупская) Жаманкулов атындагы орто мектепти бүткөн. 1964-1969-жылдары Казакстанда жоокердик милдетин ийгиликтүү бүтүрүп келген.

1949-1974-жылдары Фрунзе шаарындагы Политехни-калык институтту бүтүрүп инженер адистигине ээ болгон.

1974-75-жылдары Кара Суу шаарындагы курулуш башкармалыгында баш инженер болуп иштеген.

1981-жылы СПТУ 59да мугалим болуп, курсанттарды даярдаган.

1985-1997-жылдары Кадамжай районундагы ПТУ-33 училищасында директор болуп, окуучуларды тарбиялоо, кесип берүү менен бирге, училищанын жаңы курулушун курууга өз салымын кошкон.

1997-99-жылдары Кара Суу районундагы ПТУ 64 төө директор, 1999-жылдан өмүрүнүн акырына чейин ПТУ-59-училищада директордун орун басары болуп иштеп өттү.

Өмүрлүк жубайы Аданбаева Сабира мугалимдик кесипти аркалап, ардагерликке чыкты.

Кыздары Айнура, Айгүл, Гүлмайрам, Гүлданалар мугалимдик кесипте иштейт.

Уулдары Арзыбек, Акыл дыйкан чарбада эмгектенет.



Баетов Манас
(1948-2003-жж)

Баетов Манас 24-наябрда 1948-жылы Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл кеңешиндеги чарба башчысынын Агартуу колхозунун башкармасынын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1956-1966-жылдары Токтогул атындагы орто мектепти бүтүргөн.

1966-жылы Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясындагы курулуш бөлүмүндө жумушчу болуп иштеген.

1967-жылы Фрунзе шаарында 1 жылдык Кыргыз эл чыгармачылыгынын курсун бүтүргөн.

1968-жылдан Кыргызстан борбордук клубда маданий жетекчи болуп иштеген. Ошол жылдары «Кара Суу» совхозунун өздүк көркөм чыгармачылыгын райондук деңгээлге чыгарып, радио-теле берүүлөргө катыштырган.

1969-жылы Жоош айылдык Кеңешинин Агартуу айылындагы «Правда» мектебинде директордун чарба боюнча орун басары болуп эмгектенди.

1969-жылдын декабрь айынан баштап, Жоош айыл-өкмөтүндө Аскер учетунун башкы инспектору болуп ишке которулду. Бул өтө жоопту аскер учетун так алып жүрүүчү кызмат болгондуктан, ардагерликке чыкканга чейин үзүрлүү эмгектенди. 2003-жылы оорудан көз жумду.

Байбичеси Пазылова Зулайка жумушчу болуп совхоздо иштеп өттү.

Уулдары: Талас Кара Суу райондун почтанын жетекчиси.

Семетей Акташ кыш заводунда бригадир.

Нургазы «Манас» дыйкан чарбасынын башчысы.

Улукбек Кара Суу шаарындагы Р.Э.Сте бөлүм башчы.

Атабек экономист.

Шергазы Айнек пласт фирмада иштейт.



Мамытов Апаз
(1947-2014-жж)

Кесиптик билим берүүнүн мыктысы

Мамытов Апаз 1947-жылы. 10-октябрда Кара Суу районунун мурунку «Кызыл Гайрт» колхозунун Эшме айылында туулган.

Азыркы «Катта Талдык» айылдык округу. 1954-жылы Эшме айылдындагы 8 жылдык мектептин 1-классына барып, 1964-жылы Отуз-Адыр айылндагы Н.К. Крупская орто мектебин аяктаган.

1964-66-жылдары Кызыл Кыядагы тоо-кен окуу жайында окуган. Окууну аяктагандан кийин 1966-жылы күзүндө Сов. Армия катарына чакырылып, Германияда кызматын өтөп 1969-жылы декабрда келген.

1970-жылы Оштогу автодорожный техникумуна тапшырып (ввто-жол техн) аны 1974-жылы Фрунзе шаарынан аяктаган. 1974-жылы Оштогу ДОСААФ окуу жайынан эмгек жолун баштаган.

1977-жылдан Кара Суу районундагы СПТУ 24 мастер болуп иштей баштаган 1986-94жылдары «ПДД» устроиство сабактарынан мугалим болуп иштген. 1994-97-жылдарда туулган айылы Эшмеде айыл башчы болуп эмгектенген.

1997-2012-жылдарда А. Муратов атындагы орто мектебинде дене тарбия мугалим болуп эмгектенди 2006-2011-жылдарда мугалимдик менен катар эле айыл башчы болуп иштеген. Ушул жылдарда айылдын өнүгүшүнө зор салып кошуп «Казак-уулу» айылынан «Эшме» айылына булактын суусун алып келүүгө, элдин дыйкан чарбаларын

өнүктүрүүгө, жолдорду оңдоого мал сугаруучу көлчөлөрдү жыл сайын тазалатып суу толтуруп турууга Садырбай айылындагы суу чыгарылуучу насостон «Эшме» айылына суу чыгышын көзөмөлдөөгө Каратай айылынан «Кодогочун» таза суусун алып келүүгө жан аябай эмгектенди. О.Э. мамлекеттик эмес уюмдар «Мерсико», «Арис», ОшКоп менен иштешип мектептин чатырын жаңылап жабууга, ичин мебель менен камсыз кылууга, электр печтерин коюуга көмөк көрсөттү. 1975-жылы Ош Областык ДОСААФ комитетинин «Ардак баракчасы» менен сыйланган.

Апаз байбичеси Тажикан экөө уул-кыздары татыктуу тарбиялап эрзеге жеткирип, баарына жогорку билим алууга ата-энеси камкордук көрүштү.

Байбичеси Тажикан аяш чет тилчи мугалим болуп ардагерликке чыкты. Аяш билимдүүлүгү, сабырдуу, токтоолугу менен айырмаланып турчу. Ошон үчүн да үй-бүлөдө татыктуу эне тарбиячы катары өмүр сүрүп келүүдө.

Мен Апазды СПТУ-24 училищага ишке киргенде жаңы тааныщкан элем. Бирге иштеген кызматкери катары көпкө жүрбөй тез эле ынак болуп кеттик. Апаз чечкиндүү, училищадагы ар кандй чогулуштарда тартынбай өз пикирин айткан инсан болчу. Ошол үчүн досум Тажибай үчөөбүз теңтуш болгондуктан, иште ар дайым бирге жүрүп, кемчиликтерибизди айтып, бири-бирибизге жөлөк болуп иштеп өттүк. Тагдырдын буйругу экен, экөө тең ааламдан эрте көз жумду. Бирок артында урпак улоочу уул-кыздары калды.

Кызы Рахат мугалим орус тилчи, уулдары Уланбек да дене-тарбия мугалими, Урматбек, Нурматбек да кесиби мугалим, Рахат, мугалим, Райхан да мугалим, Кубатбек Манас-түрк университетин бүтүрүп, инженер кесибин алган.



Райымжан Разыков элеттик акын

(1942-2016-ж.ж.)

Райымжан Разыков 1942-жылы Кара Суу районуна караштуу Савай айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келиптир.

Мен Райымжан акени 1957-жылдардан баштап тааный баштагам. Себеби, ал убакта айылыбыз «Мамажан» атындагы колхоз эле. Айылыбыздагы чакан дүкөндү орто бойлуу толмоч киши башкарып калды. Ал Райымжан акенин атасы Разык Алгыбаев экен. Бир күнү апам конок даярдыгын көрүп, кечинде үй-бүлөсү менен биздин үйгө конокко келишти. Жакшынакай салабаттуу баскан аял колунда эки жашардай бала көтөрүп, чоңу тогуз, кичүүсү жети жашардай кыздарды ээрчитип, баягы магазинчи киши 13-14 жаштагы өспүрүм бала менен чогуу келишти. Көрсө атам-апамдар аларды мурунтан тааныч экен.

Разык Алтыбаевдин жубайы Умсунай (тай эжем) Куршабтын «Кызыл-Сеңир» апам туулган айылдан экен. Апам экөө бир жагы эже-синди катары болсо, анын бир тууган эжеси Кыздаркан тайжем апамын Муктар (согуштан кайтпай калган) аттуу инисинин жубайы эле. Ошон учун алар эзелтен тааныш экен.

Разык Алтыбаев тажезде бир жылча иштеди. Ал киши чукугандай сөз тапкан, оскиячы адам эле. Биз үй-бүлөбүз менен ынак катташып жүрдүк. Кийин алар өзүнүн айылы Савайга (Таширов колхозуна) көчүп кетишти. Ошондогу эки жашар бала «бешиктеги баланын бек болоорун ким билет» дегендей канында бар экен Рахман Разыков «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек синирген ишмер», акын, сатирик болуп, эл сүймөнчүлүгүнө айланган

пародист-куудул болуп калды. Баягы эки кыздын чоңу Токтайым дарыгерлик кесипти аркалап, ардагерликке чыгыптыр. Синдиси Мырзайымды көп көрбөгөндүк-төн тааныбай калдым. Ал эми Райымжан аке менен болсо, чыгармачылык инсан катары жолугушуп өттүк.

Бир жолу сухбатташып калганда: «Райымжан аке сиздердин уруунуздар «савай болобу?» – дедим. Ошондо: «Жок, бөлө, биз «маңгыт» болобуз»-деди. «Анда кызыл уулдан тарагансыздарбы»-дедим. Ал мени таңыркай карап:- «Бөлө, уруулар жөнүндө көп эле тактап жүргөнсүйсүң, билбейт белең? Маңгыттар мунгуштан тараганбыз бир тууган болобуз»-деди. Ошондон кийин эсиме бек сакталып калды.



Разык Алтыбаев бажасы А. Маткасымов жана байбичеси Умсунай

Досу М.Иминжановго арнаган ырынан үзүндү.

Турмушуңдан даңгыр кенен жол таптың,
Изденүүдөн чыгармаңа ой таптың.
Сага айтамын азыр менин колумда,
Сага айтаарым Ала Тоодой чоң бактың.
«Ыр кесеге» автор болуп кезинде,
Ыр нөшөрүн сен жаадырдың эфирде.
Колдоосуна ээ болгонуң төгүнбү,
Бир гана эмес, боордош казак элинде.



Төрөев Ысан
(1934-2000-ж.ж.)
«Эл агартуунун мыктысы»

Төрөев Ысан 1934-жылы 9-майда Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл Кеңешиндеги Маданият айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1950-жылы Кара Суу районундагы «Коммунизм» орто мектебин бүткөн. Ошол эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун химия-биология факультетине тапшырып, студент болуп калат.

1955-жылы бүтүп, жолдомо менен Сузак районундагы «Барпы» атындагы орто мектепте химбиолог адистиги боюнча мугалим болуп, педагогикалык эмгек чыйырын баштайт.

1957-жылы Совет (Кара Кулжа) районундагы «Коммунизм» сегиз жылдык мектебине директор, андан сон Кара Суу районундагы «Победа» «Октябрь» сегиз жылдык мектептерде директор болуп иштеген.

1960-1969-жылдары Н.К.Крупская атындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүнүн башчысы, окуучулардын өндүрүштүк бригадасын жетектеген. 1969-1988-жылдары Ош областык Дүлөй-дудук жатак мектебине директор болуп которулгон.

Ошол мектепте иштеп жүргөндө көп эмгек сиңирген. Себеби тубаса суйлөөдөн-угуудан ажыраган балдардын психологиясын терең билген сабырлуу, өтө кылдат мамиле кылган педагогтор керек болчу. Ошондуктан Ысан агай кыраакылык менен мугалим да, тарбиячы, чарба кызматкерлерине чейин кылдат текшерип, талдап алган эле. Ошон үчүн иштегендердин кызматы жоопкерчиликтүү болчу. Ошондой кызматта Ысан агай талбай окуучуларга да, мугалим тарбиячыларга да иш

билги педагог катары жамаат ичинде гана эмес, райондогу белгилүү директорлордун бири эле.

Тороев Ысан ага, Кыргыз Республикасынын, Ош областык билим берүү бөлүмү тарабынан «Ардак баракча» менен сыйланган. «Ветеран труда» медалынын ээси болгон. «Эл агартуунун мыктысы» сыйлыгына татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, байбичеси Стамкүлова Саадат орус тилчи мугалим болуп, ардагерликке чыкканча окуучуларга билим жана тарбия берди, Уулу Тороев Дурусбек Ысанович ОшМУнун медицина факультетинде окутуучу. Женишбек кесиби-юрист. Кыздары Гулмира-врач-формаколог, уулу Малик-мугалим, кызы Эльмира-сатуучу.



Аманбай Жунусов
(1943-2001-ж.ж.)

Аманбай Жунусов 1943-жылы 5-январда Кара Суу районунун Ак Жар айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Кызыл Гайрат атындагы жети жылдык мектебинде окуп, андан ары Крупская атындагы орто мектебинде билимин улап, 1959-жылы жетишүү аттестатына ээ болгон. 1959-жылы Жалал Абаддагы зооветтехникумунда окуп, аны 1962-жылы бүткөн. 1962-1964-жж Катта Талдык госплем заводунда зоотехник болуп иштеген. 1960-1964-жж Кыргыз айыл чарба институнда окуган. 1969-1971-жж Ноокат районунун айыл чарба башкармалыгында зоотехник болуп иштеген. 1971-1972-жж Кара Суу районунун айыл чарба башкармасынын башчысынын орун басары. 1972-1975-жж Сузак районунун айыл чарба башкармасынын башчысы. 1975-1977-жж Сузак районунун

райондук комитетинде экинчи катчы. 1977-1979-жж КПССтин Борбордук комитетинин алдындагы жогорку партиялык мектебинин угуучусу. 1979-1980-жж Совет районунда аткаруу комитетинин төрагасы. 1980-1985-жж Совет районунда биринчи катчы болуп иштеген. 1985-1987-жж Баткен райондук партиялык комитетинин биринчи катчысы. 1987-1988-жж Талас облустук комитетинин катчысы. 1988-1989-жж Ош облусунун айыл чарба катчысы. 1989-1991-жж Кыргыз ССРинин Борбордук комитетинин катчысы. 1989-1993-жж Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин легендарлуу парламентинин депутаты. 1992-1993-жж Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинде кеңешчи. 1993-1994-жж Ош облусунун губернаторунун орун басары болуп иштеген.

Үй-булолуу 5 уул, 1 кыз жана 11 неберенин мээримдуу, камкор атасы болгон. Кызы Лира-педагог, уулу Азиз-дарыгер, уулу Алтынбек-юрист-агроном, уулу Бакыт-экономист, уулу Санжар-юрист.



Мамажусупов Маткасым
(1928-1993-ж.ж.)

Мамажусупов Маткасым 1928-жылы Кара Суу районуна караштуу Жоош айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Балалык чагы Улуу Ата Мекендик согушка туш келет. Жаштайынан баштап колхоздун жумуштарына аралаша баштайт.

Ф.З.Уга окууга барып, окуп келет. Согуштан соң колхоздо механизатор, кийин совхоз болгондо «Кара Суу» совхозунда звеновой бригадир болуп көп жыл эмгектенет. Ош совхоз техникумун сырттан окуп бүтүргөн. 1958-жылы Совет министринин указы менен «Алтын кол» саат менен сыйланган. 1979-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан УАЗ женил автомашинасы менен да сыйланган.

Мамажусупов Маткасым 5-бөлүмдү башкарып, пахтачылык боюнча тажрыйба станциясын башкарып турган чакта балдар бакчасын, чайхана курулушуна чоң салым кошкон. Айылдык Кенештин төрт жолку депутаты болгон. М.Мамажусупов байбичеси Касиет экөө 6 кыз 2 уулду тарбиялап, окутуп, чоңойтушкан.

Чолпондун кесиби чебер эле. Минабар медайым эле. Орозгүл да медайым эле. Санабар-техник-механик педагог. Мастура-сүрөтчү. Канымбу-техник-механик. Уулдары Адылбек милициянын ардагер майору. Максатбек-информатик. Мамажусупов Маткасымдын уул, кыздары турмуштан өз ордун таап, өз кесиптеринин мыкты ээси.

Жээнбеков Сатыбалды
(1920-1993)

Жээнбеков Сатыбалды 1920-жылы 8-мартта Ош районунун Жаңы Маданият айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Айылындагы мектептен билим алган. Дыйканчылык менен ата-энесине жардам берген. 1943-жылы Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, Калининградда (Кенсберг) шаарын коргоодо байланышчы (связист) болуп согуштагы абалды штапка билдирип турган. 1946-жылы жеңиштен соң Ата Журтуна аман соо кайткан. Согуштагы байланыш бөлүмдө күжүрмөн кыраакылык иштөөнүн натыйжасында "Кызыл Жылдыз" орденине татыктуу болгон.

Согуштан соң чарбаны калыбына келтирүүдө Кара Суу районуна караштуу Калинин айылындагы колхоздо жардамчы бухгалтер-экономист болуп үзүрлүү эмгектенип өткөн. Байбичеси Райла экөө он уул-кызды татыктуу тарбиялашкан. Алар түрдүү кесиптин ээлери. Батма бал-дар дарыгери. Шарабидин-ветеринар-дарыгер, Мукарам-мугалим, Камил-мугалим, Уулкан-сатуучу, Үсөн-дарыгер, Зуура-мугалим, Акылбек инженер-куруучу, Жамила-медайым, Асылбек-инженер-куруучу.



Туратов Ысмайыл
(1928-2000 жж)
Милициянын полковниги

Ысмайыл 1928-жылы Кара Суу районундагы «Агартуу» айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1946-жылы «Коммунизм» орто мектебинде окуп, андан соң Ош шаарындагы кыргыз орто мектебине которулуп, 1947-жылы аны бүткөн.

Ошол эле жылы мугалимдер институтуна тапшырып, окууга ийгиликтүү өткөн.

1947-жылы МГБ мектебинє жөнөтөт. 1949-жылы Белоруссия республикасынын Могилев шаарындагы МГБ (Министерство Государственный Безопасности) окуу жайына эки жыл билим алып, кенже лейтенант чинине жеткен.

Кыргызстанга келгенде Ош областынын Жаңы-Ноокат районунун борборуна уполномочен деген кызматка жөнөтөт. 1953-жылы Ош областынын Мамлекеттик коопсуздук башкармасына келет. Ошондо Гүлчө, Алай, Чоң Алай районуна мамлекеттик коопсуздук кызматы боюнча иштейт. Ички иштер бөлүгүндө коопсуздук комитети кыскартылат.

1958-жылы айылына келип, «Большевик» жети жылдык мектепке директор болуп дайындалат. Көп өтпөй эле «Кара Суу» совхозунун партиялык уюмуна катчы болуп шайланат.

1960-жылы кайрадан ички иштер бөлүмүнө алынып, Ош областык ОБХСС деген бөлүктө иштеди. 1969-жылы Кадамжай районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары, бир жылдан сон, Сузак районундагы Ички иштер бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат.

1978-чейин үзүрлүү эмгектенет. Андан соң ОБХССте өзөчө иштер боюнча кызматта иштеди. 1984-жылы 33 жыл ички иштерде үзүрлүү эмгектенгендиктен эс алууга чыкты.

«За доблесный труд в Великой Отечественной войне 1941-1945-г.г.» медалы менен, Кыргыз ССРинин Кыргыз Жогорку Советинин «Ардак баракчасы», Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин ардак баракчасы менен сыйланган.

Байбичеси Инобат эне экөө Айчүрөк, Жоомарт, Малик, Адыл, Айнура, Абыл аттуу уул-кыздарды тарбиялап өстүрүп, баарына өздөрү сүйгөн кесип берүүгө көмөктөшүп, турмушта өз жолун таап кетүүгө аталык-энелик камкордук көрүшкөн.



Жээнбеков Абдысатар Ташматович
(1931-2005-жж)

Жээнбеков Абдысатар Ташматович ага 1931-жылы Кара Суу районуна караштуу «Жаны Маданият» Калинин колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Айылындагы башталгыч классты бүткөн соң «Коммунизм» (Кара Суу району боюнча жалгыз орто мектеп болгон) 1948-жылы орто мектепти бүтүргөн. Шартка жараша колхоздо ата-энесине кошулуп пахта талаасында чарбада эмгектенген. 1956-жылы Ош Мамлекеттик Педагогикалык институтунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабият бөлүмүнө кирип, 1965-жылы бүтүрүп, кыргыз тили жана адабият мугалимдик кесипке ээ болот. Алгачкы жолу мектепте 5-7-класстарга кесиби боюнча сабак бере баштайт (Куйбышев) Тешебай Мусаев атындагы айылындагы орто мектепте жөнөкөй мугалимдиктен окуу

бөлүмүнүн башчысы, көп жылдар директор болуп иштеген. Мектепке билим тарбия берүү менен биргеликте «Шарк» айылдык Кеңешке бир нече жолу депутат болуп шайланган. Райондук, областтык эл агартуунун билим берүү бөлүмү тарабынан «Ардак баракчаларга» татыктуу болгон.

Байбичеси экөө уул-кыздарды заманбап тарбиялап, жогорку окуу жайлардан билим алууга ата-эне катары кам көрүшкөн. Уулдары Абдырасул ички иштерде кызмат өтөп, азыр ардактуу эс алууда. Абдыбуркан-бухгалтер, Жанболот-экономист, Данияр да экономист. Кыздары Гулмира-мугалим, ардагерликке чыккан. Дамира-дизайнер, Алтынай-мугалим.

Дарыгер уулу Мамрасулду эскерүү оор болсо да, пенделик парзым катары ал жөнүндө эскердим. Ал мага күйөө бала эле. Жээним Жыпардын өмүрлүк жолдошу болчу. Жыпар да дарыгер Ош областтык балдар шыпаакасындагы урология бөлүмүндө иштейт. Адам менен же жакын туугандары менен деле качан башыңа иш түшкөндө, заарыгып жардам сураганда кимдин кандай экенин беш колдогу манжандай билет экенсиң. Жайдын аптаптуу күндөрү эле. Бутум катуу ооруп, (ренгендик снимка керек эле) Ош областык учук ооруканасына барып калдым. Алыстан эле тааныш калган экен жүгүрүп келип калды. Мен абалымды түшүндүрдүм. Тез эле кезексиз ренгенге салдырып, колума берди да: -«Тага, бул ооруканаңы билесиз, жугуштуу оорулар дарыланат. Тезирээк кетип калың»-деп заматта такси таап, салып койду жеңил машинага. Ошентип үйгө жетип келдим.

Дагы бир укканыма караганда бир кемпирди дарылап, сакайтып, жөнөтөөрдө колуна көп акча карматыптыр. Ушунча заарыкса да Мамрасул акчаны албай коюптур. Ошондо ыраазы болгон кемпир:- «Садагам, уулум, сен кандай ата-энеден тарбия алдың экен, бүгүнкү

учурда өз балдарың да бекерге иштебей калган»- деп батасын берген экен.

2000-жылдын күз айлары, жамгыр себелеп, күн түнөрүп, турган чак эле. Бизге кокусунан машина уруп, Мамрасул каза болгону жөнүндө суук кабар жетти. Бешенеге жазган катаал тагдырдын буйругуна айла жок экен. Жамгыр аралаш Мамрасул менен коштоштук. Ошол жылы айлап жамгыр басылбай, нөшөрлөп төгүп жатты. Жараткан Алла Таала ыймандуу уул берип, өзүнө керек экен, кайра алып кетти.



Сатыбалдиев Жумабай

(1927-1998-ж.ж.)

Сатыбалдиев Жумабай агайыбыз Ош облусунун Кара Суу районуна караштуу Маданият айылында туулган. Мектепке чейин ата-энесинин колунда тарбияланып, 7 жашка толгондо 1933-жылы Коммунизм мектебине (азыркы «Маданият») мектебине кабыл алынган. Мектепте өзү теңдүү окуучулардан айырмаланып, жөндөмдүү болгон. Мектепти эң жакшы бааларга бүтүрүп, Оштогу педагогикалык техникумду кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө тапшырган. Аны ийгиликтүү аяктап, эмгек сапарын 1958-жылы Кара Суу районундагы Сталин мектебинен баштаган.

Андан кийин районодо биринчи катчы болуп иштеген. Анын демилгелүүлүгү, жөндөмдүүлүгүнөн Коммунизм мектебине директор кылып дайындалган. Иш менен гана чектелбей, агай бул мезгилде ОГПИнин тарых факультетинде сырттан окуп, билимин жогорулаткан.

Көптөгөн сыйлыктардын ээси. Ардактуу инсан Сатыбалдиев Жумабай айылыбыздагы агартуу ишинде татыктуу салым кошкон. Анын эмгеги эч качан унутулбайт. Ал жашаган көчөдө агайдын ысымы коюлган. Байбичеси Сабира жеңе ардактуу эс алууда.

Балдары:

1. Абдымомун – куруучу
2. Саламат – мугалим
3. Авазбек – куруучу
4. Мавлюда – мугалим
5. Гүлай – мугалим
6. Абылкамсым – экономист
7. Маткасым – мугалим
8. Кадыр – экономист
9. Садир – инженер-механик
10. Искендер – жумушчу
11. Сулатан – экономист.



Абдыкеримов Абдыламит

(1932-1938 жж)

1932 – жылы 15 – майда Кара Суу районунун Эшме айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Каратай орто мектебин бүтүргөндөн кийин 1956-жылы Ош Мамлекеттик пединститутунун химия-биология факультетин бүтүргөн. Ошол эле жылы эмгек жолун Ленин районунун Масы айылындагы мектепте мугалим болуп иштеп баштаган. 1960-жылы коммунисттик партиянын мүчөсүнө кабыл алынган. 1959 – жылдан 1968-жылга чейин Кара Суу районунун Кожокелең, Мады, Маданият айылдарында

мектептин директору болуп иштеген. 1968-жылдан 1972-жылга чейин Кара Суу районосунда методист, райондук кинофикация тармагын башкарган. 1972-жылдан 1983-жылга чейин Кара Суу районунун Калинин колхозунун парткомунун секретары болуп иштеген. 1983-жылы 14-декабрда катуу оорудан көз жумган. Жигердүү эмгеги үчүн бир топ медалдар жана «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган.

Өмүрлүк жолдошу Шарипа менен 3 уул, 2 кызды чоңойтуп тарбиялашкан.

1. Таалайбек адистиги экономист-юрист.
2. Кубанычбек жогорку билимдүү, адистиги авиа техник, инженер-энергетик.
3. Нурлан адистиги орус тили жана адабияты боюнча мугалим.
4. Масуда жогорку билимдүү, адистиги орус тили жана адабияты мугалими.
5. Гуллира жогорку билимдүү, адистиги врач терапевт жана фармацевт.

Турдугул Бий

Турдугул бий өз убагында эл башкара билген, эл арасында өктөм адам болгон. Өзүнүн замандаштарынын убагында тыңдыгынын негизинде Кокон хандыгынын ханы Кудаярханга вазир болгон деп айтылат. Бирок хандын неченчи вазири, кандай иш аткарганы белгисиз. Тарыхый материалдарга караганда Кудаярхан 1846-1875-жылдардын арасында үч жолу хандыкка келип, үч жолу хандыктан бошотулган. Бардыгы болуп 30 жылдай хандык доорун сүргөн. Ошол хандыктын алмашуу мезгилинде Кудаярдын душманын талкалоого жардам берип, хандык тактыны элөөгө көмөкчү болгон. Ошонун негизинде Турдугул бий вазирлик бийликке жетишкен деп айтылат.

Кийинки убакта хандыкты талашуу шартында Турдугул бий өз ыктыяры менен бийлигин таштап, өз элине кетүүнү чечет. Кудаярхан: “Эй, Турдугул! Эмнеге кетесиң, эмнеге бийликти таштайсың, менин фарманым (мөөрүм) менен жер ал, эл ал, ошону бийле”-деп айтканда, Турдугул буга макул болгон эмес. Анын ордуна ханга каяша сүйлөп, мындай деген экен: “Мен сен пучуктун (Кудаярдын мурду теңирекей болгон дешет) мөөрү менен жер, эл алып жашабай эле койдум. Сенин жерди, элди түбөлүккө ээлеп, бийлеп жатканыңды көрө жатарбыз”, - деп чыгып кеткен экен.

Турдугул бий өз карамагындагы туугандары жана жакшы санагандары менен Кокон шаарынан чыгып Алты Арыкка (азыркы Алты Арык району, Фергана области) келип, анда жайлап, кыштап турган. Андан кийин Турдугул бий өз айылы менен Алты Арыктан жөнөп, жаз айларында (апрель, май айлары болсо керек) Төө Моюнга (азыркы мезгилде Төө Моюн кыштагы, Араван району, Ош области) келип токтогон. Ошол убакта Төө Моюн кең талаа, жазы эрте келген, мал жайыттуу жер болгон. Ошол жерде малын жайып жайлашкан.

Төө Моюнга жайлап жатышканда бир күнү Турдугул бийге Төө Моюнду бошотсун, же болбосо анын элин чаап алабыз деген талап менен кайсы бир бийдин өкүлү келет.

Турдугул бий айыл аксакалдарын, эл бийлеген билермандарын чогултуп, эмне кылабыз, бийи кандай жооп беребиз, деген маселени кеңешке салат. Ошондо ошол бийге каршы аттанабыз деген чечимге келишет да, эр жигиттерди, алардын арасынан эр сайышка ким чыгат деген маселе каралат. Эр сайышка (жекеге) бир нече жигиттер, мен чыгамын деп умтулушат. Турдугул бий анын жөөкөрлөрү, бийдин дайыма эр сайышка чыгып жүргөн эр жүрөк, бир палван жылкычысын тандап, ошого макулдугун беришет.

Эр сайышка ким барат деп Турдугул бий элине кайрылганда, ошол жылкычы тизелей туруп, эки колун боруна алып, Турдугул бийге кайрылат: “Ава, мага ак батаңызды бериңиз, мен барамын”,-деп суранган экен. Ошондо Турдугул бий жылкычыга батасын берип, эр сайышка жарай турган, жылкынын арасынан жакшы ат барбы, болсо кайсыл ат бар, деп сураганда, бар, жылкыдан сарытору айгыр жарайт, деп жооп берген экен.

Ошентип жылкычыны эр сайышка даярдаша баштайт. Ал үчүн эр сайышка керектүү болгон найза, кылыч жана калкандан башка жаңы кийизди сууга салып, түнөтүп, эритип, аны жылкычынын киндигине чейин таңып байлашат, себеби ал кийизден найза өтпөйт.

Белгиленген күнү Турдугул бий өз жигиттери менен душманды утурлай чыгып, кең талаада беттешүү болот. Беттешүүнүн алдында бийдин эр жигити найзасын колуна алып, “Жекеге, жекеге!”,-деген чакырык менен кайрып кызыл өтүк кийген, үзөңгүнү кере тээп, мас кишидей атынын ал жак, бул жагына ооп, менменсирей, жакындагында атынын оозун кое берет.

Буга каршы Турдугулдун эр жылкычысы дагы найзасын колуна алып, душманга каршы ат коет. Эки баатыр бир нече жолу жолугушуп, бирин-бири аттан оодара сая алышпайт.

Акыркы жолугушууда эр жылкычы калмактын баатырын ыргыта саят. Ошентип, белгисиз бийдин баатыры жарадар болуп, чанга бөлөнүп жерде жатып калат. Ошондо Турдугул бийдин жигиттери “Турдугул! Турдугул!” деп ураан чакырып, бийдин жоокерлерин кууп, жеткенин кылычтай, найзалай, аларды талкалайт да, көп олжо менен кайтышат. Ал эми бийдин эр сайышка чыккан баатырын туткундай Турдугул бийдин айылына алып келишет да колу-бутун байлап, чоң ала капка салып,

каптан башын чыгарып, каптын оозун бууп туруп, саман салган каптай кылып, бийдин улагасына таштап коюшат.

Бул каптагы "баатырды" жаш балдар минип ойношот, "баатыр" ошентип улагада бир нече күн жатат. Акырында жеңилген бийдин башчысы элчисин жөнөтүп, кой мал-мүлк берип, баатырынын кунун төлөп, мындан кийин жоош уруусу менен катылышпоо жөнүндө милдеттенме алат. Ошентип бийдин баатырын алып кетишет.

Төө Моюнда жайлап, кыштап, кийинки жылы ал жерден көчүп, Араван сайга келип токтошот (азыр Араван району, Ош области). Араван сайда көп жашабастан, ал жерден да көчүп, Ак Дөбөгө келип токтошот. Ак-Дөбө азыркы убакта Кара Суу совхозунун "Гайрат" участкасынын территориясында жайгашкан. Турдугул бийдин айылы ал жерде да көпкө кармалбастан, Ак-Дөбөдөн күн чыгышка карай жылып, 4-5 км жетпеген жерге барышып, азыркы биздин үйдүн турган жерине келип токтошот. Бул жер Кара Суу совхозунун Агартуу участкасында Сарылар кыштагында жайгашкан.

Бул жерде жашаган айылды "Кайрагачтын түбүндөгүлөр" деп айтышчу. Анын да өзүнчө себеби жана тарыхы болгон. Бул жерде эч ким билбейт, бул кайрагачтын жашын, эң чоң кайрагач дарагы болгон. Элдин айтуусу боюнча 1945-жылдары бул кайрагач 100 жылдан ашык жашаган деп айтышчу. 1945-жылы бул кайрагачты "Агартуу" колхозунун ошондогу раиси Гапаров Сыдыктын буйругу менен кесилген. Ал убакта колхоздо ат арабалар менен иш болуучу. Ал эми арабага катуу жыгачтан дөңгөлөк жасалуучу. Колхоздун ошого алы жетпестен биздин чоң буваларыбыз Турдугулдан калган кайрагачты кесишкен жана аны дөңгөлөккө пайдаланышкан. Кайрагач дарагы үчүн колхоз бизге 100 кг буудай, же мака-жүгөрү берген, толугу эсимде жок. Бул

кайрагач ошол эле участкада биздин эски үйдүн алдында болгон.

Бул кайрагач Турдугул бий Кокондон келип, азыркы жерге келип, ошол жерден жер алып, отурукташкандан кийин тигилген экен. Кайрагачты Турдугул бийдин эшени, өзүнүн калпалары менен издеп келип, Турдугулду табышкан. Турдугул бий Кокондо жашаган убактысында эшенге кол берет, ага мюрид (мурут) болгон. Ошондуктан ал эшен өзүнүн мюридин издеп таап, ага жолугушуп, өз баталарын берген. Ошону менен бирге эшен калпалары менен бирге 3 түп кайрагач дарагын ала келип, ошол жерге отургузуп кетишкен. Андан эки түбү куурап, жок болуп, бир түбү 100 жылдын ашык жашаган.

Бул эшендин Турдугул бийди издеп келиши, негизинен андан мал-мүлк алуу, айрыкча мюриддер эшенге колунан келген жардамын берип турууга милдеттүү болушкан.

Турдугул бий өз эли менен азыркы биз өтурукташкан жерге жайланышкандан кийин, ошол убакта жерлерди кайра бөлүү болуп жатканда Отуз Адырдан жер алышкан. Ал эми мал жайыты үчүн жайында мал багуу үчүн Алай жайлоосунан жер алышкан. Турдугул бий кыштоосунда мака-жүгөрү ж.б. эгин эгип, дан алган. Ал эми Отуз Адырда болсо, буудай-арпа эгишип, андан да эгин алышкан. Жай күндөрү болсо малдарын, жылкыларын Алай жайлоосуна айдашып, күзгө чейин ошол жайда болушкан.

Атам Тураттын айтуусу боюнча Турдугул бий анын балдары кыштоо жайы болуп, Коргошун Талаа деген жерди да ээлешкен. Ал жерге буваларыбыз мака-жүгөрү,буудай, беде ж.б. эгиндерди эгишкен.

Коргошун Талаа азыркы Карасуу району Коммунизм колхозунун Ленин участкасында Ош-Кара Суу жолунун оң жагында жайгашкан. Азыркы ошол жерде дөбөдө "Үч Эмчек", тарыхий жер деген белги бар.

Мындан башка дагы Турдугул бийден Тооке Арык, азыркы профтехучилищенин Ош тарабында каналдын үстүндө анда кандоо деп аталуучу жери болгон.

Мен жаш кезимде атам Тураттын ошол кандоонун боюнда үйү болгон, коргондору бар эле. Эсимде, атам ошол коргондун дубалдарын бузуп, эгин кылган.

Азыркы профтехучилища Кара Суу сельПТУ мурда мектеп болгон, ал 1927-1928-жылдары салынган. Элге ШКМ (школа крестьянской моледежи) деген ат менен белгилүү, андан мурда 7-класска чейин окутуучу, кийин 10-класска чейин балдар окуган. Кийинки жылдары бул сельПТУдан айыл чарбасына трактористтер, комбайн айдоочулар, шоферлор ж.б. адистер даярдалып, чарбага көптөгөн кадрларды берди.

Ражапов Зунду
(1936-2015)



Зунду Ражапов 1936-жылы Кара Суу районундагы Катта Талдык айылдык Кеңешине караштуу Эшме айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Ражап көп жылдар бою колхоздун башкармасы болуп иштеген мыкты инсан эле.

Зунду 8 жашка чыкканында атасы уулум келечекте сабаттуу элине, жерине эмгеги сиңген мыкты адам болсун деп Эшмедеги башталгыч мектепке окууга алып барган. 4-классты ушул жерде окуп бүтүрүп, 7-классты Каратай айылындагы Кызыл Дыйкан жети жылдык мектебинен окуган Зунду, сабактарынан тың, алдыңкы окуучу эле. Ал жаш кезинен эле келечекте мугалим болууну алдына максат кылып алган.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда З. Ражапов башка өспүрүм балдар сыяктуу эле колхоздун иштерине катышып жүргөн.

1948-жылы ал Оштогу 2 жылдык мугалимдер институтунун кыргыз филологиясы бөлүмүнө окууга кирген. Ал кезде айыл жерлериндеги мектептерде атайын билимдүү мугалимдер таңкыс болуп, жетишчү эмес. Жетинчи классты бүткөн алдыңкы окуучуларды мугалим кылып иштетишчү.

1951-жылы Зунду Ражапов Эшме айылындагы Кызыл Гайрат жети жылдык мектебине мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1952-1954-жылдары Кызыл Абад жети жылдык мектебинде директор, 1955-жылы Бек Жар орто мектебинде директор болуп иштөө менен окуучуларга кыргыз тили адабиятынан сабак берген.

1955-1963-жылдары З. Ражапов Эшмедеги Кызыл-Гайрат жети жылдык мектебинде мугалим, 1977-жылга чейин ушул жамаатта директор болуп үзүрлүү эмгектенет. Ушул жылдары ал көптөгөн окуучуларды мугалимдик кесипке ээ болууга кызыгуусун арттырып, алардын арасынан көбү педагогдук кесипке ээ болуп иштеп калышты, жогорку окуу жайын бүтүрүштү.

Жашообуздагы эң улуу кесип – бул мугалимдик, кайсыл мезгил болбосун педагогдор мамлекет менен коомдун тиреги болуп, келечек ээлерин тарбиялап, Өкмөттүн саясатын жайылтып иштеп келишүүдө. Зунду Ражапов Кызыл Гайрат мектебинде иштеген жылдары мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдап, кадрлар менен толуктап, окуу тарбия иштеринин деңгээлин көтөрүүгө жетишкен.

Агайдын шакирттери маркум Абдыразак Муратов, А. Жунусов орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Камыт Акматов, мугалим Акмарали Бакиров жана башкалар анын тарбиясын алган.

Агай 1977-жылдан Садырбайдагы 8 жылдык мектебинде директор, 1983-1991-жылдары ушул мектептин кыргыз тили адабияты мугалими болуп үзүрлүү эмгектенди.

Дасыккан педагог, мыкты жетекчи З. Ражапов 1970-1980-жылдары кыргыз тили адабияты боюнча райондук методикалык секцияны жетектеп, алдыңкы мугалимдердин сабак өтүүдөгү иш тажрыйбаларын жайылтууга чоң салым кошкон.

Агайдын окуучуларынын арасында КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Акылбек Султанов, медицина илимдеринин доктору профессор

Рысбек Жолдубаев, коомдук жана партиялык ишмер, маркум Аманбай Жунусов, медицина илимдеринин доктору Абдыжалил Муратов, коомдук ишмер Эркин Айдаров жана башка элге аты чыккан белгилүү инсандар бар.

Агай өз демилгеси менен 1966-жылы Эшмедеги Кызыл Гайрат мектебинин негизги имаратын салдырган, ал эми Садырбайдагы А.Жунусов атындагы мектепте иштеп турганда, ушул мектептин имаратын, кийин кол эмгек сабагын өтүүчү устаканасын салдырган.

1991-жылдан бери З.Ражапов ардактуу эс алууда. Эмгектеги ийгиликтери үчүн ал "В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына", "Эмгек ардагери" медалдары, көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйланган.

Агайдын өмүрлүк жары Жунусова Чоюн эже азыр 83 жашта, ал Жалал Абаддагы педагогикалык окуу жайынын китепкана бөлүмүн бүтүрүп, көп жылдар бою китепканада иштеп жүрүп пенсияга чыккан.

Зунду аба менен Чоюн эже ынтымактуу өмүр сүрүшүп, 4 уул, 3 кызды окутуп, тарбиялап өстүрүштү. Уулдарын үйлөп, кыздарын турмушка узатышты.

Чоң уулу Абдыманаптын кесиби суу чарба инженери, көп жылдардын бери Кара Суу райондук суу чарба башкармасында эмгектенет.

Экинчи уулу Медербектин кесиби зоотехник, экономист, эки жогорку окуу жайын аяктаган. Учурда Кара Суу райондук статистика башкармасынын башчысы.

Үчүнчү уулу Ильяз Бишкектеги политехникалык институтту аяктаган, кесиби инженер-механик, азыркы мезгилде Ош шаарында эмгектенет.

Улуу кызы Сагыйданын кесиби мугалим. Эшмедеги А. Муратов орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы. Андан кийинки кызы Айнуранын кесиби да мугалим. Ош шаарындагы Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектебинде иштейт.

Кенже уулу Кыяздын кесиби механик, Ош шаарындагы айыл чарба техникумун бүтүргөн, азыр ошол шаарда эмгектенет.

Зунду агайдын бардык уул-кыздары анын тарбиясын алып, насааттарын угуп жүрүп мыкты инсандардан болуп калыптанышты.

Айыков Ысакул
(1949-2013)

Ы.Айыков 1949-жылы 10-мартта Сарай айыл аймагына караштуу Тельман кыштагында туулган. Чоң атасы Айык Палван деп күчү ашып ташыган, кезегинде көп балбандарды жыгып атагы таш жарган белгилүү инсан болгон экен.

1966-жылы Ысакулдун максаты орундалып, ал Бишкек шаарына барып, Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетине кирүү сыноолорун "Эң жакшы" деген бааларга тапшырып окууга өтөт.

Өзүнүн группасында алдыңкы студент катары белгилүү болуп, институтта бардык сессияларда мыкты бааларды алып, жакшы окуган Ысакулду окуткан мугалимдери да өз баласындай жакшы көрүшчү. Ысакул практика учурларында да окуу программасын терең өздөштүрүп, теориялык жактан жеткиликтүү билим алат.

1972-жылы мединститутту кызыл диплом менен аяктаган Ы.Айыков жолдомо менен Кара Суу райондук ооруканасына ишке жөнөтүлөт. Адистиги лор дарыгери болгон жаш Ысакул ооруканандын кулак, мурун, тамак ооруларын дарылоочу бөлүмүндө иштеп, тез эле кадыр баркка ээ болот. Ишке болгон жоопкерчилиги жогору, мыкты адис Ы. Айыков 1974-жылы эмгек жамаатынын колдоосу менен ооруканандын кесиптик кошунун төрагасы болуп шайланган.

Ы. Айыков өзүн билимдүү, тажрыйбасы арта баштаган дарыгер катары көрсөтүп, 1977-жылы башкы дарыгердин орун басары болуп көрсөтүлөт. Мына ушул жылдары Ы. Айыков ооруканадагы дарылоо иштерин туура уюштурууда, ар кандай оорулардын алдын алууда өзүнүн мыкты уюштуруучу адис экендигин көрсөтүп, 1980-жылы райондогу Нариман участкалык ооруканасынын башкы дарыгерлик кызматына дайындалат.

1980-84-жылдары ал Нариман участкалык ооруканасында көп жакшы аракеттерди жүргүзүп, мында калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн, ооруларды дарылоонун көрсөткүчтөрү алдыга жылып, материалдык-техникалык базасы кеңейтилет. Жамааты арасында адис катары, мыкты жетекчи катары аброю жогорулайт.

Ооруканаңы жетектеп турган жылдары Ы.Айыков лор дарыгери катары 400гө жакын операцияларды ийгиликтүү жасап, кулак, мурун, тамак ооруларынан жапа

чеккен көптөгөн бейтаптардын айыгышына себепчи болгон.

Жетекчи катары райондогу саламаттыкты сактоо мекемелеринде иштин деңгээлин жакшыртуу, жаңы эмкана, ФАПтардын курулушуна, медициналык жабдуулар, техникалар менен камсыз болушуна Ысакул Айыков көп салымын кошкон.

Ошол жылдары салынган Кара Суу райондук балдар ооруканасынын жана райондор аралык жүрөк ооруларын дарылоочу Курманжан датка ооруканасынын имараттарын салдырууда Ы.Айыковдун эбегейсиз эмгеги бар. Ал киши райондун калкынын келечеги үчүн тынымсыз аракеттенип, Бишкекке барып, курулушту тездетүү багытында тиешелүү министирликтерге кайрылып, далай эшиктерге баш багып, тыным албаган аракетинин үзүрү кайтып, имараттар пайдаланууга тапшырылганын айтсак жетиштүү болот.

Ысакул 1997-2013-жылдар аралыгында Ош облустук тери-венерикалык ооруканада башкы дарыгер катары эмгектенип, артында чоң эмгегин калтырды. Бул жамааттын мүчөлөрүн иш билги, уюштургуч, талап коючулук жөндөмү менен ынтымактуу башкарган Ы.Айыков көптөгөн бейтаптардын таза айыгышына өзүнүн дарыгер катары жардамын көрсөттү.

Калктын саламаттыгы үчүн сиңирген эмгеги жогору бааланып, Ы.Айыков "КРнын саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери" наамы, КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин, Ош облустук, Кара Суу райондук мамадминистрацияларынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Эл ишенимине арзып бир нече жолу райондук, айылдык Кеңештердин депутаты болуп шайланган.

Өмүрлүк жары Намазбекова Анара да жогорку категориядагы дарыгер, азыр Кара Суу аймактык ооруканасынын төрөт бөлүмүндө эмгектенет.

Дарыгер жубайлар 1 уул 3 кызды татыктуу тарбиялап өстүрүштү.

Уулу Болоттун кесиби-экономист. ОшТУну бүтүргөн, азыр жеке менчик банкта башкы бухгалтер болуп эмгектенүүдө, 3 баланын камкор атасы.

Улуу кызы Айнура ата-энесинин жолун жолдоп, медицина академиясын аяктап, дарыгер-офтомолог.

Ортончу кызы Жамила бухгалтер болуп иштейт. Ал эми кенже кызы Айсулуу да жогорку билимдүү.

Уул-кыздарына мээримдүү ата болгон Ысакул Кочкорович 2013-жылы 10-ноябрда оорудан улам көзү өттү.

Бир тууган агасын эскерип, белгилүү дарыгер Арап Кочкоров мындай деди: "Өтө зирек, китепти көп окуган, билимдүү инсан эле. Үкам менин артымдан сен да дарыгер болгун деп айтканынан мен да бул кесипти тандап алганмын.

Мектепте эле эмгекчил, аракетчил болчу. Пахтага айдаганда классында эркек балдар арасында өзгөчөлөнүп көп терчү пахтаны. Мектепте дайыма отличник катары сүрөтү Ардак тактадан түшчү эмес. Өтө кичи пейил, жөнөкөй, кызматына бой көтөрбөгөн ак көңүл инсан эле.

Агамдын айткан насааттарын дайыма унутпайм".

Ооба, өз мезгилинин белгилүү инсаны, дасыккан дарыгер улуу Гиппократтын антын туура сактаган инсан Ысакул Кочкорович көптөгөн адамдардын жүрөгүндө жашай берет.



Токон Эшбаев

(1950-2014 ж.ж.)

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, Эл артисти "Даңк" медалынын ээси, обончу-аткаруучу.

Токон Кара Суу районундагы Керме Тоо айылында төрөлүп, Чернышевский азыркы Курманжан датка орто мектебинде билим алып өскөн. Орто мектепте окуп жүрүп, 1966-жылы Атабаевдин "Тоолор" деген чыгармасын аткарып райондук, областтык кароолорго катышат.

1967-жылы Ош пединститутунун музыкалык факультетине кирүү экзаменинде да ушул чыгарманы аткарып жогорку баа алган болуучу. Ал эми өзү эңсеген жогорку окуу жайына кирип окуп калган соң, обон чыгарууга далалаттана баштайт. Анын биринчи обону 1968-жылдын февраль айында Асан Өмүрзаковдун сөзүнө чыгарган "Ардагым" деген ыры болду. Андан кийин "Каалайм өмүр көктөмүн", 1969-жылы болсо "Эжекеме", "Аралайм гүлдүү талааны" деген чыгармаларын жараткан. Бул ырларын угуп олтурсаң музыкалык сабаты бар угарман Токондун чыгармачылыгындагы өсүштү байкабай койбойт.

1970-жылдын жаз айлары эле, Ош областынын Ленин районундагы Рахманжан атындагы колхоздо Кыргызстан жазуучулар союзунун көчмө пленуму өтүп жаткан. Ошондогу областтык "Ленин жолу" газетасынын ошол күнкү санына пленумга катышкан акын-жазуучулардын чыгармалары басылган. Жаштык курагында Акман айылында иштеген Абдрасул Токтомушевдин "Акманым" деген ыры Токон Эшпаевге өзгөчө таасир этип, ар бир сабы үндөшүп, обондуу туюлуп туруп алды. Обончулук шыгына

эргүү берип сезимдерин ойготкон ырды аккардиондун коштоосунда ичинен кайрып күңгүрөнүп тынчы кете баштады. Пленум аяктап анын катышуучуларына өздүк көркөм чыгармачылыгынын концерти тартууланып жатты.

Конференстын: "Токон Эшпаев жаңы ырдын премьерасы "Акманым" сөзү Абдрасул Токтомушевдики. Автордун аткаруусунда"

Ырдын тексти ошол күнү областтык газетага басылып, пленумдун катышуучуларынын колунда тургандыктанбы, же музыка ышкыбоздорунун көңүлдөрүнөн азыноолак түнөк таап калгандыктанбы, айтор дүркүрөгөн кол чабуу менен тосуп алышты. Жаңы ырдын киришүүсү менен ар бир куплети залдын ичиндеги угармандарды сыйкырлап койгондой магдырап калышты. Ал эми экинчи, үчүнчү куплеттерине келгенде залда отургандар газетадагы текстти карашып ырга кошула баштады. Акыркы куплетин кошо ырдашкан пленумдун катышуучулары кайра-кайра кол чаап туруп алышып Токонго "Акманымды" үч жолу ырдатканы ушул күнгө дейре катышкандардын көз алдынан кетпейт.

Ошондо сахнага Кыргыз ССРнин эл акыны Абдрасул Токтомушев чыгып келип Токондун колун кысып, ийнинен таптап мындай деген.

Кыргыз элинин салты боюнча жакшы көргөн кишисине ушундайда алдына ат тартуулап, сарпай кийгизчү. Мен да сага ошентсем болмок. А мен болсом Токон балам сага талантымды, жашымды арнадым, кечээтен бери жебей алып жүргөн ушул алмамды алып кой!

Ак пейилден колундагы кыпкызыл алманы берип жатып Токонду кучактап, маңдайынан өөп койду. Залда жаңы эле басылган дүркүрөгөн кол чабуу – кайра көтөрүлдү.

Музыкалык жогорку билимге ээ болгон Токон Эшпаевдин шыгынан "Өзгөчөм", "Күтмөкмүн", "Пахтачы кыз", "Ак бермет", "Ак тилек", СССРдин 50 жылдыгына арнап Түмөнбай Байзаковдун сөзүнө "Кызыл желек" өндүү чыгармаларын жараткан. Бирок Токондун ар бир чыгармасынын жаралышына кандайдыр бир окуя, же көрүнүш түрткү болот.

Кыргызстан Ленин комсомолунун 50 жылдыгына арналган чыгармасынын жаралыш тарыхы жөнүндө Токон мындай эскерет:

Эшпаев 1971-жылы Кыргызстан компартиясы менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин Чаткал өрөөнүн өздөштүрүү жөнүндөгү токтому жарыяланган. Бул токтом айрыкча жаштардын чоң кызыгуусу туудурган. Акындар, жазуучулар Чаткал өрөөнү жөнүндө ырлар жазышып, чыгармаларды жаратышты. Биз партиянын областтык комитетинин секретары Барпы Рыспаевич Рыспаевдин демилгеси менен уюштурулган атайын агитпоэзд менен ушул Чаткал өрөөнүнө жөнөп калдык. Биз жөнөөр алдында жаңы газета журналдардын санын, кинофильмдерден алган болчубуз. Ушул газеталардын санында акын Таш Мияшевдин Чаткал жөнүндөгү ырын учуратып калдым. Ырдын текстинин обонго келип турушу мени дароо кызыктырып калды. Чаткалдын кең атайын кооз жаратылышын көрүп, ушул ыр саптарын эске салып жаңы обондун кайрыктарын издене баштадым. Агитпоэзд баргандан кийин Чаткалды өздөштүрүүгө алгачкы баргандар менен партиянын обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимов жолугушуу чогулушун өттү. Чогулуштун салтанаттуу бөлүгү аяктагандан кийин биз адаттагыдай эле чогулгандарга концерт коюуну баштадык. Менде бул жолу адаттан тышкары толкундануу пайда болду. Себеби, жогоруда айткандай акын Таш Мияшевдин "Чакырат жашты Чаткалым" деген ыры көңүлүмдө жатталып жаңы

обон жаралган болчу. Кезек мага да жетти. Жаңы обондун алгачкы кайрууларын элге тартууладым. Мен күтпөгөн шатыраган кол чабуу, кайра сурануулар көз алдымда элестеп турат.

Келечегинен, өзгөчө үмүттөндүргөн Токон 1971-жылдан 1980-жылга чейин Кара Суу районунун Ушинский атындагы орто мектебинде жаш муундарга терең билим, татыктуу тарбия берүү менен обончулук шыгын да өнүктүрдү. Ырысбай Абдыкадыров баш болгон бир топ обончулар менен чыгармачылык тыгыз байланышынын таасиринде бир топ алгылыктуу обондорду жаратты. Алардын катарына Кыргызстандын 50-жылдыгына арналган "Гүлдөгөн Кыргызстан" Ата Мекендик согуштун 30 жылдыгына карата "Балдакчан тапкан махабат", "Кош Муке", "Керме Тоо жылдыздары", "Жаштык жаштык", "Гүл болсоң сан гүлдөрдүн арасынан" жана "Качандыр бир жолугушканда" деген уккулуктуу ыры кыргыздын музыка тарыхында өз ордун татыктуу ээледи.

Токондун чебер аткаруучулугу, көрөңгөлүү обончулугу, союздук мааниси бар бир канча маданий жүрүштөрдүн катышуучу укугун алды. Маселен 1975-жылы СССРдин чыгармачыл жаштары менен Португалияда, 1976-жылы Польша республикасынын Зелена Гура шаарында болуп өткөн эл аралык жетинчи ыр бий фестивалында, 1978-жылы Швецияда өткөн Кыргызстан күндөрүнө Ала Тоолук искусство чеберлери менен катышып Түгөлбай Казаковдун "Жамгыр" Огомбаевдин "Эсимде", "Күйдүмчок", өзүнүн "Гүлдөгөн Кыргызстан", "Кызыл желек" деген чыгармаларын аткарып аткаруучулук өзгөчөлүгүн, чыгармачылык жүзүн көрсөтө алган. Ошол эстен кеткис жолугушууларда Байзаковдун сөзүнө чыгарган "Кызыл желек" деген ыры Эшпаевди дагы бир тепкич көтөргөнүн да өзгөчө белгилеп кетким келет.

Бала кезинде обончу, же артист болоюн деген максат койгон эмес элем. Мектепте окуп жүргөнүмдө математика, химия жана өздүк көркөм чыгармачылыгынын кружокторуна активдүү катышып жүргөнмүн. 1966-жылы биздин мектепке Ош мамлекеттик пединститутун музыка-педагогикалык факультетинин студенттери практикага келип калышат. Ошондо практикант Абдирашит Салимбаевдин аккардиондун коштоосу менен Аксуубай Атабаевдин "Тоолор" деген ырын аткарып райондук, областтык караонун лауреаты болдум эле. Бирок ошондогу жаштык мүдөө, менин ырга, обонго болгон ышкымды ойготту. Бул шык мени 1967-жылы Ош пединститунун музыкалык факультетине алып келди.

Эшпаев 1971-жылы өткөрүлгөн "Студенттик жаз-71" фестивалында алгачкы жолу көптөгөн өзү сыяктуу курбу-курдаштарынын арасында "Акманым" жана "Эжекеме" деген ырларын аткарган күндөрү эсинен чыкпайт. Миңдеген жаштар көңүлүн толкундантканкол чабуулар менен тосуп алганын көп эстейт. Ошондон кийин аты аталган чыгармаларым тез эле калк арасында тарап ырдала баштады. Ошондо өз чыгармаларымдын өз бактысын тапканына көзүм жетти. Ал ошол фестивалда лауреаттык наамды жеңип алдым.


Ошол 1980-жылы профсоюздардын областтык комитетинин жана комсомолдун областтык комитетинин чечими боюнча токон Эшпаев СССРдин эл артисти, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Нежданова атындагы областтык байгени биринчи жеңүүчүсү деп табылган. Буга чейин ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле эл ишенимине ээ болуп, райондук Советтин депутаты да болгон.

Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген артисти укандын моокумун кандырган кубулжуган үндүү обончу,

ары дасыккан аткаруучу ырчылык өнөр канына сиңген Токон Эшпаевге багышталган каалообуз "Ылайым чыгармачылык чөйрөдөн кетүү үч уктаса түшүнө кирбесин. Бекем ден соолук чыгармачылык ийгилик! Биз самаган ырларыңдын саны арбый берсин!"

Өмүрлүк жубайы Инабат Эшбаева Камбаралиевна: Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Ош шаардык №1 С.Бекмуратов атындагы балдар музыкалык мектебинин директору.

Токон Эшбаевдин уул-кыздары. Эшбаев Талантбек Мамлекеттик экотехинспекциясында жетекчинин биринчи орун басары кызматында иштейт. Эшбаева Аксаамай - "Мөл булак" кредиттик союздун Кара Суу райондук бөлүмүндө башчы. Эшбаев Актилек– жогорку билимдүү, жеке ишкер. Эшбаев Адилет аскер кызматкери. Эшбаева Акмаанай-опералык ырчы. Эшбаева Акзыйнат Кыргыз улуттук консерваторияда 2-курстун студенти.



Аманбаев Рахман ажы
(1929-2012-ж.ж.)

Аманбаев Рахман 1929-жылы 10-майда Ош облусунун Кара Суу районунун Жоош айылдык советинде Кызыл Сарай кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Башталгыч класстарды «Кызыл Сарай» айылында окуган. 1951-жылы 10-классты Кара Суу району боюнча жалгыз он жылдык болгон «Коммунизм» орто мектебин аяктап, андан кийин, Жоош селолук советинин катчысы болуп 1952-53-жылдары иштеген. 1954-1956-жылдары Жалал Абад зооветеринариялык техникумунун ветеринария факультетин бүтүрүп «Кара Суу» совхозунда ветеринардык кызматкер болуп 1989-жылга,

ардагерликке чыкканга чейин иштеген. Эс алуу мезгилинде мусулманчылыктын беш парзынын бири Ажылыкка 1997-жылы барган. Байбичеси Үрүнса экөө 10 баланы тарбиялап эрезеге жеткирген.



Маматов Турсунбай
(1934-2007-жж)

Маматов Турсунбай 1934-жылы 15-майда Кара Суу Районуна караштуу «Жоош» сельсоветинин «Кызыл Сарай» колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1-4-класстарды Кызыл Сарай айылында бүтүрүп 5-6-7-классты «ШКТ» толук эмес орто мектебинде окуп 1954-жылы Жалал Абад облусуна караштуу Көк Жаңгак шаарында шахтерлук кесипте 1970-жылга чейин шахтыда иштеп бир нече жолу баалуу сыйлыктар менен сыйланган. Шахтада иштөө менен бирге Жалал Абад зооветеринар техникумунда ветеринаря факультетин сырттан окуп, 1960-жылы бүтүргөн.

Байбичеси Саракан экөө Алымбек, Адылбек, Каныбек, Азиз, Артык деген уулдары жана үч кызды тарбиялап турмушта өз ордун тапты.

Арзыкулов Абибилла
(1941-2003 ж.ж.)



Абибилла Арзыкулов 1941-жылы 12-ноябрь күнү Кара Суу районундагы Мады айылдык Кеңешине караштуу Каарман айылында төрөлгөн. Атасы Арзыкул өмүр бою колхоздо иштеген дыйкан, өз эмгеги менен күн көргөн касапчы болгон. Абибилланын бир ата-энеден 2 агасы, 2 эжеси бар болгон.

1948-жылы ал Каарман сегиз жылдык мектебинин 1-классына окууга барган. Мектепте эле физика, математика, геометрия сабактарын мыкты өздөштүрүп, келечекте мугалим болууну максат кылып алган. Абибилла өжөр, өз максатына жетүү үчүн тырышып аракеттенген өспүрүм болгон.

1956-жылы ал Каармандагы мектептен 8-классты аяктап, 9-10-классты Кыргыз Чек айылындагы III Интернационал (азыркы Садык Алайчы улуу атындагы) орто мектебинен жөө каттап жүрүп окуган.

Орто мектепти бүткөндөн кийин жогорку окуу жайында окуйм деген изги тилегине, 1961-жылы Ош мамлекеттик пединститутунун физика-математика факультетине окууга өтөт. 1963-1966-жылдары Советтик армиянын катарыда кызмат кылып, кийин аскерден келип окуусун улантат.

1968-жылы институтту аяктаган А. Арзыкулов жолдонмо менен Алай районундагы Жошолу орто мектебине келип, физика боюнча мугалим болуп педагогдук эмгек жолун баштайт.

1969-жылы мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат.

1972-1973-жылдары ал Алай районундагы Правда орто мектебинин директору.

1975-1978-жылдары Сопу Коргон айылындагы Токтогул атындагы орто мектептин директору болуп эмгектенет.

1978-1979-жылдары А.Арзыкулов Кара Суу районундагы III Интернационал орто мектебин жетектеп, директор болуп иштеген.

1980-жылдан Кызыл Каарман сегиз жылдык мектебине директор болуп бекитилип, өзү окуп кеткен билим уясында окуу тарбия иштеринин деңгээлин көтөрүүгө бар күчүн, билимин жумшаган.

Абибилла Арзыкулов бул мектепти орто мектепке айландыруу үчүн тиешелүү мекеме-уюмдарга кайрылып, элдин атынан маселенин чечилишине талап коюп, көп эмгектенген. Агайдын аракетинин үзүрү кайтып, 1983-жылы мектеп сегиз жылдыктан он жылдыкка айландырылган. ушул жылдары А. Арзыкулов мектепке жаңы имарат курдуруу үчүн да көп аракеттенип, ошол кездеги Фрунзе атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, маркум Бектемир Азизов да салым кошуп, 1984-жылы мектеп курулуп бүткөн.

1988-жылы Кара Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган.

1988-1996-жылдары райондогу эл агартуу мекемелеринде көп жакшы иштер жүргүзүлгөн. Бир топ жаңы мектептер курулуп, мугалимдердин ишинин натыйжалуулугун көтөрүү боюнча алдыңкы тажрыйбаларды жайлатуу, бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээлин жогорулатуу боюнча көп иш-чаралар өтүлүп, мындан жетекчи А.Арзыкуловдун салымы чоң болгон.

Эмгектеги жетишкендиги үчүн А.Арзыкулов «КРнын эл агартуусунун мыктысы» ардактуу наамы, бир нече Ардак грамоталар менен сыйланган. Ал Москвада өткөн мугалимдердин Бүткүл Союздук сьездинин делегаты болгон.

1997-1998-жылдары ал Кара Суу шаарындагы К.Жакыпов атындагы орто мектепте директор болуп иштеген.

А. Арзыкулов 2002-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Өмүрү кыска экен, оорудан улам 2003-жылы ааламдан өткөн.

А.Арзыкулов 1967-жылы Манасова Райлакан аттуу 1949-жылы туулган кызга баш кошкон. Жубайлар 4 уул, 1 кыздуу болушуп, балдарынын баарын жогорку билимдүү адистерден болушуна шарт түзүшкөн.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ



Осмонов Абдылда
(1932-ж)

«Эл агартуунун мыктысы», насаатчы, устат мугалим.

Бүгүнкү ааламдашуу коомдо, алгылыктуу нарк, насилдүү, маңыздуу сүйлөп насаат айткан аксакалдарыбыз тилекке каршы азайып баратат. Көпчүлүк түшүнүгү терең, келечегин көрө билгендерибиз таберик – ошондой карыяларга өтө мүктаж. Ошондой аксакал устат насаатчы, санжырачы, адабиятчы агайлардын бири Абдылда Осмоновду атасак болот.

Азыркы убкта токсонго кадам шилтеп калса да, салабаттуу карыя, акыл-эсинен жазбай ооруга баш ийбей кайраттуу жүргөн учуру. Жараткандын өткөн келечекте бере турган ырыскысына каниет кылып, шүгүрчүлүк келтирип, жашап жаткан ардактуу карыялардын бири.

Учурда уул-кыздарын таалим тарбиялап, эрезеге жеткирип, аларга аталык камкордугун аябай тарбиялуу-билимдүү болуп, келечекте өз турмушуна тың чыгууга, эл үчүн кызмат кылууга үндөгөн себепкер болгон ардактуу ата-чоң ата, таята. Бүгүн, мөмөлүү даректай үзүрүн көрүп, ата, кадырман карыя катары дөөлөтүн сүрүүдө.

Агай 1932-жылы август айында Алай районундагы Жошолу кыштагынын Миязды айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Миязды толук эмес орто мектебинин 7-классын 1945-жылы бүтүрүп, Гүлчө селосундагы, Токтогул атындагы орто мектебин 1949-жыл аяктаган.

Ошол жылы Оштогу мугалимдердин эки жылдык институтуна кирген.

1949-жылы мугалимдердин тил-адабият факультетин 1951-жылы бүтүрүп, Куршап районундагы Молотов атындагы мектепке окуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат.

1952-жылы толук эмес орто мектебине которулган. 1954-жылдын Ош облустук билим берүү бөлүмүндө усулчу, андан соң Төлөйкөн жети жылдык мектебине директор болуп которулду.

1958-жылдан Кара Суу районундагы эл агартуу билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп которулду.

1984-жылдан (Кутбышав) Тешебай Мусаев атындагы мектепке директор болуп дайындалды.

А. Осмонов агайдын мектепте иштегендеги эң орчундуу тарыхый маанидеги эмгеги, ал Кутбышов мектебин эгемендиктин шарапаты менен эмгеги элге сиңген чарбакер Тешебай Мусаевдин ысмын алып берүүдө агайдын эмгеги баа жеткис. Себеби ал инсандын артында түбөлүктүү эмгеги калган эле. Муну айтып аткан себебим. А. Осмонов агай өз ысымын коюп алса да болмок. Себеби мугалимдик сыймыктуу эмгеги уул-кыздарынын каражаттары да жетет эле. Жерге эмгеги сиңбеген, көпчүлүктүн кадырына ээ болбогон кээ бир атуулдардын балдары көчөлөргө мектептерге койдуруп алышпадыбы. Ушул жагынан алганда Абдылда Осмонов агайдын даанышман педагоктугу билинди.

Агай эл агартуу багытында иштөөдө лектор, үгүт иштерин аркалап, КБК эки жолу «Ардак грамотасын» облустук, райондук грамотасы менен бир нече жолу сыйланган.

Агай «Эл агартуунун мыктысы» «Урал» мотоцикл менен да сыйланган. Директор болуп иштеп жүргөндө,

Т. Мусаев мектеби «Таяныч мектеби» деген наамга ээ болгон. Иштеген учурда агайдын көрсөтүүсү боюнча 6 мугалим «Эл агартуунун мыктысы» бир окуучу алтын, 5 окуучу күмүш медалга татыктуу болгон.

1930-жылы салынган мектеп жаңы заманбап 620 орундуу заңгыраган мектепке айланды. Спорт аянтча, арча бак жана тарыхта райондо 3-болуп компьютер менен жабдыды.

Агайдын медалдары:

«За доблестный труда в Великой Отечественной войне» 1941-1945-г.г.

«Улуу Ата Мекендик согуштун 30 жылдыгы, 40 жылдыгы, 50 жылдыгы, «Согуш ардагери», «Ардак белгиси» медалдары менен сыйланган. «Настольный медал» секретар компартии Киргизии» медалын А. Масалиев өз тапшырган.

Агай эл агартуу кызматында 50 жыл, Ата Мекендик согуштагы, тылда иштегенин кошумчалаган 55 жылдык өмүрүн Мекен үчүн иштеп өтүптүр.

Үй-бүлөсү: Байбичеси Турдукан экөө уул-кыздарды татыктуу тарбиялашты уулу Адылбек юрист-теналог, Оштогу Мамлекетик нотариуста иштейт. Акылбек финансист Кар Суу пахта заводдо бугалтер. Кызы Нүргүл Ош мамлекеттик Университетин медицина факультетинде мугалим.

Бактыгүл Улуттук университетти кызыл диплом менен бүткөн. ОшМУ тарых факультетинде мугалим.

Айгүл юрист орус тилчи-юрфакта иштейт мугалим.

Уулу Алмазбек юрист


Болотбек банкта-финансист.

Кубатбек юрист, ички иштер бөлүмүндө иштейт .

Сардарбек юрист-кылмышкерлерди издөө бөлүмүндө иштейт

Бактыбек дыйкан чарбаны башкарат. Кызы Нуржамал юрист,-бизнесмен.

Бакир ажы Абдыкадыров
(1931-ж)
Эл агартуунун мыктысы



Абдыкадыров Бакир 1931-жылы Кара Суу районуна караштуу Жоош айылдык Кеңешинин Жоош айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1949-жылы Ош областык кыргыз орто мектебин бүтүргөн. Ошол жылы эле Жоош айылдык Кеңешине катчы болуп ишке орношкон.

1952-жылы билимин жогорулатуу үчүн Ош педагогикалык институтунун филология факультетинин кыргыз тил жана адабият адистигине кирген.

1956-жылы окууну бүткөн соң Эл агартуу министирлигинин жолдомосу менен Тажик ССРине караштуу Бадахшан Автономиялуу областынын (Г.Б.А.О.) Мургап районунун борборундагы Ленин атындагы мектептен, мугалимдик чыйырын баштаган. 1960-жылы окуу бөлүмүнүн башчысы, 1970-жылдан 1980-жылга чейин ошол мектепте директор болуп иштеген.

Ал жердин климаты өтө татаал болгон. Бирок башка Республикадан жашап, отурукташып калган түпкүлүктүү кыргыз элинин уул-кыздарына билим-тарбия берүү сыймык эле. Ошол үчүн бүткүл, энергиясын, өмүрүндөгү жаштык учурун бала-тарбиялоого, билим берүүгө арнаган. Өмүрлүк жары Иран байбичеси ошол жерлик, кесиби

зоотехник болгондуктан, экөө бири-бирине эриш аркак болуп, өздөрүнүн уул-кыздарын да тарбиялап, терең билим алууга шарт түзүп беришкен.

1993-жылы ардактуу ардагерликке чыкканы мамлекет тарабынан бааланып «Эл Агартуунун мыктысы» «Мугалим усулчу» төш белгилери менен сыйыланган. Тажик ССРнин Эл Агартуу министрлигинин «Ардак баракчасын» СССРдин коргоо, ДОСААФтын жана башкалардын «Ардак баракчаларына» да татыктуу болгон.

Байбичеси экөө төрт уул эки кызды тарбиялап, жөндөмүнө жараша кесип алууга камкордук көрүшкөн.

Чоң кызы Алмакан мугалим, Эсенгелди дарыгер, Эркин мугалим, Эрмек сүрөтчү эле, Эрнис инженер-куруучу, кенже кызы Айзада медайым.

Осмонов Бакир
Дасыккан педагог, эмгек ардагери
(1931-ж)



1931-жылы Кара Суу районундагы Мады айылдык Кеңешине караштуу Учкун айылында туулган. Бакир карыянда өзү минип жүргөн ат жабуусу, эр токуму менен колхозго кошуп, чарба уюшулган күндөн тарта апасы Айсулуу экөө «Учкун» колхозунун мүчөлөрү болушкан.

Балалыгы согуш күндөрүнө туш келди. Согуштун оор азаптуу учурларын баштан кечирдик, окуудан сырткары машак терип, пахта терип, жүгөрү сугарып иштеп жүрдүк кезинде мугалим болууну самачу.

1951-жылы Каратайдагы Кызыл Дыйкан орто мектебин бүтүрүп. Бишкектеги эки жылдык пионер вожатыйларды даярдоочу республикалык мектепти

аяктады. 1953-жылы Мады айылындагы Фрунзе атындагы жети жылдык мектепте пионер вожатый болуп эмгек жолун баштаган. Кийин Оштогу мамлекеттик педагогикалык институттун кыргыз тили жана адабияты факультетин 1958-жылы бүтүрүп, Баш Булак «азыркы Н.Примбердиев атындагы) орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 40 жыл ичинде Каармандагы Б. Азизов, Учкун орто мектебинде бала окутуп, 1992-жылы пенсияга чыккан.

Ооба, кыргыз тилчи мугалим Бакир агайдын өз мезгилинде мыкты педагог болгонун эл билет. Ар бир сабакты кызыктуу өтүүгө жетишчү, өзгөчө акын жазуучулардын өмүр таржымалын, чыгармаларынын мазмунун окуучуларга башка дүйнөгө туш болгондой таасирленишип, агайдын педагогдук чеберчилиги, тажрыйбалуулугунан улам кыргыз тилине, адабиятына болгон кызыгуулары артуучу.

Агайдын 1985-жылы окуткан окуучусу Чолпон Ташбаева ал жөнүндө мындай деди.

Бакир агайды окуучулар аябай сыйлачуубуз, ак көңүл, сабакты ушунчалык кызыктуу өткөн мугалимдин өз кесибинин устасы экенине суктанчуубуз. Бакир агай акындардын ырларын айрыкча А. Осмонов, Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турсунбековдун ырларын жогорку деңгээлде көркөм окуп берүүдөн тажачу эмес.

Көп жылдык эмгеги үчүн Б. Осмонов «Эмгек ардагери» медалы, Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталарын, акчалай сыйлыктарын алууга арзыган.

Бакир агайдын эл үчүн соопчулук, кайрымдуулук иштери 1992-жылдан кийин күч алды. 1992-жылы бала чакасы менен 30000 түп калемче терек өстүрүп, аны талаптагыдай асырап, бир жылда жетилткен. 1993-жылы

ошол көчөттүн 5000 даанасы, 0,95 га жерге отургузулуп, калган 20 000 түбү элге акысыз таратылып берилген 2010-жылга чейин теректер жетилип, Мады айылдык Өкмөтүнүн эсебине жарым милион сомго жакын киреше түшүрүлгөн.

Бакир агай ошол терекзардын айланасына өрүк, алма, шабдалы, бий алманын көчөттөрүн өстүрүп бакка айланткан.

Б. Осмоновдун багбакчылык таланты чоң, дыйкан инсан, 2007-жылы Мады айыл Өкмөтүнөн 3 гектар жерди бөлдүрүп, жер кылып, мөмөлүү даректардын көчөтүн отургузуп, бакка айланткан, азыр алды мөмөгө кирип калды.

Эл үчүн эч нерсесин аябаган Бакир агай 1993-жылы Учкун айылын сел албашы үчүн жолду кесип өтүүчү арыкты чоңойтуп, жолдун астына диаметри 1 метрден чоң темир трубаны көмдүрүп, селдин суусу кете турган чоң арык каздырган.

Бул иштерди аткарууга өз жанынан каражат жумшаган.

Өмүрлүк жары Осмонова Тургун экөө алты уул, беш кызды тарбиялап өстүрүп, баарын окутуп, кесиптүү кылып, үйлөп жайлап, азыр 60 дан ашык неберелери бар. Баарына боорукер, ак көңүл, музыкага, поэзияга ышкылуу, комуз чертет, ыр жазган чыгармачыл инсан.

Мады айыл Өкмөтүнүн ардагерлер кеңешинин мүчөсү, баритон үндүү «Ой тобо», «Жагалмай», «Жолугарым билгемин» аттуу элдик ырларды созолонтуп мыкты аткарат.

Агай Учкун орто мектебиндеги кыргыз тил жана адабияты каанасын жасалгалоого өз эсебинен 10 миң сом жумшап, кыргыздын Ч. Айтматов, А. Токомбаев, А. Осмонов, Ж.Турусбеков жана башка көрнүктүү жазуучу, акындарынын портреттерин тарттырган.

Өзү эмгектенип кеткен Учкун орто мектебине тез-тез келип турат. Жаштардын насаатчысы. Көп жылдардан бери жазган ырларын атайын жыйнак кылып чыгаруу ниетинде даярдап жатат.

Бакир Осмоновдун «Жети Өгүз курорту» деген ырына көңүл бөлөлү.

Тыйын чычкан андан мындан секирет,
Жаш балдары шактан шакка секирет.
Байыр алып келе калат колуңа,
Шоколадбы, конфет берсең кемирет.

Сансыз миң сан токою бар карагат,
Койгуң келбейт карагайын карабай.
Басып жүрүп кереметтүү көйнунда,
Араласаң кумарларың тарабай.

Көргөнүңдө капчыгайын, кыясын,
Атыр жыттуу тоо гүлдөрүн жыясың.
Жаратылыш мынча кооз жаралган,
Жыргап жаның Кудайга тообо кыласың !

Б.Осмонов кыргыздын уулу жазуучусу Төлөгөн. Касымбеков менен да кездешип, ал киши менен ой бөлүшүп, ырларынан жазуучуга окуп берип, анын мыкты пикирин уккан. Бакир Осмоновдун арноо ырлары арбын. Алсак анын чоң уулу Жумабекке жазган төрт сабы:

Кыргыз айтат элүү жаш эл ортону,
Балам, чаба бер ылдамдатып боз жоргону.
Элиңе кызмат кылгын, колдон келсе,
Сага айтаар нуска кебим божомолу.

«Каптама тиш» деген ырына көңүл бөлсөк:

Жаркырап оозумда тишим бүтүн,
Азырынча кереги жок кызыл мүлктүн.
Кемшийип ооз ачалбай жүргөн жаным,
Негедир келип жатат улам күлкүм!

Тил ойноктоп үстүндө кызыл мүлктүн,
Таза чайнап, нанымды тегиз жуттум.
Жатаарда алып койчу каптама тиш,
Белгиси экен кантсең да карылыктын.

Эмесе эмгек ардагери Бакир Осмонов карыя акынга ийгилик каалайбыз, дагы көп жашап, элинин, уул – кыздарынын кадырлуу инсаны болуп жүрө берсин. Байбичеси: Тургун ардагер уул – кыздары : Жумабек мугалим, Кымбатбү медайым, Сонүнбү медайым, Адылбек чарбакер, ооган согушунун ветераны. Алимбек багбан, Адыл соодагер, Мелис шофер, Түгөлбай чабан, Каныгүл медайым, Асмат соодагер, Канымбү соодагер.



Жолдубаев Ырысбай Жолдубаевич

Саламаттыкты сактоонун отличниги, медицина илимдеринин доктору, профессор, медицина институтунун «Үй бүлөлүк медицина» кафедрасынын башчысы.

Жолдубаев Ырысбай Жолдубаевич 1945-жылы 17-ноябрда азыркы Кара Суу районунун Эшме айылында туулган. 1963-жылы КММИнун стоматология факультетине кирип, аны 1968- жылы ийгиликтүү аяктаган. Эмгек жолун ошол жылы Кара Суу райондук ооруканасынан баштап жана Ленинград шаарынан пульмонолог адистигине ээ болгон.

1969-1976-жылдары Ырысбай Жолчубаевич өзүнүн жөндөмдүүлүгүнүн, уюштургучтугунун аркасында катардагы врачтан башкы врачтыка чейин көтөрүлгөн. 1976-жылы Бишкектеги Кургак учук ИИИнун аспиранты болот.

1979-жылы КММИна окутуучу болуп кабыл алынган.

1981-жылы Алма Ата шаарында «Кургак учук оорусунун иммунологиялык мүнөздөмөсүн аныктоо» деген теманын үстүндө кандидаттык диссертациясын коргогон.

1982-жылы КРнын саламатыкты сактоо министрлигинин жолдомосу менен Йемен демократиялык мамлекетинде 2 жылдык мөөнөт менен врач пульмонолог – адис катары жөнөтүлөт.

1985-86 жылдары КРнын Саламаттыкты сактоо министирлигинин чечими менен Кургак учук ИИИнун директорунун орун басарлык милдетин аткарып келген.

1991-жылы Санк Петербург шаарында «Өнөкөт бронхит оорусунун бийик тоолуу шарттардагы клиникалык мүнөздөмөсү жана дарылоо өзгөчөлүктөрү» деген темада докторлук диссертациясын жактаган.

1992-жылы Ырысбай Жолчубаевич КРнын министрлер кабинетинин төрагасы тарабынан жаңы ачылган «Кыргызфарм» индустрия концернин төрагасынын орун басары болуп дайындалат. Бул кызматта иштөөдө, Агай дары-дармектерди даярдоо боюнча өндүрүштү өнүктүрүүдө алгылыктуу иштерди жасады. Айтсак: өсүмдүктөрдөн дары-дармек алуу боюнча «Биофарм» заводун кайра калыбына келтирди, республикабызда жапайы өскөн дары чөптөрдү чогултуу боюнча областтарда «Лекаропром» уюмдарын түздү, ошондой эле азыркы убакта иштеп жаткан «Айдан» дары заводунун курулуш иштерин курууда чоң салымын кошкон.

1993-жылы Ырысбай Жолдубаевич Жолдубаев КРнын өкмөтүнүн чечими менен КРнын Саламаттыкты сактоо министринин орун басары болуп дайындалган. Бул жооптуу кызматта иштөө менен бирге КРнын саламаттыкты сактоо тармагына жаңы реформаларды киргизген жана өкмөт тарабынан колдоого алынган. Ага, мисал катары: азыркы убакта реформанын өзөгүн түзгөн

«Үй бүлөлүк дарыгерлер тобу» ишке киргизилгендигин айтсак болот.

Ушундай алгылыктуу эмгектердин негизинде биздин факультетте да «Үй бүлөлүк медицина» кафедрасы түзүлгөн жана бул кафедраны өзү жетектеп келүүдө.

1996-жылы Ырысбай Жолдубаевич Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун чакыруусу менен Турцияда Орто Азия жана Кавказ элдеринин саламаттыкты сактоо системасында реформаларды жүргүзүү боюнча эксперт болуп эмгектенген. 1997-жылдан 2001-жылга чейин ОшМунун медицина факультетине келип, «№2 ички оорулар» кафедрасын жетектеп келди.

2002-жылдын январынан медицина факультетинин деканы болуп дайындалган. Агайдын келиши менен факультетте окуу-базалардын кеңейиши, студенттердин санынын көбөйүшү, окутуучулар үчүн жаңы иш орундардын ачылышы, окуу процесстеринде өзгөрүү, студенттердин билимине реалдуу баа берүүдө жаңы модульдук-рейтинг системасынын киргизилүүсү, 6-курстун студенттери үчүн циклдик системанын кириши, факультеттин сырткы келбетинин жаңыланышы даана байкалды жана да азыркы талапка ылайык 400 орундуу лекциялык залдын курулушу, агайдын чоң эмгектеринин бири экендигин айтпасак болбостур.

Факультетте 9 кафедра болсо, анын саны 22 ге жетти. Факультетте жаңы адистиктер ачылган, алар: фармация, саламаттыкты сактоону алдын алуу жана педиатрия.

2003-жылы агайдын жетекчилиги менен медицина факультетинин 10 жылдык маарекесине арналып жагорку деңгээлде илимий конференция болуп, ага республикабыздан, областтарыбыздан келген илимий кызматкерлердин жана белгилүү дарыгерлердин катышуусу менен өткөн.

Окуунун сапатын арттыруу максатында: студенттердин билиминин сапатынын өсүшү үчүн, жаш мугалим-

дердин иш тажрыйба үйрөнүүсү үчүн атайын лекциялар жана кыскача курстар уюштурулган.

Жогоруду айтылгандай: студенттердин, адистиктердин, кафедралардын, окуутучулардын санынын өсүшү менен. Окуу-базаларын кеңейиши менен 2004-жылы медицина факультети медицина институту статусуна ээ болуп, ректораттын ишениими менен Ырысбай Жолдубаевич институтка директор болуп дайындалган.

Американын саламаттыкты сактоо агенствосунун биргелешип иштөө программасынын колдоосу менен ОшМУнун медицина институтун Бүткүл дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо уюмуна мүчө болуп кирүүсүндө, агайдын салымы зор экендигин баса белгилесек болот.

Анткени, бизге чет мамлекеттерден келип окуган студенттеribиз үчүн да, жергиликтүү студенттеribиз үчүн да Бүткүл дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо уюмунда мүчө болгон 182 мамлекетке барып иштөөгө жол ачты.

Американын саламаттыкты сактоо уюму менен биргеликте мединститутун студенттери жана мугалимдери үчүн «Информициялык окуу борборун» уюштуруп, интернет байланышын кеңири колдонууга шарт түзгөн.

Жогоруда айтылган үзүрлүү эмгектеринин, уюштургуч жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде бир нече ардак грамоталардын, баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

Алсак: 1974-жылдары Кара Суу райондук ардак тактага илинүүгө татыктуу болуп, 1977-78 жылдары КМИИИнун ардак грамоталары менен, 1979-1985-жылдары КММИнун ардак грамоталары менен сыйланган жана 1990-жылы «Саламаттыкты сактоонун отличниги» наамын алган жана «Манас» ордени менен сыйланган.

Ырысбай Жолдубаевич 80 ден ашык илимий эмгектердин, 7 атайын врачтар үчүн даярдалган

методикалык көргөзмөлөрдүн, 6 студенттер үчүн чыгарылган методикалык эмгектердин автору.

Жолдубаев Ырысбай Жолдубаевич көптөгөн аспирант изилдөөчүлөрдүн да сүйүктүү устаты. Агайдын жетекчигии менен 3 кандидаттык диссертация корголгон жана 2 кандидаттык диссертация карголуу алдында турат. Ошондой эле көптөгөн өзүнүн илимий багытындагы диссертациялардын оппоненти болуп келүүдө.

Үй-бүлөлүү, 6 баланын ардактуу атасы.

Агай, өзүнүн талбаган изденүүчүлүк, уюштургуч таланты менен жогоруда айтылган ийгиликтерге жетишти жана элибиздин саламаттыгы үчүн дарыгерлерди даярдоодо өзүнүн билимин, үзүрлүү эмгектерин дагы да болсо жумшай бермекчи.



Зулпукаров Максыт
(1940-ж)

Зулпукаров Максут 1940- жылдын 1- январында Ош областы, Кара Суу районун Жоош айыл өкмөтүндөгү Мамажан айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1959- жылы «Кара Суу» совхозунун №3-бөлмүндө трактористтик кызматтан эмгек жолун баштаган.

1960-жылы 1-сентябрдан Жалал Абад шаарындагы Зооветтехникумга тапшырган.

1963- жылы Зооветехникумду аяктаган соң, Кара Суу совхозунун зоотехниктик кызматында эмгек жолун улаган. 1971-1983 жылдары, Кара Суу совхозунун башкы зоотехниги болуп иштөө менен сүт-товар фермасында малдардын сүттүүлүгүн арттырган.

1983-84-жылдары Кар Суу совхозунун порткому.

1984-94-жылдары кайрадан «Кара Суу» совхозунун зоотехниги кызматында ишин уланткан.

1994-96-жылдары өндүрүштүк иштер боюнча Кара Суу совхозунун директорунун орун басары.

1996-99-жылдары Кара Суу совхозунун №5 бөлүмүнүн бөлүм башчысы.

1999-2011-жылдары «Зулпукаров Максат» фермердик чарбасынын жетекчиси.

2011-15-жылдары Жоош айыл өкмөтүнүн аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеп келген.

Байбичеси: Бүайша ардагер, уулдары Алмаз, Ормон дыйкан чарбаны жетектейт, Сражидин кызматкери, кыздары Айгүл медайым, Алтын мугалим, Майрам медайым.



Жолдошов Насыр
(1940-ж)

Жолдошов Насыр 1940-жылы 10-июль күнү Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Маданият айлында жарык дүйнөгө келген.

1956-жылы 7-классты бүткөндөн кийин, механизоторлорду даярдоо курсун бүтүрүп, маданият колхозунда механизатор болуп иштеген.

1959-жылы Ош шаарындагы айыл чарба техникумунун механизация бөлүмүнө кирген.

1964-жылы бүтүрүп, Кыргызстан пахтачылык боюнча тажрыйба станциясын, борбордук мастерскойунда көзөмөл механик болуп иштеген.

1971-жылы ошол чарбанын 4-бөлүмүндө башчы болуп иштеген.

1965-жылы Фрунзе (Бишкек) борбор шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтуна кирип, 1970-жылы бүтүргөн.

1973-1974-жылдары пахтачылык боюнча тажрыйба станциясында агроном болуп иштеген.

1973-1976-жылдары кайрадан 4-бөлүмгө башчы болуп которулган.

1987-жылы кайрадан станцияда башкы агроном болуп иштеди.

1999-жылы. Кара Суу үрөнчүлүк чарбасында башкы агроном болуп иштеп 2000-жылы ардагерликке чыккан.

Сыйлыктары:

В. И. Лениндин 100 жылдык юбилей медалы. 2000-жылы «Эмгек ардагери» «9-беш жылдыктын жеңүүчүсү» көкүрөк белги менен сыйланган. Айыл чарба министринин «Мактоо баракчасы» менен сыйланган.

Байбичеси: Заимкан ардактуу ардагер. Чоң уулу Шерали ааламдан өтүп кеткен. Кутманали инженер. Нураш Россияда иштейт. Куштарбек, Жыргалбектер дыйкан чарбаны башкарат. Кыздары: Гүлү жана Венера мугалим.



Абдиев Шакир
(1941-16-10)

Абдиев Шакир 1941.ж 16-ноябрда Ош облусунун Кара Суу районунун Жоош айыл советине караштуу «Кызыл Сарай» колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1948-жылдын 1-сентябрынан 1951-жылга чейин «Кызыл Сарай» башталгыч мектебинде окуган. 1951-1955. жылдары. Каганович жети жылдык мектебин аяктап 1955-ж. 1-сентябрдан 1959-ж август айына чейин Жалал Абад Зоовет техникумунун Ветеренария

факультетин бүтүрүп, андан кийин өндүрүштө иштей баштады.

Өндүрүштө иштөө менен бирге 1961-1966-жылдары Скрябин атындагы кыргыз айыл чарба институтунун зоотехник факультетин бүтүрүп, андан кийин Кара Суу чарбалар аралык малдарды багып семиртүү базасында, «Кыргызстан», Отуз Адыр совхоздорунда союз тараганга чейин башкы зоотехник болуп иштеди. Азыркы учурда Отуз Адыр айыл аймагында фермер болуп иштөө менен бирге ардагерликке чыккан.

«Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. Байбичеси Бүсара да ардагер. Алмаз чоң уулу бүтүргөн кесиби инженер, Набаткан мугалим, Азамат врач медицина илимдеринин доктору, доцент.



Туратов Бекен

«Эл агартуунун мыктысы»

(1942-ж)

Туратов Бекен 1942-жылы Кара Суу районунун Агартуу айылында туулган. 1959-жылы Кара Суу районундагы Токтогул атындагы орто мектебинин 10-классын окуп бүтүргөн. 1959-1962 - жылдары Кара Суу совхозунда жумушчу болуп иштеген 1962-жылы Ош Мамлекеттик педагогика -лык институнун физика-математика факультетине кирип, аны 1967-жылы бүтүргөн. 1967-жылдан ошол эле Токто- гул атындагы орто мектебинде 1979-жылдын март айына чейин математик мугалими болуп иштеди. 1979-жылдан 1986-жылга чейин Жоош айыл өкмөтүнүн төрагасы болгон. Токтогул мектебинде окуу тарбия бөлүмүнүн башчысы болуп ишин уланткан. 1997-жылдан 1999-жылдарда Кара Суу совхозунун Агартуу айылында бөлүм башчы

(управляющий) болуп иштеди кайрадан Агартуу орто мектебинде 2005-жылдан ардагерликке чыккан. 50-жыл иштеди. Эл агартуунун мыктысы (отличник) мектепте жана өндүрүштө иштеген мезгилде Райком партиянын, Раисполкомдун жана Районунун бир канча ардак грамоталарын алган, үй-бүлөлүү.

Байбичеси Зирек педогогикалык окуу жайын бүтүрүп, мектепте эмгектенип пенсияга чыккан.

Уулдары:

1) Алмазбек ЭМЧСде иштеп пенсияда
2) Авазбек үй-бүлөлү.
3)Туратов Нурбек үй-бүлөлү.
1) Туратова Айгүл.
2)Туратова Гүлбарчын.
3)Туратова Гүлшайыр.
4)Туратова Рахат.



Абдурахманов Жолдошбай

(1945)

Мен Абдурахманов Жолдошбай 16-март 1945-жылы Кара Суу районуна караштуу Кызыл Сарай айылында туулганмын. Отуз Адырдагы Крупс - кая, (азыркы М. Жаманкулов) атын-дагы орто мектептин 11-классын 1963-жылы бүтүрүп аттестат алдым. Ошол эле жылы үй-бүлөбүз менен Анжия облосуда, Коргон Төбө районунун Токтогул колхозуна көчүп бардык, себеби ал жерде 20-үйлүү Сарай уруусу жашайт эле. Маккамбай деген авабыз карып калгандыктан, анын чакыруусу менен келдик деп атамдын айтканы эсимде.

Айтибай, Исакбай (менин чоң атам), Маккамбай ага иниин балдары экен. Ошол эле жылы башталгыч класста

мугалимдер жетишбегендиктен мени башталгыч класска мугалимдик ишке алышты. Бир жыл иштегенимден кийин 1964-жылы аскерге армияга чакырылып 1967-жылы үч жыл Германияда кызмат өтөдүм.

Ош педогогикалык институтун филология факультетине кирип 1973-жылы ийгиликтүү аяктадым. Коргон-Төбө районундагы өзүм жашаган айылга барып кыргыз мектепке орус тили жана адабият мугалими болуп иш баштадым.

1974-жылдын январынан мен иш баштаган мектепке окуу бөлүмүнүн башчысы (завуч) кылып дайындашты. 1984-жылга чейин 10 жыл иштедим. 1984-жылдан 2004-жылга чейин (20-жыл) бир мектепте директор болуп иштедим.

Пенсияга чыккандан кийин 2008-жылы өзүм туулуп өскөн Кызыл Сарай айылына көчүп келдим. Бир тууганым Адылбек 1963-ж туулган азыркы мезгилде Кызыл Сарай айылында жашайт. Уулу Кубаныч 1993-жылы туулган.

Абдулла тагамдын балдары Ысмаил, Самат. Байбичем Асилкан менин төрт уул, эки кызым бар.

Уулдары:

Шадылбек жогорку билимдүү, инженер адистигин алган. Азыркы мезгилде коммерциялык иштер менен алектенүүдө. 2001-жылы туулган Замирбек техникалык окуу жайын 1995-жылы бүтүргөн. Азыркы мезгилде Ош шаарында бизнесмен. Бир неберем Себат түрк лицейинин 4-классында окуйт. Ильяс техника механикалык окуу жайын аяктаган. Соода-сатык иштери менен алектенет. Абдурахманов Чынгыз жогорку билимдүү тармактык жана коммуникация инженери.



Кошунбаев Мажит

(1947-жыл 5-04)

Кошунбаев Мажит 1947-жылы 5-апрелде Кара Суу районуна караштуу Маданият, баштагы Калинин колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Мажит балалык кезинен эле эне-атанын тарбиясын терең алган.

Айрыкча атасынын таамай сүйлөп, сөзгө чечендиги, макал-лакаптарды, айрыкча кыргыздын таасирлүү сөздөрүн бала кезинен эле көп укчу. Атасынын кичи пейилдиги, боорукердиги адамдар менен болгон жакшы мамилси Мажитке өтө таасир эткендиктен, мугалимдик кесипти тандап алды.

Ош мамлекеттик педогогикалык институтун химия – биология факультетин бүтүрүп, жогорку маалыматтуу болду. Алгачкы ирет мектепке киргенде, окуучуларды аскерге даярдоо (военрук) болуп сабак бере баштады. Андан соң он жылга жакын окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп көптөгөн жаш бүтүрүп келген мугалимдердин сабак окуутуудагы кемчиликтерин убагында айтып, сабактарына тез-тез кирип турган. Анан ардагерликке чыккандан баштап профсоюз уюмун жетектеп калды.

Өмүрлүк жубайы да маданият техникумун бүтүргөндүктөн мектепте китепканачы болуп иштеди. Окуучуларга адабий китеп окууда жардамдашып, рухий байлыгын ашырды. Байбичеси Кошунбаева Минайым экөө алты уулду тарбиялап эресеге жеткирди.

Алмазбек шофер, Талантбек уста, Алтынбек лор дарыгери областык шыпаканада иштейт. Канатбек уста, Асылбек кесиби инженер, Нурлан фермада иштейт. Баары турмушта өз ордун табышкан.



Эрматов Сапарбай Отунчиевич
(Отунчу уулу)

1956 жылы 3-октябрда Гүлчө айылында төрөлгөн, билими жогорку аскер-инженери, аскердик чини-полковник.

1977 жылы Алма Атадагы атайын орт-техникалык аскер окуу жайын,1984 жылы СССРдин ИИМнин Москвадагы инженердик Жогорку академиясынын Ташкенттеги филиалын бүтүргөн.

1977-79-жылдары Ош областтык өрттөн сактоо бөлүмүндө, 1979-84 ж. Баткен райондук ИИБнин өрттөн сктоо бөлүмүнүн башчысы,1985-86ж. Кара Суу районунун, ӨСБ башчысы,1986-91 Ош областынын ӨСБ башчысынын орун басары, 1991-2000 Жала-Абад Областыны ӨСБ башчысы, 2000-2006 ӨКМ дин Ош ОБЛ башчысы. 2016дан бери «Ошшаарсууканал» МИде иштейт.

Залимбеков Токтогул Казыевич

1964-жылы туулган. Скрябин атындагы айыл чарба институттун бухгалтер-экономист адистиги боюнча 1985-жылы бүтүргөн. 1985-86-жылдары Алай совхозунда бухгалтер башкы бухгалтер, 2000-2004-жылдары Ош шаардык соцфонддо биринчи орун басар, 2004-жылдан бери Кыргыз почтасынын Ош шаары, Ош, Баткен областтары боюнча башкармалыгынын башчысы болуп эмгектенип жатат.

Курманбеков Улукбек
(1954.10.04-ж)



Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курууучусу.

Курманбеков Улукбек 1954-жылы 10-апрелде Алай районунун Сопу Коргон айылында кызматчынын үй бүлөсүндө туулган. 1961-жылы Алай районунун Сопу Коргон айылындагы Токтогул орто мектебине кирип аны 1971-жылы бүтүргөн.

Жогорку окуу жайын 1976-жылы Фрунзедеги (азыркы Бишкек шаары) политехникалык институтунун архитектура жана курулуш факультетинин инженер-куруучу адистиги боюнча аяктаган.

1977-жылдын апрель айынан тартып Алай районунун чарбалар аралык курулуш уюмунда өндүрүштүк мастерден баштап, 1987-жылга чейин Алай райондук комитетинин инструктору, 1988-1992-жылдары Чоң Алай ПМКсынын прорабы, 1992-1993-жылдары Алай МПМКнын жетекчиси болгон.

1993-2005-жылдары «Алай айыл курулуш» АКнун төрагасы, 2005-жылдын июль айынан бери «Ош-Сарыташ-Эркештам» автомобиль жолунун башкармасынын жетекчиси кызматында иштейт.

Кыргыз Республикасынын Алай райондук жана Ош облустук Кеңештеринин депутаты болуп шайланган.

Анын жетекчилиги астында Алай районунун аймагында 8 мектеп, 2 оорукана, 100дөн ашык турак жай имараттары жана башка чарбалык курулуштар бүтүрүлүп ишке берилген.

2002-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы

менен «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу» наамы ыйгарылды. 2015-жылы СНГ мамлекеттеринин ардактуу жолчусу.

Үй бүлөдө жубайы, төр уулу жана бир кызы бар.



Акматалиев Мырзабек Токоевич

(1957. 27. 11)

Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн мыктысы, «Кара Суу районунун ардактуу атуулу».

Акматалиев Мырзабек Токоевич 1957-жылы 27-ноябрда Кара Суу районуна караштуу Киров атындагы колхоздун Эркин айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1965-1973-жылдары Жданов атындагы сегиз жылдык мектепти бүткөн. 1973-1975-жылдары Кара Суу шаарындагы Кычан Жакыпов атындагы жатак мектептен орто мектепти бүтүргөн. 1976-1978-жылдары Краснояр-ский крайында Майков Авиациялык жогорку аскердик училищанын Майков шаарындагы полькунда кызмат өтөгөн.

1978-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институттун даярдоо бөлүмүнө кирип, 1979-жылы институттун физика-математика факультетине кабыл алынат.

1984-жылы институту ийгиликтүү бүтүрүп, Баткен районундагы «Чек» орто мектебинен алгачкы жолу педагогикалык жолун баштайт.

1985-жылы Кара Суу районундагы «Эркин» орто мектебине которулуп келген.

Андан соң 1986-1991-жылдары «Коңурат» толук эмес орто мектепте математика мугалими болуп кесибин

1991-жылы которулуу жолу менен С.М. Киров атындагы орто мектепте математика мугалими болуп кайрадан ишин улантат. 1992-1996-жылдары ошол эле мектепте тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштейт.

1996-жылдын май айынан баштап «Эркин» № 46 – Садык Маматов атындагы мектеп-гимназия, окуу-тарбия комплексинде директор болуп орношот.

2015-жылдын август айынан Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүн башкарып келет.

Көп жылдык окуу-тарбия ишиндеги үзүрлүү эмгектери бааланып, райондук, облустук билим берүү министрлигинин «Ардак грамоталары» менен сыйланат.

2002-жылы Кыргыз Республикасынын «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланат. 2013-жылдын «Мыкты инсаны», 2014-жылы Кара Суу районунун «Ардактуу Атуулу» наамы ыйгарылат. Сарай Айылдык Кеңешинин үч жолку чакырылышынын депутаты болгон. Кара Суу райондук ички иштер бөлүмү тарабынан да, «Ардак грамотага» татыган.

2016-жылы «Эл сүйгөн жетекчи» наамы ыйгарылат.

Үй-бүлөлүү: жубайы Арзыкулова Зыйнат мугалим, Кыздары ата-эне жолун улантып: Акматалиева Зирегүл математик мугалим, Назик, Бегайым, Гүлаим да түрдүү кесип боюнча окуучуларга билим тарбия беришет. Уулдары: Абдыманап тиш дарыгери, Иляз юрист, ички иштер кызматкери.

Кенже кыздары: Алтынай, Нурайлар окуучу болсо, Чынайым бакчада тарбияланат.

Көкөчаров Дөөлөтбек Курманбекович (1961.26.10-ж)



1961-жылы Ош облусунун Алай районунун Сопу Коргон айылында төрөлгөн.

1969-1979-жылдары Токтогул атындагы орто мектепте окуган.

1979-1980-жылдары Алай совхозунда жумушчу кызматында, иштеген.

1980-жылы Фрунзе шаарындагы К. ИК Скрябин атындагы айыл-чарба институтуна өтүп, 1985-жылы аталган жогорку окуу жайды ийгиликтүү аяктап, инженер-механик кесибине ээ болгон.

2000-2003-жылдары Ош Техналогиялык университетинде окуп, инженер-электрик кесибине ээ болгон.

1988-1990-жылдары айыл-чарба НТОсунун төрагасынын орун басары болуп шайланган.

1990-1997-жылдары Алай райондук айыл-чарба техникасында МТМ башчысы, «Госсельхозтехника», Ош райондор аралык өндүрүштүк бирикмеде башкы инженер.

1997-1998-жылдары Ош шаардык ПЖЭТте участоктун мастери.

1998-2006-жылдары «Оштеплокоммунэнерго» башкармасында, «Ош Төлөйкөн» участогунун башчысы.

17-апрель 2006-жылдан тартып Ош шаардык Суу чарба муниципальдык ишканасынын директору.

2007-жылы Япония мамлекетинин Йокогама шаарында «Борбордук Азия кичи, орто шаарларын суу менен камсыздоо» долбоору боюнча өткөн окуу курсун аяктаган.

2007-жылы Ош шаардык Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

2011-жылы Дания мамлекетинин Копенгаген шаарында «Таза суу жана агынды суу тармактарын жакшыртуу» долбоору боюнча өткөн курсун аяктаган.

2012-жылы Ош шаардык Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

2012-жылы Италия мамлекетинде таза суу боюнча семинарга катышкан.

2013-жылы Франция мамлекетинде чет элдик долбоор боюнча семинарга катышкан.

2014-жылы Германия мамлекетинде хлоратордук жабдуунун заводдук текшерүүсүнө катышкан.

2014-жылы Испания мамлекетинде Глобалдуу суу саммитинге катышкан.

2015-жылы Греция мамлекетинде суу боюнча форумга катышкан.

2016-жылы КРнын Президентинин Ардак Грамотасы менен сыйланган Кытай, Казакстан, Россия жана башка мамлекеттерде болгон. Үй бүлөлүү 4 баланын атасы.

Жөнөкөйлүктөн илимпоздук бийиктикке жетүү...

Муратов Абдижалил Абдыразакович



Медицина илимдеринин доктору Ош облусунун хирургия кызматынын координатору. ОшМУнун медицина факультетинин хирургиялык оорулар кафедрасынын профессору.

«Эр жигит тагайын тартат»

(Кыргыз эл макалы)

Адамдагы эң жогорку ар бир адамдын колунан келе бербеген пейил-жөнөкөйлүк. Ошол жөнөкөй, сабырдуулукка умтулган өзүнүн келечекте- ги эл үчүн гана пайдалуу кесипти тандаган замандашы- быз менин сыймыктуу бөлөлөрүмүн бири Абдижалил жөнүндө болмокчу.

Абдижалил Муратов 1959-жылы Катта Талдык айылдык округундагы Эшме айылында мугалимдин үйбүлөсүндө туулган. Атасы А.Муратов айылдагы мектептин уюштурулушуна чоң салым кошуп, көп жылдар бою анын директору болуп иштеген, ошол мектеп азыр агайдын ысымында.

Абдижалил союз маалындагы көпчүлүк балдар кыялдангандай учкуч, же космонавт болууну самап, эң жакшы окуп, сабактардан жалаң «беш» алчу.

Мектепти ийгиликтүү аяктап, учкучтар окуу жайына тапшыруу учурунда көз айнек тагынгандыктан медкомиссиядан өтпөй калган.

Бирок ата-энеси, айрыкча Саламат таежем агалары окумуштуу А. Шеровдой, же ошол учурда Куршаб ооруканасында баш врач болгон агасы Жали

Токторбаевдей дарыгер болсо деп эңсечү. Ата-эненин тилеги ишке ашып. Абдижалил Фрунзедеги (Бишкек) мединститутка документтерин өткөрүп кирүү сабактарынан ийгиликтүү өтөт.

Ошентип 1982-жылы Абдижалил мединститутту артыкчылык диплому менен аяктап, дарыгер-хирург адистигин алган. Институттун жолдомосу менен Москва шаарындагы кургак учукка каршы илим изилдоо институтунун аспирантурасына окууга жөнөтүлгөн. 1988-жылы ал кандидаттык диссертациясын Москва шаарында жактаган.

1987-2001-жылдар аралыгында Абдижалил Муратов Бишкектеги илим изилдөө институтунда Чүй облустук ооруканасында врач-хирург, илимий кызматкер болуп эмгектенди. 2001-жылы ОшМУнун медицина факультетинде доцент. 2006-жылдан 2010-жылга чейин Ош шаардык ооруканасынын директорунун орун басары, 2010-жылдан 2012-жылга дейре директорлук кызматында иштеди. 2010-жылдын 13-майында А. Муратов Бишкектеги улуттук хириургия практикасынын социалдаштыруу жана дартталма процессин индустриялаштыруу дарылоо ыгын жекелештирүүнүн кыргыз тилинде коргогон.

Илимпоз дарыгер мыкты жетекчи Абдижалил Муратов Ош шаардык ооруканасын жетектеген учурда жамааттын ишин алга жылдырууда бир топ ийгиликтерге жетишти. Ооруканада 26 бөлүм. 180 дарыгер, 560 медайымдаар, 400дөн ашуун техперсоналдар эмгектенген. Дарыгерлерден 2 илимдин доктору. 6 кандидаты, 50 отличник эмгектенген эле. 2010-жылдагы Ош коогалаңында 256 ар кандай дэңгээлде жаракат алган ооруларды дарылоодо ооруканандын жамааты үйүнө кетишпей тынымсыз эмгектенген А.Муратовдун жетекчи катары талыкпаган мээнети өтө чоң болгон.

Учурда Ош облусунун хрургия кызматынын координатору болуп иштеп келүүдө.

А. Муратов үй-бүлөлүү, аялы Айдыңкандын кесиби мугалим, эки уул эки кыздын атасы. Чоң уулу Алтынбек ата жолун улантып врач-кардиолог, кичүү уулу Бекжан кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын 2 курсунун студенти. Кызы Айжан кыргыз-орус (словян) университетинин экономика факультетинин 3-курсунда окуйт. Кичүү кызы Нуржан мектепте окуучу.

А. Муратов апасы Саламат тайэжем жана бир туугандарынан тез-тез кабар алып катташат. Өзү туулуп өскөн Эшме айылынын жашоочуларына жана А. Муратов атындагы мектепке ар дайым материалдык жактан колдоо көрсөтүп турат.

Култаев Абдирашид ажы Чөкөевич (1954.20.02)



Култаев Абдирашид ажы Чөкөевич 1954-жылы 20-февральда Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүндө мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

1961-жылы Победа орто мектебинде окуп, 1971-жылы Отуз Адыр кыштагында Курская орто мектебин бүтүргөн.

1974-жылдан 1976-жылга чейин Советтик армиялык кызматты өтөп келген.

1976-1981-жылдары Кыргыз Мамлекеттик мединститутунун стомотология факультетин окуп бүтүрүп, врач стоматолог кесибине ээ болгон.

1981-2007-жылдары Бишкек жана Ош шаарындагы облустук тиш дарылоо бөлүмдөрүндө врач стомотолог

катары үзүрлүү эмгектенген. 1978-жылы Туристтик жолдомо Вьтнам, Түштүк Корея, Филипинге чет өлкөгө барып жер көрүүп, бөтөн элдер менен таанышып келген.

2011-жылы өзүнүн каражаты менен мусулманчылыктын бир парзы болгон ажылык сапарга байбичеси экөө барып келишкен.

Байбичеси Бүайым кесиби врач, азыр ардактуу эс алууда.

Чоң уулу Төлөгөн экономист
Кенже уулу Адилет бажы кызматкери
Кызы Назгүл чебер.

Сүйүнбай Капаров – 40 жыл редакторлук кызматта

К.М маданиятынын мыкты кызматкери

(1951)



Сүйүнбай Капаров 1951-жылы Ош областынын Кара Суу районундагы Төлөйкөн айылында туулган. Жогорку билимдүү.

Эмгек жолун 1968-жылы оштогу областтык басмаканада баштап, кийин «Ленин жолу» (азыркы «Ош жаңырыгы») газетасынын редакция- сына которулуп, башкы корректор болуп иштеген. 1972-жылы Кыргызстан Мамлекеттик университетинин филология факультетинен билим алып, 1977-жылы аны аяктаган.

1977-жылы Лейлек районундагы Самат атындагы орто мектебинде мугалим, 1979-жылы Ош областтык «Ленин жолу» газетасында жооптуу камчынын орун басары болуп иштеп, 1980-жылдан 1986-жылга чейин Ош областтынын Ленин районундагы (азыркы Жалал Абад областтынын Ноокен району) «Ленинчил» газетасында редактордун орун басары кызматында иштеген.

1986-жылы Лейлек районундагы «Алга» газетасында редакторлук кызматка дайындалып, 1992-жылга чейин иштеген.

Андан кийин Ош областтындагы мугалимдердин алгачкы газетасы болгон «Билим булагы» газетасын уюштуруп, анын башкы редактору болуп иштеп келе жатат.

С. Капаров 1979-жылдан бери СССР журналисттер кошунунун мүчөсү. 1987-жылдары Лейлек райондук Кеңешинин эл депутаттыгына эки жолу шайланган.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги С. Капаров КРнын Билим берүү министрлигин, Кыргыз ССР ЛКСМ нын жана Ош облусттук мамлекеттик администрациясынын бир канча жолку Ардак Грамоталары, «Билим берүүнүн мыктысы» «Кыргыз тили» төш белгилери, Асылкан Бөрүбаева атындагы сыйлыктын лаулеаты наамдары менен сыйланган. КР маданиятынын мыкты кызматкери.

Эки уул, үч кыздын кыдырман атасы, 9 неберенин чоң ата, таятасы.

Сүйүнбай Капаров массалык маалымат каражаттарынын иштерине жогорку чыгармачыл демилге менен катышып, 49 жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келет. Анын 32 жылын жалаң гана редакторлук кызматты аркалап, өзү жетектеген газеталардын окумдуулугун арттырып, сапатын жана нускасын жогорулатып чоң дем менен иштөөдө. Мисалы, Лейлек райондук «Алга» газетасында редактор болуп иштеп жатканда газетанын окумдуулугун жогорулатып, чыныгы элдик сереге жеткиргендиги үчүн газета 1988-жылы Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Ал эми 1992-жылдан бери өзү түптөп, уюштуруп жетектеп келе жаткан Ош облустук мугалимдердин «Билим булагы» газетасы Ош облустук мамлекеттик администрациясы тарабынан уюштурулган «Алтын калем» сыйлыктарына, Облустун билим берүү тармагын чагылдырган «ММК» номинацияларына татыган дипломдорго ээ.

Сүйүнбай Капаров өзүнүн эмгек жолунда мыкты кызматкер, жаңычылдыкты тез өздөштүрө билген инсан катары белгилүү. Ал башкалардан айырмаланып, жоопкерчиликтүү, уюштургуч, кол алдында иштеген кызматкерлерине аталык мээрим төгүп, насаатчы катары таанымал. Ар бир маселени чечүүдө дыкаттык менен мамиле жасап, өзүнүн бай тажрыйбасына таянат. Дайыма

чыгармачыл дем менен иштеп, жамаатынын да чыгармачылыкка үндөйт, алардан изденүүнү талап кылат.

Ал 1979-жылдан бери СССР журналисттер кошунунун, 1993-жылдан бери Кыргызстан журналисттер кошунунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тил боюнча улуттук комиссиясынын «Кыргыз тили» төш белгисинин ээси, белгилүү журналист Асылкан Бөрүбаев атындагы сыйлыктын лауреаты. 1987-жылдан тартып Лейлек райондук Кеңешинин Эл депутаттыгына эки жолу шайланган жана берилген наказдарды өз учурунда аткарган депутат катары таанымал болгон.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Сүйүнбай Капаров Кыргыз Республикасынын жогорку дистанцияларынын, Ош облустук мамлекеттик администрациясынын бир канча жолу Ардак грамоталары менен сыйланган.

Жубайы: Чокубаева Анара мугалим, уулу Файзулла юрист, Эмилбек милиционер, кыздары Айпери экономист, Айгерим мамлекеттик башкаруу факультетин бүткөн.

Кожошев Арзыбек Орозбекович

«Мекенге кызмат өтөөгө өзүмдү арнайм!»



1968-жылдын 25-июнунда Ош шаарында туулган, улуту кыргыз, 1985-жылы оштогу Киров атындагы орто мектепти бүтүрүп, 17 жашында эмгек жолун бетончу болуп иштеп баштаган.

1987-1989-жылдары Советтик Армияда кызмат кылган.

Эки жогорку окуу жайын артыкчылык менен бүтүргөн. Ош Мамлекеттик Университетин жана Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетин кесиби экономист. Кийинчерээк Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын аспирантура -сын аяктаган, диссертацияны ийгиликтүү жактап эконо- мика илимдеринин кандидатынын окумуштуулук даражасын алган. Азыркы учурда Кыргыз экономикалык университетинин докторанты болуп саналат.

А.О. Кожошевдин финансист катары калыптанышы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин бюджеттик башкармалыгынын жергиликтүү бюджеттер бөлүмүнөн башталган. 1995-жылдан жетектөөчү адистен баштап, башкы адиске чейин, андан соң 1999-жылы бул бөлүмдүн начальниги болуп иштеген, 2005-жылдан баштап бюджеттик саясат башкармалыгынын начальниги, кийин бюджеттер аралык мамилелер башкармалыгынын начальниги болуп иштеген. Финансы системасында ийгиликтүү иштеши, ошондой эле мамлекеттик финансылык стратегияны иштеп чыгууда жигердүү катышуусун өлкөбүз аны байкабай калган жок.

2007-жылдын 6-мартта А.О. Кожошев Кыргыз Республикасынын финансы министринин орун басары болуп дайындалган. 2015-жылдын 20-августта

шайлоого катышмакчы болгонуна байланыштуу отставкага кеткен.

Ал Кыргызстандын финансылык системасында мыйзам чыгаруу базасын түзүүдө,атап айтканда анын катышуусу менен: "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери тууралуу", "Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө", «Салык кодексин», "Бажыкодекси" жана "Бюджет кодексин" түзүү ишине жигердүү катышкан. КР эки теикичтүү бюджетке өтүүгө зор салым кошкон.

А.О. Кожошев өзүнүн жогорку теориялык жана практикалык тажрыйбасын жаш муундар менен бөлүшүп келет, атап айтканда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу Академиясында, Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясында жана Кыргыз экономикалык университетинде туруктуу түрдө лекцияларды окуйт. Илимий-теориялык чөйрө алкагында, ал 50 илимий публикацияларды, улуттук жана чет өлкөлүк басылмаларда, ошондой эле 4 монография жана 2 окуу китебин жарыкка чыгарган. "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздери" окуу китеби Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайынын студенттери үчүн сунушталган.

Бала чагынан бери грек-рим (классикалык) күрөш менен машыккан, Кыргыз ССРинин бир нече жолку чемпиону болгон. Россияда окуп жүргөн убакта 1986-жылы Саратов облусунун чемпиону, “Эмгек резевдери" Россия Федерациясынын күмүш байгесинин ээси. Кыргыз республиканын студенттер арасындагы спартакиаданын чемпиону, 1991-жылдын мыкты Машыктыруучусу, СССР спорт чебери Аалым

Ажиматов анын устазы болгон.

А.О.Кожошев СССРдин грек-рим күрөшү боюнча спорт чебери, Кыргыз Республикасынын грек-рим күрөшү боюнча Федерациянын Президенти. Алгачкы жолу грек-рим күрөшү боюнча Кыргыз спортунун тарыхында анын жетекчилиги менен Данияр Көбөнов 2011-жылы Гуанджоу шаарында (Кытай) Азия оюндарынын жеңүүчүсү болду, Урмат Аманов Сингапурдагы өспүрүмдөр арасындагы Олимпиадалык оюндардын чемпиону болду, 2010-2011 жана 2012-жж Азия континентинде КР курама командасы 1-командалык орунду ээлеген, Грек-рим стилиндеги күрөш боюнча жетишилген ийгиликтери жана спортту өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн КР Эмгек сиңирген машыктыруучусу жана эл аралык күрөш федерациясынын алтын ордени менен сыйланган (**FILA**).

А.О.Кожошев өлкөнүн оор кырдаалында (2010-ж. июнь окуяларында) Ош жана Жалал Абад облусунун финансылык, банктык жана фискалдык маселелер боюнча координаторлук, комендanttын орун басарлык милдеттин аткарган.

Өзгөчө кырдаалдар мезгилинде түштүк региондорундагы иште так координациялоо жана ишти сапаттуу уюштурулушуна карай фискалдык органдардын жана банктык мекемелердин талаптагыдай иштери жолго коюлган, финансы системасынын иши үзгүлтүккө учураган жок жана штабдын тапшырмалары ыкчам аткарылып турган. Анын жетекчилиги менен (бажы жана салык региондук органдарына) гуманитардык жүктөрдү түшүрүү жана аларды коштоо, банктарды кайтаруу уюштурулган. Айлык маяна, пенсия жана пособияларды калкка өз убагында жеткирип турган. Анын рекомендацияларына ылайык Финансы министрлиги тартипти камсыздоо боюнча күч структураларын каржылоо маселелери чечилип

турган. Окуялардын мезгилинде кызматкерлер тарабынан социалдык маанилүү беренелер боюнча (эмгек акы, жөлөк пул) өз учурунда каржылоо камсыздалган.Мындан тышкары, чатакташкан тараптар менен жараштыруу боюнча иштерге активдүү катышкан.

А.О.Кожошев региондо жабыр тарткандарды жана экономикалык активдүүлүктү стимулдоону колдоо боюнча иш чаралар пакетин иштеп чыгуунун идеологу катары чыккан. Алардын бири ченемдик акт катары "Фискалдык преференциялар, жеңилдиктер жана мөөнөтүн жылдыруулар жөнүндө" 19.06.10-ж, «Ош жана Жалал Абад шаарларды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча Башкы дирекцияны түзүү жөнүндө" 19.06.10-№76 КР Өкмөтүнүн Убактылуу Декрети, Ош жана Жалал Абад облустарында жабыр тарткан райондорго компенцасияларды берүү.

Түштүк регионунда кырдаалды турукташтырууга жана финансыны сапаттуу башкаруу камсыздоо боюнча өзгөчө салым кошкондугу жана каргашалуу июнь окуяларында эрктүүлүктү көрсөткөндүгү үчүн күч структурасынын ведомстволук «ШЕР» -1 даражадагы «Ардак» жана «Акыйкат» медалдары менен сыйланган.

Анын ою боюнча финансы чөйрөсүндө иштөөгө өзүнүн өмүрүн арнаймын деп чечкендерге чынчылдык, ак ниеттик, кесипкөйлүк жана толеранттуулук негизги өзгөчөлүктөрү болуп калууга тийиш деп эсептейт. Энесинин, үй бүлөсүнүн, досторунун, жакындарынын жана өзүнүн абийирин жогору баалайт. Жубайы менен бирге уулу менен кызына татыктуу тарбия беришет.

Динге урматтоо менен мамиле кылат. Кудай ар бир адамдын жүрөгүндө болууга тийиш деп эсептейт.

Ал үчүн эң оор мезгил болуп СССРдин урап калган мезгили.

Жашоодогу позициясы: алга карай умтулуу жана Кыргызстан экономикалык жактан гүлдөп өскөн мамлекет болушу үчүн өзүнүн Мекенине кызмат өтөө. Эртең менен ырахаттануу менен өзүн жакшы көргөн ишке, ал эми кечинде сүйүктүү үй бүлөңө кайтууну чыныгы бакыт деп эсептейт.

Кожошев Арзыбек Орозбекович

Кызматтары:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министринин орун басары.
- Грек-рим күрөш боюнча республикалык Федерациянын Президенти.

Илимий даражасы:

- Экономика илимдеринин кандиданты, доцент
- Кыргыз экономика университетинин ардактуу профессору
- Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт Академиясынын ардактуу профессору

Спорттогу даражасы:

- СССРдин классикалык (грек-рим) күрөш боюнча спорт чебери
- Кыргыз Республикасынын ардактуу машыктыруучусу.
- Эл аралык күрөш федерациясынын (**FILA**)алтын ордени менен сыйланган.

Сыйлыктары:

- «КРнын финансы-экономика кызматынын отличниги» (2002-ж)
- «Муниципалдык кызматтын отличниги» (2008-ж)
- «КРнын Бажы кызматынын отличниг» (2009-ж)
- «КРнын Салык кызматынын отличниги» (2009-ж)
- КРнын Ардак грамотасы (2009-ж)
- 1-даражадагы Шер жана Ардак медалы менен сыйланган (2010-ж)
- КРнын Мамлекеттик кызматынын отличниги (2013-ж)
- КРнын Премьер-министрдин сааты менен сыйланган (2013-ж)

- КРнын Жогорку Кеңештин Ардак грамотасы менен сыйланган (2015-ж)

Жашоодогу орду:

- Үй-бүлөлүү.
- Бир уул, бир кыздын камкор атасы.

Козуев Абийбилла ажы Самидинович (1960-ж. 22.04)



Козуев Абийбилла Самидинович 1960-жылы 22-апрелде Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл-өкмөтүндөгү Мамажан айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1977-1981-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтту бүтүрүп, математик мугалим кесибине ээ болгон. Алгач Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектептен жөнөкөй математик мугалимдиктен эмгек чыйырын баштаган.

1984-жылдан («Победа») азыркы Ж. Бердибеков атындагы мектепке Жоош айыл Кеңешине караган мугалим көп өтпөй окуу бүлүмүнүн башчысы жана мектеп директору болуп иштей баштаган. Ошол учурда эң жаш директор эле, билимдүү кадрларга шарт түзүп, алар менен макулдашып, ар биринин кызыкчылыктарын коргоп, көптөгөн жаштарды ишке тартып, жумушчулук болсо да, ишке алып, алардын жөндөмдүүлөрүн сырттан окуткан. Аракеттери тез арада өзүнүн түшүмүн берип, спорт, ыр-күү кружоктору, алдыңкы мугалим окуучулар сынактары, мектеп билим сапаты жана башка ушул сыяктуулардан Кара Суу райондогу 120 дан ашуун мектептердин ичинен эң алдыңкы мектеп болуп, иштеген учурда эч кимге алдыңкы орунду берген эмес.

Ал учурда мектепте комузчулар кружогу, эстрадалык топ, (Андагы апараттар райондук маданият үйүндө да болгон эмес). Волейбол боюнча эң күчтүү окуучулар жана мугалимдер командалары, мугалимдердин өздүк-көркөм чыгармалар жамааты, мектеп өндүрүштүк бригадасы түзүлгөн. Көп жылдар мектепте болгон жаңылыктар жаралып, ар жылы 2-3төн окуучу мектепти медал менен бүтүрүшүп, алдыңкы мугалимдер «Эл агартуунун мыктылары» болууга ондогон мугалимдер жетишкен.

Совхоздон жер ажыратып алып, «Ар бир окуучунун салымы болсун, ар бир окуучу катышуусу зарыл» - деп 1,5 милдиондон ашуун терек көчөт (калемче)өстүрүшкөн. Жетекчинин максаты; күчтүү кадрларды топтоо болсо, мугалимдердин максаты өз предметинде, ийгиликтүү билимге ээ болгон окуучуларды даярдоо болгон. Ушул максаттар; эң ынтымактуу, эң күчтүү, сый урматтуу мугалимдер элита жамаатын даярдаган.

Абибилла Самидинович мугалим – жетекчи катары бүтүндөй жаштык энергиясын 10 жыл сарптады. Бирок, эл агартуу системасын бүтүндөй мамлекет колго алып, мугалимдердин түгөнбөгөн түйшүктүү кесибин жогору баалабаса, мугалимдик баа жеткис ишти, айрыкча акыркы мезгилдерде анын кадыр баркы төмөндөп баратканын жана заман өзгөрүп, жашоо турмуш союз убагындай болбой, башка нука бурулгандыктан, 1994-2007-жылдары кесибин өзгөрттү. Фермердик чарба, андан соң дыйкан чарба уюштуруп иштеди. Кара Суу районундагы жеке чарбалардын уюмун түзүп, аны жетектеди. Советтик мамлекеттер башкача айтканда СССР тарап, Кыргызстан өз алдынча болуп калганда, дыйкан чарбалар бутуна туралбай калган учурларда, негизинен элдерде экономикалык жетишсиздик, кыйынчылык абалга дуушар болгондо, райондук уюмду башкарып, райондогу дыйкан чарбаларды түзүүгө, кеңештерин берди. Кредиттерди

уюштуруп алып берип, көптөгөн жеке чарбадагы кыйынчылыкты жеңүүгө себепкер болду. Кредиттерди алган дыйкандар чарба иштетүү тажрыйбанын жетишсиздигинен кредиттерди убагында кайтара албай, көптөгөн кыйынчылыктарды жаратты. Ошол убакта мамлекеттен алган карыздар А. Козуевдин өзүнө жүктөлүп, аны төлөө, анын керт башына жүктөлдү. Бирок кээ бирөөлөр пендечилик катары анын алыстагы көрө билишин байкабагандар кеп сөз да кылышып көрүштү.

Чарбаны уюштуруудагы аракети менен райондогу бир нече дыйкан чарбалардын карыздарын өзү төлөп койгонун өз оозунан укканмын. Мамлекеттик кредиттердин кайтарымы боюнча кеп-сөз көбөйгөн убакта, ыңгайсыз болсо да, оор учурларды башынан өткөрүп жүргөн чакта, ишинин жүрүшүн сураганымда анын айтканы азыр эске түшөт. Биринчиден, бул эл алган карыз, ал эми менин жетекчилигим менен берилген. Бирок, мамлекетте кредит берүүнүн механизми иштелген эмес экен. «Канча жерге үрөн эгесиң» – деп эч кандай документ, же жоопкерчиликке карабай берилген. Кайтарымын менден сурап жатат.

Экинчиден, дыйкан чарбалар, чарбасыздыктан акчаны кайтара албай жатышат. Учурда бере да алышпайт.

Мен жөнөкөй адам катары, Кыргызстанда жашаганыма сыймыктанам, бизге Алла Таала ар тараптан төп келишкен жерди берген, шүгүр дешибиз керек! Кыргызстанда жашап, жакыр жашоого негиз жок! Эмгекти туура пайдалансак заманбап азык-түлүк өндүрсөк эле, дыйкан чарбалар өнүгүп кетет. Бир мисал айтып берейин, Кызыл Суу айыл өкмөтүнө, жетекчи Исаков Садырбек суранганынан 22 тонна элиталык буудай үрөн берсек, аны 150 дөй үй-бүлө алып эгишиптир, кайтарымын бере албай коюшту, карап турбай башка жолун издедим, карыз доолап Кызыл Сууга ар күнү каттагандан көрө, бир аз убакыттан

утулдук, бирок карызды кайтаруу жолун таптык. Республикалык үрөн башкармалыгына, Россияга керектүү капуста үрөнүн даярдап бериш керек экен, ал келишимди мен алып, 50 сотых жерге эгип, өстүрүп тазалап, тапшырдым. Капуста уругу (үрөнү) мен ойлогондон өтө жогору баада сатылды жана баягы Кызыл Суулуктарга берилген 22 тонна буудай үрөндүн баасынан үч эсе жогору акча болуп, натыйжада чуу болгон карыздардын баары 50 эле сотых жерден алынган, азык-түлүк менен жабылды. Көрдүңүзбү аке, акчаны тебелеп жүрөбүз, аны топтоп алууну билишибиз керек, - деген эле. «Биз жакыр жашообузга негиз жок» - деген.

Козуев Абийбилла эл дыйканчылыкка ойгоно электе, 1-2 гектар жер үлүшүнө памидор эгип, Ош базарында «Мамажан памидору» деп сатып Кыргызстанга таанытты. Азыр Мамажан айылынын ар бир үй-бүлөсү памидор эгет.

Үлүштүн четиндеги бош жерлерге таза сорттогу алмаларды эгип, анын кардарлары Ташкент, Алма Ата, Астана, Бишкек шаарларынан келип, жогорку баада алып кетишет; - Абийбилла айтат: -«Базарга ылайык алманын сортун курту жок, сулуу, көркөмдүү кылып өстүрүп койдум, мен карап гана олтурам, кардарлар өздөрү терип, жүктөп алып кетет, мен болсо акча санашты билем, анткени жумуштарды максаттуу жумшасаң ийгилик болот.

2008-5015- жылдары Жоош айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары жана өкмөттүн башчысы болуп иштеди. Жетекчилик кызматта иштеген аралыкта, Жоош айыл өкмөтүнүн бюджетинин көлөмүн 3 эсе жогорулаткан.

Маалыматтарды электрондук базага топтоо багытын демилгелеп, областтык, райондук семинарларды уюштуруп, Республикада биринчилерден болуп, маалыматтык базага өтүшкөн. Мектеп курулуштары, жаңы балдар бакчаларын ачуу, спорт аянтчаларын курдуруу, агын суу линяларын оңдоо багытындагы иштер эң зарыл

жана биринчи пландагы иштер болгон. Жолдордун жээктерин таза кармоо жана даректарды эктирүү боюнча демилге көтөрүп, жол боюндагы жерлерди адамдарга сунуштап, адамдарга мөмөлүү даректарды, теректерди эктирткен. Учурда мөмөлөрдөн пайда көргөн адамдар, жетекчиге ыраазы. Айрыкча Кара Суу, Отуз Адыр асфальт жолундагы слива (кайнолу) багы, чоң киреше берүүчү бак болуп, көптөгөн адамдарга үлгү болуп келүүдө.

2016-2017-жылдары жеке ишкерликте иштеген уулкыздарына кеңеш берип, көптөгөн соопчулук иштерди аткарууга жетишти.

Ажылык парзын аткарып келди. Элге кызмат кылуу эң негизги максат экенин билди.

Мамажан айылына кооз мечитти өзүнүн үйбүлөсүнүн каражатынан куруп беришти. Ар жылы кыйналган жакыр үй-бүлөлөргө, ден соолугу начарларга, кары-картаңдарга ар тараптан жардам берип келишет. Сооп иштерин ар кимге айта бербейт. 2015-жылы зекет, садака берүүнүн үлгүсү катары, Жоош айыл өкмөтүнүн элдерине курбан айтка карата 60 тонна сабиз таркаттырды.

Райондогу эң күчтүү техсервизди өздөрүнүн каражатынан уюштуруп, негизинен буудай, жүгөрү оруучу комбайындарды Ош, Жалал-Абад, Баткен областтары боюнча кызмат көрсөтөт.

Мөмө-жемиш сактоочу, көлөмү 600 тонна болгон муздаткыч куруп, айланадагы жемиштерди узак убакыт сактап берет. Мамлекеттик программаларды колдоп турат.

Азыркы учурда Абийбилла ажынын үй-бүлөлүк ишмердүүлүгү менен 120 дан ашуун адам жумушчу орун менен камсыз болгон.

Өмүрлүк жубайы Кыздаркан ажы эжеке, отуз жылдан ашуун мектепте жаш жеткинчектерди тарбиялап, ардактуу эс алууга чыккан.

Уулдары Алишер, Семетей, Кутмандар жеке ишкерлик менен алектенишет. Кызы Даткайым ата-эне жолун улап, мугалимдик кесиптин ээси.

Абылкасымов Абдыкалык

(1948-ж. 11.06)

Эл агартуунун мыктысы

«Достук-бардык байлыктан артык.
Достуктун дидаары – көздүн нуру»

Мухаммед пайгамбарыбыздын осуяты



1966-жылдын күз айлары эле. Эски бут оорум кайра козгоп Кара Суу райондук шыпаканага жатып калдым.

Палатага кире бергенде мен куруктуу, толмоч бала кроватта жатыптыр Бутун комбайын кесе кымчып калгандыктан эки буту оор операциядан соң жакшы боло баштаган учуру экен. Жанында чачтарын ак аралай баштаган орто жаштагы киши, кроваттын четинде ойлуу отурган экен. Ал атасы эле.

Күндөр өтүп, жакшы боло баштады. Мен да, көп өтпөй операциядан ийгиликтүү чыктым.

Ай алмашып экөөбүз колтук таяк менен жарыша басып калдык. Экөөбүздүн мамилебиз жакшыра баштады. Калык музыканы мен сыяктуу жакшы көргөн, ал гана эмес мондалинди өтө жакшы ойночу. Ошентип экөөбүздүн оору себеп болгон тагдыр байланышыбыз достукка айланды. Экөөбүз тең оорудан биротоло айыккандан соң да, байланышты үзбөдүк. Анын үстүнө экөөбүз тең мугалимдик кесипти аркалап калдык. Ошол себептүү да, достугубуз чыңалып, турмуштун оош-кыйыш доорлорунда

достук мамилебиз кайрадан күн, өмүр өткөн сайын чыңалып келүүдө.

Ыраматылык Акбермет (Камила) аяшым да, досторкон жайып күтүп алчу.

Жараткан Алла Таалага ырахматтар, ыраазылыктар болсун! Досум Калык экөөбүз тагдырдын башка салган татаал кезинде кездешсек да, кудаанын мээримине ыраазы болуп, ар бир өткөн күндөр биз үчүн канимет.

Абылкасымов Абдыкалык 1948-жылы 11-июнда Кара Суу районуна караштуу Катта Талдык совхозунун Саз Өңгү кыштагында туулган.

1962-жылы «Кызыл Гайрат» сегиз жылдык мектебин бүтүргөн. Андан кийин билимин М.В. Фрунзе атындагы мектепте уланткан. 1968-жылдан Ош Мамлекеттик педагогика институтуна кирип, педагогика жана методика адистигине ээ болгон.

Абылкасымов Абдыкалык 1968-жылдан баштап, «Кызыл Гайрат» орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1985-86-окуу жылынан тартып, Жаңы Турмуш айылындагы мектебинде башталгыч класс мугалими болуп иштеди.

1999-2000-окуу жылынан тартып, Алыкул Осмонов атындагы орто мектебинде жетекчилик кызматта иштеп, 2007-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

2001-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы «төш» белгиси менен сыйланган.

Абылкасымов Абдыкалык аялы Алайчиева Акбермет экөө эки уул, эки кызды тарбиялап өстүрүштү.

Уулу Абылкасымов Нурдин кесиби энергетик.

Кызы Абылкасымова Нурийпа кесиби жогорку билимдүү мугалим;

Уулу Абылкасымов Нурлан кесиби куруучу;

Кызы Абылкасымова Зарипа кесиби жогорку билимдүү мугалим.

Шааболотов Каныбек Болушевич (1949-ж)



1949-жылдын январь айында Жоош айылында төрөлүп эрежеге жеткен. 1966-жылы Отуз Адыр айылындагы Н. Крупская атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Кара Суу пахтачылык тажрыйба станциясында механизатордук кесиптен баштаган. Кийинчерээк ушул эле совхоздун илимизилдөө бөлүмүндө агрономдук кызматты аркалады.

Өндүрүштө иштеп жүрүп, 1973-жылы Кыргыз Мамлекеттик айыл-чарба институтунун агрономия факультетин бүтүргөн. Жер иштетүүдөгү илимий тажрыйбасын эске алып Сузак райондук партия комитети К. Шаболотовду райондук айыл-чарба башкармалыгына кызматка чакырат. Аталган башкармалыктын аграномия бөлүмүндө иштеп жүрүп, 1975-жылы КПССтин катарына кабыл алынат. Өндүрүштөгү иш жөндөмдүүлүгүн эске алып, ушул эле жылы К. Шаболотов райондук партия комитетинин инструктор кызматына бекитилет.

1977-78-жылдары ушул эле райкомдун бөлүм башчылык кызматын аткарган.

1978-79-жылдары Ош облустук партия комитетинде инструктор, андан кийин эл депутаттарынын Алай райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлыгына шайланат.

1979-80-жылдары Алай районунун өндүрүшүндө бурулуш мезгили катары белгилүү, райондук партия комитети К. Шаболотовду жоопкерчиликтүү постко, өндүрүшү бир топ төмөндөп кеткен «Алай» совхозуна директордук кызматка жөнөтөт. Ал орунда иштеп турган мезгилде совхоздун өндүрүштүк көрсөткүчтөрү жогорулап, элдин социалдык абалы көз көрүнө

жакшырган. Уюштуруучулук демилгесин эске алып, 1987-жылдын аяк ченинде райондук агро өнөр-жай бирикмесине төрагалык кызматына бекитилет.

1992-жылы Союз таркап, Ош облусунун өзүнчө бөлүнгөндө мамлекеттик администрациясынын талаачылык боюнча инспектор бөлүм башчысына дайындалат.

1994-95-жылдардагы облустагы саясий оюндар, тополоңдордон кийин апаратты жаңылоодо Шаболотов Каныбекти башка жумушка кооперативинин уюштуруп, 2002-жылга чейин жетектеп келди.

Турмуш шартка байланыштуу 2002-жылы Кара Суу районундагы Жоош айыл округуна караштуу Мамажан айылына көчүп келип жашап калат.

Өндүрүштүк бай тажрыйбасын пайдалануу максатында айылында айыл-чарба кызмат көрсөтүү кооперативин уюштурган.

Үй бүлөлүү, эки уул, бир кыз, тогуз неберенин атасы.

Өмүр жолун эстегенде Султан Ибраимов, Сайпидин Атабеков, Жумгалбек Аманбаев, Бекмамат Осмонов аттуу белгилүү инсандарды өзгөчө сөз кылат, баалайт. Иш кызмат боюнча ал кишилердин өзгөчө жөндөмдүүлүгүн кийинки муундарга тарбиялык максатта пайдалануу зарылдыгын айтат.

Мейманбек Касымов
(1948-ж)



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

Өмүр жолун кыргыз телерадиосуна арнаган Мейманбек Касымов Кара Суунун Жоош айыл өкмөтүндөгү Агартуу айылында 1948-жылдын октябрында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жогорку билимдүү.

Өзүмө ишенип журналист болгум келген. Мектепти аяктап, ошол 1966-жылы 10-11-класстар бир бүтүп эл катары мен да Фрунзеге жөнөдүм. Атам анда атайын мектеп-интернаттын директору жок дебеди, себеби анча-мынча кабарларым» Кыргызстан пионер», гезитине райондук «Коммунизм Туусуна» чыгып калчу менден журналист чыгаарына ишенди. Эми барсам бир орунга 15-20дан болуп кетиптир, документеримди кабыл алышты, жанагы гезиттерге чыгып жүргөн кабарларыма ишеништи окшойт. Айтпадымбы он менен он бирге бүткөнбүз деп, абитуриенттен башың адашат. Анан ошондо эле окууга өтүү пара менен болуп калган, биздей айылдан баргандар экинчи, үчүнчү экзаменден шыпырылдык.

Ошто сентябрдан бери радио ачып жатабыз. Кел сенин кесибиң бизге дал келет экен деп калбаспы. Жашымдан эңсеген тилегим ушул эмес беле дедим да, эртеси Ош радиосунун имаратына кирдим. Анда ал имарат азыркы Лениндин эстелиги турган жерде болчу. Карыпбай Керимбаев башкы редактор экен. Чакан эле беш бөлмө, үйдүн залындай болгон студия, дикторлорду жазчу пульт, МЭЗ магнитафондору, биринчи көргөн мага, бул жер кереметтей эле сезилди. А киши мени көрүп эле ыймаың

ысык жигит экенсиң, анан да кыргыз балдардын ичинен техникага кызыкканы аз. Эртеңден ишке чык, ушул техникаларды карап тейлеп, оңдоп турасың деп Клеймонов деген орус инженерди чакырып-Вот тебе помошник, Саша учи его, вроде хороший парень-деп узатты. Өмүрбек, Акматалы, мен болуп күнүгө радиого дикторлорду жазабыз, кайра монтаж жасайбыз, анан туура кечки сегизге түштүк боюнча УКВ жыштыгынан жарым саат кыргызча, жарым саат өзбекче уктуруулларды эфирге беребиз.

Он бештей кызматкер бар.

Жарым жылдай жүрүп улуулар сенин үнүң коңур, радиого туура келет деп анча мынча окута калышат, мен ага чындап эле семирип калам. Дикторлукту аткарчу Жолон аке кээде бир жакка кетсе текстерди өзүм окуп койом, анын көбүн Раат эже окйт. Ошентип репорторго, кээде репортаж уюштурсам жазганымды, окуганымды башкы редактордун орун басары Жолон аке оңдоп-түзөп акыл насаатын айтып колдоп койот. Менин журналисттик, режисерлук кесибим Ош радиосунда иштеген күндөрдөн түптөлгөн экен. Жыйырма жашка келип Советтик армиянын катарына чакырышты. Эки жыл кызматта болгондо да, бул жак менен кат алышып турдум. Ротабызда радио болчу эле кыска толкунга койсоң Кыргыз радиосу угулчу, сүйүнчүлөп мен силерди Кушкадан (Түркмөнстан) туруп угуп жатам десем чын элеби кайра кубанган каттар келет.

- Мен үчүн чынында жогорку баа, сыймык. Жана айтпадыкбы, бир жерде иштеп жүргөнүмө быйыл 49 жыл болуптур деп. Чыны мен ушул аралыкта айлык аз болсо да, шарт оор болсо да башка жакка которулуу оюма келбептир. Анын үстүнө жыл өткөн сайын кызматтык тепкич да өзгөрүлүп, электро механик кесибинен баштап үн режисеру, режиссер, көркөм жетекчи, башкы режиссер,

котормо редактор деген кызматтардын аркасынан Кытайда, Афганистанда болдум. Республикабыздын бардык областарында болдум. Ал долбоордун автору К. Кошалиев эле 2010-жылга чейин эл аралап, кыргыздын салт санаасын, тарыхын, маданиятын, улуттук оюн-зооторун чагылдырып тасмага тартып эфирден берип турдук. Бул долбоордо мен редактор, режиссер милдетин аткарып жүрдүм. Манас эпосунун 1000 жылдыгына эки топ болуп барып, кызыгы КТР али эфирден бере электе Ош областынын губернатору Рустенбеков эле, ошондон тарткан кассетабызды берип жиберсек дароо ошол күнү Таластагы окуя берилип, КТРдегилер ак үйдөн сын угуп, эмне «Ош–3000» телеси берет да, силер уктап атасыңарбы?, деп балээге калган экен. Аны ошол жердеги өздөрү айтып атпайбы. Курманжан энебиздин 180 жылдык мааракесин да абдан жакшы чагылдырганбыз, Ош шаарынын 3000 жылдык мааракесинде үн, музыка жасалгалоочу, тартымында телережиссер катары иштеп, иши кылып эмне чоң окуя болбосун дайым менин колум тийчү. Жамаатка рахмат, сыйлык берилген сайын мени көргөзүп турушту. Эмгектин үзүрү менен КТРдин мыктысы, Маданиятынын мыктысы, КР Ардак грамотасы менен сыйланганым эске алынып, 2013-жылы «Өзгөчө эмгеги үчүн» пенсиясын ыйгарышты. Шүгүр, элиме, жамааатыма, үй-бүлөмө, ата-энеме ыразымын. Алар качан эле о дүйнө узагандары менен жакшыма жөлөк болуп колдошкондой сезе берем. Атам Касым согуштун катышуучусу эле. «Мен атадан эрте калып жалгыз туяк болуп өстүм, кудай жетимге боор ооруган экен, согушка он сегизимде кетип, бир жараат албай тирүү келдим. Мына бул Кызыл Жылдыз орденим, Каармандыгы үчүн жана он бештей медалдарым баары силерсиңер. Он бириңерди бирдей көрөм» деп өзү бизди жетелеп билимдүү кылган. Азыр кудайга шүгүр он бирден экөө өткөнү менен, балдар,

кыздары бар. Чогула калсак бир чакан айылдай эле болуп кетебиз. Атабызга апам Бөдөнгө багыштап куран окуп, эскерип турабыз.

- Өзүм да жаш кезде ойлочумун. Балдарым мендей болуп Оштун ичинде эле жүрө берген эмес, чет өлкөлөрдү кыдырган (чыгаан) журналист болушса деп. Кызым Самара педагог болуп кетти. Уулум Азамат чет тилдерин окуп атканда студент болуп, менден камера талашып, центр СМИдеги Таир акеси сыяктуу оператор, журналист кесибине кызыгып аткан. Кийин бүткөндө конкурс менен Германдык кызматташуу уюмунда он эки жыл иштеп, ПРООНго өтүп, бул жакка кызыкпай калды. Гүлдарым да чет тил котормочу адисине ээ болуп Бүткүл дүйнөлүк Кызыл Крестине артыкчылык диплому бар үчүн, дароо эле ишке алып алышты.

- Кичүүм Амантур башынан эле банкта иштейм дечү. Жогорку билимдүү болуп ошол кесиби менен азыр Демир банкта. Азыр жубайым Мария экөөбүз алардын эсендигин, ийгилигин тилеп эле неберелерибизди жыттап отуруп калган чагыбыз.

Байбичем Мари кесиби үн оператор болуп пенсияга чыккан.



Өмүрбек Эрмекбаев

УТРК нын мыктысы
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Ардак грамотасынын ээси.

(1948-ж)

Өмүрбек Эрмекбаев 1948-жылдын 3-мартында Ош облусуна караштуу Кара Суу районундагы азыркы Жоош айыл аймагынын Ак Жар айылында төрөлгөн. 1965-жылы Кара Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы жатак мектебин аяктагандан соң, Ош облустук «Ленин жолу» гезитинде корректор, улук корректор катары иштеген. 1967-жылдын 15-сентябрынан тартып республикалык радио уктуруу жана теле көрсөтүү комитетинде үн оператору болуп иштей баштаган.

1967-жылы сентябрь, октябрда Фрунзе шаарынан Логвиненко көчөсүндөгү эски радио студиясындагы МЭЗ-28 радио магнитафондордун жана эфирге чыгаруу кабарчылардын репортор №3 магнитафондорун Ош шаарына көчүрүп келген. Азыркы Ленин көчөсүндөгү № 214 чү имаратка ачылган. 1968-жылдын 20-январдан Ош областы боюнча эфирге чыга баштаган.

1968-1970-жылдары Советтик армиянын катарында кызмат өтөдү.

Аскердик ыйык милдетти өтөп келген соң кайрадан теле-радио комитетинде өз кесибин улантып, 1971-жылдан тарта теле операторлук кызматка өткөн. Ошол күндөн ушул кезге чейин 46 жылдан бери бир кесипте эмгектенип келет. Бул жылдары кесиптик билимин өркүндөтүү максатында Бишкек, Ташкент теле студияларында, Москвадагы Останкино телестудиясында атайын курстардан окуп, иштеген жана тажрыйба арттырган. Андан сырткары бул студияларда бир катар белгилүү көрсөтүүлөрдү тартууга катышкан.

Тажрыйба арттыруу максатында ОРТнын «ВИД» студиясында «Поле Чудес», «Александр-шоу», «Что, где, когда?» сыяктуу легендарлуу көрсөтүүлөрдү тартууга да катышкан. УЕФА кубагунун чейрек финалынын (Москванын «Спартагы» менен Франциянын «Марсели» ойношкон) экранга түз чыгууга кол кабыш көрсөткөн. 1990-жылдагы Ош коогалаңы, эки элдин ортосундагы алаканы калыбына келтирип, бекемдөө туурасында даректүү телетасма тартууда Жапан кесиптештерине көмөк көрсөтүп, телеоператорлук милдетти аткарган. 1991-жылдын соңунда КЭрдин СУАРында болуп, андагы боордоштор жөнүндө алгачкы тасманы даярдоодо телеоператор жана режиссер катары эмгектенди. 2000-жылы телеоператор кесиптештерин жетектеди. 2010-жылдагы Ош окуясында да ардагер телеоператор катары кесиптештер менен студияда күндөп-түндөп иштеди. Эки элдин ортосундагы ынтымакты жана достукту чагылдырган көрсөтүүлөрдүн сериялярын тартууда кеңешчи катары иш башында болду.

Эмгеги акыйкат бааланып, СССРдин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телерадиосунун Ардак грамоталарына, «УТРКнын мыктысы», «ЭлТРдин мыктыс» төш белгилерине жана көптөгөн баалуу сыйлыктарга, дипломдорго татыктуу болду. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Телекөрсөтүү жана радио уктуруу тармагында 50 жылдан бери эмгектенип, арттырган тажрыйбасын кийинки муундагы кесиптештерине үйрөтүүгө көңүл буруп келүүдө. Шакирттеринин көбү белгилүү теле-операторлор болуп чыгышты. Алар менен сыймыктанат.

Байбичеси Мамашова Замирахан медайым, ардагер **Уулдары:** Толкун «Ынтымак» эл аралык телерадио компаниясынын башкы директору, Таалай Милициянын

копитаны, кыздары Элмира мугалим, Гүлмира каржылоо фондунун кызматкери.



Абдивалиев Камчы
(05.05.1950-жж.)

Кыргыз Республикасынын профсоюздарына эмгек сиңирген медалынын ээси.

Абдивалиев Камчы 1950-жылы 5-майда Кара Суу районуна караштуу Жоош Айыл Кеңешиндеги Сарай айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1957-жылы Сарай айылындагы башталгыч класстын 1-классына кирип 1965-жылы Мамажан айылындагы «Победа» мектебинде 8-классты бүтүрөт. 1967-жылы Отуз Адыр айылындагы Н. Крупская азыркы М. Жаманкулов атындагы орто мектепти ийгиликтүү бүтүрөт. Ошол эле жылы Фрунзе (Бишкек) борбор шаарындагы Политехникалык институтка кирет.

1972-жылы бүтүрүп, кесиби боюнча Оштогу жүргүнчүлөрдү ташуучу мекемеге механик-инженер болуп ишке орношот.

1977-жылдан Оштогу жүргүнчүлөрдү ташуучу ишканада авто-уналардын башчысы болуп иштейт. Провсоюз уюмунун төрагалыгына шайланат.

1991-жылы Ош областык транспорт жол чарба кызматкерлеринин провсоюз уюмунун төрагасы болот. Ишканада иши жогору бааланып, 15 жолу түрдүү Мактоо баракчаларга татыктуу болгон. Россиянын коопсуздук кызматынын димлому менен да сыйланган. Алма Ата, Перьм, Новосибирский, Москва шаарларында илимин өркүндөтүү боюнча курстардан өткөн. «Кыргыз Республикасынын провсоюзуна эмгек сиңирген

кызматкер» наамына да татыктуу болгон. Көп жылдык эмгегин баалап 5-декабрь 2017-жылы Провсоюз уюмунун Курултайында, Кыргыз Республикасынын жол-чарба боюнча профсоюз комитетинин төрагасынын орун басары болуп шайланды.

Үй-бүлөлүү, өмүрлүк жубайы Фарида медайым, азыр ардагерликке чыккан.

Уулу Жанарбек инженер-педагок. Кыргыз-Корея биргелешкен ишканада генаралный директор, кызы Гүлзат кесиби инженер-технолог.



Абыдманап Төрөбеков
(1954-ж)

Маданияттын мыкты кызматкери, Ж. Мамытов атындагы сыйлыктын ээси, обончу, аткаруучу.

Абдыманап Төрөбеков кыргыз элине кайталангыс обондору менен таанымал, өзүнө гана тиешелүү музыкалык кайрыктары жана стили менен белгилүү болгон, жагымдуу үнү бар кыргыз искусствосуна, айрыкча эстрада жанрын жандандырып, аны сапаттык нукка көтөрүүдө өзүнүн зор салымын кошкон. 1976-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун аяктап, музыка мугалими кесибине ээ болгон. Ал элибиздин залкар обончу-композитору Рыспай Абдыкадыровдон сабак алып, чыгармачылык алгачкы кадамын баштаган. Анын «Шаардык кызга», «Өтүнүү», «Ойлодуң бекен мени сен» жана башка чыгармалары мезгилинде студенттердин арасында кеңири белгилүү болгон.

1976-жылы Араван районундагы балдар музыкалык мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1977-

жылы Ноокат райондук маданият үйүнүн алдында «Шайыр үндөр» эстрадалык тобун уюштуруп, 1978-жылы Өзгөн раонунда «Ариет» эстрадалык тобун уюштуруп, анын көркөм жетекчиси болуп эмгектенген. Бул атактуу «Ариет» эстрадалык тобу Кыргызстандын аймагында көптөгөн концерттерин тартуулап, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Бул топ республикалык, союздук деңгээлдеги карoo-сынактарга, фестивалдарга катышып, дайыма байгелүү орундарды алып жүргөн. «Ариет» ансамбли дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттерде: Сирия, Иордания, Германия Демократиялык Республикаларында болуп, чет өлкөлүк угуучулардын алкоосуна татыган. Ансамблдин репартуарын негизинен А. Төрөбековдун музыкалык чыгармалары жана аранжировкалары түзгөн. Маселен «Шайыр үндөр», «Кызгалдактын түбүндө», «Кетесиңби сулуу кыз мени менен», «Балалык», «Токто деп кыйкырууга түгөндү үнүм» жана башкалар.

А. Төрөбеков 1978-жылы Ош облустук филармониясын уюштурууга активдүү катышып, анын түптөлүүсүнө чоң салымын кошкон. Ошондой эле «Ош» эстрадалык тобун түзүп, таланттуу музыканттарды, ырчыларды топтоп, аларды тарбиялаган.

Обончу-компазитор А. Төрөбеков кыргыздын белгилүү акындары Ж. Мамытов, О. Султанов, А. Урабаев, С. Жусуев жана башкалар менен чыгармачылыкта бирге иштеп, алардын ырларына элибизди тамшандырган кайрыктар менен обондорун жазган. Ошондой эле өзү да көптөгөн элге белгилүү болгон обондорунун сөзүн жазган. Анын «Кыргыз жери» деген ыры Австралиялык дирижер, компазитор Линда Сафаджу менен биргеликте хор үчүн иштелип чыккан «Биримдик жарыгы» аттуу эл аралык хор коллективинин аткаруусунда чет элдиктер кыргыз тилинде Россияда, Орто Азия жана Кавказ өлкөлөрүндө автордун катышуусу менен ырдалган.

А. Төрөбеков элибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап жаңыча чыгармачылык жигер, шык, изденүү менен кайталангыс кайрыктарды жаратып, обончу-аткаруучу катары эл ичиндеги кадыр баркы жогорулап, музыка сүйүүчүлөрдүн арасында өзгөчө урмат сыйга арзыды. Анын обондорун белгилүү кыргыз ырчылары өздөрүнүн репертуарларына киргизишип, элге тартуулап келүүдө. Маселен: Кыргыз эл артистти К. Турапов «Ким болду экен»; КРдин эмгек сиңирген артистти Р. Маматкулов «Аравандык сулууга», «5-Б класста»; КРдин эмгек сиңирген артисти Алтынай Нарбаева «Билбей калдым», белгилүү эстрада ырчысы Г. Кахарова «Бир келип кетчи Ош жакка», «Бул жерден кетеличи», Кыз Бурак тобу «Той ыры», «Өзүңдү эңсейм», «Жаштык», «Сага», «Күтөмүн» аттуу чыгармаларын аткарып жүрөт.

2008-жылы Ош шаарынын күнүнө арналган карoo-конкурста А. Урбаевдин сөзүнө жазылган «Бир келип кетчи Ош жакка» деген ыры аталган конкурстун Гран-при сыйлыгына татыктуу болгон. 2011-жылдын июнь айында өткөн потриоттук ырлардын республикалык конкурсунда «Кыргыз элим өссө экен» деген О. Соурбаевдин сөзүнө жазылган ыры алдыңкы сыйлыкка татыктуу болду.

А. Төрөбековдун обончулук өзгөчөлүгү биринчиден, өзү сөзүн жана обонун жазып, аны аранжировкадан өткөрүп, өзү аткаргандыгында, Экинчиден, улуу куректагы обончулардан айырмаланып мезгилге шайкеш келген жаштар сүйгөн укулуктуу обондорду жараткандыгында. Анын заманбап обондорун белгилүү эстрада ырчылары Темир Назаров, Султан Садыралиев, Самара Каримова, Өсөр Эшматов, Жумагүл Райимжан кызы, Акмарал Эшбаева, Венера Назаралиева, Кенже Дүйшөева жана башкалар ырдап жүрөт. А. Төрөбеков 60 жаштан ашса да анын обондоруна жаштардын кызыгуусу – автор коомдогу жаңыланууулар менен өзгөрүүлөрдү жана мезгилдин күрөө

тамырын сезип, чыгармачылык менен талбай эмгектенип жаткандыгынын белгиси.

Демек А. Төрөбековдун жараткан жүздөн ашуун музыкалык чыгаармаларын жалпы журтчулугубуз сүйүп, угуп, анын кайрыктарынан рахат алып жаткандыгы автордун ташкындаган таланты менен жөндөмүн, көркөм дүйнөсүнүн кенендигин элдик музыканын маани-маңызын терең түшүнгөндүгүн билдирет. А. Төрөбековдун элге тартуулаган мыкты чыгармалары кыргыз музыкалык маданиятындагы чоң ийгилик катары өзгөчө белгилөөгө арзыйт.

Жубайы Гүлнара мугалим, уулу Максат бизнесмен, Бектур авто-диспетчер Дубайда эмгектенет. Кызы Чолпон чет тили мугалими, Канадада иштейт, ишкер.

Сатыбалдиев Шарабидин

(05.05.1949-ж)



Сатыбалдиев Шарабидин 1949-жылы 5-майда Кара Суу районуна караштуу «Шарк» өкмөтүндөгү Жаңы Маданият айылында бухгалтердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1966-жылга чейин (Күбышов) Тешебай Мусаев атындагы орто мектептен билим алган. Андан соң (Фрунзе) борбор шаарга окуугa тапшырып 1971-жылы Скрябин атындагы айыл чарба институтунун Ветернария факультетин ийгиликтүү бүтүрүп, ветеринардык врач адистигине ээ болот. Ошол эле жылы Калинин атындагы колхозго кой фермасына адистиги боюнча ишке орношот.

1975-1979-жылдары чарбада башкы ветврач болуп иштейт. 1979-1992-жылдары Сүт өндүрүү фермасында ветврач, уйларды жасалма жол менен уруктандыруу

боюнча жетектөөчү адис катары иштейт. 1992-95-жылга чейин Маданияттагы агро-фермаларында жетекчи адис болот. 1996-2004-жылдары «Жаңылык» дыйкан чарбасынын жетекчиси. Андан соң ушул күнгө чейин Маданият ветеринардык тейлөө түйүнүн жетектейт.

Кара Суу районунда биринчилерден болуп, жеке менчик уйларды жасалма жол менен уруктандыруучу «почма» түйүндү уюштурган. Райондук жана жергиликтүү башкаруучулуктан «Мактоо баракчаларга татыктуу болгон.

Жубайы Калысбү кесиби инженер-технолог, көп жыл Ош шаарындагы эт комбинантында инженер болуп иштеген.

Уулу Акбий – энергетик.

Кызы Нүргүл мугалим, Айсулуу, Мээримдер кесиби боюнча электро-тармагында иштейт.

Ташбеков Ысмаил Абдуллаевич

(10.05.1954-ж)



Ташбеков Ысмаил Абдуллаевич 1954-жылы 10-майда азыркы Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Зарбалик айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

1961-жылы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебиинин 1-классына барып 1971-жылы 10-классты бүткөн.

1972-жылы оштогу айыл-чарба техникумунун «Өсүмдүктөрдү коргоо» факультетине кирип, 1975-жылы аяктаган.

1975-жылы мурунку Фрунзе шаарындагы К.И. Скрябин атындагы айыл-чарба институтунун агрономия

факультетине кирип, анын толук курсун 1983-жылы бүтүргөн.

1978-1982-жылдары кенже илимий кызматкер, 1982-1986-жылдары №1 – бөлүмдө агроном, 1986-1991-жылдары №1-бөлүмдө бөлүм башчы, 1991-1993-жылдары ага илимий кызматкер, 1993-1996-жылдары үрөнчүлүк боюнча агроном, 1996-2003-жылы февраль айына чейин башкы агроном, 2003-2004-жылдын ноябрь айына чейин Ош областтык айыл кеңеш кызматында талаачылык боюнча тармактык адис, жаңы провкомдун төрагасы болуп иштеген.

2004-2016-жылдын февраль айына чейин Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясын директору болуп иштеген. Станцияда иштеген мезгилинде Кара Суу райондук администрациясынын ардак грамотасы жана 2007-2008-жылдары «Жылдын мыкты инсаны» болуп белгиленген.

Айыл чарба министрлигинен Ардак грамота жана Айыл чарбасынын мыктысы деген төш белгиси менен сыйланган. Ошондой эле 2010-жылы Президенттин Ардак грамотасы менен сыйланган. Азыркы учурда Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясында илимий бөлүмдө пахтанын селекция бөлүмүн жетектеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү 5 баласы бар.

Жубайы Асанова Уулкан 1956-жылкы пенсионер.

Кызы, Ташбекова Аида – 1978-жылкы

Уулу, Ташбеков Калыбек – 1980-жылкы

Кызы, Ташбекова Гүлиза – 1980-жылкы

Кызы, Ташбекова Элиза – 1984-жылкы

Уулу, Ташбеков Каныбек – 1987-жылкы



Исаков Топчубай Эргешович

(11.02.1957-ж)

Педагогика илимдеринин кандидаты

«доцент»

Исаков Топчубай Эргешович 1957-жылы 11-февралда Ош облусунун Кара Суу районунун Кара Сөгөт айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Ал 1974-жылы ушул эле райондун 3 Интернационал орто мектебин «5» деген бааларга аяктап, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математикалык факультетине 1-курска кабыл алынат. 1978-жылы бул факультетти артыкчылык диплому менен бүтүп, математика мугалими деген кесипке ээ болот.

1978-80-жылдары жолдомо боюнча Баткен районунун «Самаркандек» орто мектебинде иштеген. 1980-1995-жылдары өзү аяктаган физика-математикалык факультетте окутуучу болуп иштөө менен бирге, коомдук иштерге активдүү катышып келген. 1982-83-жылдары Улан Уде шаарында Советтик Армиянын катарында кызмат өтөйт. 1985-жылы Москва областынын Калинин мамлекеттик Университетинде «Информатиканын негиздери жана эсептөө техникалары» деген атайын курстан өткөн.

1995-жылдан бери Кыргыз-Өзбек университетинде окуу-методикалык ишмердүүлүктө жетекчилик кызматта иштөө менен, илимий-методикалык иштерди айкалыштырып келүүдө. Информатика жана окутуунун технологиялары кафедрасынын доценти (2007). Азыркы күндө 30дан ашуун илимий-усулдук эмгектердин жана 5 окуу китебинин автору. «Педагогика илимдеринин кандидаты» илимий даражага жана «доцент» илимий наамга ээ. Азыркы учурда докторлук диссертациянын үстүнөн иштеп

жатат. 2011-2013-жылдары окуу иштери боюнча 1-проректор, 2013-жылдан бери сырттан окутуу боюнча проректор кызматты аркалап келүүдө.

Жубайы Тажикан эжеке экөө 37 жылдан бери бактылуу өмүр сүрүшүп, 2 кыз жана 2 уулду татыктуу тарбиялашып, 12 неберенин рахатын көрүп келишүүдө. Тажикан эжеке кесиби боюнча педагог, 20 жылдан ашуун Ош шаарындагы «Жомок» балдар бакчасында усулчу болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын «Билим берүүсүнүн» мыктысы.

Тун кызы Исакова Миргүл Ош Мамлекеттик университетинин (ОшМУ) англис тили адистигин артыкчылык диплому менен аяктап, азыркы учурда ОшМУнун Чет тилдер факультетинде окутуучу болуп иштөөдө. Ал ушул багытта магистратураны бүтүргөн жана илимий-изилдөө боюнча кандидаттык диссертациясын коргоо алдында турат. Үй-бүлөлүү, 2 кыз жана 2 уулду тарбиялап өстүрүүдө.

Чоң уулу Талгат Оштогу түрк лицейин бүткөндөн кийин Түркиянын Мармара университетинен жана Бишкектеги Кыргыз экономикалык университетинен билим алып, андан кийин Япониядан магистратураны ийгиликтүү яктап, азыркы күндө Бишкектеги Республикалык салык инспекциясында эмгектенүүдө. Түрк, орус жана англис тилдеринде эркин сүйлөйт. Үй-бүлөлүү, 4 кыздын атасы.

Кичи кызы Аида «Менеджер» адистигине ээ болуп, учурда Бишкек шаарында жеке ишкерлик менен алектенүүдө. Үй-бүлөлүү, 3 уул, 1 кызды бапестеп тарбиялоодо.

Ал эми кенже уулу Садык Ош шаарындагы ОшМУнун «Бизнес жана менеджмент» факультетинин 2-курсунун студенти.

Т.Э Исаков үй-бүлөсү менен туугандарынын, коңшуларынын жана өзү эмгектенген жамааттын арасында чоң кадыр-баркка ээ. Ал үзүрлүү эмгектеринин натыйжасында төмөнкүдөй сыйлыктарга ээ болгон:

1. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы 2008-ж.
2. Кыргыз Республикасынын агартуу отличниги 2002-ж.
3. Илим жана билим берүүнүн проф. кыймылынын отличниги 2009-ж.
4. КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак Грамотасы 2007-ж.
5. КРнын ББИ министрлигинин Ардак Грамотасы 2004-ж
6. Ош областтык мам. адмнистрациясынын Ардак грамотасы 2009-ж
7. Ош шаарынын мэриясынын ардак грамотасы 2003-ж.

Андан сырткары Катта Талдык айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу 2007-ж, «Ош жаңырыгы» гезитинин ардактуу атуулу 2009-ж жана Кыргыз-Өзбек университетине Эмгек сиңирген ишмер деген ардактуу наамдарга ээ болгон.

Досбаев Топчубай Жоробаевич



1958-жылы 22-августта Кара Суу районунун Мамажан айылында туулаган.

1975-жылы Ош шаарында музыкалык окуу жайында окуган. (аяктаган эмес), 1981-жылы Ташкенттеги А.Н Островский атындагы, театралдык көркөм өнөр институтуна тапшырып, 1984-жылы «Театр жана кино актеру» адистиги боюнча аяктаган.

04.11.1975ж. –03.09.1976 ж – С. Ибраимов атындагы Ош Кыргыз драм театрында сахна монтировщик.

17.11.1980ж – 25.08.1980ж – С. Ибраимов атындагы Ош Кыргыз драм театрында актер.

06.08.1984ж – 30.05.2005ж – С. Ибраимов атындагы Кыргыз драм театрында актер, адмнистратор, режиссер.

06.26.2011ж – 15.07.2014ж Ош шаарында Кыргызстан кино театрында директор.

16.07.2014ж баштап Ош шаарынын маданият башкармалыгынын башчысы.

15.11.1975ж – 05..11.1978ж Советтик Армияда кызмат өтөгөн. ГДР Бруг шаары.

1985-1987-жж– Ю. Гагарин атындагы мектептин алдында эксперменталдык театральдык студияны ачып, көркөм жетекчилик кылган.

1987-1989-жж ОКДТ да «Дүйшөнбү күнү кечинде» аттуу жаштардын көңүл ачуу кечесинин көркөм жетекчи катары уюштурган.

1988-1990-жж Кооператив «Маска»-көркөм-жетекчиси жана көркөм коючусу.

1988-1990-жж Түштүк регион боюнча театр ишмерлер союзунун жетектеген.

1990-1994-жж Циркти өнүктүрүү жаатында «Ай туяк» көчмө цирктин жетекчисинин орун басары.

1994-1995-жж Манас эпосун пропагандалоо боюнча түштүк аймактын өкүлү, 2000-ж Ош шаарынын 3000 жылдык юблейин өткөрүү боюнча башкы администратор.

2001-2002-жж Бишкек шаарында «Учур» Жаштар телетеатрында уюштуруу ишин жүргүзгөн.

2006-2011-жж Казакстан Республикасынын Астана шаарында Кыргыз диаспарасынын жетекчиси болуп «Залкар урпак» фолклордук группаны түзгөн.

2008-2010-жж ОсОО «Билд Трейд» - театрында консультант, уюштуруучу. 2016-ж «Этно-Ош» этно фольклордук ансамблди түзгөн. Алган сыйлыктары:

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Ардак грамотасы» Ош-3000 жылдык юблейин жакшы уюштургандыгы үчүн.

Ош, Баткен, Ысык-Көл областарынын «Ардак грамоталары.

Кыргыз улуттук маданиятын жайылтууга зор салымын кошкондугу үчүн Астана шаарынын мэринин «Ардак грамотасы»

Эл аралык фестифал «Ысык көлдүн кадыр түн», «Оштун азем түндөрү» диплому.

Эл аралык театралдык фестивалынын диплому. Ашхабад, Казан, Бишкек. «Жылдын мыкты жетекчиси» Эркин Тоо, Кыргыз Туусу, Ош шамы редакцияларынан «Ыраазылык кат» КР Маданият, маалымат туризм министрлиги, Казак Республикасынын, Ош шаарынын Мэринин, Ош шаардык депутаттар кеңешинен алган.

Чыгармачылык жолу:

Кыргыз театрында 30дан ашуун ар кандай жанрдагы ролдорду жаратып, актерлук чеберчилик көрсөтүп, сүйүү багытындагы каарман амплуасын жарата алды.

«Селкинчек» к-ф, «Айылдан айга», «Ажар», «Курманжан Датка» көркөм фильмдеринде ролдорду аткарып катышкан.

«Багынбас махабат» к-ф, көркөм фильминде көркөм жетекчи.

Казакстан Республикасында «Кыргыздар», «Кайшы жолдар» көркөм фильмдерине актерлук чеберчилиги менен катышкан.

«Курманжан Датка 180-жыл» , «Манас-1000», «Барпы-130», «Баткен-1», 1- жана 2- Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр

оюну, «Эл аралык 1 этномаданият фестивалы жана башка юблейлердин уюштуруучулук ишин жүргүзгөн.

«Ош-3000жыл» юблейине башкы администраторлук жана алып баруучу ишин аткарган. Ош шаарында, областык, республикалык жана эл аралык иш чараларды, фестивалдарды алып баруучу катары жогорку денгээлде аткарган.

Үй-бүлөлүү, төрт уул, эки кыздын атасы.



Кабылов Мураталы

Кабылов Мураталы Ош областынын Кара Суу районунун Жоош айылдык аймагына караштуу Маданият айылында 1957-жылдын 29-декабрында туулган. Атасы Маматов Кабыл (1929-2009-жж), апасы Маматова Кандалат (1930-1997-жж), Кабылов Мураталы бул үй-бүлөдөгү жети бир туугандын эң улуусу. Айыл жеринде орто билим алгандан кийин, 1975-80-жылдары Фрунзедеги политехникалык институнун инженердик-курулуш факультетинде жогорку билим алган. Ал эми, эмгек жолун 1980-жылы Кара Суу районун калкты таза суу менен камсыздоо мекемесинде инженер болуп баштаган. 1984-88-жылдары Кара Суу райондук аткаруу комитетинде, мамлекеттик администрациясында эмгектенген. 1994-жылдан июнунан 2011-жылдын ноябрына чейин, 20 жылга жакын мезгил аралыгында Кара Суу шаарынын вице-мэри болуп кызмат кылган. 2012-13-жылдары эл аралык уюмдар (ЮСАИД) менен кызматташып иштеген. 2013-жылдын сентябрынан «Кара-Суу Ак Мээнет» акционердик коомунун жетекчиси болуп иштеп келүүдө.

Үй-бүлөлүү, бир уул эки кыздын атасы. Жубайы Кабылова Дилбар Салиевна.

Уулу Канатбек, кыздары Жаркынай, Айсара баары турмушта өз ордун тапкан.



Төрөев Дурусбек Исаевич
(20.09.1957-ж)

Төрөев Дурусбек Исаевич 1957-жылы 20-сентябрында Кара Суу районундагы Жоош айыл өкмөтүнө караган Маданият айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1974-жылы Кара Суу шаарындагы В.И. Ленин атындагы орус тилдүү орто мектепти бүтүргөн.

1975-1977-жылдары Германия демократия Республикасында Советтик армиялык милдетти ийгиликтүү бүтүрүп келген. 1977-1978-жылы бир жылдык шофердук курсту бүтүргөн. 1979-1984-жылдары Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун химия-биология факультетин бүтүрүп хим-биология адистигине ээ болот. 1986-1990-жылдары Өзбек ССРнин борбору Ташкент шаарындагы Р.С Зойцева атындагы айыл-чарбасын изилдөө институнда аспирантурада окуган. 1984-1996-жылдары Кыргызстан пахтачылык боюнча бөлүмүндө илимий кызматкер, ошол бөлүмдүн башчысы болуп да иштеген.

1996-жылдан баштап, Ош мамлекеттик университеттин жаратылыш таануу факультетинде мугалим, кафедра башчысы жана доцент болуп эмгектенген.

2013-жылдан баштап эл аралык медицина факультетинде мугалим болуп иштөөдө.

Өмүрлүк жубайы Жээнбаева Пайила
Уулдары Айбек, Нурбек кызы Аида баары түрдүү кесиптин ээлери.



Мамытов Турдумамат Карыбаевич
(01.11.1961-ж)

1961-жылы 1-ноябрда Ош облусунун Кара Суу районуна караштуу Катта Талдык айылдын аймагынын Кара Сөгөт айылында туулган.

1969-жылы №32 Кара Сөгөт орто мектебине 1-класска барып, аны 1978-жылы бүтүргөн.

1978-жылы Кыргыз айыл чарба институтуна кирип, анын толук курсун 1983-жылы бүтүрүп, инженер-механик адистигине ээ болгон.

Институтту аяктаган соң жолдомо менен Кашкар Кыштак «Мамлекеттик айыл-чарба техника» өндүрүштүк бөлүмүнө инженер-технолог болуп кызматка орношкон.

1989-95-жылдары Кара Суу райондук техникаларды оңдоо ишканасында башкы инженер, директор.

1995-99-жылдары Кара Суу райондук мамлекеттик администрациясында аппарат жетекчиси.

1999-2003-жылдары Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясында акимдин орун басары, биринчи орун басары.

2003-2006-жылдары «Кыргыз Почтасы» мамлекеттик ишканасынын Кара Суу райондук мамлекеттик администрациясында улаштуруу, кадрлар бөлүмүндө бөлүм башчы болуп эмгектенген.

Ал эми 2013-жылдан январь айынан баштап Кара Суу райондук оңгардык өнүктүрүү башкармалыгында башкы адис болуп иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү: жубайы Турдукулова Эркеайым, мугалим.
Кызы: Мамытова Аида – бух-экономист.
Уулу: Мамытов Азамат–ички иштер кызматкери.
Уулу: Турдумаматов Самат – инженер-програмист.
Уулу: Турдумаматов Марат – окуучу



Камилов Таалайбек Жакшыбаевич
Милициянын полковниги
(05.10.1961-ж)

Камилов Таалайбек Жакшыбаевич 1961-жылы 5-октябрда Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүндөгү Мамажан айылында шофердун үй-бүлөсүндө туулган. Айылдагы Т.Бердибеков (мурунку «Победа») орто мектебин 1976-жылы 8-классын бүтүргөн. Ошол эле жылы Ош шаарындагы Айыл чарба техникумуна кирип, аны 1980-жылы ийгиликтүү аяктаган. Агрономдук кесипке ээ болгон.

1980-82-жылдары Чехословакия республикасында аскердик милдетти ар-намыстуулук менен аткарып келген.

1982-жылдын июнь айынан баштап, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине кызматка алынган.

1984-86-жылдары Россия Федерациясынын Калининград шаарындагы атайын милициянын мектебинде окуган. 1995-2000 жылдарында Кыргыз Улуттук университетине кирип окуп, жогорку даражадагы юрист кесибин алган.

Ошондон баштап Кыргыз Республикасынын ички иштер министирлигинде түрдүү жетекчилик кызматта абиирдүүлүк менен так иштеген. Ошонун натыйжасында Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги

тарабынан орден медалдар менен сыйланып, КРИИ Министрлигинин буйругу менен, өзгөчө кызматтагы кыраакылыгы, жетишкендиги үчүн «Өздүк курал» менен сыйланган. Таалай Жакшыбаевич 1916-жылга чейин милициянын ардактуу жооптуу ишинде мамлекетке үзүрлүү кызмат өтөп ардагерликке чыкты. Таалай Камилов милициянын полковниги

Жубайы Сонунбү медайым экөө эки уул бир кызды татыктуу тарбиялап өстүрдү.

Чоң уулу Камилов Нургазы Ош шаарында тергөөчү, милициянын мойору. Камилов Назар КРнын атайын багыттагы «Шумкар» полкунда иштейт, жогорку даражадагы юрист.

Кызы Камилова Бегимай кесиби финансист.



Жороев Маматазиз Шаңыевич
Бажы кызматынын подполковниги

1962-жылы Мамажан айылынын биринчи бажы кызматкеери Кара Суу районуна карашту Жоош айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1969-жылы айылдагы «Победа», азыркы Т. Бердибеков атындагы орто мектебине биринчи класска барган. 1979-ж Кара Суу шаарындагы К. Жакыпов атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине кирип, аны 1983-жылы ийгиликтүү аяктаган. Эмгек чыйырын, Кызыл Кошчу айылындагы Ж. Бөкөнбаев атындагы мектепте математика сабагы боюнча окуучуларга билим берүүдөн баштаган.

Билим тарбия берүүдө ийгиликтүү иштегенине байланыштуу, мектептин окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1993-жылы Кызыл Сарай айылындагы башталгыч классты Маматазиз Жороевдин демилгеси менен Кызыл Сарай орто мектеби болуп түзүлүп, анын биринчи директору болуп дайындалган.

Бир жыл иштеп, мектептеги тарбиялык окуу иштерин жолго койгондон кийин, 1994-ж шартка байланыштуу бажы кызматына өткөн. Бажы кызматында 20 жыл эмгектенди. Ал убакытта бажы постторунун башчысы, бөлүм башчысы болуп эмгектенип, азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Өмүрлүк жубайы, Акматова Зарифа Айтбаевна Ош областтык балдарды калыбына келтирүү борборунун башкы дарыгери болуп эмгектенүүдө.

Уулдары: Саматбек, Канатбек, Муратбектер өз кесиби боюнча эмгектенет. Кызы Нурай апа кесибин улантып медициналык коллеждин бүтүрүүчүсү, неберелерге татыктуу чоң ата.



Таштемир Жалиев
(1963-)

1963-жылы 6-августа туулган. «Агартуу» сегиз жылдык мектебинде окуган. 1970-1988-жылы Токтогул орто мектебин аяктаган.

1980-жылы Кара Суу райондук «Эмгек майданы» гезитинде корректор болуп эмгек жолун баштаган жана 1992-жылга дейре кабарчы, радио информация, кабарчылар жана каттар менен иштөө бөлүмдөрүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. 1992-жылдан тартып мурдагы Ош студиясынын кийинки «Ош-3000», азыркы «ЭлТР» телерадио компаниясында кабарчы, редактор, ага

редактор, баяндамачы, алып баруучу, бөлүмдүн директору, 2005-жылдын июнь айынан башкы директордун орун басары болуп эмгектенди. 2007-жылдын декабрь айында «ЭлТР» коомдук телерадио компаниясы болуп кайра түзүлүп, КРнын Президентинин буйругу менен Башкы директордун орун басары болуп дайындалды. 2009-жылдын июнь айында компаниянын радио тармагын жетектөөгө которулду. Ал эми 2010-жылдын март айынан тартып Ош облустук телерадио компаниясынын башкы директорлугуна дайындалып, Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын-губернаторунун басма сөз катчысы болуп эмгектенди. 2011-жылдан «ЭлТР» КТРКсынын радиосунун жаңылыктар кызматын жетектеди. Ал эми 2013-жылдын октябрынан тартып радио тармагын башкарып келүүдө.

Т. Жалиев кезинде саясий, коомдук, экономикалык-маданий багыттагы телерадио программаларын даярдап, өлкөнүн ар тараптуу өнүгүшүнө өбөлгө болуучу демилгелер, тажрыйбалар, мыкты иш аракеттерди жалпыга жайылткан. Калктын көйгөйлүү проблемаларын көтөргөн. «Мезгил жумалыгы», «Сарасеп» апталык маалымат программасын эфирге чыгарган. «Саясий арена», «Эл кеңеши» теледолбоорлоруна редакторлук кылган. Кезинде компаниянын башкы директордун орун басары катары жаңыдан түптөлө баштаган коомдук телерадионун калыптануусуна, Кыргызстандын бардык аймактарына көрсөтүүлөрдүн толук чагылдырылуусуна, программалардын тематикалык-мазмундук, техникалык жактан сапаттуулугун арттырууга чыгармачылык, уюштуруучулук бүт күч-аракеттерин багыштады. Ошондой эле коомдук саясий курч кырдаалдарда өлкөдөгү туруктуулукту, тынчтыкты сактоо, эл биримдигин бекемдөө, реформалардын ырааттуу жүргүзүлүшүнө чон үлүш кошо алды. Үзүрлүү эмгеги үчүн 1985-1992-жылдары

Кара Суу райондук, Ош облустук, айрым министрликтер-ведомстволордун Ардак грамоталары менен сыйланса, 1995-жылдан 2005-жылга дейре Ош облустук мамлекеттик администрациясынын, Кыргыз Улуттук телерадио компаниясынын Ардак грамоталарына бир нече жолу ээ болгон. 2004-2005-жылдары Ош облустук «Алтын калем» сынагынын жеңүүчүсү аталган. «Жылдын мыкты редактору» наамына татыган. 2013-жылы «ЭлТР-КТРКсынын мыктысы» аталды.

Кыргыз Республикасынын «ЭлТР» коомдук телерадио компаниясынын 2014-жылдын 13-октябрындагы Кесиптик кошундар уюмунун жыйынынын № 10-протоколунун негизинде Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына көрсөтүлдү.

Абибиллаев Руслан Арзыкулович

Ош бассейндик суу чарба башкармасынын жетекчиси



1970-жылы 16-сентябрда, Ош облусунун Алай районуна караштуу Жошолу айылдык кеңешинин Миязды айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

Атасы Арзыкулов Абибилла ошол кезде аталган айылдын Свердлов атындагы орто мектебинде директор болуп, апасы мугалим болуп иштеш-кен. Ата-энесинин жумуштарына байланыштуу, Алай районунун Сопу Коргон айылындагы балдар бакчасында тарбияланып, 1977-жылы Алай районунун Правда колхозунун Арпа Тектир айылында Пушкин атындагы орто мектепке 1-класска барган. Ал эми

орто мектепти 1987-жылы Кара Суу районунун Мады айылдык Кеңешине караштуу Каарман айылынын "Кызыл Каарман" орто мектебин ийгиликтүү "Күмүш" медалы менен аяктаган. 1987-жылдан 1992-жылга чейин К. Скрябин атындагы Кыргыз айыл-чарба институтунун "Гидромелиорация" адистиги боюнча аяктап жогорку билим алган.

Эмгек жолун 1992-1993-жылдары Кара Суу райондук суу чарба башкармасында суу пайдалануу бөлүмүнүн 1-даражадагы инженери болуп иштей баштаган.

Андан кийин 1993-1995-жылдары Кара Суу райондук суу чарба башкармасында 1-даражадагы инженери.

1995-1997-жылдары Кара Суу райондук суу чарба башкармасында суу пайдалануу бөлүмүнүн жетектөөчү инженери, 1997-1999-жылдары Ош БСЧБда Куршаб ЭГУсунун башчысы болуп эмгектенген.

1999-2002-ж.ж. Кара-Суу райондук суу чарба башкармасынын башкы инженери, 2002-2004-ж.ж. Ош бассейиндик суу чарба башкармасынын башкы инженери, 2004-2007ж.ж. Кара Суу райондук суу чарба башкармасынын жетектеген.

2007-жылдын сентябрь айынан ушул күнгө чейин Ош бассейиндик суу чарба башкармасын жетектеп келе жа-тат.

Көп жылдык сиңирген эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, бир нече ирет райондук, облустук, мамлекеттик администрацияларынын «Ардак грамоталарына» жана Суу чарба Департаментинин, Айыл чарба Министрлигинин «Ардак грамоталарына» жана «Суу чарбасынын мыктысы» төш белгисине жана ошондой эле, өткөн 2017-жылдын август айларында Кыргыз Республикасынын Өкүмөтүнүн «Ардак грамотасы» жана төш белгисине татыктуу болду.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 2 кыздын атасы.

Матраимов Райымбек
(1971-)

Ош бажысынын мурдагы начальниги



Райымбек Матраимов 1971-жылы Жоош айыл Өкмөтүндөгү Агартуу айылында туулган. Райымбек жаш-тайынан зирек, акылдуу, токтоо мүнөздө калыптанып эр жеткен. Улууларды сыйлаган, кичи пейил март жигит атасы Ысмайылдын, улуу агасы Искендердин акыл насааттарын туура кабыл алып, келечекте жогорку билим алуу максатында Ош технологиялык университетинин сырттан окуу бөлүмүнө окууга кирген.

Эмгек жолун "Кыргызстан" пахтачылык боюнча тажрыйба станциясында слесардык жумуштан 1990-жылы баштап, ар кандай ишке көзү каныгып, алга умтулган Райымбек 1994-жылы Оштогу "Мак-Сад" фирмасында коммерциялык директор кызматына орношкон.

Райымбек 1996-жылы ОшТУну аяктап, инженер-техник адистигин алуу мечен 1997-жылы Оштогу Түштүк аймагы боюнча бажы инфраструктурасын техникалык жактан өнүктүрүү дирекциясына инспектор болуп ишке кирген. Мына ошол убактан бери бажы тармагында улам мыкты иштегендиги, аткаруучулук, уюштуруучулук жөндөмү жогору экендигине байланыштуу кызматынан көтөрүлүп отурду.

Бажы ишинин өйдө ылдыйын жакшы түшүнгөн Райымбек башкы инспектор, ага опер өкүл, бөлүмдүн начальниги сыяктуу кызматтарда да иштеп, тажрыйбасы арткан. Райымбек мырза 2005-жылдын 6-майында Ош бажысынын начальнигинин орун басары кызматына 34 жашында бекитилген. 2007-жылдын 9-октябрынан бери

Ош бажысынын начальниги кызматында иштеп келе жатат.

Ал өзү өскөн Агартуу айылына, апасы Апиза энеге тез-тез барып турат. Айылда турмушу начар үй-бүлөлөргө, кары-картаңдарга дайыма материадык жардам берип, балдар бакчаларына, өзү окуган Агартуу мектебине да көмөгүн көрсөтөт, Райымбек мырза бир туугандары менен Агартуу айылына заманбап мечитти куруп бериштн. Анын бул камкордугуна айыл аксакалдары ар дайым ыраазы.

"Баракелде, Ысмайылдын уулдары азамат чыгышты, эл үчүн кылган жакшылыктарын баарыбыз билебиз, атаңарга ырахмат!» дешип аксакалдар бир туугандарды алкашат. Райымбек мырза Ош бажысына жетекчи болуп келгенден бери облустун бажы системасындагы посттордун материалдык-техникалык базасы чыңалып, заманбап компьютерлер, керектүү жабдуулар менен камсыздалып, кызматкерлердин билимин өркүндөтүү багытында бир топ иштер жүргүзүлгөн.

Бажы төлөмдөрүнүн көлөмү жыл сайын көбөйтүлүп, мамлекеттин бюджетине көп каражаттар түшүрүлүүдө. Соңку жылдары белгиленген пландар 120-130 пайызга орундалып, бажы системасында ыргактуу иш жүргүзүлүп, мында тажрыйбалуу жетекчи, кесипкөй адис Райымбек Исмаиловичтин салымы чоң.

2013-жылы ал бир туугандары менен сүрөөнчүлүк кылып, Кара Суу районундагы Отуз Адыр каналын техниканын күчү менен тазалатып берүүгө чоң үлуш кошкон. 5-10 жылдан бери каналдын 25 чакырым келген бөлүгү чабылбай, суу аз келип, 10 айылдык округдун элине сугат суусу толук жетпей, жакшы түшүм ала алышпай келген, эл азыр Райымбек мырзага аябай ыраазы.

Элдин кызыкчылыгын өзүнүкүнөн жогору койгон Райимбек мырза Ак-Таш айыл округунун Жыл Келди

айылынын жаштары үчүн учур талабына ылайык спорттук аянтчасын куруп берүүгө да жардамын берген.

Жыл сайын май айынын башында Жоош айылдык округунун Большевик айылында волейбол боюнча райондун биринчилиги үчүн чоң мелдешти өткөрүүдө Райымбек мырза, өзүнүн агалары мамлекеттик кызмат боюнча Кыргыз Реслубликасанын Түштүк бөлүмүнүн башчасы Искендер Матраимов, Кара Суу районунун акими Тилекбек Матраимовдор менен кошо каражаттарын аябай сүрөөнчүлүк кылып турушат. Биринчи орунду ээлеген командага 50 миң сом, экинчи орунга 30 миң сом, үчүнчүгө 10 миң сомдон байге коюлат, бул мелдеште райондогу бардык айылдык округдардын командалары катышууда.

Райымбек мырзага күн сайын көптөгөн көйгөйү бар атуулдар жардам сурап кайрылышат, соопчулукту көздөгөн кичи пейил, адам менен жан дилинен сүйлөшө билген бул жигит келген инсанды кур койбой көмөгүн көрсөтөт.

Элдин уулу Райымбек мырзаны дайыма Кудай колдойт, анткени «Сен бирөөгө бирди берсең, Алла Таала сага миңди берет» даген накыл кеп бекер жеринен айтылган эмес.

Райымбек Матраимов 2009-жылы юридикалык академияны аяктап, юрист адистигин да алган. Эмгектеги жеңиштери үчүн бир нече медалдар, Ардак грамоталарды алган. «Бажы кызматынын мыктысы», 2006-жылы КРнын Президентинин Ардак грамотасына арзыган. Үй-бүлөлүү, бажы кызматынын полковниги.

Эмесе, аймагыбыздын ардактуу мырзасы Раймбек Ысмайыловичке чың ден соолук, ишинде ийгилик, бакты-таалай калайбыз.

Ысаков Сүйүнбай Тургунбаевич
(1964-22.12.)



1. Туулаган жылы, айы: (1964-ж 22-декабрь)
2. Мектепке кирген жылы: (1972-ж «Комммунизм» мектеби Маданият)
3. Мектепти аяктаган жылы: (1982-ж бүтүргөн)
4. Жогорку окуу жайга кирген жылы: (1982-ж КМУ Ош фак.т Фрунзе ш.
5. Аскерге кызмат кылган жылы: 1983-1985-ж Казакстан г. Эмба.
6. Окууну бүткөн жылы: 1989- КМУ Ош фак.т Фрунзе ш.
7. Ишке кирген жылы: 1989-ж Токтогул атындагы орто мектеби, 1990-жылы Агартуу орто мектебине мугалим. 1993-жылы директор «Жаш техниктер бекети» Кара Суу ш. 1993-жылы «сентябрь) Кара Суу райондук билим берүү бөлүм башчы адис.
8. Учурда Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүндө башкы адис.
9. Үй-бүлөлүү аялы Абдиева Чынара Эсенбаевна 1966-жылы туулган, учурда «Маданият» орто мектебинде окуу бөлүм башчысы.
10. Балдары: үч уул бир кыз:

1. Тургунбаев Нурбек 1991-ж туулган инженер-технолок, үй-бүлөлүү, бир кызы бар.
2. Тургунбаев Рысбек 1992-ж туулган кардиолог, ОшМУ медфакты бүткөн, учурда ординатурада, областтык ооруканада.
3. Тургунбаев Чынгыз студент төртүнчү курс ОшТУ архитектор.
4. Тургунбаева Малика студент экинчи курс ОшМУ медфак.

Омошов Жанышбек Садирдинович
(16.05 1963-ж)



16-май 1963-жыл Ош областынын Кара Суу районуна караштуу Жоош айыл өкмөтүндөгү Зарбалик айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Билими жогорку.

Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктаган.

1985-1996-жыл Талдык орто мектебинде тарых, адам жана коомпредметтик мугалими

1996- 1997-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчусу.

1997-2006-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү.

2006-2007-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын жаштар саясаты боюнча орун басары.

2013- жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн Усулдук каанасынын башчысы

2013- 2016- жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары.

2016-2017-жыл Кара Суу райондук билим берүү методикалык каанасынын башчысы

2006-жыл райондук билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин окуусу, билим берүү жана илим министрлигинин 2009-ЮСАИД эл аралык уюмунун «Сапатуу билим берүү долбоору»

Сыйлыктары:

1998 - жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана райондук профсоюз комитетинин Ардак грамотасы

2000-жыл Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы төш белгиси.

2006-жыл Кара Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана райондук профсоюз комитетинин Ардак грамотасы

2006- жыл Ош облусттук билим берүү башкармалыгынын Ардакграмотасы.

2006- жыл Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы.

2006- жыл Ош мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы. 2006-жыл ЮСАИД эл аралык уюмунун «Сапаттуу билим» долбоорунун директорунун Ыраазычылык каты.

2013-жыл Ош облусттук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун 50-жылдык юбилейине карата Ардак грамотасы 2013жыл Ош облустук Билим берүү институтунун Ардак грамотасы, 2014-жыл Кут билим сабак басмасынын башкы редакторунун Ыраазылык катын алган. 2015-жыл Кара Суу райондук мамлекеттик адмнистрациясынын Ардак грамотасы, 2016-жыл Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук профсоюз комитетинин төш белгиси менен сыйланган.

Уулу Омошов Эрнист ОшТУ нун автожол факультетин, кызы Омошова Гүлзат ОГПИнин тарых факультетин, Жаныбек кызы Назгүл ОшМУнун бим бух. Экономист адистигин аяктаган.

Жубайы Омошова Эркайым Ош соода техникумун бүтүргөн.



Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевич

Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинин «Экономикалык иштин мыктысы» (16.02.1977-ж)

Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевич 16. 02. 1977-жылы Кара Суу районунун Катта Талдык айыл өкмөтүнүн Кара Сөгөт айылында туулган улуту кыргыз, жогорку билимдүү, Ош технологиялык университетинин жол кыймылын уюштуруу боюнча инженер адистигин 2000-жылы аяктаган.

Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевичтин эмгек жолу:

2004-2007-жылдары Ош шаардык Социалдык фонд башкармалыгынын кирешелер бөлүмүндө башкы адис;

1997-2007-2008-жылдары Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгынын башчысынын орун басары, кирешелер бөлүмүнүн башчысы;

1998-2008-2013-жылдары Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгынын кирешелер бөлүмүнүн башчысы;

1999-2014-жылдан Ош шаардык Социалдык фонд башкармалыгынын юридикалык жактар менен иштөө боюнча бөлүмдүн башкы адиси;

2016-жылдан Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгынын башчысынын орунбасары кызматында эмгектенип келет.

1997- 2008-2012-жылдары Катта Талдык айылдык Кеңешинин депутаты-бюджеттик комитеттин төрагасы.

Кара Суу райондук Социалдык фонд башкармалыгында эмгектенип жаткан мезгилинде өзүн эмгекчил, тажрыйбалуу, жоопкерчиликтүү, демилгечил кызматкер жана талапчан жетекчи катары көрсөтө алды. Өз тажрыйбасын дайыма кесиптештери жана кол астындагы-

лар менен бөлүшөт. Пенсионерлер жана төлөөчүлөр менен кичипейилдик менен мамиле жасайт. Эмгек жамаатынын коомдук иштерине активдүү катышкан. Кесиптештеринин ичинде урмат-сыйга ээ.

Өзүнүн эмгектеги жетишкендиктери үчүн Кара Суу райондук мамлекеттик администрациясынын, Ош шаардык мэриясынын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу агенттигинин жана Кыргыз Республи- касынын Социалдык фондунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

Сыдыков Сейитбек Ашимович

Кара-Суу РЭТнын жетекчиси

(1971-ж)



Сыдыков Сейитбек Ашимович 1971-жылы 10 ноябрда Жоош айыл өкмөтүнүн Зарбалык айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1988-жылы Токтогул атындагы орто мектебин аяктаган. 1988-1990 ж.ж. га чейин Жалал Абад педагогикалык окуу жайынын физкультура бөлүмүн бүтүргөн. Кесиби мугалим. 1991 -жылдан 1994-жылга чейин Токтогул атындагы орто мектепте кызмат өтөгөн. 1997-жылдан 2005-жылга чейин Кара Суу электр тармактарында контроллер андан кийин бөлүм башчысы болуп иштеген. 2011-жылдан 2016-жылга чейин жетекчинин орун басары, 2016-жылдын ноябрь айынан 2017-жылдын май айына чейин Ошэлектр ААКунун инспектору болуп иштеген.

2017-жылдын 17-май айынан баштап кайрадан Кара Суу электртармактарынын жетекчиси болуп дайындалып кызмат өтөп жатат.

Жубайы Идирисова Назгүл, кыздары Нуриза. Нурия, Ракыя, Гулина, Бурулай.



Жумабай уулу Санжарбек

(01.01.1990-ж)

Жумабай уулу Санжарбек 1990-жылы 1-январда Ош облусуна караштуу Кара Суу районунун Катта Талдык айыл айма- гынын Кара Сөгөт айылында карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1996-жылы «Кара Сөгөт» орто мектебине биринчи класска барган. Окууну жакшы баалар менен окуп 2007-жылы 11-классты ийгиликтүү аяктаган. Жогорку окуу жайга Кыргыз Өзбек университетинде билимин жогорулатып, келечекте адистик кесипке ээ болуп, Кыргыз Республикасынын экономикасына чоң салым кошууга ниет кылып, 2012-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктаган. Атасы чарба менен алектенип келет. Апасы үй тиричилиги менен. Беш бир туугандын кичүүсү.



Идрис ажы Айитбаев
Төкмө акын
1985-жыл 12-январь

Мен, Айитбаев Идрис Абдусаттарович 1985-жылы 12-январда коңшу Өзбекстан республикасынын Андижан областынын Коргон Төбө районуна караштуу Чимен округундагы Токтогул колхозунун Намуна айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулганмын. Атам Айитбаев Абдусаттар, апам Айитбаева Суксур. Алар азыркы учурда Өзбекистанда, Намунада жашашат. Мен 1991-жылы №30–Карамат Касымова атындагы толук эмес орто мектебинин биринчи классына окуучу болуп кирип, ал мектепте 7-класска чейин окугам. 7-классты аяктаган соң коңшу Тельман айылындагы №30 укук жана экономика багытындагы лицейге окууга тапшыргам. Ошол окуу жайды 2003-жылы аяктап, ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында Ош шаарындагы Кыргыз-Өзбек университетинин дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер факультетине англис тили мугалими кесибине тапшырдым. Университеттеги окуу жылдары университеттин социалдык маданий иш чараларына активдүү катышып, студенттер Союзун жетектедим жана университеттин Гранит телестудиясында журналист катары эмгектендим. 4-курсумда президенттин «Үмүт» стипендиясына татыктуу болдум. Окууну аяктап 2008-жылы ЭлТР телеканалында журналист корреспондент катары эмгектендим. 2008-2009-жылдары Бишкектеги Ата Журт коомдук жаштар фондунда жетекчинин орун басары жана ОБКОМ тил үйрөтүү борборунда англис тили мугалими катары эмгектендим. 2009-2012-жылдары Оштогу СЕМА лицейинде англис тилинен мугалим болуп

иштедим. 2012-2015-жылдары Ак-Тилек кичи районундагы №52– мектепте директордун тарбия иштери боюнча орун басары кызматын аркаладым. 2015-жылдын декабрынан тарта апрель айына чейин ушул эле мектептин директору кызматын аткардым. Жумушта бир топ ийгиликтерди жаратуу менен биргеликте, акындык өнөрүмдү да элге тартуулап келдим жана бир топ алгылыктуу иштерди жараттым. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйлангам.

Бош учурда ыр жазуу, китеп окуу, чач кыскартуу жана короодо дыйканчылык менен алектенем. Спорттун бардык түрүнө кызыгам. Өзгөчө волейбол, стол тениси жана футболду жакшы көрүп ойнойм.

Үй-бүлөлүүмүн. Аялым - Райимбердиева Гүлбара Муктаровна 1986- жылы туулган. Эч жерде иштебейт. Кесиби боюнча арап тили мугалими. Мен окутан окуу жайды аяктаган. Тун кызым - Ханифа 7 жашта, 2-класста окуйт. 2-кызым Нуркөңүл 5 жашта, кенже кызым Фатима 3 жашта жана экөө чогуу «Үмүт Ак Шола» балдар бакчасына барышат.

Азыркы учурда 2016-жылдан бери Оштогу Бабур атындагы өзбек музыкалык академиялык драма театрында директордун орун басары кызматын аркалап жатам. Ошондой эле 2017-жылдан бери кошумча жумуш катары №52– мектепте адеп сабагынан мугалим катары да эмгектенип жатам. Мекен мага эмне берди, мен мекенге эмне кылып бердим?, деген суроону өзүмө көп берем. Кааларым, Мекендин атын ааламга даңазалоодо, желегин жер жүзүнө желбиретүүдө, чыгаан жаштарды жетиштирүүдө менин да зор салымым болсо экен. Жигит кишиге 70 өнөр аздык кылат деген макалды сөз түрүндө эмес, иш жүзүндө далилдесем...

Аттила (Адыл) хан 449-жылга туура келет экен

Чыныгы кыргыз (кагандары) хандарынын сырткы жана ички душмандардын колунан курман болушу.

Аттила башчылык кылган гуни элинин атак даңкы мезгилинде бүт жер жүзүнө, Европага, Азияга жана Африкага чейин тараган.

Аттиланын ата-бабалары (Кыргыздар) ат үстүндө мыкты жүргөн, көзгө атаар мерген, кылычты жакшы иштеткен ар-намыс үчүн өмүрдөн кайра тартпаган жоокер эл болгон.

Мына ушундай элден Аттиладай баатыр, кол башчы, айкөл адамдын чыгышы, мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Элүү алты жаш курагында Аттила жыйырма жаштагы Гот кызы Ильдихо сулууга үйлөнүү үлпөтү өткөндөн кийин, жетинчи күнү, кагандын жан жөөкөрлөрү тагдырдын жазылышына баш ийген, жол башчысынын жансыз денесинин үстүнөн чыгышат. Айрым маалыматтарга караганда Аттила хандын сөөгүн Гуни каганатынын баш вазири түмөн башы Төлөктүн жетекчилиги менен жол башчыны узатууга укугу бар гана кыргыз уруусунан чыккан жыйырма бир тархан баштаган, кыргыз-гундарынын толук курамындагы бир гана түмөнүнүн узатуусунда, Ысык Көлдүн жээгине алып келип коюшкан экен.

Хан көзүнүн тирүүсүндө Кара Төлөк баатырга: – «Биздин түпкү жерибиз Теңир Тоо, мен көз жумсам, сөөгүмдү ошол жакка алып барып койгула» –деп айтыптыр.

Бул маалымат биринчиден, Аттила хандын насили Кыргыз экенин, экинчиден ата-бабаларынын жери ал үчүн ыйык деп бааланганын, сөөгүм түбөлүккө Ата Мекендин койнунда жатса деген ою бар экендигин дагы бир жолу тастыктайт.

Барсбек каган (хан)

Барсбек каган тарыхый маалыматтарга караганда биздин замандын 680 жылы жарык дүйнөгө келип, 711-жылы душмандардын колунан курман болгон.

711-жылы түрк кагандыгынын аскер башчылары Билге-каган Култегин, Тону Көк башкарган күчтүү аскери жердин уусун жакшы билген чыккынчы Аңгы Адаштын жол көрсөтүүсү боюнча бийик ашууну бир нече күндө ашып, түштүк тарабынан күтүүсүз жаткан кыргыздарга кол салышкан.

Барсбек каган баш болгон кыргыз жоокерлери баатырдык менен жан аябастан, душмандын түмөндөгөн колу менен кашык каны калганча, кармашып, курман болушкан.

Ошентип, ичтериненен чыккан бир чыккынчы адамдын (Ал деле жыргап кеткен эмес, ашууда түрктөр тарабынан өлтүрүлгөн).

Жүзү каралык аракетинин натыйжасында бүтүндөй бир улуу журттун башына түн түшүп, отуз жаштан жаңы ашып, акылы жетишип, күч-кубаты толуп гүлгүндөй болгон курактагы Барсбек кагандан ажырап, Эне Сай кыргыздары кылымдан-кылымга, укумдан-тукумга айта турган аза кайгысын кийип, кан жутуп, кара таш бетине жазылып калган кайгылуу тагдыры аркылуу сабак алып, ынтымак болсок деген аруу тилегимди айткым келет.

Эркиндигинен ажырап, айбан чыдагыс азап-тозокту тартып, 745-жылы Түрк каганаты кулаганга чейин кырк жылга жакын душмандын бийлигине баш ийүүгө аргасыз болгонун эстеп, эркиндик – ар бир элдин бактысы болоорун баса беогилеп, өз эгемендүүлүгүбүздү көзүбүздүн карегиндей сактайлы деп жаштарыбызга кайрылып кетким келет .

Жер которуунун (ички миграциянын) тарыхы

Кылымды карыткан кыргыз элим, Ала Тоону мекендегенден кийин да, шартка жараша Жараткандын буйругу менен жер которуп, кээ бир кичине уруулар, чоң уруулар арасына барып жашап калышкан экен.

Касымбек Асанбековдун «Ысык-Көлдүн жети акеси» китебин баратап жатып, Карга аке, Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Карач аке, Кадыр аке сыяктуу акелер XXII-XX –кылымдарга чейин эл-тагдырына күйүп бышып, токсон толгонуп, элдин келечегинин камын көргөн элдик инсандар эл жогору баа берип, акыл-эстин ээси, калыс адилет, чындыктан тайбаган, кыраакы элдин өзгөчө куту болгондуктан «Аке» наамына, улуу даражага ээ болушкан.

Акелердин теги ар башка болсо да, элдин эркы менен «Ысык-Көлдүн Акелери» делип, аталган. Сарт аке жер которуп, келген дөөлөс (кызыл уулдун бир баласы) уруусунан, Тилекмат Аке, Боорсок бийдин кызы менен ошондон калган) Карач Аке, камактан олжого түшкөн.

Шопок баатыр багып алган Үрүмдүн чөбөрөсү. Булардын тегин ылгабай «Аке» даражасын бѳришкен-көлдүк ата-бабаларыбыздын зор омоктуу акыйкатты тутканы.

Тууган эне эмес, баккан эне дегендей Тилекматтын атасы Жылкыайдарды асыраган Бирназар бий, Карачтын чоң атасы Үүрүмдү баккан Шопок баатыр, Үрүм кашкага көз салган Алсейит, кыргыздын нарк-насилин баяндаган өзгөчө асыл жандар. (Санжыра тарыхында асырандылар арбын).

Ошол катаал дооpлордо Тагай бийден тараган урпактарынын бири Бугу уруусунун кулуну Борон бий болгон. Замандын заңына жараша уруулар арасында ынтымаксыздык күчөгөн чак эле. Эс-акылдуу, узакты

көрө-билген бирок бийге окшогон эл башкаргандар «Сарт аке» менен «Тилекмат Аке», «Карач Акелердин» тегин ылгабай, же болбосо бүгүнкү кээ бир креслодон түшпөгөн, түркөй бузукулардын тиш көрсөткөн көз карашы менен айткандай, түндүк-түштүк болбой даанышмандардын акыл-парасатын, асыл сапаттарын эл журттун жашоо-сундагы оош-кыйыш, уруулардын өз ара тирешүүсүндө, акелердин тунук, акыл насаатын пайдаланган.

Кыргыздардын атын чыгарган атуулдарыбыз

XVIII-кылымдын аяк ченинде, тагдырдын буйругу менен Адыгиненин жору уруусунун урпактары болгон Деңизбай уруусунан касиеттүү Ысык Көл кылаасына барып, жашап калышкан экен. Азыркы Ысык Көл облусуна караштуу Түп районундагы «Тепке» айылында эки доорду көргөн азамат уулдар, Ысык Көл облусу гана эмес, бүткүл кыргыз элине, баштагы союзга белгилүү инсандар чыкты. Жазуучу Касыкемди Касымалы Жөнтөшовду кимдер гана билбейт. Анын «Каныбек» эпопеясы кыргыз элинин адабиятында классикага айланган. Ал эми СССРдин, Кыргыз Эл артисти, актер Муратбек Рыскуловду билбеген кыргыз жоктур. Кыргыз Эл акыны, драматург Жалил Садыковду, Кыргыз Республиксына Эл артисти Анарбек Ибраимдин ырларын укпаган кыргыз аз эле болсо керек. Буларды сыймык менен атасак болот.

Кээ бир мансапкорлор, өзүнүн күнүмдүк кызыкчылыгын ойлогондор кыргызды колот-колотко, түндүк-түштүккө бөлүп, ич-ара ынтымакты бузуп, жаткандар жок эмес.

Өлкө өзүн-өзү иритсе, күнкөр кылам дегендерге майдай жагат. Түпкүрүндө биримдиги жок, бузукулардын тилине кирип, ашыкча эркиндикти эңсеген эл Сирия,

Ливия мамлекеттериндей талкаланып жок болууга чейин барганын баарыбыз бүгүнкү күндө көрүп жатабыз.

Азыркы ааламдаштыруу заманда азгырык таасирлерден (диний агымдардан, террордук ж.б) этияттанышыбыз керек. Ошон үчүн улуттук дөөлөттү кайтаруу, ата-мурасын сактоо максатында ойгонуу процесси жүрүп жатат. Ар нерсенин жөн-жайын, жүйөөсүн ажырата билүү сезимталдык – азыркы кыргыз турмушуна аба менен суудай таңсык.

Түндүктүн да, түштүктүн да эмес, кыргыздын чыныгы уулу – Султан Ибраимов эле

1968-жылы Ош облусунун биринчи катчылыгына шайланат. Бул кызматта он жылдан ашуун иштейт. Облустагы көптөгөн социалдык, маданий жайлар, айыл жана суу чарба курулуштары курулуп, чарбалар экономикалык жактан өнүгүп-өсүп, элдин жашоо турмушу жакшырып, маданияты көтөрүлгөн. Аларга Ош кыргыз жана өзбек драма театрларын, Папан суу сактагычын ж.б, көптөгөн ири курулуштарды атоого болот. С. Ибраимов жөнүндө айта турган негизги нерсе ал Сары Өзөн Чүйдүн кулуну болсо да, ошол он жыл аралыкта Ош облусунун экономикасын гана көтөрбөй, өзү түндүк тараптан келсе да, түштүктөгү келечеги бар эл үчүн иштей алган кадрларды жөндөмүнө жараша өнөр жай өндүрүшүнө, айыл-чарбага жайгаштырган. Кээ бир мансапкор жетекчилерге окшоп, өзүнүн айланасына, өзүнө караштуу айрыкча түндүк тараптан алып келип, колунан иш келбесе да, жайгаштыра берген жок. Түштүктө жашаган эл менен тыгыз байланышып, карапайым элге жакын болгондуктан, эл ичинен абийир таап, эл ишенимине кирип, кыргыз элин районго, облуска, айрыкча түндүк-түштүккө бөлбөй калыс мамиле жасап, өткөндүгү үчүн аксакалдардан баштап жаштарга чейин аны терең урматтап турушкан.

С. Ибраимовдун айкөлдүгүн, ак тилек менен эл камын көргөн эмгекчил жан болгон экен. Ошол үчүн түштүктөгү жашаган кыргыздар айрыкча С. Ибраимовду түндүктүн кулуну гана эмес кыргыз элинин кулуну дешип, купулуна толуп, азырга чейин аны билген карыялар эскерип турушат. Бирок, мындай чыныгы кыргыз элине кызмат кылган жетекчилер, партиянын жогорку баскычына, андан кийинки партиянын идеясына жамынып алган маңкурт жетекчилер акыры түбүнө жетип тынды. 1980-жылы 4-декабрда Ошол мыкаачылардын буйругу менен адам колдуу болуп каза тапты.

Дагы бир мисалга келсек 1991-жылы чычкандын мурду канабай Жараткан Алла тааланын кудрети менен союз ыдырап, биз да көпчүлүк республикадай эгемендүүлүккө жетиштик. Көптөгөн кыргыз эли эңсеген мүдөөсүнө жетип, өзүбүзчө мамлекет болуп, түтүн булата баштадык.

Бирок, баары кыргыз элинин эңсегениндей боло бербейт экен.Президент шайлап, пример министрликке табылгыс кыргыз элине күйгөн, таза коомду улантуучу Насирдин Исанов шайланган эле. Ал ушул мамлекет түптөлө баштаганда келечекти көрө билип, «Кумтөр» алтын кени боюнча аны башка мамлекеттер иштетпөө үчүн өз идеясында туруп алган. Кыргызстан үчүн пайдасыз экенин билген өкмөт башчы Н. Исанов ал келишимге кол коюдан баш тарткан. Премиер-министирликте Исановдун өлүмү мына ушул учурга дал келет.

Кыргыз элин эң ызаланткан намыска тийген жери Кыргызстанга ар кандай эл аралык финансы аферис Бирштейн деген жылып кирип, Н. Исановго окшогон таза кыргыз туйгунун жок кылса, А. Акаевге окшогон жан жөөкөрлөрү көрпенделик дүнүйө корлукка алданып, авто кырсыктан каза болду деп шылтоолоп койду. Мына 26

жыл өтсө да, кыргыз жарытылуу президентке жалчыбай келүүдө.

Ошон үчүн жаштардан тартып, карыяларга, эл башкарган бий берендерге чейин ааламдашуу доордо сак болуп, түпкүлүктүү түбү бир атанын балдары экенибизди терең өздөштүрүп С.Ибраимовго, Н.Исановго окшогон чыныгы кыргыз атуулдарынан сабак алып, жүз жылда бир келчүү уулдарыбызды коргоп, сактап калуу ар бирибиздин парзыбы.

Санжыра кыргыз элин ынтымакка-биримдикке чакырышы керек

Санжыраны кагазга түшүрүп жатканда ар бир тамгасына, үтүр чекитине чейин маани берүү керек. Айрым чыгаан санжырачылар, илимий даражасы бар чоң окмуштуу тарыхчылар тарыхынан да айрым учурда калпыстык кетирип койгонун да байкап жүрөбүз. Алар пендечилик кылып, өз уруусунан чыккан адамдарды көтөрө чаап мактап, башка уруулардан чыккан мыкты, улуу инсандардын кылган ишин, калайык-калкка кылган ак кызматын көрмөксөнгө салып, алардын кадыр-баркын төмөндөтүү үчүн айрым ичи-тар көрөлбас бузуку адамдар тарабынан эл ичинде айтылып жүргөн айрым окуяларды көбүртүп-жабыртып, көркөмдөп айтып, бир атадан тараган эле уруулардын арасындагы ынтымакты ыдыратышып, укумдан-тукумга калуучу бузукулук иштерди жасап жүргөнүн да кезиктирдик.

Мындай кемчилик, ичи-тардык, көрө албастык, өзүмчүлдүк бузукулук менен эч келишүүгө болбойт. Ылайыгына жараша андай санжырачылардын окмуштуулардын, тарыхчылардын кемчилигин убагында бетине айтып, тизгинин жыйып койгондон өтөөрү жок, мындан кыргыз эли утушка гана ээ болот.

Санжыра кыргыз элин ынтымака, биримдике чакырыш керек. Өзгөчө санжыраны уккан, же окуган жаштар ата бабаларынын тарыхын үйрөнүп, улуу инсандар, баатырлардын, акылмандардын калайык калкка кылган ак кызматынан үлгү алып, элге, Мекенге болгон мекенчилдик касиети ойгонуп, бабаларындай эл үчүн кызмат кылууга ниеттене баштайт.

Санжыра так болушу керек. Аны өз калыбынан бузбай кийинки муундарга тактап-таамай жеткирип берүү тарыхчылардын, санжырачылардын, буга тиешеси бар ар бир жарандын милдети. Ошондуктан санжырачылар мурда жазган, же айткан санжыраларына улам жаңы тактоолорду киргизип, кокустан кирип кеткен саман-топондон арылтып туруусу зарыл.



Каганович колхозунун активдери
1-катарда У.Тотоев., Ж. Кыдыров., Т. Бердибеков., Д. Кожошев.
2-катарда К. Жакаев., А. Маткасымов., Мамат

Т. Бердибеков атындыгы орто мектептин мугалимдер жаамааты






А. Жунусов атындагы орто мектептин мугалимдер жамааты





Т. Мусаев атындагы орто мектептин мугалимдер жамаааты





Жоош айыл өкмөтүнө караштуу «Акылман бөбөк» балдар бакчасынын жамаааты

МАЗМУНУ

Редактордун баш сөзү 3
БИРИНЧИ БӨЛҮМ 6
Кыргыз санжырасы 6
Бардык башталгычтын башаты 7
Оң жана сол 8
Автордон 13
Кыргыз санжырасы не дейт? 18
Маджму-ат-таварих китебиндеги кыргыз уруулары тууралуу... 21
Аб ы к е ж о о ш 25
Камай баатыр 28
Муңгуштун тарыхый инсандары 59
Жоош арыктын казылышы 61
Маматали миң башы 64
Маман жана Сопон газылардын көрөгөчтүгү 65
Дос бай 65
Э П И О Л О Г 66
Мамат Мударис 70
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ 88
Ысак кары -Ажы 88
Асанбайдын урпактары 92
Орманбай урпактары 93
Култай балбан 94
Бердибеков Түркбай 95
Колхоздоштуруу 97
Айылдык кеңештин төрөгалары 98
Аманов Курбанбай 100
Бир айыл калды 100
Короздун жумурткасы эле 101

Улуу Ата Мекендик согушта , Жоош айыл өкмөтүндөгү Мамажан айылынан согушта курман болгондордун тизмези 101
Аттокуров Быкыбай 102
Арыкбаев Дөдү 104
Маматов Бакир 108
Маткасымов Абдыбап 110
Маткеримов Камил 113
Матаев Жусуп 114
Муратов Козубай 116
Саткулов Тагай Саткулович 120
Токтосунов Мамажан 123
Шааболотов Болуш 126
Эргешов Жолон 128
Мектептин тарыхынан маалымат 129
Баймырзаев Карим 131
Идрисов Эсен 135
Култаев Чөкө 136
Курбанбаев Салайдин 138
Жороев Кожон 139
Жаанбаев Аскар 140
Жүдөшов Кадыр 142
Жакаев Койчу 143
Муратов Култай 144
Мөмөев Исак 145
Мырзабеков Чкал 146
Жороев Шаны 149
Жолдошев Апсамат 150
Жетибаев Тургунбай 152
Жээнбаев Арапбай 153
Камилов Жаңыбай 155
Маткеримов Жоробай 156

УСТАТ (эскерүү) 159
Назаров Мадамин Назарович 168
Максытов Рысбай Абдуллевич 172
«Шуулдабагылачы теректерим ...» 173
Мурат улакчы 183
Муса уулу Тешебай 185
Мектептин тарыхы 186
Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) 187
Хабулов Токтобай 189
Алтыбаев Тойчу 190
Сыдык Жолдошев 193
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ 195
Усенов Туратали 195
Муратов Абдыразак 198
Жолоев Мамаш 200
Калмуратов Орозбай 203
Айдарбеков Шарип Айдарбекович 205
Эргешбай Жороев 212
Темирбек Куттубаев 214
Жусупов Жумабек 216
Култаев Тажибай 218
Мамытов Апаз 221
Райымжан Разыков элеттик акын 223
Сатыбалдиев Жумабай 233
Абдыкеримов Абдыламит 234
Аманбаев Рахман ажы 252
Маматов Турсунбай 253
ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ 257
Бакир ажы Абдыкадыров 260
Осмонов Бакир 261
Жолдубаев Ырысбай Жолдубаевич 265

Зулпукаров Максыт 269
Кошунбаев Мажит 275
Курманбеков Улукбек 277
Акматалиев Мырзабек Токоевич 278
Көкөчаров Дөөлөтбек Курманбекович 280
Култаев Абдирашид ажы Чөкөевич 284
Сүйүнбай Капаров – 40 жыл редакторлук кызматта 286
Кожошев Арзыбек Орозбекович 289
Козуев Абийбилла ажы Самидинович 295
Абылкасымов Абдыкалык 300
Шааболотов Каныбек Болушевич 302
Мейманбек Касымов 304
Өмүрбек Эрмекбаев 308
Абдивалиев Камчы 310
Абыдманап Төрөбеков 311
Сатыбалдиев Шарабидин 314
Ташбеков Ысмаил Абдуллаевич 315
Исаков Топчубай Эргешович 317
Досбаев Топчубай Жоробаевич 319
Кабылов Мураталы 322
Төрөев Дурусбек Исаевич 323
Камилов Таалайбек Жакшыбаевич 325
Жороев Маматазиз Шаңыевич 326
Абибиллаев Руслан Арзыкулович 329
Матраимов Райымбек 331
Ысаков Сүйүнбай Тургунбаевич 334
Омошов Жанышбек Садирдинович 335
Шамшиев Сүйүнтбек Назарбаевич 337
Сыдыков Сейитбек Ашимович 338
Жумабай уулу Санжарбек 339
Идрис ажы Айитбаев 340

Аттила (Адыл) хан 449-жылга туура келет экен 342
Барсбек каган (хан) 343
Жер которуунун (ички миграциянын) 344
тарыхы 344
Кыргыздардын атын чыгарган 345
атуулдарыбыз 345
Түндүктүн да, түштүктүн да эмес, кыргыздын чыныгы уулу – Султан
Ибраимов эле 346
Санжыра кыргыз элин ынтымакка-биримдикке чакырышы керек 348

Амангелди Абдыбапов –
Мамат Мударис теги

МУҢГУШТУН УРПАКТАРЫ

Редактору: Акбаралы МУСАБЕКОВ
Корректору: Арапбай Култаев
Тех. редактору: Жуман Алтыбаев
Сүрөтчүсү: Рахман Айдаров
Компьютердиккалыпка салган: С. Карагулова

Ап
Бар
Же
тар
Кы
ату
Түн
Иб
Сан

Терүүгө 20.02.2018. берилди. Басууга 02.07. 2018 кол коюлду.
Кагаздын форматы 22,5 басма табак.
Офсет ыкма менен басылды. Нускасы 500
Келишим баада.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А.Мамыров көчөсү, 86/г
Эл.почта: kagaz_resurstary@bk.ru
Тел: (3222) 4-69-16

70с.



Автор жөнүндө

Амангелди Абдыбапов

Кара-Суу районундагы Жоош айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Көп жыл мугалимдик кесипти аркалап, учурда ардактуу эс алууга чыгып, чыгарма-чылыгын улантууда.

1997-жылдан бери Кыргызстан улуттук жазуучулар бирлигинин мүчөсү. Байбичеси Орунбаева Батма медайымдык кесипти аркалоодо.

Алты уул-кыздын атасы, ондон ашуун неберелердин чоң ата, таятасы.

Прозалык жыйнактары:

"Күн бетинде жүргөн жоокер"	1993-жыл
"Акыркы мечит"	1996-жыл
"Мухит тамчыдан жаралат"	1998-жыл
"Өмүрдөгү издер"	2000-жыл
"Бабаларым баяны"	2004-жыл
"Камай баатыр баяны"	2008-жыл
"Айкөл инсан эле"	2009-жыл
"Атанын буйругу балага парз"	2013-жыл
"Тагдырга журтка таазим"	2014-жыл
"Ата мурасы"	2015-жыл